
www.bizdin.kg кыргыз китептеринин эл. китепканасы

«Кыргызстан-Сорос» фондунун котормочулук долбоору

***В. Я. Бутанаев И. И. Бутанаева***

# ЭНЕ-САЙ КЫРГЫЗДАРЫ:

фольклор
жана тарых



БИШКЕК 2002

ББК 63.3 (2Ки)
Б-93

*Бул эмгек «Кыргызстан — Сорос» фонду тарабынан «Котормочулук долбоору» программасына ылайык чыгарылды.*

*Программанын спонсору — америкалык белгилүү финансист жана ойчул Жорж Сорос.*

**Бутанаев Виктор Яковлевич, Бутанаева Ирина Исаевна**

Б—93 Эне-Сай кыргыздары: фольклор жана тарых/ Котор. О Каратаев; Сүрөт. Э. Тилеков. — Б.: «Кыргызстан — Сорос» фонду, 2002, 228 б.

ISBN 9967-11-122-4

Бул китепте байыркы Эне-Сай кыргыздарынын урпактары болгон хакастардын салттуу тарыхый фольклору, кыргыздардын моңгол доорундагы жана андан кийинки мезгилдердеги саясый-этникалык, маданий тарыхы жөнүндө сөз болот. Китепте чагылдырылган маалыматтар илим айлампасына алгачкы ирет сунуш этилип жатат. Китеп окутуучуларга, студенттерге, мектеп мугалимдерине жана ата-мекен тарыхын кызыгып окугандарга арналат.

Б 0503020911-02 ББК 63.3 (2Ки)
ISBN 9967-11-122-4

© Бутанаев В. Я. автор, 2002
© Бутанаева И. И. автор, 2002
© «Кыргызстан—Сорос» фонду, 2002

Илимий-популярдуу басылма
Бутанаев Виктор Яковлевич Бутанаева Ирина Исаевна

**ЭНЕ-САЙ КЫРГЫЗДАРЫ: ФОЛЬКЛОР ЖАНА ТАРЫХ**

**Сүрөтчүсү** Э. Тилеков Которгон О. Каратаев Редактору С. Мамбеталиев

**Техредактору** С. Нурмиева Корректору Н. Абдиева

Басууга 24.06.02 кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 1 /Lazurskil ариби. 14,25 физ. 6. т., 13,25 шарт. 6. т. Нускасы 1000.

ББДКФнын басма борборунда басылды. Бишкек ш., Киев көчөсү, 69.

# КИРИШ СӨЗ

Тарыхый-этнографиялык өңүттөгү маселелерди чечүүдө маанилүү булак болуп саналган тарыхый фольклорду иликтеп үйрөнүү бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жогото элек. Фольклордун ар түрдүү жанрларындагы историзм бир кылка эмес. Кеңири мааниде алганда, бул тарыхый башатты ар түркүн жанрлардан издөөгө болот. Буга дүйнөлүк фольклор изилдөө илиминин корифейлери В. М. Жирмунскийдин, Е. М. Мелетинскийдин, В. Я. Пропптун жана башкалардын фундаменталдуу эмгектери ачык мисал боло алат.[1]

Эгерде баяндалып жаткан окуялардын чындык даражасы анын жанрына байланыштуу болсо, анда, адистердин пикири боюнча андагы «историзмдин»[2] көбүрөөк бөлүгүн элдин тарыхый илим-билимин өзүндө сактап келген эпикалык жанрлар — мифтер, жомоктор, уламыштар түзөт.

XX к. баш чендеринде тарыхчы В. А. Вагин бүгүнкү хакастардын келип чыгышы жана алардын эне-сайлык кыргыздар менен этногенетикалык байланыштары жөнүндө жергиликтүү край таануучулар менен болгон пикир келишпестиктеринде тарыхый фольклордун маалыматтарына таянууга мажбур болгон. «Бирок — деп жазат ал, эгер минусиндик (хак. Мөңүсү) түпкүлүктүү калктын фольклоруна кайрылсак, биз андан Кузнецов менен Ландарм мырзалар талашып-тартышып жаткан пикирлерди ырастаган, тарыхый документтердеги маалыматтар менен дал келген далилдерди кезиктире алабыз».[3]

Мифтерди, уламыштарды, жомокторду, болмуштарды камтыган тарыхый фольклор элдин руханий маданиятынын өтө бай, калың катмарын түзөт. Тубөлүктүүдөй болуп көрүнгөн идеологиялык негиздер бүгүн талкаланып, жаңы идеалдар менен багыттарды издеп жаткан мезгилибизде тарыхый фольклордогу баалуулуктарды изилдеп-үйрөнүүнүн маанилүүлүгү улам артып бара жатат. Көптөгөн элдер мындай изденүүдө өзүлөрүнүн түпкү башатына, ата-бабаларынын кылымдар бою жыйнап-топтогон руханий мурасына кайрылыша турганы мыйзамченемдүү көрүнүш.

Өткөндөгү татаал тарыхый доорлордо салттуу жазма маданияты өнүкпөй калган элдердин этникалык тарыхынын жана этногенезисинин татаал маселелерине жооп табууда фольклордук булактардын баалуулугу талашсыз. Негизги белгилөөчү маселе, хакастардын теги, келип чыгышы боюнча илимде бир пикир жок. Бул маселеде кунт коюп, терең иликтөөнү талап кылган талаш-тартыш проблемалар али арбын. Фольклордук уламыштарга тарыхый өңүттөн талдоо жүргүзүү жаңы ачылыштарды алып келе турган маалыматтарды табууга, а мүмкүн, өткөн тарыхыбыздагы айрым «ак тактарды» толтурууга көмөк берер. Белгилей кетчү маселе, илимий адабияттардагы белгилүү болгон хакастардын тарыхый фольклору боюнча маалыматтар бир илимий негиздүү ну1жа салынмак турсун, өз алдынча маселе катары да каралбай келди.

Бүгүнкү хакас этносунун өкүлдөрү (качиндер, сагайлар, кызылдар, шорлор) оозеки баарлашууда өздөрүн «тадар», б.а. «татарлар» деп аташат. «Хакас» деген жасалма термин 1923-жылы Хакас уездин түзүүдө бул элге жогортодон расмий түрдө ыйгарылган болучу.[4] «Хакас» термини байыркы түрк доорундагы «кыргыз» этнониминин кытай тилиндеги айтылышы болуп саналат.[3] 1928-жылы Хакас аймактык Кеңешинин аткаруу комитетинин отчетунда: «Хакас деген атты калк

кабыл алган жок; ал эми Хакасия деген түшүнүктү аймактын борбору Усть-Абакан менен гана байланыштырышат», — деп айтылат.[6] Совет бийлиги учурунда жасалма түрдө «кайтарылып берилген» этноним адабий тилдин, улуттук гезиттин жана радионун таасири, паспорттук режимдин кысымына карабастан элдин энчилүү аты боло албады. Бүгүнкү хакас элинин ичиндеги орус тилдүү калк гана бул жасалма этнонимди аймактын түпкүлүктүү калкын өздөрүнөн айырмалоо үчүн кабыл алышты.

Тилекке каршы, илимий адабиятта зарыл болгон тиешелүү маалыматтардын жоктугунан улам, хакас Совет бийлиги тарабынан ата теги ар түрдүү уруулардан жасалма түрдө бириктирилген эл деген туура эмес пикир калыптанды. Академик В. В. Бартольд Ортоңку Эне-Сай өрөөнүнүн түрктөрү «улуттук автономия алганда» ал элдин мурда аты (этноними) болбогондуктан жана мурда мындай аталыштын зарылдыгы да жок болгондуктан, эми жаңыдан ат коюуга туура келгенин белгилейт.[7] Советтик тарых энциклопедиясы Октябрь революциясына чейин хакастар «жалпы энчилүү атка ээ болушкан эмес; алар кайсы урууга таандык экендигине карата аталышкан» — деп жазат.[8] «XX к. башы ченде алтай, хакас, шор деген элдер болгон эмес, — деп жазат В. И. Козлов, — революцияга чейинки илимий адабияттарда алар «минусин» же «абакан» татарлары деген жалпы ат менен белгилүү болгон. Минусин ойдуңундагы качин, сагай, белтир жана кой-балдардын «уруулук» топтору Совет бийлиги тушунда «улуттук автономиясын» алганда, алар өзүлөрүн байыркы эне-сайлык кыргыздардын — хакастардын атын кабыл алышып, бир эл болуп калыптана баштышкан».[9] Томскилик этнограф Л. И. Шерстованын бүгүнкү хакастарды өткөөл этносторго кошушу чындыкка дегеле жакын эмес: «Абакандык татарларда, — деп белгилейт ал, — орус оторлоштуруусунун өзгөчөлүгүнөн, ассимиляциялык татаал процесстерден ж.б. себептерден улам, бул элдерде эл болуп калыптануу доору узакка созулуп, XX к. башы ченде өзүн белгилүү бир этноско таандык кылуу сыяктуу өздүк аң-сезими калыптана элек болучу. Тоолуу алтайлыктардан айырмаланып, бул эл өздөрүн кыргыздарга жана алардын бир кездеги кубаттуу мамлекетине эч кандай тиешеси жок деп эсептешет»[10].

«А түгүл, деп жазат автор, Хакасиянын бүгүнкү калкы өздөрүн кыргыздар калтырган археологиялык эстеликтердин мураскорлору катары эсептешпейт». Л. И. Шерстова хакас тилин билбей туруп, элдин маданиятынын өзгөчөлүгүн толук билбей туруп, Ширинск районуна бир нече жолу барып келүүнүн негизинде гана Хакасия XX к. башы ченде жергиликтүү түрктөр тарабынан «ата-бабаларынын жери» катары кабыл алынган эмес; «хакастарда жалпы бирдей этникалык өздүк аң-сезим да болгон эмес, бирдиктүү тили да, ушундай этноним да болгон эмес» деген тыянак чыгарат.[10]

Биздин тарыхый фольклордун үлгүлөрүнө кунт коюп жүргүзгөн иликтөөлөрүбүздүн жыйынтыктары жогорудагы эскерилген изилдөөчүлөрдүн көз караштарына, айтылган ой-пикирлерине түп тамырынан карама-каршы келет. Хакастардын бардык этникалык топтору өздөрүнүн бир эл экендигин сезүү менен, өздөрүн «тадар» деп аташат. Ошону менен бирге, хакастардын фольклордук чыгармаларында алардын эски атын чагылдырган «хоорай» этноними жөнүндө да эскерилет.[11]

Тарыхый фольклордун маалыматтарына таянган профессор В. Я. Бутанаев бүгүнкү хакастардын бабалары болгон эне-сайлык кыргыздар Хакасия Россияга кошулганга чейин эле өздөрүн жогорудагыдай ат менен аташкан деген оюн айтат.

Биздин эмгегибиздин негизги максаты — тарыхый фольклордун үлгүлөрүнө тарыхый-этнографиялык талдоо жүргүзүү менен, алардын элдин өткөндөгү тарыхын канчалык даражада чагылдыра аларын аныктоо болуп саналат. Изилдөөлөрүбүздө тарыхый, ретроспективдүү, баяндап жазуу усулдары, этногенез жана этникалык тарых боюнча этнография илиминин теориялык жоболору колдонулду. Китепти жазууда авторлор башка изилдөөчүлөрдүн фольклор, мифология, дин боюнча теориялык эмгектерине да таянды.[12]

Биз тараптан аткарылган иликтөөлөр этнография жана фольклор таануу илимдеринин тогошкон жеринде аткарылды. Ириде, эмгектин максаты жана аны ишке ашыруу талап кылгандай изилдөө негизинен этнографиялык өңүттө жүргүзүлдү; анткени фольклор, баарынан мурда, тарыхый этнографиялык булак катары каралат эмеспи.

Тарыхый фольклорду иликтөөгө киришип жатып, алгач хакас тарыхый фольклору дегенде биз эмнени түшүнөрүбүздү аныктап алууга, анын жанрдык классификациясына токтолууга тийишпис. Бул маселеге өтүүдөн мурда фольклор таануудагы биздин түшүнүгүбүзгө көбүрөөк жакын турган аныктоолорго кайрылабыз. Алсак, В. К. Соколова өзүнүн эмгегинде уламышка төмөндөгүдөй аныктама берет: «бул атадан балага, муундан муунга өткөрүп берилүүчү элдик оозеки санжыра; анын негизги максаты тарыхтагы белгилүү окуялар жана инсандар жөнүндөгү эскерүүлөрдү элдин эс-акылында сактоо, аларга баа берүү».[13]

С. Н. Абзелованын аныктоосунда легенда дегенибиз оозеки эпикалык проза түрүндөгү баян; уламыштардан айырмаланып, легенда чындыкка негизденген менен, негизги мазмуну кандайдыр бир фантастикалык түрдө баяндалат.[14] Ал эми миф болсо легендадан айырмаланып, байыркы элдердин ааламдын пайда болушу, жаратылыштын кубулуштарынын (себептери), кудайлар жана легендарлуу баатырлар жөнүндөгү түшүнүк-ишенимдерин синкреттүү түрдө байланыштырган жомок.[15]

Бирок, жалпысынан элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн жанрдык бутактарга ажыратуу татаал, ары толук такталып бүтө элек маселе.

Эгерде хакастардын тарыхый фольклорун жанрдык жактан классификациялоого түздөн-түз аракет жасай турган болсок, анда биз жанрдык чектердин ачык эместигине жана терминологиялык түшүнүктөрдүн так эместиги сыяктуу татаалдыктарга жолугабыз. Ошондой болсо да, колдо болгон түшүнүктөрдү бир нукка келтирип, хакас тарыхый фольклорунун жанрларын тактоого аракет жасообуз керек.

Баарынан мурда биз хакас тарыхый фольклору деп фольклордогу элдин өткөн тарыхы жөнүндөгү эскерүүлөрүн чагылдырган жанрлардын жыйындысын түшүнөрүбүздү белгилеп кетебиз. Анткени ошол мифтер, легендалар, уламыштар аркылуу эл өзүнүн келип чыккан тегин, этникалык аймакты өздөштүрүүсүн, калктын миграциясын, башка элдер менен болгон өз ара байланыштарын баяндайт.

Хакас тарыхый фольклору эл арасында «кип-чоох» деп аталчу жомок эмес прозаны* түзөт. Ал элдик прозанын башка түрлөрүнөн, атап айтканда, ойдон чыгарылган окуяларды баяндаган жомоктон айырмаланган өз алдынча көрүнүш.

* Жомок эмес проза — кара сөз менен баяндалган тарыхый легендалар, уламыштар.

Эл арасында кип-чоохтор өткөн тарыхый доорлордогу чыныгы болгон окуяларды, элдин эсинде сакталып келген эл башчылары, согуштар жөнүндө, укмуштуу баатырлар жана алардын эрдиктери жөнүндө баяндайт. Кип-чоохтун негизинде айткандардын өздөрү да, угуп отургандар да ишенген чыныгы окуялар жатат.

Хакас тилинде тарыхый фольклорду аныктоодо, анын кип-чоох деген универсалдуу аталышынан башка да бир катар түшүнүктөрдү бир кыйла шарттуу түрдө болсо да, бир нукка салууга болот. Биз сунуш кылып отурган классификация элдик терминология менен дал келет, ал төмөндөгүдөй:

**1. Иргі-чоох** элдин эсинде сакталып келген олуттуу тарыхый окуялар жана өткөн доордогу даңкка бөлөнгөн эл башчылары менен баатырлар жөнүндөгү уламыштар. Булар кыргыздардын акыркы башкаруучусу болгон Көтен-хан, Өжен-бег, Татым-Ирке сыяктуу кашкалар (бектер); кыргыз доорундагы согуштар; ойрот, моңгол хандары тарабынан Жунгарияга күч менен көчүрүлгөн кыргыздар жөнүндө баяндар айтылат.

**2. Ибеке-чоох** — санжыралык баяндар. В. Я. Бутанаевдин калеминен жарык көргөн «Хакас-орус тарыхый-этнографиялык сөздүктө» Ибеке — эзелки бир болуп өткөн мезгил, Обеке — ата тек, түп ата деген аныктамаларды берет [16]. Оболу, «Ибеке» жана «Обеке» терминдери бир эле сөздүн фонетикалык өзгөргөн түрлөрү болгон; мезгилдин өтүшү менен бөтөн маанилерди туюнтуп калган терминдердин тегинин жалпы экендиги азыр да ачык эле байкалып турат. Эгерде ушундай болсо, анда, «ибеке-чоох» — байыркы доорлордо хакастардын этникалык аймагында жашап өтүшкөн эзелки бир элдердин санжыралык баяны десе болчудай. Баарынан мурда, «Ибеке-чоох» — хакастардын курамындагы белтир, качин, сагай, кызыл ж.б. уруулук топтордун келип чыгышын жана «хыргыс», «хоорай» элдери жөнүндө баяндаган санжыралык уламыштар.

**3. Чайзан-чоох** — «кереметтүү баатыр-чайзан» катышкан курч сюжеттүү легенда.[17] Чайзан-чоох үлгүсүндөгү легендаларга «ИрТохчын», «Паян-Хыс», «Абахай-Пахта», «Көбірчін-Хыс», «Апрей-Чайзан» ж.б. кирет. Бул каармандарды конкреттүү тарыхый инсандар менен салыштырууга мүмкүн эмес; алардын белгилүү бир тарыхый шарттардагы жашоо-турмушун, баштарынан кечирген окуяларын ошол тарыхый доорлордогу коомдун негиздерине, идеологиясына, көз караштарына ылайык таризде кароо зарыл, ошондуктан бул өзгөчөлүү тарыхый булакты түшүнүү үчүн алгач аны чечмелөө абзел.

**4. Хара-чоох** — оозеки айтылчу баян, болгон окуя.[18] Хакасиянын Орусияга каратылышынан, Октябрь төңкөрүшүнө чейинки доордогу урунттуу 01суялар жана баатырлар жөнүндө баяндарды камтыган санжыра. Хара-чоохтор фантастикалык элементтерден алыс, анткени бул баяндардын каармандарынын укум-тукумдары, айрым болгон окуялардын күбөлөрү бар. Хара-чоохторго «Хасхы Хучас», «Пай-Апун», «Пиг Точак» ж.б. аңгеме-жомоктор кирет.

Хакас тарыхый фольклорунун жанрларын талдоодо тарыхый ырлар жөнүндө азыноолак айта кетүү абзел. Биз иликтөөлөрүбүздө тарыхый ьфлардын өз алдынча жашоосун байкай албадык. Тарыхый мазмундагы ырлар кездеше калса, алар көбүнэсе кип-чоох текстерине кошулуп айтылат.

Хакастардын арасында айтылган тарыхый фольклордо сүйүктүү каармандар жөнүндөгү ырлар айтылып жүрөт. Мисалы, Ханза-бегдин ыры, Өжен-бегдин аялынын кошогу, Силиг-оолдун аялынын кошогу ж.б. Деген менен, хакастардын тарыхый фольклорунун өзгөчөлүгүнө жараша тарыхый ырларды өз алдынча

жанр катарында кароого болбойт. Тарыхый ырлар кара сөз менен ырдын айкалышуусунан келип чыккан.

**Маселенин тарыхнаамасы (историография).** Хакас тарыхый фольклорун иликтеп-үйрөнүүнүн тарыхын шарттуу түрдө эки мезгилге бөлүп караса болот. Биринчиси, падышалык Орусия мезгили (ХУШ-ХХ к. башы), экинчиси, Хакас уездинин түзүлгөн мезгилинен (1923-ж.) бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди камтыйт. Хакасия Орусиянын курамына каратылгандан кийин дароо эле крайды максаттуу түрдө иликтеп-үйрөнүү иштери башталган.

Сибирди, өзгөчө Түштүк Сибирь аймагын изилдөөдө II академиялык экспедициянын (1733-1743-жж.) катышуучулары: И. Г. Гмелин, Я. И. Линденау, Г. Ф. Миллер, И. Э. Фишер чоң салымдарын кошушкан. Алардын Сибирь аймагын комплекстүү изилдөөсүндө хакастардын тарыхый фольклору боюнча да маалыматтар кездешет. Маселен, Красноярскиде Г. Ф. Миллер тарабынан арин уругунан чыккан «кары абышкадан» ариндер жөнүндө миф жазылып алынган. Г. ф. Миллер өзүнүн эмгегинде ариндер уругу жөнүндө жана алардын жыландар менен болгон согушта кыргынга учурашын ынтаа коюп баяндаган. Ошол эле учурда Г. Ф. Миллер «эч ким бүтүндөй бир элдин келип чыгышын баяндаган бул жомоктун мазмунуна макул боло албайт» деп жазат. «Калыс жана сак тарыхчынын» бул концепциясынан элдин эзелки бир тарыхына байланышкан окуяларды баяндап жазууда «негиздүү далилдер болбогон соң туура эмес жазуудан көрө, анын мурдагыдай эле түшүндүрүүсүз бойдон калганы артык» деген үлгү болорлук сактык бар. Биз мындан «өзүнүн жеке кызыкчылыгын гана көздөп» түшүнүк берүүдөн качып, элдик оозеки чыгармаларга өтө этиет мамиле жасоонун үлгүсүн көрө алабыз.[19] Ириде, ошол мезгилдеги арин тилин билген жана байыркы уламыштардан кабары бар адамдан жазылып алынган фольклордун үлгүсү чоң илимий баалуулукка ээ. Кийинчерээк, бул уламыш Н. Ф. Катанов[20] тарабынан да жазылып алынып, орусча котормосу менен жарык көргөн. Бактыбызга жараша, 1975-жылы биз да бул уламышты Сарлин Бико деген адамдан жазып алып, «Хоорай чоннын төреллерi» аттуу китебибизге киргизгенбиз.[21] Экспедициянын дагы бир катышуучусу И. Г. Гмелин да эки ырдын текстин жазып алып, обонун нотага түшүргөн.[22] Анын бири Хакасияда белгилүү болгон «Чанар-Хус» легендасындагы Чанар-Хустун аялынын кошогу болгон. Бул кошоктун түп нускасы немис тилиндеги котормо аркылуу берилген. Ырдын тексти толук эмес, үзүндүлөр түрүндө жазылган. Ошентип И. Г. Гмелин аркылуу илимий адабиятта хакастардын музыкалык маданиятынын алгачкы үлгүсү белгилүү болуп калган.

1840-жылы М. А. Кастрендин Сибирге илимий экспедициясы уюштурулат. Финн окумуштуусу хакастарда баатырдык эпостун бар экенин биринчи жолу белгилеген. Бул баатырдык эпостун үлгүсү кара сөз түрүндө жазылып алынгандыгына карабастан, изилдөөнүн жыйынтыктары илимдеги олуттуу жаңылык болуп калды. Хакас тарыхый фольклордук чыгармаларынын ичинен М. А. Кастрен Ханза-бег жөнүндө уламышты жазып алган. Фольклордук чыгарманын негизги сюжети төмөнкүчө: «ак сөөк уруудан чыккан баатыр Ханза-бег орус басып алуучуларына каршы ачык күрөшкө чыгып жеңилип калат да, жашырынып жүрүүгө аргасыз болот. Өзүнүн чөйрөсүндөгү бир адамдын чыккынчылыгынан улам орус воеводасынын колуна түшүп, кабыргасынан асылып, каза табат.[23]

Азыркы хакас айылдарында алигиче абышкалар унутпай ырдап жүрүшкөн Ханза-бег жөнүндөгү ырлар келтирилет. Совет доорунда бул элдик ыр орустарга

каршы багытталган делип, аткарууга тыюу салынган эле. Адегенде М. А. Кастрен тарабынан жазылып алынган бул баалуу булак ошол учурдагы сюжеттик негизин, өзгөчөлүгүн сактап, бүгүнкү күнгө келип жетти.

Падышалык чиновниктер өзүлөрүнүн аткарган кызматтарына байланыштуу жергиликтүү калктын каада-салты менен аздыр-көптүр тааныш болушкан. Алардын арасынан Г. И. Спасский, А. П. Степанов, Н. С. Щукин, Н. А. Костров ж.б. бараандуу этнографиялык эмгектерин калтырышкан.

Минусин округунун башкаруучусу князь Н. А Костровдун «Кызыл татарлары», «Минусин татарларынын жашоо-турмушу жөнүндө очерктер» аттуу эмгектеринде Ханза-бег, Таганах Матыр* жөнүндөгү тарыхый баяндар кыскартылып берилген.[24]

XIX кылымдын экинчи жарымындагы илимий-изилдөөлөр атактуу окумуштуу-этнограф, тилчи жана түркolog В. В. Радловдун ысмы менен байланышкан. Анын Сибирь аймагын изилдөөгө кошкон салымы баа жеткис. Окумуштуу-энциклопедист өзүнүн эмгектеринде түрк элдеринин салттуу чарбасын, кийим-кечесин, тамак-ашын, үй-бүлөлүк мамилелерин, диний ишенимдерин, этникалык курамын изилдөө менен катар, бул түрк элдеринин бай фольклордук мурастарына да өзгөчө көңүл бурган. В. В. Радлов тарабынан аталган элдердин тилиндеги баатырдык баяндар автор иштеп чыккан транскрипциянын негизинде адабий-көркөм стилдери сакталып жазылып алынган. Автор баатырдык дастандарга өзгөчө көңүл бөлгөн. Топтолгон жана жарыяланган фольклордук маалыматтардын ичинде хакастардын тарыхый фольклоруна таандык жанрлар да кездешет. Ал тарыхый уламыштардын маалыматтарын В. В. Радлов элдин келип чыгышын этнографиялык жактан изилдөөсүндө булак катары пайдаланган. Сагайлардын ичиндеги «кыргыз» уруусунан жазылып алынган эне-сай кыргыздарынын Манжурияга сүрүлүшүнө арналган баяндар жазылган бөлүккө көңүл буруп көрөлү. Анда сүргүндөн качып аман калган эки бир тууган кыргыз, үч бир тууган сагай, чода, иргит уруктарынын бирден өкүлдөрү жөнүндө айтылат. «Жогоруда айтылган уламышка караганда кыргыс, иргиттер Абаканда калган кыргыз уруктары болуу керек» деген жыйынтыкка келет.[25] 1863-жылы Хакасияны кыдырып чыгуунун натыйжасында өтө бай фольклордук маалыматтар жыйналып, В. В. Радловдун «Образцы народной литературы тюркских племен, живущих в Южной Сибири Джунгарской степи» (СПб.1868.Ч. II) аттуу фундаменталдуу эмгеги жарык көргөн. Изилдөөчү хакастарда «ыр түрүндөгү жомоктор, баатырдык эпостор сыяктуу эпикалык поэзия өтө жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн» белгилейт. Автор түрк тилдүү элдердин арасынан жыйналып алынган эбегейсиз зор фольклорлорду1с материалдардын негизинде салыштырма иликтөөлөрдү жүргүзүп, абакан татарлары менен кыргыздардын элдик эпикалык поэзиясынын жакындыгы жөнүндөгү жыйынтыкка келет: «Абакан татарлары өз жомоктору аркылуу руханий турмушунда идеалдуу. таза дүйнөнү түзө алышкан; мындай көрүнүштү башка түрк тилдүү элден — кара кыргыздардан гана көрө алдым»[26]. Улуу түркolog фольклордук маалыматтардын негизинде Эне-Сай кыргыздарынын урпактары болгон Саян-Алтай менен, Теңир-Тоо түрктөрүнүн (кыргыздардын — котормочу О.К.) жакындыгы жөнүндөгү пикирди биринчи жолу айткан.

Илимдер академиясынын жана Географиялык коомдун тапшырмасы боюнча В. В. Радловдун татыктуу шакирти, Санкт-Петербург университетинен базалык

* Таганах Матыр — Таганак Баатыр

мыкты илимий даярдык алган, жаш хакас окумуштуусу Н. Ф. Катанов Сибирь аймагын жана Чыгыш Туркстанды изилдеп-үйрөнүүгө жөнөтүлөт. Төрт жылга созулган (1889—1892-жж.) эбегейсиз чымырканып эмгектенүүнүн натыйжасында Н. Ф. Катанов Сибирь жана Чыгыш Түркстандын түрк тилдүү элдеринин арасынан тилдик, этнографиялык, фольклордук маалыматтарды жыйнайт. Кийинчерээк, Казан университетинин профессору болуп турган мезгилинде жай айларда Енисей губерниясындагы Минусин аймагына (1886—1889-жж.) маалымат жыйнаганы барат. Н. Ф. Катановдун илимий мурасына хакас фольклорунун бардык жанрлары кирет.[27] Бүгүнкү хакас фольклор таануу илимин тунгуч хакас окумуштуусу, түрколог Н. Ф. Катановдун эмгектерисиз элестетүү мүмкүн эмес. Фольклордун элдин тарыхын изилдөөдөгү ролун баатырдык поэмалар жөнүндөгү кыскача билдирүүсүндө белгилей келип: «Баатырлар жана алардын эрдиктери жөнүндөгү дастандардан элдин тарыхы, диний ишенимдери, адеп-ахлагы, каада-салттары боюнча көптөгөн кызыктуу фактыларды табууга болот» деп жазган.[28] 1890-жылы Н. Ф. Катанов сагайлардын ичинен алгач ирет Өжен-бег жөнүндө кыскача эки кип-чоох жазып алган.[29] Өжен-бег жана анын нөкөрү Тасха-Матыр* тууралуу кип-чоохтор хакастарда кеңири таралган сүйүктүү чыгармалар катары белгилүү. Өжен-бегти өзгөчө кызыл жана качиндер кадырлашып, улуттук баатырдын жашаган аймагын сыймыктануу менен көрсөтүшөт; бирок бул дастан сагай жана белтирлерде азыраак тараган. Саян-Алтайдын башка түрк тилдүү элдеринде мындай мазмундуу чыгармалар кездешпейт. Болжолу, Өжен-бег жөнүндөгү уламыш — хакастардын этникалык жалпылыгынын өткөн эзелки тарыхы менен байланыштуу болсо керек.

Өткөн кылымдардагы хакас легендалары менен уламыштары жөнүндө маалыматтар 1884-жылы Минусин крайында болуп кайткан П. Е. Островскихтин отчетунда да чагылдырылат. Жомокчу Агола Добровадан жазылып алынган уламышта качиндердин теги, сибирдик татарлар жана Күчүм хан менен байланышта экендиги айтылган. Бүгүнкү тарых жана этнография илиминде качиндердин Кач жерине Эртиш тараптан келишкендиктери ырасталбайт. Ошондуктан, жомокчунун айткан маалыматтарына сын көз менен кароо зарыл окшойт. Изилдөөчү бул маселе боюнча өзүнүн оюн айткан эмес. Кызыктуусу, бул уламыштын башында изилдөөчү төмөндөгүдөй шилтеме берет: «Качиндик А. Доможаковдун билдиргенине караганда, жомоктордо «Канза-Бих» биринчи, «Ожян-Бих» акыркы князь катары баяндалат».[30] Албетте, хакас тарыхый фольклорунун чыныгы каармандары «Канза-Бих» менен «Ожян-Бих» изилдөөчүнү кызыктырбаганы өкүнүчтүү. П. Е. Островскихдин эмгегинде ариндер жөнүндө да миф бар. Бул маалымат Г. Миллердин жазганына салыштырмалуу кыскача берилген. «Бюрют жана Каксат» (хасха — Б.И.)[31] уруктары тууралуу санжыранын мазмуну оригиналдуу. Анда аталган уруктардын тектүү уруктар экендиги жөнүндө жана шартка ылайык теги боюнча үстөмдүк бир уруктан экинчисине өтүп турушу баяндалган. Ушул эле санжыра биз тараптан Сыган Доможаковдон жазылып алынып, 1996-жылы жарык көргөн «Хоорай чоннын тореллерi» деген жыйнакта басылып чыкты.[32] Болжолу, хаска жана бурут уруктары кыргыздардын мурдагы башкаруучу тобуна таандык болушса керек. Бул санжыралык маалымат байыркы мезгилдерде аталган уруктардын өз ара үстөмдүк үчүн болгон күрөштөрүнөн кабар бериши мүмкүн.

* Тасха-Матыр — Тасха-Баатыр

Сибирь элдерин иликтеп-изилдөөдө народниктер менен саясый сүргүндө жүргөндөр да өз үлүштөрүн кошушкан. Хакас маданиятынын ар кыл тармактарын Д. А. Клеменц, Ф. Я. Кон, Е. К. Яковлев иликтешкен. Е. К. Яковлев «Бывальщины минусинских инородцев» деген эмгегинде Ханза-бег, Өжен-бег жана башкалар жөнүндөгү уламыштардын айрым варианттарын келтирет.[33] Маалыматтар орус тилинде, үзүндү түрүндө жазылганы анын илимий баалуулугун төмөндөткөн. Ошол эле учурда, Е. К Яковлев фольклордук материалдар менен иштөөдө, айрым жанрлар маалымат берүүчүдөн «ырдын бир да сабын, сөзүн калтырбаган стенографиялык тактыкты» талап кылса; айрым маалымат берүүчүлөр мындай пуризм менен айырмаланбайт» деген баалуу байкоосун айтат.[34]

Октябрь төңкөрүшүнө чейинки тарыхнааманы хакастын таланттуу окумуштуу-түркологу С. Д. Майнагашевдин эмгектерине талдоо жасоо менен аяктайбыз. С. Д. Майнагашев окумуштуу, этнограф, укук коргоочу, коомдук ишмер сыяктуу көп кырдуу талантын ээси болгон. Орто жана Чыгыш Азия аймактарын изилдөө боюнча Орус комитетинин тапшырмасы менен этнографиялык маалыматтарды жыйноо максатында 1913жана 1914-жылдары Хакасияга эки ирет келет.[35] Бул иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, өтө кызыктуу этнографиялык жана тилдик материалдар жыйналат. Кыргыздар жөнүндө ырлар, койбал уругунун келип чыгышы тууралуу санжыра-маалыматтар жазылып алынат. Койбалдардын ичинен мурда башка тилде сүйлөгөн «кистим» деген уруктун (Чалкиндер тукуму) бар экенин алгач ирет аныктап чыккан. Уламышта койбалдардын «чоңмай» деп аталган башка бир уругу токойлуу жерлерден келгендиги, бул уруктун өкүлдөрү уйду алгач көрүшкөндө коркуп, даракка чыга качканы жөнүндө айтылат. Автордун «Записка о собирании устных литературных произведений у минусинских инородцев» деп аталган эмгегинде фольклордук чыгармалардын көркөмдүк наркын аныктап, айрым жанрлардын тарыхый мүнөздө экендигин жазат: «Минусиндик элдердин өз тарыхы бар, бирок ал тарых туман сыяктуу бүдөмүк, ... Ар түрдүү булактар мезгилдин койнунда катылып калган сырларды ачып берер. Эски дастандардагы өткөн доорлор жөнүндө маалыматтар бул маселеде маанилүү роль ойной аларында шек жок».[36] Сөзүбүздүн аягында окумуштуунун фольклордук материалдарды тарыхый өңүттөн иликтеп-үйрөнүүнүн актуалдуулугу жөнүндөгү чыныгы илимий позициясын баса белгилегибиз келет. Бул концепция азыр да өз маанисин жогото элек. С. Д. Майнагашевдин илимий өмүрүнө жолдомо берген жана ал аркылуу хакастардын фольклордук бай мурасынан кабардар болгон тарыхчы, профессор Н. Н. Козьмин уламыштар менен легендаларды тарыхый булак катары пайдалануунун зарылдыгы жөнүндө айтып келип, «Мында туземдик фольклорду жыйнап жана сактоо боюнча зор эмгек күтүп турат. Бул багытка минусиндик калктын жаңы калыптанып жаткан жаш интеллигенциясынын көңүлүн буруу зарыл» — деп белгилеген.[37]

Экинчи мезгил Хакас уездинде Совет бийлиги орношу (1923-ж) менен башталат. Бул мезгилдин өзгөчөлүгү Хакасияда жергиликтүү интеллигенциянын катышуусу менен хакас адабий тилинде фольклордук эстеликтердин басып чыгарыла баштаганы. Кип-чоохтун тексттери өз алдынча китеп болуп биринчи жолу 1940-жылдары жарык көргөн.

Саян-Алтай түрктөрүнүн этнографиясы, тили жана фольклору боюнча эбегейсиз көп маалыматтар 1920—1923-жж. таланттуу изилдөөчү Н. П. Дыренкова тарабынан жыйналган. Анын фольклор таануу боюнча эмгектеринде

негизги көңүл шорлордун элдик чыгармачылыгына бурулган, бирок окумуштуунун илимий мурастарынан хакас фольклорунун үлгүлөрүн да көрө алабыз. Бизди кызыктырган маселелер боюнча автор тарабынан кыргыздар жөнүндө уламыштар, сагай уруусунун келип чыгышы, хобый уругунун тоого курмандык чалуусу ж.б. маалыматтар жазылып алынган. «Шор фольклору» деген фундаменталдуу эмгегинин баш сөзүндө автор аны тарыхый булак катары кызыктырарына токтолот: «Шорлордун өткөн тарыхын, социалдык түзүлүшүн, идеологиясын иликтеп-үйрөнүүдө элдик чыгармачылыктын, өзгөчө санжыра, уламыш, дастандардын мааниси зор».[38] Ошентип, Н. П. Дыренкова элдин өткөн тарыхын изилдөөнүн бир булагы катары фольклордук материалга чоң маани берет.

1944-жылы Хакас тили, адабияты, тарыхы илимий-изилдөө институтунун ачылышы менен хакас фольклорун изилдөөнүн жаңы этабы башталып, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн атайын жана максаттуу түрдө изилдөөгө киришилет. Жаңы маалыматтарды жыйноо максатында фольклордук экспедициялар уюштурулат, таланттуу жомокчуларды табуу иштери жүргүзүлөт, чатханчылардын, жомокчулардын слёттору уюштурулат. Хакас НИИЯЛИнин илимий кызматкерлери, өз иштеринин энтузиасттары В. И. Доможаков, М. И. Боргояков, Д. С. Чанков, Т. Г. Тачеева, УН. Кирбижекова, К. М. Патачаков, В. Е. Майнагашева, П. А. Трояков, В. Я. Бутанаев ат көтөргүс иштерди аткарышкан. Адабият бөлүмүн жетектеген В. И. Доможаковдун жазып алган маалыматтары өзгөчө сапаттуулугу менен айырмаланат. Ал «Алыптыг нымахтар» («Баатырдык дастандар») жана «Хакас чоннын нымахтары» («Хакас эл дастандары») деген эки жыйнак басып чыгарып, мындан башка да хакастардын ондогон элдик оозеки чыгырмаларын жазып алган, алар учурда ХакНИИЯЛИнин кол жазмалар фондунда сакталып турат.[39]

1950—1960-жж. фольклорчу Т. Г. Тачеева тарабынан бир кыйла көлөмдүү маалыматтар жыйналган. Автор тарабынан баатырдык дастандар менен катар, хакас жомоктору, мифтери, уламыштары, легендалары жыйналып, айрымдары жарык көргөн.[40] ХакНИИЯЛИнин адабият секторунун кызматкери, адабият таануучу у. Н. Кирбижекова сыйкырдуу жомоктор менен бирге хакас фольклорунун кенже жанрларына изилдөөлөр жүргүзгөн. Автор жомоктордон башка да моңгол доорундагы чыгармалардын циклине кирген Арыхпай-тайжинин уулу жөнүндөгү уламышты жазып алып жарыкка чыгарган.[41]

Хакас уруктарынын жана уруу бирикмелеринин келип чыгышын жазган хакас этнографы К. М. Патачаковдун изилдөөлөрүндө тарыхый санжыралар кеңири пайдаланылган.[42] Болжолу, автор өзүнүн илимий жетекчиси профессор Л. П. Потаповдун таасири астында өзүнүн ата-теги таандык болгон «белтир» уругунун атын ошол урук (белтирлер) мекендеп келген Матур дарыясынын куймасына (пилтирге) байланыштырышы ыктымал. Чындыгында, белтирлердин санжыралык маалыматтарында «пилтир» метис (аргындашкан) дегенди, тагыраак айтканда, моңголдор менен аргындашкан деген маанини туюндурат.[43]

Түркolog М. И. Боргояков өзүнүн илимий иликтөөлөрүндө фольклордук материалдарды кеңири пайдаланган[44]. «Вопросы этногенеза хакасов XVI—XVIII вв. и исторические предания» деп аталган эмгегине Хакас-Минусин ойдуңунун жергиликтүү калкынын турмушундагы тарыхый окуялар кирген, тарыхый уламыштарда (кип-чоохтордо) бай хакас фольклорунда кыргыздардын күч менен Манжурияга сүрүлүшү, кайра качуу, чет элдик баскынчылар менен болгон күрөштөр ж.б. чагылдырылат.[45] Фольклор жана тилдик булактарга таянып

жазылган эмгектеринде автор хакастардын маданий мурасынын түпкүлүктүүлүгүн белгилеп, анын орто кылымдардагы кыргыздар жана алардын бай маданияты менен ажырагыс байланышы бар деген тыянакка келген.

Фольклордук бай мурасты жыйноодо илимий кызматкерлер менен бирге, окутуучулар, жазуучулар, мугалимдер, журналисттер катышышкан. Булар, таланттуу жаш жазуучу В. Е. Угдыжеков, мугалимдер Н. С. Тенешев, Н. В. Амзараков, Н. М. Ултургашев, журналист И. Ф. Спирин, Абакан мамлекеттик университетинин окутуучусу И. В. Коков ж.б. Эл чыгармачылыгын чыныгы баалоочулар ХакНИИЯЛИнин кол жазмалар фондунун жаралышына зор үлүштөрүн кошушкан. Жыйналган булактардын негизинде олуттуу илимий эмгектер жаралды. Биринчи кезекте, 1972-ж. жарык көргөн М. А. Унгвицкая менен В. Е. Майнагашеванын «Хакасское народное поэтическое творчество» деген монографиясын белгилөө зарыл.[46] Хакас фольклору боюнча ыраатталган биринчи эмгектин жаралышы хакас фольклор таануу илиминин чоң ийгилиги болуу менен бирге, жергиликтүү студенттер үчүн табылгыс булак болуп калды.

Изилдөөчүлөр тарабынан тарыхый чыгармалар менен катар, хакас фольклорунун бардык жанрлары камтылган илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. М. А. Унгвицкаянын калеминен жаралып, бизди кызыктырган бөлүм «Героико-исторический эпос кип-чоох периода монгольско-жунгарских завоеваний (XIII—XVII вв.)» деп аталат. Колдо болгон материалдардын негизинде фольклорчулар Тасха-Матыр (Ожен-бег), Сибдей жана Сибе, Көтен-хан, Абахай-Пахта, Ир-Тохчын сыяктуу каармандар жөнүндөгү кип-чоохторго талдоо жүргүзүшкөн. Тарыхый баяндардын түрдүү циклдерин изилдөөлөрдөн соң, М. А. Унгвицкая бүгүнкү хакастардын эне-сайлык кыргыздар менен этногенетикалык жалпылыгы бар деген тыянакка келет.

Фольклор таануудагы бир кыйла татаал маселелердин бири элдик оозеки чыгармачылыктын жанрларын аныктоо жана аларды классификациялоо болуп саналат. Бөлүмдүн автору М. А. Унгвицкая хакас тарыхый фольклорунун жанрларына өзүнүн классификациясын жана аныктамасын берген. Ал «кип-чоох» термини аркылуу хакас дастанчылары тарыхый санжыралар менен ырларды,... миф-жомокторду түшүнүшөрүн белгилейт.[47] Чындыгында эле, биз жогоруда буларды классификациялоого жасаган аракетибизде кип-чоохтор уламыштарды, мифтерди, жалпы эле бүткүл жомок эмес прозаны билдиририн белгилеген элек. М. А. Унгвицкая мындай деп жазат: «Моңгол-жунгар басып алуу доорунда фольклордо жаңы жанр калыптанган; алардын бири ыр түрүндөгү уламыштар кип-чоохтор, муну баатырдык-тарыхый эпостор деп атаса болот, экинчиси проза түрүндөгү уламыштар, булар да кип-чоохтор деп аталат».[48] Жаңы жанрды белгилөөдөн соң, автор тарыхый уламыштарга өзүнүн классификациясын берет: «Тарыхый уламыштар (кип-чоохтор) бир тектеш эмес. Алар эки түргө бөлүнөт: баатырдык-тарыхый уламыштар (ыр жана кара сөз түрүндөгүлөр) жана кыскача тарыхый уламыштар (булар дээрлик кара сөз менен айтылат). Эл арасында булар бири-биринен айырмаланбайт. Экөө тең эле кип-чоохтор, б.а. уламыштар деп аталат».[45] Андан ары эмгекте жогоруда көрсөтүлгөн түрлөрдүн өзгөчөлүгү жана жалпылыктары каралат. Буга толук токтолуп отуруунун зарылчылыгы жок. Бирок автор сунуш эткен жаңы жанр баатырдык-тарыхый эпос жөнүндөгү пикирине жана анын экинчи бир түрү болгон кыскача тарыхый уламыштарга тагыраак түшүнүк берүү зарыл.

Биздин пикирибизче, «ыр түрүндөгү уламышты» өз алдынча бөлүп караганга жетишерлик негиз жок. Анткени, алар болгону экөө гана; биринчиси,

«Тасха-Матыр» — жомокчу П. В. Курбижековдон,[50] экинчиси, «Ир-Тохчын» С. П. Кадышевден [51] жазылып алынган. Булардын ыр түрүндөгү варианттары менен катар, кара сөз түрүндөгү тексттери да бар. Аталган жомокчуларга катардагы даетанчылар сыңары мамиле жасоого болбойт. Бул инсандар өз элине кеңири таанымал, чебер аткаруучулар, хакас ишенимдери боюнча алар — «ээлиг хайчылар», б.а. көмөкөй менен аткарылуучу (горловое пение) ырлардын духтары колдогондор. Таланттуу жомокчулардын чыгармачылык чеберчиликтеринин натыйжасында бул уламыштардын кара сөз түрүндөгү тексттери ырга салынып калышы ыктымал. Ыр түрүндөгү бул эки уламыш сыяктуу көрүнүш ушул эки чыгарма менен аяктайт. Бул уламыштарды талдап көргөндө алар классикалык баатырдык эпостон көп жагынан айырмаланары аныкталды, муну изилдөөчү да белгилеген.[52] Балким, ошондон улам, М. А. Унгвицкая фольклордогу бул көрүнүштү жаңы түр катарында карап, аны баатырдык-тарыхый эпос катарында эсептесе керек. Бул жанрдын чындыгында да, кээ бир башка элдердин фольклордук элдик чыгармаларында кездешери маалым. Буларга украин думасы, түштүк славяндардын гайдук ырлары, Түндүк Кавказ элдеринин баатырдык-тарыхый дастандары ж.б. кирет. Бирок бул элдерде да хакастардагыдай эле эпостун соңку формасы өнүгө алган эмес. Биздин оюбузча, хакастарда тарыхый-баатырдык эпос жанры болгон деген пикир туура эмес. Ушул корутундуга негизденсек, анда монографиядагы тарыхый уламыштарды классификациялоо өзүнүн маанисин жоготот, анткени, автор тарабынан жикке ажыратылган эки түр — «баатырдык-тарыхый» жана «кыскача тарыхый уламыштар» ошол эле жомок эмес проза жанрынын бир эле түрү болуп эсептелет.

Фольклорчу П. А. Трояковдун эмгектеринде негизги көңүл сыйкырдуу жомоктор жана баатырдык эпосторго бөлүнсө да, бир азыраак хакастардын кип-чоохторуна да кайрылган.[33] Фольклорчу «мифтер, уламыштар, легендалар жана жомоктор элдин эсинде, оозеки сөздүн чеберлеринин чыгармаларында сакталып келет» — деп жазат.[54] «ХУ-ХУШ кк. тарыхый окуялар хакас фольклорунда, баарынан мурда анын уламыштарында чагылдырылат; бул уламыштар мамлекеттик бирикмелер, таптык жиктелүүлөрдүн учурунда пайда болгон жаңы эпикалык чыгармалардын түйүлдүгү болгон».[55] Бирок, изилдөөчү хакас кип-чоохторунун тарыхый мазмунуна терең үңүлө алган эмес. Ал гана түгүл, П. А. Трояковдун эмгектеринде ойрот өкүмдары Амур-сана тууралуу уламыш (варианттары: «Халдама», «Ир-Сулан», «Сора», «Хан-Суна») жомок контекстинде каралышы бизди тан калтырбай койбойт.[56] Буга ылайык, автор «хан уулунун өлтүрүлүшүнүн», андан соң, «куткарылып, аман калгандыгынын» тарыхый тамырын табууга аракеттенет. Андан ары, изилдөөчү В. Я. Пропптун «Сыйкырдуу жомоктун тарыхый тамырлары» деген эмгегиндеги «хан балдарын башкалардан окчундатып асыроонун көптөгөн мисалдарына» салыштыруу жасайт.[57] Тилекке каршы, фольклордук чыгарманын жанрын так ажырата билбеген изилдөөчү иликтөөнүн башталышында эле адашып калган. Бул уламыштын XVIII к. биринчи жарымындагы чыныгы болгон тарыхый окуяларга негизденгени, анын каармандары жалпыга белгилүү тарыхый инсандар экендиги биз тараптан аныкталды. Хакастардын фольклордук мурасы «Түштүк Сибирдин түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармалары менен байыркы мезгилдерден бери эле бирдиктүү Саян-Алтай зоналдык системасын түзөт».[58]

Ошентип, XVIII к. биринчи жарымынан бүгүнкү күнгө чейин хакастардын фольклордук мурасын иликтеп-үйрөнүү изилдөөчүлөрдүн үзүрлүү аракеттери менен ишке ашты. Көптөгөн фольклордук булактар жарык көрдү, хакас

фольклорунун жанрларынын айрым багыттары иликтенди. Ошондой болсо да, жогорудагы ийгиликтер менен катар хакас тарыхый фольклорун изилдөөлөрдү жыйынтыктаган эмгек буга чейин жок эле.

**Булактардын негизи.** Изилдөөбүздүн негизги булагын отуз жылдан ашуун убакыттын ичинде Хакас Республикасынын аймагында жашаган жомокчулардын оозунан биз тараптан жазылып алынган этнографиялык талаа материалдары түздү. Биздин өздүк архивибизде тарыхый фольклордун ар түрдүү варианттарындагы 300 дөн ашуун чыгармалары бар. Мурда айтылгандай маанилүү, таасирлүү деп эсептелген 136 кип-чоох хакас тилиндеги «Чирім тамырлары» жана «Хоорай чоннын төреллери» деген эки жыйнакта жарык көрдү. Алардын көпчүлүгү республикалык «Ленин чолы» гезитинде 1991—1996-жж.. жарыяланган. Бирок, аталган кип-чоохтордун бирөө да орусчага которулган эмес болучу, ошондуктан бул чыгармалар орус тилинде алгач ирет сунуш этилип отурат. «Чанар-хус» жана «Абахай-Пахта» аттуу чыгармалар «Колчан сердечных стрел» деген китепке киргизилип биз тараптан сөзмө-сөз которулган тексттин негизинде, акын А. В. Преловский тарабынан ырга салынып, басылып чыккан.[59]

XX к. башына чейин хакас этносунун өз жазуусу болгон эмес Ошондон улам, жомокчулар, хайчылар бул тарыхый элдик эстеликтердин бирден-бир сактоочулары болушкан. Илимий сапар учурларында хакас фольклорунун өтө мыкты билермандарын жолуктуруп, алардын өз оозунан баалуу маалыматтарды жазып алуунун сейрек кездешүүчү кубанычтуу учурлары болду. Алар: С. П. Кадышев, Уста-Прок Янгулов, П. А. Доможаков, П. Чебодаев, Н. Е. Чустеев, Е. Н. Кулагашева ж.б. көптөгөн жомокчулар. Биз бул таланттуу инсандарга терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.[60] Тилекке каршы, ысмы аталган жомокчулардын көпчүлүгүнүн көзү өтүп кетти; ошондуктан, хакас айылдарында фольклорду аткаруу салттары дээрлик унутулуп бара жаткан мезгилде биз жыйнаган маалыматтардын уникалдуулугу дагы артат деп ойлойбуз.

Биз бул эмгекти жаратуудан мурда талаа материалдарынан сырткары, хакас фольклору боюнча материалдар камтылган адабияттардын бизге белгилүүлөрүн толук кунт коюп карап чыктык.

Дастандар менен уламыштардын хакас тилиндеги тексттери түрколог В. В. Радлов тарабынан 1863-1864-жж. жазылып алынган.[61] Тилекке каршы, В. В. Радловдун басмадан жарык көргөн томдугуна кип-чоохтон жалгыз «Суна-Матыр» гана киргизилип, аны айткан жомокчунун аты-жөнү жазылбай калган. В. Я. Бутанаевдин изденүүсүндө бул жомокчу Катунча Кыжинаев экендиги аныкталды. Анын небереси В. Я. Кыжинаеванын билдирүүсүндө хайчы Катунча (1810-ж. туулган) В. В. Радловго «Торонтой-хан» дастанын жана жападан-жалгыз белгилүү тарыхый баян «Суна-Матырды» айтып берген. Ал өзүнүн чеберчилиги үчүн бир таңгак баркыт менен сыйланып, хомысын (комузун) колго алып, сүрөткө тартылган экен.[62] Кыжинаевдердин тукуму кыргыз уругуна кирет, ошондуктан болсо керек «Суна-Матырдын» В. В. Радлов жазып алган вариантында Эне-Сай кыргыздарынын ойрот башкаруучулары менен өз ара мамилелерине, кыргыздардын зордук менен Жунгарияга көчүрүлүшүнүн себептерине көбүрөөк басым жасалган.

Башка бир белгилүү түрколог, В. А. Радловдун шакирти, профессор Н. ф. Катанов Хакасия боюнча жүргүзүлгөн көп жылдык изилдөөлөрүндө «абакан татарларынын» элдик адабияты боюнча эбегейсиз көп материалдарды жазып алып, ал материалдар 1907-ж. Санкт-Петербургда басылып чыккан.[63] Китепте Ханза-бегтин падышалык бийликтерге каршы күрөшүн чагылдырган

кип-чоохтун түрдүү варианттары бар; Өжен-бег жөнүндө кыскача баяндар, Көтен-хан жана Ах-Көбөк деген башкаруучулар жөнүндө, XVII к. ойрот окуялары жөнүндө айтылат. Тарыхый фольклордун көпчүлүк бөлүгүн хакас урууларынын (негизинен белтир уруусу) теги жөнүндөгү санжыралар түзгөн. 1963-ж. Н. Ф. Катановдун фольклордук материалдары Хакас НИИЯЛИ тарабынан өзүнчө китеп болуп кайрадан басылып чыккан.[64]

XX к. башында Хакас-Минусин аймагынын этнографиясын изилдеген Б. К. Яковлев өз эмгегинде ханза-бегтин эрдиги жана баатыр «Южене жана анын уулу Чапа» жөнүндө чакан сюжетти киргизген.[65]

Совет доорунда хакас жазмасы пайда болгондон соң, фольклордук тексттер кирген бир нече жыйнактар жарыкка чыкты. Булардын ичинен «Хакас фольклорунун»[66] эки чыгарылышын белгилөө зарыл; бул жыйнактарда «Ханза-бег жөнүндө баян», «Ир-Тохчын», «Чанар-Хус» уламыштары, Өжен-бег жөнүндө жомок, анын уулдары Сибечек жана Сибдейек, Сыба жана Сыгда ж.б. киргизилген. 1955-ж. «Хакас эл жомоктору» деген китепте Б. Балтер тарабынан адабий жактан кайра иштеп чыгып, Өжен-бег жөнүндө тарыхый дастандын бөлүкчөлөрү биринчи жолу орус тилинде жарыяланган эле.[67] Бирок, фольклордун элдүүлүгү жөнүндөгү ошол учурдагы партиялык талаптардын, чектөөлөрдүн кысымы менен редакция Ожен-бегтин социалдык статусун өзгөртүп, Ожен-Батыр деп өзгөртүп коюшкан. Натыйжада, улуттук баатыр бектер сословиесинен эмес, катардагы аскер сословиесинен чыккан баатырга айланып калган. Китептин илимий аппараттарында көрсөтүлгөн атайын шилтемелерден Ожен-бег жөнүндөгү фольклордук чыгарма көзү азиз жомокчу П. А. Доможаковдон (калк арасында — Мартил-Сыган) жазылып алынгандыгын байкоого болот. Кийинчерээк, 1973-ж. бул жомокчудан Ожен-бег жөнүндө кип-чоохту жана башка бир катар дастандарды жазып алдык. Хакас тарыхый фольклорунун чыгармаларынын басымдуу көпчүлүгү П. А. Трояков менен Т. Г. Тачееванын жалпы редакторлугу астында хакас тилинде жарыяланган «Хакас уламыштары жана жомоктору» деген китепке кирген.[68] Бул жыйнакка санжыралар, Көтен-хан жана Ах-Көбөк дастандарынын бир нече варианты, Хакасияны моңголдордун каратып алуусун баяндаган «Арыхпай-тайжи», «Сурхуюх» ж.б. кипчооктор кирген. Фольклорчу П. А. Трояков бул чыгармаларды өзүнүн бир канча жыйнактарында айрым жаңы маалыматтарды кошуп, бир нече жолу кайра басып чыгарган, айрым учурда өзү жазып алгандарды жана башка изилдөөчүлөрдүн эмгектерин да киргизгени маалым.[69] 1962-ж. П. А. Трояков Ожен-бег жөнүндө ыр түрүндөгү дастанын жарыкка чыгарат, ал Ожен-бегтин баатыр кол башчысы болгон Тасха-Матырдын ысмы менен «Тасха-Матыр» деп аталган.[70] Акыркы жылдары аталган фольклорчу уламыштар менен легендалардын тексттерин өзүнүн күчү менен орус тилине которууга далалаттанып жүрөт.[71] Бирок, автор адабий кайра иштеп чыгууга көбүрөөк ооп кеткендиктен көпчүлүк уламыштар менен дастандар кыскарып, үзүл-кесил абалда болуп калган, ал эми ал ырга салып жазган маалыматтар контекстке дал келе бербейт.

Биздин изилдөөлөрүбүздө «Чанар-Хустун аялынын кошогу», «Ожен-бегтин аялынын кошогу» киргизилген. «Хакас поэзиясынын антологиясы» жана «Хакастардын музыкалык чыгармачылыгы» деген эки жыйнак кошумча булак болду.[72]

Хакастардын тарыхый фольклору өтө узак мезгил бою, ар түрдүү доорлордо, түрдүү локалдык варианттарда жаралды. Алардын бир кыйла бөлүгү изилденип,

жазылбай калды, ал эми аларды текшерүү да, мезгил-убактысын аныктоо да мүмкүн эмес. Бирок, бул татаалдыктарга карабастан, биз алдыбызга койгон милдеттерди жалпы жонунан аткара алдык десек болот.

***I бап***

# ХАКАС САНЖЫРАЛАРЫ

## 1.1. Хакас-Минусин аймагынын байыркы элдери менен уруулары

Ортолук Эне-Сайдын түздүктөрүндөгү үнсүз турган он миңдеген бейиттер, түлөө, ырым-жырымдар өткөрүлүүчү сыйынт жайлар, ага байланышкан эски курулуштар, таш беттерине жазылган байыркы түрк доорундагы жазуулар менен өткөн доорлордон кабар берген жомок эмес прозалар өтө тыгыз байланышкан.

Төрт капталынан таштар менен курчалып, топурак үйүлүп курулган байыркы бейиттер (хак. күрен) хакас тарыхый фольклорунун маалыматтарында «ах харах» (ак карек) элине таандык экендиги баяндалат. Хакасиянын түштүк аймактарында, Абакан өрөөнүндө бул байыркы «тургундарды» «күргендегі чон» же «толадай чоны» — бейиттеги элдер деп аташары маалым. Уламыштардын жана байыркы мифтердин маалыматтарына караганда «ах харах» деген энчилүү атты бул эл ак жүздүү, ачык чырайлуу өңүнө карата алышыптыр. Алардын көздөрү да өзгөчөлүү болуп, каректин айланасындагы чели жок экен.

Алар зор чулу таштардан үйлөрдү, күмбөздөрдү, коргондорду тургузушкан имиш. Ошол үчүн бул курулуштун калдыктары хакастарда «ах харах чурту» ак каректүүлөрдүн журту деп да аталып жүрөт.

Мифологиялык баяндарда «ах харах» эли эгин айдап, түшүм алышкан эмес. Алар ак түстүү жылкыларды (ах маган) өстүрүшүп, үйлөрүндө иттерди жана үй канаттууларын кармашкан. Күндөлүк турмушта таштан жасалган балталарды, коло бычактарды колдонушкан. «Ах харах» элинин адамдарынын бою өтө бийик, алп денелүү жана күчтүү болушкан. Алар эч кимди тоотушпай, көктөгү кудайларга да ишенишкен эмес. Күн бүркөлүп, чагылган чартылдаганда асманга наалат айтышып, көктү көздөй таш ыргытышкан. Асман теңирине баш ийбей, каяша айтып жашагандыктары үчүн жазаланышкан дешет.

Хакастардын мифологиялык түшүнүктөрү боюнча Хакасияда «ах харах» эли жашаган мезгилде ак кайың өсчү эмес экен. Кийин ак кайыңдар ак каректүү элге асман теңири тарабынан жаза катарында жөнөтүлгөн экен. Коктуларга ак кайыңдар өсө баштаган мезгилде «ах харах» элинин адамдары жаратылыштын бул кубулушун түшүнүп-билүү үчүн тогуз баптуу Палабан-кам деген башкы шаманга кайрылышат; шаман тогузунчу коло бабынын жардамы менен ак кайың — бул Ак хандын бийлигинин символу, Ортолук Эне-Сайга ак кайың менен кошо Ак хандын бийлиги келет деген аян айтат.

Эркиндикти сүйгөн күч-кубаттуу «ах харах» эли теңир жиберген тагдырдын жазмышына баш ийгилери келишпей, ак кайыңдарды балталап кыя башташат. Бирок бир кайыңды кыйса анын ордуна эки, экини кыйса анын ордуна төрт, төрттү кыйса сегиз кайың өсүп, жылгалар дарактарга толуп кетиптир. Ошондо, «ах харах» элинин адамдары көрөр күнү, ичер суусу түгөнгөнүн сезишип, таш үйлөрүнө киришет да, тирөөчтөрүн балталап кулатышып, өздөрүн тирүүлөй көмүшкөндүгү баяндалат. Ээсиз каралбай калган иттери бир топ убакыттан соң

жапайы болуп кеткен экен. «Ах харахтардын» тооктору бүгүнкү күндө тоодак деген ат менен белгилүү. Алар акыркы мезгилдерге чейин Хакас талааларындагы бейиттердин айланасында жашап келишкендиктери маалым.[1]

«Ак көздүү укмуштар» өңдүү мифтер Сибирь аймагындагы түрк-моңгол жана угро-финн тилдүү элдерде эзелтеден жашап келатканы маалым. Андан ары бул сюжет жергиликтүү сибирликтерден орус тургундарга өтүп, алар Уралдын артындагы кайыңдардын өсүшүн Ермактын келиши жана анын өлүмү менен байланыштырышат.[2]

Хакастарда «ак көздүү укмуштар» жөнүндө легендалар кеңири жайылгандыгына карабастан, анын түпкү тамыры жергиликтүү чөйрөгө таандык экендиги анык. Археологиялык маалыматтар Хакас-Минусин аймагындагы тагар маданиятына таандык көрүстөн эстеликтеринин мезгилинде (б. з. ч. VII—I кк.) бул аймакта европалыктар өңдүү (европеид) адамдар жашаганын тастыктайт. Б. з.ч. III—I кк. таандык кытай жылнаамаларынын маалыматтарына караганда, бул аймакта узун бойлуу, көк көз, ак жүздүү, сары чачтуу динлиндер деген эл жашаган экен. Алар хуннулардын чабуулунан жана кыргыз урууларынын кысымынан кырылып жок болушкан.[3] Ак кайыңды Ак хандын бийлигинин символу катары кароо кийинчерээк орустардын келишинен кийин пайда болгон. «Курган», «күркен» деген терминдердин мааниси түрк-моңгол тилдеринде кыш мезгилинде жашоочу таш, топурактан курулган бекем үйдү түшүндүрөт.[4] Кийинчерээк «ах харах» элинин турак-жайлары деген уламыштын таасиринен улам «күркен» деген сөздүн мааниси өзгөрүп, коло доорундагы тагар маданиятына таандык бейиттердин аталыштарына өткөн. Болжолу, хакас мифтери аркылуу терминдин акыркы мааниси орус тилине өтсө керек.

Ортолук Эне-Сай өрөөнүндөгү байыртадан бери эле Красноярдан түндүгүрөөктөн арин (аара) деген уруу жашаган, алардын түпкү мекени Хум-Тигей аттуу ыйык тоонун этеги болгон.

Хакас уламыштары боюнча көп сандуу ариндер айланасындагы башка урууларга текеберденип мамиле жасашчу. Ариндердин түпкү мекени Хум-Тигейдин жанында жыландар ордосу болгон экен. Ариндер ордодогу жыландардын баарын кылычтап өлтүрүп салышат. Аман калгандары Чылан ханга (Жылан ханга) арызданып барышканда, ал ариндерге согуш жарыялаган имиш.

Көндөрдүн биринде арин уруусунан Таркан деген абышка Эне-Сайда балык уулап олтурган экен. Көп убакыт өтпөй дарыянын аркы жээгинен өзүн чакырган үндү угат. Кайыгы менен сүзүп өткөн абышка бет маңдайынан сансыз көп жыланды көрөт. Алардын ичинде тажысы бар башы зор жыланды байкап калат. Жыландардын падышасы Чылан-хан абышкага дарыянын аркы бетине алып өтүүнү буйруйт. Абышка жыландарды ариндердин жерине алып өтүүгө аргасыз болуптур. Жыландардын падышасы Таркан абышкага кайыңдын кабыгы жабылган үйүн айланта күл чачып, ала аркан менен курчап байлагын деп кеңеш бериптир. Түн киргенде жыландар ариндердин айылын курчап алышып, элин жебе сыяктуу атылып тийип кырып салышат. Таркан аман калып анын тукумунан «аара» уругу тарайт. Ариндердин жыландар менен согушунан кийин алардан коргонуу үчүн хакастар үйлөрүн ала аркан менен айланта курчап коё турган болушат.[5]

Скифтердин жыландар менен болгон күрөшү жана алардын өлүмү жөнүндөгү мифтик сюжет Геродоттун тарыхында да чагылдырылган.[6] Бул сюжетти Эне-Сайдын бойлоруна улуу скиф маданияты мезгилинде жашаган иран тилдүү

уруулар тарабынан алынып келинген, ал эми «аара» этнонимин арий-скиф урууларынын биринин аталышы менен жалпылыкта кароого негиз бар деген божомол айтууга болот.

Хакас элинин эсинде орто кылымдарда жашап өткөн байыркы элдердин энчилүү аттары сакталып калган. Чулум өрөөнүндө хоян (хойан) деген эл болгон экен. Чоң согуштар болгон өйдө-төмөн замандарда «хояндар» түштүккө, Июс талаалары менен Саяндан ары көчүп кетүүгө аргасыз болушат. Кара Июс дарыясынын жанындагы Хызыл-Хая тоосунан алыс эмес жерде аталган уруу көчүп өткөн Хоян Азии, б.а. Хоян ашуусу деген бел бар экен. Алардын ичинен кош бойлуу келин ашуудан өтө албагандыктан аны ошол жерге калтырып кетишет. Ай-күнү жетип турган келин уул төрөп, ага «хоян уруусунан калган Хойгат мергенчи» деген ат коёт. Хойгат Ыстыгаш тоосунун жанындагы айылда өсүп-чоңоёт. Анын укум-тукумдары бүгүнкү хакастардын курамына жуурулушат.[7]

«Хоян» уруусун XIII к. Саян-Алтай тоолорунун этектеринде кыргыздар менен кошуна байырлаган «хоин-урянха» же «хайинирген» деген токой элдери менен жалпылыкта кароого болот.[8] Н. А. Алексеевдин оозеки айтылган пикири боюнча «хоян» этнонимин тувалардын Сибирдеги «соян» деген башка бир аталышы менен байланышта кароого болот, анткени, якут жана бурят тилдеринде түрктөрдүн «с» тыбышы «х» тыбышы катары берилет. Болжолу, «хоян» энчилүү аты хакас уламыштарында якуттар менен болгон алакалардан соң сакталып калышы ыктымал.

Тарыхый санжыралар баяндаган маалыматтарга караганда, Июс талааларында өткөн бир замандарда көп сандуу, өтө бай тумат деген уруу жашаган экен. Жайлаганы Айран-Көлдүн жээктерине, кыштаганы Тарча дарыясынын өрөөнүнө көчүп барышчу экен. Азыркы мезгилге чейин Айран-Көл жана Тарча дарыяларынын ортолугундагы анчалык чоң эмес түздүк «Тумат чазы» — Тумат талаасы деп аталып келет. Туматтардын аң уулсючу жерлери Ак Июс дарыясынын жогорку агымы тарапта жайгашкан; Ак Июстун бир куймасы байыркы «Туматтар сазы» деген аталышын сактап келет.

Туматтар сансыз көп кой, уй, жылкыларды кармашчу экен. Алардын аялдары кымыз жана айрандан, сүттөн жасалган аракты (арака) даярдоого үлгүрө алышпай, сүт азыктарын көлгө куюп жиберишчү экен. Ошол мезгилден бул көл Айран-Көл деген ат менен белгилүү болуп калыптыр. Хакастар бул көлдү ыйык деп эсептешип, анын суусуна түшүү, жууну, кала берсе жүзүн чаюу чоң күнөө болот деп ишенишкен. Тумат талаасында багылган бул уруунун сансыз көп малы төрт түлүк малдын ээсинин (мал чулазы, мал ырызы) духунун колдоосу менен көбөйгөн имиш. Имиштер боюнча колдоочу дух бою дарактай бийик, өңү кара киши болуптур. Ал өзү көзгө көрүнбөй, туматтардын малын кайтарып бакчу экен.

Туматтардын бир кызы Хара-Көлгө жакын жерди байырлаган Хас-Харлык аттуу шаманга күйөөгө чыгат. Күндөрдүн биринде Хас-Харлык туматтардын малынын Хара-Хөлгө өз алдынча сууга барып кайтарын байкап калат. Кунт коюп караган шаман чубалган малдын артынан өңү кара, дарактай бийик бойлуу зор немени көрөт. Хас-Харлык коркунучтуу желмогузду атып салат. Бул окуядан соң, Айран-Көлдүн жээгиндеги аскадан үч күн, үч түнгө созулган аялдын кошок-ыйы угулуп турган экен. Төрт түлүктү колдоочу духтун энеси: «Менин жалгыз уулум малын багып, туматтардын ишеничине кире албады, алардын башынан бакыт кетсин» — деп каргайт. Ошол окуядан кийин туматтардын малынын саны артпай, ылаңдан кырылып турат имиш.

Туматтардын ичиндеги бир көзү ачык адам малга тийген кырсыктын анык себебин айтканда, туматтар күйөө баласынан өч алмакчы болушат. Алар Хас-Харлыктын жылкы үйүрүн Хара-Көлдүн так ортосундагы «Соол-тубг» аралына айдап барып камашат. Арадан көп убакыт өтпөй жылкыларын издеген Хас-Харлык келет. Туматтар жаанын жебелери менен Хас-Харлыктын денесин теше атышканда ал өлбөйт, жарадар болот. Ошондо ал «Менин көкүрөгүмдү жылкынын курч кабыргасы менен ачып, жүрөгүмдү сууруп алгыла, ошондо гана өлөмүн. Андан соң жүрөгүмдү жээктеги аскадан Хара-Көлгө: «Курмандыкка тартабыз!» — деп таштап жибергиле. Ошондо гана силерге бакыт кайрылып келет! Силердин укум-тукумуңар, мал-жаныңар көбөйөт! — дейт. Туматтар шамандын өлөр алдында айтканын аткарышат. Ыргытылган Хас-Харлыктын жүрөгү сууга тийерде көк өрдөккө (көгін өртек) айланат да, элге кайрылып: «Эми туматтарга кун жок, силер үчүн акыр заман болот» — деп учуп кетет.

Жаалданган туматтар Хас-Харлыктын сөөгүн бетин төмөн каратып көмүшүп, далысына теректен жасалган казык кагып салышкан экен. Ушул кезде да Хас-Харлыктын жападан-жалгыз бейити Хара-Көлдүн жанындагы талаада көрүнүп турат дешет.

Ошол учурдан тартып, туматтар тукум-курут боло баштайт экен. Көк өрдөктүн үнү угулар замат алар акылдарынан адашышып, көпчүлүгү өздөрүн-өзү асышып, жан-таслим болушуптур. Туматтар — көк өрдөктүн каргышына калган уруу деп айтылат. Көп сандуу уруудан Байдошевдердин тукуму гана аман калып, хакастардын курамына жуурулушкан делет.[9] Туматтар Саян-Алтайдын эң байыркы урууларынан болот. XIII к. жазма булактардын маалыматтарында туматтар кыргыз мамлекетинин чектерине жакын байырлашып, согушчандыгы менен айырмаланышкан. 1218-ж. туматтар жаңы орноп жаткан моңгол бийлигине каршы чыгышкан. Кыргыздар өлкөсүнүн чегинде жашаган туматтардын козголоңун басуу үчүн кыргыздардан аскер сурашканда, алар Курлундун жетекчилиги астында көтөрүлүш чыгарышкан. 1218-ж. Жучунун атчан аскерлери (Чынгыз-хандын улуу уулу) көтөрүлүш чыгарган элдерди ырайымсыз жазалаган. «Туматтар кекчил, кара санатай эл болушкандыктан моңголдор алардын көпчүлүгүн кырып салышты» деп айтылат жазма булакта.[10] Хакастардын тарыхый фольклору 1218-ж. козголоң чыгарган туматтардын кырылганын баяндаган. Мындан сырткары, туматтардын күйөө баласы ХасХарлыкты байыркы түрк доорундагы карлуктар менен байланышта кароо кызыгууну жаратары шексиз.

Хакастардын тарыхый фольклорунда эзелки замандарда Хакас-Миңусин аймагын байырлаган керемет элдер жөнүндө маалыматтар бар. Хакастарда токойлуу, ыраак жердин түпкүрүндө жашаган мусмалдар жөнүндө укмуштуу жомоктор өтө кеңири айтылары Маалым. Уй туягы сымал буттары бар мусмалдар үстүнө өсүмдүктөр, чөп-чар кештеленип кооздолгон жабуу кийип жүрүшчү имиш. Алар тайга ичинде казылган жер үйлөрдө, дарактын кабыгынан курулган алачыктарда жашашып, хакас (кыргыз) айылдарында түнкүсүн пайда болуп турушчу экен. Алар жыт аркылуу из кууганды жакшы билишкен. Мусмалдар адам жегич болушкан. Алардын сүйгөн тамагы уурдалган жаш наристелерден жасалган шишкебек экен. Мусмалдар сырткы келбетин өзгөртүп, кубулуу касиетине ээ болушуп, өздөрүн мурда көргөн адамдардын келбетине окшоштуруп кубулуп турушканы айтылат. Алардан аман калуу үчүн дарактын башына чыга качуу зарыл эле, же жылгаяк музга качуу керек болгон. Мусмалдар табиятынан жалкоо келишип, биринин ийгилигине экинчиси көрө албастык

менен мамиле жасашчу экен. Жергиликтүү калк бир нече ирет кагылышуулардан соң, адам жегичтерди (каннибал) тукум-курут кылышкан имиш. Сагайлардын бир бөлүгүнүн түктүүлүгүнөн улам, алардын мусмалдар менен жакындыгы бар деген имиш айтылат. Мусмалдардын өз тили болгон. Алар жөнүндө эстеликтер аягы «сас» мүчөсү жалганган Анзас, Томзас, Кызас ж.б.у.с топонимикалык аталыштарда сакталган.[11]

Кошуна Шорияда уламышта адам жегичтерди «хашхалар» деп аташат. Чулум татарларында алар — кыргыздар, алтайлыктарда кырсагалдар, ал эми туваларда — бүрүстөр деген ат менен белгилүү болушкан.[12] Аталып өткөн уламыштагы элдердин фольклордук аттарында реалдуу тарыхый этнонимдер турат. Болжолу, хакастардагы «мусмал» деген ат менен кошуна байырлаган байыркы эл белгилүү болгон. Мусмалдарды байыркы түрк доорундагы басмылдар менен параллель кароо кызыгууну жаратары бышык. Байыркы түрк доорунда басмылдар («аргындашкандар» деген мааниде) кыргыздардан (цзйегу) түштүк-батыш аймакта жашашып, алардын душмандары болушкан. Уйгурлар менен союздаш болгон басмылдарды кыргыздар IX к. Уйгур каганатын талкалагандан соң, жок кылышса керек.[13]

Мифологиялык дөөлөр ит баштуу «мохсагалдар» хакастардын экинчи бир башкы душмандарынан болушкан. Кем акыл, аңкоо «мохсагалдар» да адам жегич болушкан. Хакасиянын эли аларды атайын казылган ороолордун жардамы менен жок кылышкан экен. «Мохсагалдар» этнониминин биринчи форманты моңгол тилиндеги «нох» же «нохой» — ит деген маанини туюнтушу мүмкүн. Маселен, тувалар менен тофалар моңголдорду «адай» — «ит» деп аташары маалым[14] Анда «мохсагал» — «ит сакал» деген маанини берип калат.

Этнонимдин экинчи компоненти «сагал» Саян-Алтайдын көпчүлүк элдери менен урууларынын энчилүү аттарында сакталган. Тоолуу Алтайдагы теленгиттерде «сагал» аттуу ири уруу бар. XVII к. Түндүк Алтайдын Бий дарыясынын өрөөнүндө жунгар ханынын букарасы «керсагал» уруусу байырлаган[15]. Лена дарыясынын ортоңку агымын эзелтеден байырлаган хара сагалдарды («кара түлкү») тувалардын курамындагы «хара сагалдар» менен жалпылыкта кароого негиз бар [16]. Якут тилинин маалыматтарына таянганыбызда «мох сагал» этнониминин экинчи компоненти ит тукумундагы айбанды билдирген.

Уламыштар Хакас-Минусин аймагынын алыскы токойлуу түпкүрүндө байыркы бир мезгилдерде «куренги», «куренчи» деген чана менен жүрүүчү эл болгондугун баяндайт. Алар табиятынан көзгө атар мерген болушкан экен. Куренгдердин тайгада жаралган, өзү жүрүүчү чаналары болгон имиш. Бул жандуу чаналардан (тынныг сана) бир да аң качып кутула алчу эмес деп айтылат.

Бир жолу хакас мергенчиси тайгада аң уулап жүрүп жогоруда эскерилген куренг менен достошуп калат. Куренгдин өзү жүрчү чанасын көрүп таңданган мергенчи: «Сен муну кантип айдайсың! — деп сурайт. Куренг «Чанага «үүк» деген буйрук берсең эле өзү чуркай берет! — деп жооп берет. Хакас мергенчиси чананы түн ичинде уурдоону чечет. Куренг уйкуга киргенде мергенчи сыртка чыгып, чананы минип, «үүк» деп айтат. Жылкынын териси капталган чана кыймылга келип, жүрө баштайт. Бирок, кандайча токтотууну сурап албаган хакас мергенчиси өз айылына жакындап келгенде чананы токтото албайт. Аргасы кеткен мергенчи чанага бычак сайып алганда кан чачырап кетет. Ошондон улам «Токто!» деген буйрукту билбеген хакастар өзү жүрчү чанасыз калышыптыр.

Азыркы күндө куренгдер жок, ал эми өзү жүрүүчү жандуу чаналар кайсыл жерде аны эч ким билбейт.[17]

Биздин -пикирибизде, хакас мифтериндеги куренгдерди Саян тоолорунда Кыргыз мамлекетинин тушунда жашаган лыжа тебүүнү билишкен түрктөр менен байланышта кароого негиз бар. Кардын калыңдыгынан токойлуу жердеги түрктөр «жылкынын ордуна жыгачтан жасалган аттарды пайдаланышат, аны менен бугулардын артынан кубалашат. Алардын лыжаларынын түзүлүшү калкан сымал келип, жылкынын териси менен капталган. Аны бутка кийгенде жыгачтан жасалган чокой сыяктанып калат. Бийиктиктен түшкөндө бугунун артынан сыйгаланып кубалашат, ал эми түздүк жерде кардын үстүндө таяктарына таянып кайык өңдөнүп сүзүшөт».[18] Лыжачан түрктөрдү «Купуя дастанда» моңголдор «токой элдери» деп аташары баяндалган.

Мифологиялык элдерге чечек жана кызылча орууларынын духтары жердеген «Ала аттуулар» деген керемет өлкөнүн калкы да кирет. Алар ак жүздүүлүгү, нурлуу көздөрү менен айырмаланышкан. Ала аттуулар өлкөсүндө чөптөр соолубайт, дарыялар тоңбойт имиш. Хакас мифтеринин маалыматтары боюнча Чечек өлкөсүндө фольклордо баяндалган каармандардын бирөө болуп кайтыптыр. Эне-Сай өрөөнүндөгү бир хандын Хара-Сарыг аттуу жалгыз кызы болуптур. Өлөөрүнүн алдында хан кызын жергиликтүү бир акимге күйөөгө берерин, тактыны күйөө баласына Калтыраары жөнүндө керезин айтат экен. Бирок, бул акимдин мурда аялы жана андан эки уулу бар экен. Бирок, аким бул сунуштан баш тартпайт. Арадан күндөр өтүп, жаңы үйлөнгөндөр уулду болушат. Бала он эки жашка толгондо эки улуу агасы Чыгыш Саяндардын чытырман токоюна аң уулоого алып барышып, калтырып кетишет. Хара-Сарыг ханышанын баласы тайгада адашып, жер кезип жүрүп, карагастар (хара хаас) жашаган жерге келет. Бир нече жылдан кийин карагастардан кайта кетүүгө туура келет. Ал Ала-Хыр (Ала-Сыны) аркылуу ак талаалуу өрөөнгө келет. Жайылган малдын дээрлик баарысы ала түстө экенин көрүп таң калат. Ала малдуу өлкөнүн калкы Хара-Сарыг ханышанын уулун байкашпайт экен. Күндөрдүн биринде сындуу курулган хандын сарайына кирип, ай десе айдай болгон сулуу кызды көрүп таңданып, аны өөп алганда, кыз мүрт өлүп калат. Ала аттуулар өлкөсүнүн калкы кыздын өлгөн себебин аныктоо максатында тогуз баптуу Паламор-кам деген шаман аялды чакырмакчы болушат. Шаман Паламор-кам зикир чалуунун тогузунчу күнү: «Күн тийген жерден келген конок бизди оорутуп жатат» — дейт. Аны карап тургандар «Бизге кайдан келсе, ошол жакка кетсин!» деп чурулдашат. Паламор-кам өзүнүн тогузунчу бабын колуна алганда Хара-Сарыг ханышанын уулу эс-учун жоготуп коёт да, ойгонсо өз үйүндө болуп калыптыр. Паламор-кам бул жигитти сыйкырлап бабына салып, Ала аттуулар өлкөсүнөн сыртка алып чыгып, өлгөн кызды да кошуп берген имиш. Ошондон кийин Хакас-Минусин аймагына «көзгө көрүнбөс коноктор» келишип, Ала аттуулар өлкөсүнөн бул жерге чечек, кызылча ооруларын ала келишет имиш. Эгерде Хара-Сарыг ханышанын уулу Ала аттуулар өлкөсүнө барбаганда бул аймакта чечек, кызылча оорулары болмок эместиги айтылат.[19]

Бул мифтин маалыматтары боюнча Ала аттуулар өлкөсү Чыгыш Саян менен Тофалариядан ары Байкал боюндагы талааларда жайгашкан. Жомоктогу Чечек эли жөнүндөгү маалыматтар байыркы түрк доорундагы алаттар менен байланышы бар десе болчудай. Ала аттуулар өлкөсү (кытайча: «бома», «элочжи») кыргыздардан түндүктө, Байкалга жамаатташ жерлерди байырлашкан: «Жылкыларынын баары түгөл ала, ошондон улам алар байырлаган мамлекет Ала

аттуулар өлкөсү деп аталат. Цзйегүлер (кыргыздар) менен согушуп турушат. Сырткы келбети цзйегүлерге (кыргыздарга) окшош, бирок тили түшүнүксүз».[20] Изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү алардын жашаган жери Ангаранын жогорку агымындагы аймактар деп көрсөтүшөт.[21] Ушундан улам, дайыма коркунуч алып келип туруучу алаттар өлкөсү хакастарга бүгүнкү күнгө гипербола түрүндө келип жетти.

Чулум жана Эне-Сай дарыяларынын төмөн жактарында жашаган «сеет» деген эл жөнүндө да хакас фольклорунда айтылат. Айрым легендарлуу баатырлар, мисалы Тасха-Матыр ушул уруудан чыккан экен. Болжолу, бул ат менен хакастар кеттерди аташса керек. Уруунун (уруктун) аталышын эвенкилердеги «чангит-кет» этнониминин бир түрү катары кароого болот. Тилдин эволюциялык өнүгүшү менен ушул типтүү хакас сөздөрүндө интервокалдуу үнсүздөрдүн жана созулма үндүүлөрдүн түшүп калышы байкалат. Мисалы: «чанит» кет моол < моңгол, хоорай < хонгорай ж.б.у.с.

Кет тилинде түштүктөн учуп келүүчү канаттуулардын эзелки мекени Тома деп аталары маалым Биз бул энчилүү аттын Саян-Алтайда кеңири тараган Тума жана Туба сыяктуу этнонимдер менен байланышы бар деп эсептейбиз. Мындан сырткары, орто кылымдар доорунда Туба дарыясынын өрөөнүндө кыргыздардын ири Туба улусу болгон. Ономастика илими кеттердин теги Түштүк Сибирдин аймагына таандыктыгын, алардын хакастардын ата-бабалары менен ар тараптуу байланыштары болгондугун тастыктайт.[22]

Чыгыш Саяндарда, Эне-Сайдын жогорку агымы тарабындагы бетин кызыл туз каптап жаткан аймакта «иргегит» же «иргейек» аттуу кыска бойлуу, эргэжээл эл жашаган имиш. Иргегиттердин бойлору чыканактай келип, минген аттары коёндой кичине болгон экен. Кип-чоохтордун баяндагандарына караганда, алар көзгө атар мерген, мыкты жоокерлер болушуптур. Фольклордогу энчилүү аттар Чыгыш Саяндардын бугу багуучулары — иргиттер менен хакастардын алакаларын чагылдырат.

Хакас тарыхый фольклору Хакас-Минусин аймагында хуннускиф доорлорунда жашаган байыркы элдер жөнүндө да баяндайт. Мифологиялык баяндарга караганда алардын дээрлик баары адамдын аң-сезимине баш ийбеген укмуштуу күчтөрдүн таасири астында курман болушкан: кудайлардын жана колдоочу-духтардын каргышы (тумат, ах харах), адамдарга таарынган жаныбарлар (аара) дүйнөсүнүн өч алуусу, Ала аттуулар өлкөсүнөн келген «көзгө көрүнбөгөн» коноктор менен оорулар ж.б.у.с Ошондой болсо да, бизге келип жеткен кабарлар жана болмуштар байыркы уруулар менен элдердин айрым калдыктары бүгүнкү хакастардын бабаларынын курамдарына жуурулушканын чагылдырары ырас.

## 1.2. Кыргыздар жөнүндө дастандар

Тарыхый фольклор Хакас-Минусин ойдуңундагы орто кылымдарга таандык таш курчалып курулган көрүстөндөрдү жана жазуусу бар чулу таштарды ж.б. археологиялык эстеликтерди кыргыздар калтырган маданият экенин тастыктайт. Бир гана хакас жергесинде «хыргыс сөөктерi» же «хыргыс сыыраттары» деп аталган 20дан ашуун көрүстөндөрдүн тобу бар[23]. Жергиликтүү калк Тагар (скиф) көрүстөндөрүнө салыштырмалуу бул эстеликтерге кадырлап мамиле жасашат. Хакастар кыргыз бейиттерине жакындаганда жүгүнүшүп, шараптан ырымдап чачып коюшат. Эгер бейиттерге жакын үй тигип жашаса кыргыздардын аркы дүйнөдөгү арбактары — «хыргыс сүнезi» кыжыры кайнап,

ал кишилерге оору тийет, аны шамандын дубасы менен гана айыктырууга болот деп ишенишкен.[24] Орто кылымдар мезгили, тагыраак айтканда, моңгол жапырыгына чейинки доор «хыргыс тузы» — «кыргыз доору» деп аталат.

Түштүк Сибирдин түрктөрүнүн байыркы легендалары менен санжыраларында кыргыздар Ортолук Эне-Сай өрөөнү гана эмес, бүткүл Саян-Алтай аймагынын эзелки, түптүү тургундары катары баяндалат. Кыргыздар Саян-Алтай аймагында дарактар жер бетине али чыга элекке чейинки мезгилде эле жашап келишкен делинет.

Хакас фольклору боюнча кыргыздар өз энчилүү атын түшсү энеси болгон «Хыр хыстан» (Буурул чачтуу кыз) алышкан.[25] Этнонимдин «кырк кыз» дегенден келип чыгышы жөнүндө уламыш Теңир-Тоодо сакталып калган, ал эми азыркы хакастар муну биле беришпейт. Бирок, XIII к. кытай жылнаамасы Юань-Ши жергиликтүү фольклордон Эне-Сай кыргыздары өздөрүнүн тегин «Хань (Кытай И. Б.) жеринин 40 кызы Уса жеринин (Уса дарыясынын өрөөнү — И. Б.) эркектерине турмушка чыккандан башталат» деген маалыматты жазып алган. Ошондон улам, ушул сөздүн маанисинен (кырк) өз жерин атап калышты.[26] Бул сюжет эне-сайлык жана теңир тоолук кыргыздардын фольклордук традицияларынын жалпылыгын чагылдырат.

Теңир Тоо кыргыздарынын фольклордук мурасында Эне-Сай кыргыздарынын руханий байлыгынын мураскорлору болгон Саян-Алтай түрктөрүнүн маданияты менен жалпылыктар сакталып келет. В. В. Радлов мындай деп жазат. «Мен эпостордун толук үстөмдүгүн азыркы мезгилде бири-биринен өтө ыраакта жашаган түрк тектүү эки элден — Энисейдин жогорку агымындагы Абакан же Минусин татарларынан жана кара кыргыздардан гана кезиктирдим».[27] Чындыгында эле, аталган элдердин оозеки поэтикалык чыгармачылыгында жалпы сюжеттүү, ары аты окшош чыгармалар бар. Маселен, кыргыз фольклорчусу Т. Абдракуновдун «Ак Мактым» уламышына жүргүзгөн изилдөөсү мазмуну, ары аталышы жагынан «Абахай-Пахта» деген хакас уламышына өтө окшош.[28]

Хакас тарыхый санжыралары жана уламыштары боюнча Кыргыз эли Хыргыс-хан деген мамлекетти негиздешкен; мамлекеттин башчысынын ордосу бир маалымат боюнча Эне-Сай өрөөнүндө (Ерба дарыясы, Оглахты тоосу), экинчи маалыматта, Абакан өрөөнүндө (Уй-таг тоосу) болгон экен. Кыргыздар мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен кесиптенишкен. Хакасиянын Июс өрөөнүндөгү эскиден иштетилген жерлери азыр да «хыргыс тарлаглары» кыргыз айдоолору деп аталат. Абакан өрөөнүндөгү чополуу-кумдуу жерлерде жаткан көп сандагы таш жаргылчактары эзелки кыргыздарга таандык экендиги маалым. Кыргыздар балык жешкен эмес, аны «суу хурты» (суу курту) деп аташкан. Санжыра боюнча кыргыздар балыктан жийиркенишкендиктен иче турган суу алуу үчүн атайын арык (хыргыс кообы) салышкан экен. Бул маалыматтар талаа маданиятынын калкын балык азыгы негизги тамак-аштардан болгон токой элдеринен айырмалап турат.

Кыргыздар темир кенин иштеткен металлургиялык өндүрүштү да билишкен. Бүгүнкү күндө кыргыздар темир эритүү үчүн курушкан атайын мештердин жанындагы үйүлгөн дөбө-дөбө күл жаткан жерлер «хыргыс узанган чир» — кыргыздар узанган жер деп аталат. Кыргыздар бүгүнкү хакастардан айырмаланышып, чоподон карапа идиштерди, үй турмушуна керектелүүчү буюмдарды жасай билишкен. Кыргыздар дөңгөлөктүү арабаны да пайдаланышкан. Камышта дарыясынын өрөөнүндө таш төшөлүп курулган эзелки

жолдор бар, алар «хыргыс чолы» — «кыргыз жолу» деп аталаары белгилүү. Кыргыздар Азия чөлкөмүндөгү башка мамлекеттер менен кеңири соода-сатык иштерин жүргүзүшкөн. Соода-сатык мамилелеринде жез акчалар — «хыргыс ахчазы» жүгүртүлгөн. Болжолу, Абакан, Минусин, Краснояр шаарларындагы музейлердеги тыйындар кытай тыйындары болушу да ыктымал.

Фольклордук образ аркылуу кыргыздардын улуу талаа маданиятын жаратканы көз алдыбызга келет. Салтанатка кийүүчү кооз кийимдер, өзгөчө түлкү тебетейди — «түлкү пөрүктү» байыркы кыргыздардан хакастарга калган мурас катары кароо зарыл. Кыргыздар бийик ашуулардагы белдерге сыйынуучу үймө таштарды (обоо таштар) тургузушкан, учурда бул эстеликтер «хыргыс тастары» деген ат менен белгилүү.

Кыргыздар согушчан эл болушкан. Бекер жеринен хакастарда «хыргыстың хыргычы» — «кыргыз эрдиги» деген лакап сөз айтылбагандыр. Моңгол тилдүү элдерде кыргыз — харгис деген аталыш «каардуу», «жаалдуу» адамдарды туюнтары маалым.[29] Саян-Алтай аймагынын токой элдери — түндүк алтайлыктар, шорлор жана чулумдар талаалык (түздүктөгү) кыргыздардын каардуу чабуулдарын эстерине сактап келишет.[30]

Түштүк Сибирдин элдеринин үстүнөн кыргыздардын жүргүзгөн бийлиги тууралуу далилдүү маалыматтар шаман мифологиясында да чагылдырылган. Алтайлыктардын ишеними боюнча көк теңири Үлгендин тогуз уулунун бири каардуу Кыргыз-хан экен. Ал адамдардын үстүнөн караган башкы сот болгон.[31]

Согуштук жүрүштөргө жана драматизмге жык толгон кыргыз доору (хыргыс тузы) Хакас-Минусин аймагынын топонимикасында кеңири чагылдырылган. Алтын-Көлдүн жанындагы Сос дарыясынын өрөөнүндө эзелки убакта согуш болуп, кырчылдашкан жер «Хыргазы» (кыргын) деген ат менен белгилүү. Өткөн бир замандарда Абакан тараптан Аны суусун кечип душман каптап кирет. Жоо Мөнөк жана Абакан дарыяларынын бириккен куймасына токтойт. Кыргыздар жоо аскерлерин Сос дарыясынын оң жээги аркылуу тосуп чыгат. Дарыянын карама-каршы жээгинде беттешишкен аскерлер жаа менен бир жума бою аткылашып согушушат. Учкан жебеден күндүн бети көрүнбөй калат. Салгылашкан жерде эки тарап тең толугу менен курман болушат. Адамдардын каны төгүлүп, өлгөн жылкылардын сөөгү жаткан жерде кызыл карагайлуу токой өсүп чыгат. Жоокерлер курман болгон жер «Хыргазы» кыргын болгон жер» аталып калыптыр. Кыргыз жоокерлери турган жерде пайда болгон токой — «таг хыргазы», жоо аскерлери турган жер «суг хыргазы» деп аталары маалым. Ушул мезгилде ал жерден коло түймөлөрдү, кыргыз жебелерин, канжарларын таап жатышат.[32]

Уйбат (Сарыг чазы) жана Койбал (Хаал чазы) түздүктөрү улуу согуш талаалары катары маалым. Уйбат талаасына жакын Сагыр-Хая тоосунун этегинде «Изрек тас» — «ок атчу тешиги бар таш» деген таш тизмектери бар. Моңгол жеңип алуулары мезгилинде кыргыздар бул жерге сепил салышкан.

Уйбат талаасында кыргыз жоокерлерин моңгол аскерлери курчап алганда, алар «Изрек тас» сепилине кирип коргонушкан. Моңголдордун бир бөлүгү Уйбат дарыясы Хызыл-көл, экинчи бөлүгү Бижа дарыясы — Узун-хыр тоосу тараптан чабуул жасашат. Жоого ᶜепилдеги кыргыз баатырлары чулу таштарды жамгырдай жаадырышат. Жоонун башына жааган чулу таштар аларды кырып, жерге сайылган абалда калат. Ушул окуялардан улам Уйбат талааларында тарыхый эстеликтер — «чаа тастар» (согуш таштары) пайда болуптур.[33] Бүгүнкү

археология илиминде кыргыз доорундагы таш көрүстөндөр чаа-тастар деген ат менен белгилүү.

Хакас тарыхый фольклорунда кыргыздардын Эне-Сай өрөөнүнөн Алтайдан ары түштүк тарапка ооп кетишкендиги, айрым учурда жаратылыштын кырсыгынан шейит болушкандыгы жөнүндө уламыштар бар. Айрым мифтерде кыргыздардын дүйнөлүк топон суудан жок болушкандыгы баяндалат.[34]

Хакас фольклорунун эзелки сюжеттеринде кыргыздардын жер которушу аба-ырайы, жер шарттарынын кескин өзгөрүшүнө байланыштуу болгондугу айтылат. Байыркы малчылар бычан даярдашчу эмес, анткени, Хакасияда кыш карсыз боло турган. Бирок, бир жылдары кыш катуу болуп, кар жаап, мал ачкадан кырыла баштаганда кыргыздар жылуу аймакка журт которууга аргасыз болушат. Башка бир версия боюнча Ортолук Эне-Сай өрөөнүндө жай айлары көп жылга созулган кургакчылык болот. Чөптөр куурап, эгиндер күйүп, сугат каналдары соолуп калыптыр. Ошондо кыргыздар жашоого жакшы жай издешип, азыркы Монголия тарапка көчүп барышат. Алар жашап өткөн жерлерде сугат арыктары калган.[35]

Шор менен чулумдардын уламыштарында кыргыздар байырлаган аймактар эзелки замандарда жайык талаа болуп, анда кыргыз жылкычылары жашашканы эскерилет. Жерден дарак өсүп чыга баштаганда, кыргыздар бул кубулушту шайтандын мүйүзү, боло турган кырсыктын белгиси катары түшүнүшүп, түштүк тарапка журт которуп кетишет. Алардын көчө албай калган бир аз бөлүгү бүгүнкү хакастардын бабалары болуп калышыптыр. Азыр да Шорияда түн ичинде кыргыз жылкыларынын кишенегендери угулуп турат делинген «Хыргыс кодрезі» — кыргыз сазы деген жер бар.[36] Кыргыздардын Саян-Алтайдан ары көчүшү тууралуу уламыштар Кыргыз улуу мамлекети (IX—XI кк.) мезгилин, алардын Борбордук Азиянын зор бөлүгүн басып алып, Теңир-Тоого журт которуусун чагылдырышы ыктымал.

Хакастардын алда канча кийинки доорлордогу санжыраларында кыргыздар жана алардын мамлекетинин кулашы моңгол жеңип алууларына байланыштырылат. Алар негизинен бир сюжеттүү санжыралар. Кыргыздардын күч-кубаттуу падышасы көзү өткөндөн соң, башчысыз калган журтка моңгол ханы кол салып, элди туткундап, Алтай тарапка сүрөт. Сүргүндөгү кыргыздар моңгол ханына кул-күң абалында калышкан экен. Алардын айрымдары бөтөн жердеги эзүүгө чыдай албай өз мекенине кайрылып келишет.[37] Булар XIII — XIV кк. таандык уламыштар жана алар Кыргыз мамлекетинин моңголдордун соккусунан улам кулагандыгын баяндайт.

Моңгол жапырыгы доорунда Сахсаар деген тоодо кыргыздарды жетектеген жети баатыр кыз жашаптыр. Күндөрдүн биринде күтүлбөгөн жерден моңголдор Абакан өрөөнүнө кол салышып, элди Саяндан ары сүрөт экен. Жети баатыр кыз кууган жоодон качып кутулушуп, Аскиз өрөөнүндөгү бир үңкүргө жашынышат. Ошондон улам кыздар жашынган тоо «Чип хыс» (жети кыз) деп аталып калган. Моңгол атчандары экинчи ирет кол салышканда жети кыз Ак Июс дарыясынын жогорку агымы тарапка ооп кетишет. Алар оболу Пуял (Туял) тоосунун жанындагы Хыстуриге (Кыздар жери) жайлашып, андан Итчул дарыясына чукул жерге конушташат. Бул жер да «Чип хыс» деп аталып калат. Кыздардын сары изине чөп салган моңгол атчандары бул жерге кууп келишет. Ошондо кыздар ар тарапка кетүү жөнүндө чечим кабыл алышат. Бири Июс талаасына, экинчиси Туба өрөөнүнө, үчүнчүсү Эне-Сай тарапка... тарашат. Жети тарапка кеткен кыздар кийин ташка (иней тас) айланып калышкан экен.

Кыздардын эң кенжеси Сахсаар тоосунда жайгашкан ата-журту Хыргыстар деген айылына кайтып келет имиш. Бул кыз да Ниня деген жердеги бийиктикте «иней таска» айланып калат. Ушул жерде жашаган «хыргыс» уруусунун өкүлдөрү ага түпкү энеси катары сыйынышып, жылына курмандык чалып, түлөө өткөрүшөрү белгилүү.[38]

Хакасия Орусиянын курамына каратылгандан соң, кыргыздар качин, сагай, кызылдарга жуурулушуп, тарамдалган «хыргыс» уруктарын түзүштү: ах хыргыс, хара хыргыс, көк хыргыс — Көк Теңирдин кыргызы, хашха хыргыс — тектүү, ак сөөк кыргыз ж.б.у.с

Качиндердеги «хыргыс» уругунун түпкү бабасы Сеерен уламыш боюнча Туим дарыясынын өрөөнүндө жашаган экен. Анын тогуз уулу болуптур: Арыштай, Айош, Поджандай, Нонахтай, Паадай жб. Бүгүнкү күндө бул бабалардан Арыштаевдердин, Айошиндердин, Бөжөндеев жана Нонахтаевдердин тукумдары тарашкан. Санжырачы А. Арыштаевдин (1894-ж туулган) эсеби боюнча түпкү бабасы Арыштайдан жети муун, 175 жыл өтүптүр. Тактаганда, бул мезгил 1710—1720-жж. туура келет.

Сагайлардын курамындагы «хыргыс сөөгү (уругу) чыгыш теги боюнча орто кылымдардагы Хакасиянын башкаруучусу болгон Хыргыс-ханга байланыштырган маалыматтар бар. Орусия менен болгон согушта жеңилип калган кыргыздар Алтайдын сыртына журт которуп кетүүгө мажбур болушкан. Хыргыс-хандын байбичеси Марачылыг тоосундагы үңкүргө жашынып, Чабындай жана Чабажах деген эгиз уулун багып чоңойтот. Чабындайдан Хыжынай туулуп, андан Кыжинаевдердин тукуму келип чыккан. Санжырачы Манит Хыжинаеванын (1900-ж. туулган) болжолу боюнча Чабындайдан Манитке чейин жети муун, б.а. 175 жыл өткөн.[39]

Жыйынтыктаганда, кыргыздар (хыргыс) Ортолук Эне-Сай өрөөнүндө эл болуп калыптанган, Түштүк Сибирдин эзелки маданияттуу элдеринен болгон. Саян-Алтай элдеринде Тува, Алтай, Шория, Чулум бою, Байкал бою сыяктуу аймактар кирген эзелки Кыргыз мамлекетинин чектери, атагы алыска угулган кыргыз доору жөнүндө эскерүүлөр сакталып келет. Кыргыз маданиятынын түздөн-түз тийгизген таасиринин астында Саян-Алтайдын алыскы чектерине чейин түрк тили жайылып, диний ишенимдери, каада-салттары калыптанган. Таш эстеликтерге сыйынуу, тоолордогу ашуулардын белдеринде үйүлгөн дөбө таштар («обоо») пайда боло баштаган эле. Минусин ойдуңунан Борбордук Азияга кыргыздар аргасыз журт которушканда алардын ата мекенинде курман болгон башкаруучунун Чабындай жана Чабыжах деген эки уулу калып калат. Дал ошол тарыхый инсандар аркылуу азыркы хакастардын ичинде кыргыз шамы өчпөй, жанып турат.

## 1.3. Хонгорай өлкөсүнүн кара чач, кара көз эли

Хакас тарыхый фольклорунун материалдарында Ортолук ЭнеСай аймагынын жергиликтүү калкы Орусиянын курамына каратыла элекке чейин «хоорай», (хоор, хоори, хооро, Хоорый) деген ат менен белгилүү болушкан. Хакас-Минусин аймагынын калкы XV-XVIII кк. жазма булактарда «Хонгорай» (Конгурай, Конгарай, Хонгор ) энчилүү атынын созулма түрү менен маалым болгон.[40]

Хакастардын эзелки бир уламыштарында Июс өрөөнүн өткөн бир доорлордо оболу тогуз бир тууган кыргыздар мекендешкендиги баяндалат. Арадан бир топ убакыт өткөндө алардын тукумдары 9 миң адамдан турган хоорай элинин кыргыз союзун (Хыргыстын тогыс мун хоорай чоны) негиздешкен экен. Хоорай

уруулук биримдигинин башында ордосу Сортан-Көлгө жакын жердеги Солбан-Таг тоосунун этек-белинде жайгашкан Хоранг-бег турган. Хоранг-бег теги «хыргыс» уругунан эле, андыктан ушул учурда да, Солбан-Таг тоосунун этегиндеги эзелки көрүстөндөр «хыргыс сөөктері» кыргыз көрүстөндөрү деп аталат.

Хоорай уруулук бирикмеси жашап турган мезгилде кошуна өлкөлөр менен өңчөй жаа менен атышкан согуштар (ух-саадах тузы) болуп турчу. Баскынчыларга каршы күрөшүү жана кароол коюу үчүн хонгорлор Эне-Сай, Июс жана Абакан өрөөндөрүндөгү бийиктиктерге таш сепилдерди — «авеелерди» салышкан. Алар Июс дарыясынын жанындагы Пулан-Асчан (Сохатин), Хызыл-Хая, Сівее-Таг тоолоруна коргонуучу жайларды негиздешкен эле.

Хоорай биримдиги Ойрот мамлекетинин кызыкчылыгына караган аймакка киргендиктен, жыл сайын салык төлөп турушчу. Хоранг-бег алымды төлөөдөн көпчүлүк мезгилде баш тартып койчу экен. Хоранг-бегдин мындай жоругуна ачууланган Контайша Хоорайды жазалоо үчүн үч миң аскер жиберет. Ошондо ойроттор хонгорлорду туткундап айдап кетишкен болот.

Июс өрөөнүнүн калкын ойроттор сүргөн кезде Хоранг-бегдин Чоон-Мойын жана Ниске-Мойын деген эки уулу тайгада аң уулап жүрүшкөн экен. Мергенчиликтен кайра келишкенде Солбан-Тагдын этегинен өлүм алдында жаткан жалгыз кемпирден башка эч кимди таппай калышат. Ал болуп өткөн окуяны толугу менен айтып бериптир. Бир туугандар ойрот аскерлери айдап бараткан элди Төртөбө тоосуна жамаатташ жайгашкан Аскиз өрөөнүндө кууп жетишет. Аларды ойроттордун артынан мал айдаган кыргыз абышка көрүп калып чочуп кетет «Аппой, менин чүрпөлөрүм, ойроттордун күчүнө тең келе албайсыңар, түнү элден обочо жерге от жагамын, ошол жерге келгиле!» — дейт. Түнү Аскиз өрөөнү Жагылган оттордон жарык боло түштү, анткени ар бир үй-бүлө өздөрүнө тамак даярдап жатышкан эле. Чоон-Мойын жана Ниске-Мойын абышкага келишкенде, ал балдарга бир үйүр жылкы, малдын жарымын берип, «Хоранг-бег көчтүн алдында, сакчылардын кайтаруусунда кетип бара жатат, аны бошотуп алуу мүмкүн эмес, силер ата-журтка кайткыла! Солбан-тагдын этегине Хорангбег атаңар алтын-күмүштөрүн көмүп койгон, ошону таап алсаңар байып, тукум улайсыңар! — деп кеңеш берип узатып коюптур. Кийин алар орус мамлекетинин карамагына өтүшөт. Чоон-Мойын орус кызына үйлөнүп, Ужурдагы Кулун деген жерде жашап калат. Чоон-Мойындан кийин кара көздүү Марьясовдор тарашат. Ниске-Мойын сүргүндөн жашынып аман калган хонгорайлык кыз менен баш кошуп, Чулдагы айылында жашап калат. Андан «хыргыс» уругуна киришкен. Саламачевдердин тукуму тарайт.

Ойроттор Хонгорайдын элин Алтай тарапка, Абакандын сырт жактары аркылуу сүргөн. Жолдо абышкалар жаш балдарга ата журтка кайра кайтчу жолду көрсөтүп жүрүп олтурушат. «Бул тоолорду унутпагыла! Мезгил келгенде силер өз журтубуз Хоорайга кайта келгиле! Биздин Хоорай жетимсиребесин! Биздин Хоорай (Кыргыз) тукумубуз үзүлбөсүн!» — деп айтышкан экен. Сүрүлгөн элди ойроттор Алтайдан ары Дэрбэт (Төрбөт) жерине жайгаштырышкан. Кары-картаңдардын көпчүлүгү сүргүндүн азап-тозогун көтөрө алышпай жолдо каза табышат. Айрым жаш хонгорлор туткундан качып, ата журтуна кайрылып келишет. Качкындар Июс, Томь, Абакан дарыяларынын жогорку агымдарындагы үңкүрлөргө жашынышып күн өткөрүшөт. Эгинди тегирмени жок ташка жанчып жешкен экен. Тоолы-Хоорайдын элинин аман калган бөлүгү ата журтта өз жашоосун улантышат.[41]

Абакан өрөөнүндө Хооранг-бегдин атын Көбержин-хыс деген кызынын тагдыры аркылуу көп эскеришет. Хонгорайдын башкаруучусу Хоранг-бегдин карылыгына байланыштуу Ойрот хандыгына салыкты өз убагында алып бара албай калганда, Контайша аскерлери менен Абакан өрөөнүнүн калкын туткундап, сүрүп айдайт. Кары-картаң, алсыз адамдар журтта калып, ачкадан өлүшөт. Хандын карыган байбичеси да журтта жалгыз калат. Хооран-бегтин жалгыз кызы Көбержинди да кошо айдап кетишет. Жунгар туткунунда Көбержин-хысты кул-күңдөр менен катар кой багууга, мал короолорун тазалоо иштерине мажбурлашкан. Мындай кордукка чыдабаган Көбержин ыңгайлуу учур келгенде күңү менен бирге ата журтуна качат. Жол катары Көбержин-хыс өтө көп азап-тозокторду тартыптыр. Көбержин-хыска кайрат айткан күңү (сумекчiн) өткөн таттуу турмуш менен катаал чындыкты салыштырып ырдайт экен:

«Көбержин-хыс, сен жоргону мингениңде,
Айтчу элең, басат экен катуу деп.
Ушул кезде жөө-жалаңдап калганыңда,
Кандай сездиң өзүңдү, хандын кызы?
Жибек көйнөк тандап, кийип жүргөнүңдө,
Айтчу элең, бычым-тигими начар деп,
Азыр сен самтыраган киймиң менен
Кандай сездиң өзүңдү, хандын кызы?
Ак нанды жеп турганыңда.
Айтчу элең анын даамы жок деп,
Азыр сен чөп-тамырын жегениңде,
Кандай сездиң өзүңдү, хандын кызы?
Эгерде кайраттансак, алга умтулуп,
Жетебиз биз мекенибиз Абаканга.
Эгерде күч-кубат, кайратыбыз түгөнсө,
Жем болуп каларбыз бөрүлөргө!»

Тагдырдын жазмышы экен, алар кайгы-капалуу маанайда ата журтка жөө жүрүп олтурушат. Көптөгөн азап-тозоктор менен Алтай тоолору аркылуу Абакан өрөөнүнө келип жетишет. Ушул учурда Көбержин-хыстын энеси өз коломтосунда ойлуу олтурган экен. Капысынан күйүп жаткан отундун бир чычаласы сорок этип тура калат. Бул өтө кадырлуу меймандын келишин туюнткан белги эле. Көбержин-хыстын энеси: «Туткундагы жалгыз кызым кайдан келмек эле! деп, чычаланы суусу бар тепшиге таштап салат. Ушул мезгилде Көбержин-хыс анчалык терең эмес кечүүдөн өтүп жаткан экен, Энеси чычаланы суугa салып, өчүрүп жатканда, кызы ᵀашка тайгаланып, сууга түшүп, чөгүп өлөт. Көбержин-хыстын күңү аман-эсен калып, Хоранг-бегдин айылына жетет. Андан соң, Көбержин-хыстын энесине жолугуп, болгон окуяны толук айтып берген экен.

Азыр да очокто күйүп жаткан чычала «хоначы», б.а. конок тура Калса, аны кайрадан узатасынан жаткырып, очоктогу оттун күлү менен көмүп, «тамактандыруу» керек деген ишеним бар. Мындай учурда келчү коноктор үйгө аман-эсен жетип келишет имиш.[42]

Очоктогу чычаланын же чайдын чамесинин калкып чыгып туруп калышы өңдүү белгилерге ишенүү салты теңир-тоолук кыргыздарда да сакталып калган. Мындай ишенимдердин башаты Кыргыз мамлекетинин мезгилинен эле белгилүү болуусу ыктымал.

Фольклордун башка маалыматтары боюнча хоорай эли ата журтун түндүктөгү кошунасы (Орусия) менен болгон согуштан соң калтырып кетүүгө аргасыз болгон. Хара-Махачы башкарган орус аскерлери Тоолы-Хоорайдагы Кыргыз уруулук бирикмесинин жерине кол салгандан тартып улуу согуштардын («хыргыс чаазы» же «хоорай чазы») доору башталган [43]. Орус мамлекетинин кысымы астында хоорай эли түштүк тарапка, Урюп дарыясынын өрөөнүнө чегинүүгө аргасыз болушат. Азыр да бул дарыянын оң куймасы «хыргыс чул» — кыргыз суулары (өзөндөрү) деп аталып, Хоорайдагы кыргыз уруулук бирикмесинин өткөндөгү чек арасын аныктайт. Тегир-Көлдүн жанындагы ашуу «Хыргыс тли» Кыргыз Бели деп аталат. Бул жерде Хоорайдын кыргыз кошууну менен Хара-Махачтын аскерлеринин ортосунда чоң салгылашуу болуп өткөн. Бул согушта көп жоготууларга учураган Хоорай эли (кыргыздар) Тегир-Көл тарапка журт которууга аргасыз болушкандыгы баяндалат.

Казак-орустардын куугунтук-кысымынан улам Хоорай эли бул жерди да журт кыла алган жок. Хонгорлор Тазалов көлүнүн (Юзен-Көл) жанындагы ашуу менен Сарой түздүгүнө көчүп өтүшүп, Хан-Көлдөн алыс эмес жерге токтошот. Көлдүн алды жагы түздүк келип, карама-каршысында бийик аска-тоолор бар экен. Тоолы-Хоорайдын жоокерлери бала-бакыралары менен аялдарын Сахсар тоосунун сыртына жөнөтүшүп, өздөрү жоонун алдын тороп жатышат. Бир нече күндөн кийин чалгынчылар келе жаткан жоону байкап калып, кабар беришет. Душман колу чукул келип калганда жоокерлер капыстан кол салып, жоону талкалап салышат. Бул кыргында көптөгөн азаматтар каза табышат, бул көлдүн Хан-Көл (Кандуу-Көл) деп аталып калышынын себеби ушунда делинет.

Хоорай эли Кара жана Ак Июс дарыяларынын ортолугун байыр алышты. Арга тоо кыркаларынын бийик чокуларына коргонуу сепилдерин — «Сівеелерди» куруп, кароолдорду коюшат. Чалан-чул дарыясына чукул жерге жоокерлер узундугу беш чакырым келген терең аңдарды казышат. Бул аңды (Чалан-чул авеези) бир эле түндө казып, даярдап бүтүшкөн экен. Ушул эле жерде кыргыз аскер башчыларынын ордосу жайгашкандыгы айтылат. Арадан бир аз күндөр өткөндө Хара-Махачыдан элчилер келип, Орусияга баш ийип берүүлөрүн сунуш этет. Эл көз каранды болуудан баш тартышат. Жоопту уккандан соң, Хара-Махачтын аскерлери Кара Июс дарыясына жакындап келишет. Тоолы-Хоорайдын эр жүрөк жоокерлери жоону тоолордон жебелерди жамгырдай жаадырып тосуп алышат. Бул салгылашууда эки тарап тең чоң жоготууларга учураган экен. Курман болгон хонгорлук жоокерлердин сөөктөрү Остыг-хыр тоосунун этегине коюлат. Ал бейиттер азыр да «хыргыс сөөктерi» кыргыз көрүстөндөрү деп аталат.

Ушул окуялардан соң, хоорай эли Алтайдын ары тарабына, Кыргыз жерине (Теңир-Тоо) журт которууну чечишет экен. Хонгорлуктар алтын-күмүш идиш-аяк ж.б.у.с. үй буюмдарын жасоо боюнча даңкталышкан. Журт которуунун алдында алар өз байлыгын «Хоорай кош азии» деген ашууга жакын жердеги Сарыг-хай тоосунун этегине көмүп кетишет экен. Уламыштарда хоорай элинин байлыгы Июс жеринин алдында катылып жатканы жөнүндө баяндалат.

Хоорай эли Ак Июс дарыясын тогуз күн, тогуз түн кечип өтүшөт. Бул жер азыр да Хорай кичии Хоорай кечүүсү деп аталып келери маалым. Ушул кечүүдөн алыс эмес жерде ата мекенинен ажырап, кайгы-муңга батып, шейит болгон Хозанах-хыстын бейити бар. Анын бейити Хозанах-хыс деп аталган ырым-жырым өткөрүлүүчү жердеги орто кылымдардагы кыргыз жоокерлеринин көрүстөнүндө

орун алган. Хакас малчылары бул ыйык Хозанах-хыска сыйынышып, ага жыл сайын курмандык чалышары маалым.

Хоорай эли түштүккө, Кузнецк Ала-Тоосу аркылуу кетишкен. Көч мезгилинде эки эркек балалуу аял (Сыгда жана Сыбы) тайгада жашынышып калып калышат. Алар Улень дарыясынын жогорку агымында узак убакыт бою жашашып, кийин Июс түздүгүнө келип туруп калышат. Хонгорлор кетишкенден соң, Июс жана Абакан өрөөндөрүндө айрым уруктар менен урууларды өкүлдөрү калышкан экен (шуштар, кызыл, ажыг), алардан кийин хакас эли куралат.[44]

Хакас фольклорунун маалыматтары боюнча «Хоорай» деген энчилүү ат эң оболу өзүнүн кошууну менен Саян аркылуу ашып, Маткечиктин жанындагы Хызыл-Хая тоосундагы сепилди кыштоо катары тандап алган моңгол ханынын оозунан чыккан экен. Хан кошууну менен тынч кыштап чыгат. Бул ырыстуу жерге суктанган моңгол ханы: «Хоорай түмөнү түбөлүк жашасын, хоорай элинин малы сансыз көп болсун!» — деп алкаган экен. Ошол мезгилден Хакас-Минусин жери Хоорай деп аталып калыптыр.[45] Ушундан улам Хоорай (Хонгорай) деген энчилүү ат моңгол доорунда (XIII XIV кк.) келип чыккан деген тыянакка келүүгө болот. Моңголия, андан соң Жунгария Хонгорайдын саясый жана маданий турмушунун соңку өнүгүүсүнө өз таасирлерин тийгизишти. Хакастарда Сибирь деген ат белгисиз, бирок, Борбордук Азия (Моол, Ойрат, Төрбет) аларга жакшы маалым. Уламыштар боюнча жер ортолугундагы, же жер киндигиндеги («чир юш чис обаа») турган эбегейсиз коло мамы Дэрбэтияда (Түндүк-Батыш Моңголия) жайгашкан. Элдик билимдер чындыкка жакын, анткени, Азиянын географиялык борбору кошуна Тувада жайгашкан эмеспи.

Фольклордук чыгармаларда Ортолук Эне-Сай өрөөнүнүн орто кылымдардагы тургундары Хоорай этноними менен катар, кыргыздар (хыргыстар) деп аталышкан. Сыгда жана Сыбы деген уламыштагы баатырлар Өжен-бег деген кыргыз ханынын, айрым учурларда Хоорай элинин уулдары катары баяндалат. Хонгорлор менен кыргыздарды жалпы негизде кароо бул элдин Кыргыз мамлекетинин (VI—XIII кк.) жана анын ордун ээлеген Хонгорай этносаясый бирикмесинин (XIV—XVIII кк.) мураскорлору катары кароого болот.[46] Фольклордук чыгармаларда «хоорай» этнонимине бирдей аныктоолор жок. Алардын басымдуу бөлүгүндө хонгорлорду бүгүнкү хакастардан айырмалашып, орто кылымдардагы эне-сайлык кыргыздар менен этникалык жалпылык бар деп айтылат. Айрымдарында «хоорай» хакас элинин байыркы энчилүү аты катарында баяндалат. Маселен, Чалбарт деген мифологиялык шаман жашаган доордо сагай шамандары «хоорай камы» деп аталган.[47]

Хакас уламыштарында «хоорай» — этноним маанисинде да, этникалык ата журт деген түшүнүк катарында да айтылат. Хонгорлордо ыйык ата журту (арыг чурт) жөнүндөгү жүрөктү толкундата турган сезимдер сакталып келет. Күч менен бөтөн жерге сүрүлгөн мезгилдерде да, анын уулдары ар түркүн жолдор, амалдзр менен өз жерине, өлөң төшөгүнө кайтып келишкен. Алар Абакан өрөөнүндө тарыхый, маданий салттарды кайрадан жаратышкан. Аларга Кузнецк токойлорунан кайткан элдер да кошулушкан.[48] Ортолук Эне-Сай Орусияга каратылгандан кийин «Хонгорай» деген ат тарыхый аренада угулбай калган. Анын ордуна жергиликтүү элди «тадар» — татарлар деген ат менен атап калышкан. Этнонимдер, болжолу, Хырчагас Асочаков деген бектин тушунда (XIX к. 40-ж.) Сагай думасынын борбору Аскиз айылына көчүрүлгөндөн соң алмашылса керек.[49] Н. Ф. Катановдун этнографиялык маалыматтары

баяндагандай, XIX к. орто чендеринде «абакан-татар» эли «тадар-улус» деген атка ээ болгон.[50]

Хакас фольклорундагы маалыматтарга караганда «тадар» этноними соңку мезгилдерде калыптангандыгы байкалат. Бул этноним орто кылымдарда жаралган баатырдык эпостордо да, шаман ырларында да, тарыхый дастандарда да кездешпейт. Таанымал фольклорчу С. С. Суразаковдун пикиринче саян-алтай эпостору моңгол доорунда калыптанган.[51] Ушундан улам, хакас баатырдык эпосу моңгол баскынчыларына каршы Толай Хоорай бирикмеси пайда болгон мезгилде жаралган десе болчудай. «Толай» термини (толы, тори) жөнөкөй, карапайым элди эмес, контекстке караганда уруулар менен уруктардын биримдигин аныктаган. Хонгорай — кыргыздардын элитардуу топтору башкарган уруулар бирикмеси экени шексиз. Ошондуктан фольклордогу: «Хыргыстын тогус мун толай Хоорай чоны... — хоорай элин бириктирген тогуз миң кыргыз союзу деп жөн жерден айтылбагандыр.

Хакастардагы — «тогыс пулунныг толы хоорай» (тогуз булуңдуу Хоорай өлкөсү) деген салтанаттуу айтылчу сүйлөм алтайлыктардын: «Тогуз булуңдуу Кан Алтай» деген сүйлөмү менен толук Дал келет.[52] Алтайлыктардын баатырдык эпосунда «Алтай» деген сөз адамдар байырлаган ойкумендерди жана тарыхый мекенди туюнтат. Ушундай эле ой хакас жана аларга теги жакын шорлорАун дастандарында да чагылышып турат, атап айтсак, «Төрт толук тоола Хоорайда» (Төрт булуңдуу Хоорай өлкөсү) мекен жөнүндөгү асыл ой-сезимдер баяндалат.[52]

Хакас фольклорунда Ортолук Эне-Сайда (Ал Ким) жер жүзүнүн борбору жайгашкан, ал эми калган элдер бул борбордун айланасында жайгашышкан деген этноцентризм идеясы жашап келет.[53] Кеңири Хонгорайды «Уленіг сын» — Теңир тоо деп аталган тоо кыркалары курчап турат. Көз жоосун алган Хонгорайдын алдыңкы этегин Абакан дарыясы соолубас суулары менен чулгап турса, анын арткы тоолуу-талаа жайыктарын түбөлүктүү Эне-Сай кесип өтөт.[34]

Хонгор баатырлары ак жүздүү, кара чачтуу, нур көздүү, келишимдүү болушкан экен. Хакастар өзүлөрүн хонгорлордун түздөн-түз тукумдары экендигин белгилешип, күнү бүгүнгө чейин өз тукумдарын «хара пастар» — кара баштар деп айтып жүрүшөт. Сары чачтуу адамдарды душмандар дүйнөсүнүн калкы катары кабыл алышчу. Ошондуктан, фольклордо жез кемпирдин («хуу хат») — (куураган, куу кемпир) сары чачтуу, көзү коргошун түстүү келген, шиш мурун, көөдөнү зор персонаждын образы пайда болгон.

Хонгорайдын тарыхын моңгол-жунгар баскынчылары менен болгон согуштук кагылышууларсыз элестетүү кыйын. Көз каранды эместик, ата мекен үчүн болгон күрөш аскер искусствосун өнүктүргөн. Хонгор жоокерлери согуш мезгилинде тулку боюн моюндан тизеге чейин тосчу сооттору кийип жүрүшчү. Коргонуучу баш кийим катары төбөсү шоңшогой «тулага» туулга кызмат кылган. Баатырлардын кыя чапчу куралы болот кылыч (час молат хылыс), сайчу куралы — найза (чыда) боло турган. Аргымак минген кыргыз өкүмдары Көтен-хан найза менен жоосу Ах-Көбөктү ээрден кулаткан. Мындай беттешүүлөрдө тажрыйбалуу жоокерлер найзаны ээрге такап, мингич тулпардын күчү менен жоонун кийген соотун тешип өткүрө сайышчу. Хонгор (кыргыз) жоокеринин аралыктан атчу негизги куралы жаа (чаачах, ухчаа) болгон, ошондон улам орто кылымдар фольклордо «ух-саадах тузы; ухча тузы» (жаа согушунун доору) деп аталат. Жаа атайын жасалган кутуга (саадах) — саадакка салынып, далыга асылчу; жебе салынган окчонтой (хурлух) белге байланчу. Жаа менен согушуунун куралы жалпысынан «ух-саадах» деп аталган. Фольклордук материалдар бизге жаа

атуунун ыкмасы жөнүндө баалуу маалыматтарды берет. Маселен: « Оң тизесин бүгүп, сол тизеси менен жер таянып, саадакты колго алды, окчонтойдон жебелерди сууруп чыкты, аны (жебени) жаага салып, жипти күч менен аягына чейин тартып туруп коё берди».[55] Аскер жүрүштөрүнүн мезгилинде хонгор (кыргыз) атчан жоокерлери саадактарын ээрдин алдыңкы капталына, кесип-чапчуу куралдарын ээрдин арткы капталына байлап жүрүшкөн. Аскер асабалары («туг») символ катары эсептелип, анын алдында аскердик-көчмөн коомдун духтары колдоочулары турат деген ишеним болгон. Хонгорайдын атактуу жоокерлери согуштун колдоочу ээси Кинендин урматына курмандыктарды чалышчу.

1704—1727-жж Хакас-Минусин аймагын Орусияга каратуу аяктагандан соң, «тынчы жок жердин» эли өзүнүн табиятынан согушчан мүнөзүнөн ажырай баштаган эле. Хонгорлордун «хуух» деген аскердик урааны уламыш боюнча карганын каркылдаганын билгизген. Бул ишеним боюнча карганын этти көргөндө каркылдаганы, өлгөн жоонун сөөгүн билдирет имиш. Мындай аскердик ураандар якуттарда да болгондугу маалым. Алар «беттешүүнүн алдында каргача каркылдашып, карышкырларча улушкан».[56] Бүгүнкү күндө бул согуш ураандары унутулуп, уламыштарда гана сакталып келет.

Орус документтеринде эне-сайлык кыргыздар деп аталган хоорай (хонгор) этносунун кыйрашынын себептери бул аймактын калкынын 1703-ж. күч менен Жунгарияга сүрүлүшү, ал эми алардын жерин Орусиянын каратып алышы менен байланышкан.[57] Хонгорай жериндеги катылган алтындар хакастардын жана орус келгиндеринин бир канча муундарынын тынчын алып келет. 1760-ж. Д. Васильев аттуу орус дыйканы Онло тоосунун жанынан алтын издеп, бир нече жерди казат экен. «Анын айтканы боюнча, качин Самар Аршанов кытай бийлигине караган моңголдорго атайын тапшырма менен барып, мурда Алтын-хан Июс өрөөнүн бийлеп туруп, кийин ал жактан жер ооп качардын алдында байлыгы менен кымбат баалуу буюмдарын Онло тоосуна жакын жердеги, эч ким билбеген, унутулган бир үңкүргө катып кеткен деген уламыш угуптур».[58]

Хакас тарыхый фольклорунда Ортолук Эне-Сайдагы жергиликтүү калктын келип чыгышы боюнча айрым жүйөлүү маалыматтар бар. Хакас элинин чыгыш тегинин башаты уламыштагы тогуз бир тууган кыргыздарга байланышкан Толы-Хоорай этносаясый бирикмеси менен жалпылыкта каралат. Моңгол бийлигинин тушунда Хоңгорайдын эли өз алдынча түмөн болуп, тогуз миң жоокер (тогыс мун толы Хоорай) чыгара алганга күчү жеткен. Гүлдөп-өнүгүп, учугу узарып жаткан хоорай эли күч менен сүрүлгөн. Бирок, хакастар байыркы бабалары катып кеткен алтындар алиге дейре ушул жерде катылып жатканына ишенишет. Мифопоэтикалык аң-сезимде «Хоорай» сөзү хакастардын байыркы этникалык мекени катары кабыл алынат.

## 1.4. Санжыралар жана уламыштар

Хакастардын курамына бир нече уруулук топтор: качиндер, сагайлар, белтирлер, койбалдар, бирюсиндер, шорлор, кызылдар, мелеттер кирет. Алар өз кезегинде майда уруктарга (сөөктөргө) тарамдалып бөлүнүшөт. Фолыслор боюнча бул уруулар бир тууган ага-инилерден тарашат. Айрым бир уламышта алар Күчүм хандын бийлигине баш ийишип, Чулум жана Эне-Сайдын өрөөндөрүнө Эртиштен же Чаны көлү тараптан журт которуп келишкен; ал эми айрым уламыштарда булардын жергиликтүү калк экендиги айтылат.[59] Кызылдардын «Тадар чоны» (хакас эли) деген уламышында Июс талаасындагы

фольклордук каарман Хоранг-бег жөнүндө баяндалат. Анын Тубулах, СагаяхДумзух, Хызылах, Мелет деген беш уулунан койбал (хакасча «туба» деп аталат), сагайлар, шорлор, (хакасча «тумзух» аталышы Том суг, б.а. Томь дарыясынын атынан келип чыккан), кызылдар жана мелеттер тарашат.

Кайсыл уруулук топко, же белгилүү бир сөөккө таандык экендиги аталык жол менен аныкталган. Хакас уруулары башка түрк-моңгол элдери сыяктуу эле өздөрүнүн түпкү ата тегин бир атадан (өбеке) таратышат. Көпчүлүк уруктар Хакасия Орусияга каратыла электен алда канча мурда пайда болгон. Булар кандаш туугандардын уругу катары белгилүү. Бирок, алардын айрымдары эзелки бир тарыхый муундардын калдыктары болуп саналат. XVIII к. экинчи жарымынан тартып, салык төлөөчүлөрдүн санын аныктап, тактоо максатында фамилиялар киргизилген. XIX к. фамилиялар (үй-бүлөлүк топтор) хакастардагы урук-урууу (сөөк) аталыштарын сүрүп чыгарган. Профессор В. Я. Бутанаевдин тактоосунда хакастарда XVIII к. биринчи жарымы ченде жашаган бабаларынын ысымдары боюнча аталган 1360 түрдүү фамилиялар сакталып келет.[60]

Качин этникалык тобу өздөрүн «хааш» же «хаас» деп аташат. Алар Красноярга жакын аймактагы Хум-Тигей тоосу турган жердеги Кача дарыясын өздөрүнүн түпкү ата журту катары эсептешет.[61] Тескерисинче дарыяны орустар ошол жерди мекендеген качиндердин атынан атаган. Жергиликтүү элдин тилинде дарыя Ызыр-суг Езер суусу деп аталчу.[62] Эне-Сай кыргыздары Жунгарияга сүрүлгөндө качиндер Минусин ойдуңуна көчүп келишип, эзелки уруулардын калгандары менен жуурулушуп кетишкен.[63] Кызыл жана сагайлар качиндерди Түндүк-Батыш Монголиянын Дэрбэт деген жеринен келген деп билишет. Айрым уламыштар моңгол ханы өз кызын кыргыз беги Өжен-бегке күйөөгө бергенде качиндерди энчи катары бергендигин баяндайт.[64] Бул маалымат XVIII к. экинчи жарымында ойроттордун бир бөлүгүнүн Хакасияга журт которгондугун чагылдырары шексиз.

Качиндердин ичиндеги эң чоң урук «хашха» же «хасха» болгон. «Хааш» деген уруктун аталышы «хасха» сөзүнүн өзгөрүп айтылган түрү болуусу ыктымал Бул пикирди өз убагында Г. Ф. Миллер да айткан.[63] «Хасха» этнониминин келип чыгышын уламыштар кашка ат (хасха позырах ат) менен байланыштырат. Шаман тарабынан дубаланган ал кашка ат хасха уруусунун жылкы үйүрлөрүнүн колдоочусу болгон имиш.

Хасха уруусунун теги жергиликтүү этносаясый бирикмеси — Хонгорай менен байланышкан. Бул пикирге шор фольклорунда баяндалган «хашхаларды» Хыргыс-Хоорай, б.а. Хакасия өлкөсүнөн келген душмандар деген уламыш менен катар коюуга болот.[66] Хакас уруктары экзогамдуу болушкан; бир уруктун ичинде кыз алып, кыз берүүгө тыюу салынган. Чулум өрөөнүндөгү хасха уругунан Поражак деген кыз менен Харатай деген жигит жөнүндөгү кайгылуу уламыш белгилүү. Урук ичиндеги жыйын Поражак менен Харатайдын үйлөнүүсүнө тыюу салышканда, сүйүшкөн жаштар качып чыгышат. Урукташтары кууп жетишип, аларды мыкаачылык менен өлтүрүшөт. Алардын сөөгү жаткан жер «Мун чатхан таг» (муңдуу тоо), ал эми жандап аккан суу Поражак кыздын наамына Баражул деп аталып калыптыр.[67]

Абакан дарыясынын куймасы ченде паратан деген урук жашаган. Уламыштар боюнча бул уруктун түпкү атасы бала чагында кайык менен Абакандын жогорку агымынан сүзүп келген. Баланы «хасха» уругунун өкүлдөрү тарбиялап өстүрүптүр.[68] Паратаңдар «ойрот» уругу сыяктуу эле XVIII к. хакастардын курамына кирген жунгарлардын айрым бөлүктөрү болуусу ыктымал.

Саян-Алтайдын түрк-моңгол элдеринде (хакас, алтайлыктар, телеуттар, урянхайлар, хотон, торгоут, дэрбэт) кеңири таралган «бурут» (пүрүт) уругунун өкүлдөрүнүн теги ушул аймактын эзелки элине барып такалат. Хакас фольклору бурут уругунун түпкү мекени Бурятия, экинчи маалымат боюнча, Дэрбэтия (Түндүк Батыш Моңголия) экенин баяндайт.

Бурут уругунун түпкү бабасы Ир-Тохчын өз уулуна бурут ханынын (Пүрүт ханы) кызын алып берүүнү чечет. Кара далы болуп калган хан кызы ак кирген чачын үч тал кылып (сүрмес) өрүп алыптыр. Кудалашуудан соң, бурут ханы өз кызын толгон-токой себи менен Ир-Тохчынга кошуп берет экен. Алар Саяндарды (Ах Марчыл) ашып, Июс талаасына келип түшүшөт. Июс сууларынын айрылышындагы Үттіг-хая тоосунун этегине конуп калышат. Кыз түш көрүптүр. Түшүндө ата журтунун колдоочу-духу коен кебин кийип алып кыздын артынан келе жаткан болот. Эртең менен ооруп калган кыз өзүн эрчип келген бурут духтарын кайтып кетүүгө мажбурлоо үчүн Ир-Тохчындан курмандык чалып, түлөө өткөрүүнү суранат. Бул сүйлөшүүдөн соң, ачууланган Ир-Тохчын: «Уу-татай! Мен келиндүү болуп кетип баратамын деп ойлосом, шаман турбайбы!» — деп кыйкырып жиберет. Бул сөздү уккан бурут ханзаада кыздын ээси ооп жыгылып, балбал ташка айланып калыптыр. Бул таш бүгүнкү күндө «Хозан-хыс» (коён кыз) деп аталат. Анын жаны ак коёнго айланып, каргыш айткан бойдон Үттіг-хая тоосун үч тегеренип, көздөн кайым болот. Ушундан соң, Ир-Тохчындын элине жугуштуу ооруу тарайт. Ир-Тохчын шамандарга жардам сурап кайрылганда, алар: «Урукту аман алып калуу үчүн ар бир боз үйгө коёнго окшош куурчак коюш керек, ал эми бурут ханынын кызы минип келген агыш жалдуу кула атты урукту коргоочу — «ызых» катары сактоо керек», — деп айтышат. Ушул окуядан соң Ир-Тохчындын уруусу Бурут (Пүрүт) деп аталып калыптыр. Буруттар үч жылда бир ирет «Хозан-хыс» балбалына төмөндөгүдөй сөздөрдү айтып, түлөө өткөрүшкөн: «Сен атак-даңктуу буруттардан чыктың эле, ак коёнго айланып калдың!»[69] Буруттардын уруулук колдоочу тумары «хозан төс», төрт түлүктүн сактоочусу — «ызых» ак жалдуу кула ат болуп калат.

Өткөн замандарда буруттар «хасха» уруусу менен бирдикте моңгол ханына салык төлөшчү экен. Бир жолу алар киш аң терилерин Моңголияга алып бара жатышып, түн киргенде Кызыл асканын алдына түнөп калышат. Буруттар эртеси таң калуу менен кызыл жошо бойолгон асканы көрүшөт. Алар моңгол ханынын алдына жээрде ат минишкен хасхалардан айырмаланып туруу үчүн минген ак жалдуу кула аттарын жошо менен боёп коюшуптур. Хасхалардын өкүлдөрү аларды күтпөй жол тартып кетишет. Арадан убакыт өтпөй буруттар өз ийгилигине кубанышып, жолго чыгышат. Моңгол ханынын өргөөсүнүн алдына келгенде жамгыр жаап кирет. Аттардын боёктору жамгырдын суусунан эрип кетип, элчилер сүрдүү хандын алдында жүдөгөн, кир абалында туруп калышат. Салыкты кабыл алгандан соң, моңгол ханы кечигип келген буруттарга: «Мага баш ийген элдердин ичинен силер ишенимсиз, калпычы болуп чыктыңар. Хасхалардын жээрде жылкыларынын түсүн туурап, минген аттарыңарды кызыл түскө боёдуңар. Силердин кошумча лакап атыңар «малчан хасха» (түлөгөн хасхалар) болсун!» — деп айтыптыр. Моңгол ханы өзүнүн үстүндөгү тигиши алтын чепкенин хасхалардын жетекчисине жаап, ыраазы болгон сөзү менен: «Мындан кийин сенин уругуң Хонгорайдагы журтту башкарат! Сенин уругуң кашкасы бар жээрде ат минген «кашка» (хасха позырах аттыг хасха) болсун!» — деген экен. Ошондон улам буруттарда «мачан хасха» (түлөгөн хасхалар) деген лакап ат пайда болот.[70] Бул маалыматтан моңгол жеңип алуусуна чейин бийлик

тизгини буруттардын колунда болгондугун байкоого болот.[71] Болжолу, буруттар теги жагынан кыргыздарга жакын болуу керек. Этноним моңгол тилинде «дини буруу, жалкоо» деген сөздү да түшүндүрөт.

Хакас фольклору буруттардын түпкү бабасы деп Абакан өрөөнүндөгү Ызых-таг тоосунда жашаган Ир-Тохчынды атайт. Ошол эле мезгилде Хакасиянын түндүгүндөгү Июс талааларында бийлик Жүргүзгөн ала түстүү ат минген атактуу Паян-хыс аттуу баатыр кыз жашаптыр. Өз жерин, элин коргоо үчүн Паян-хыс моңголдорго каршы жүрүш уюштурат. Кырчылдашкан беттешүүдө чарчап чалыккан Паян-хыс Сон дарыясынын боюнда салкын таза абага магдырап уйкуга кетет. Ир-Тохчын уйкудагы сулууну сүйүп калат. Алардан бала туулуп, андан тукум улап, кийинки «соххы» уругу тарайт.[72] Г. Ф. Миллер качиндердеги «соххы» уругун Татышевдер тукумунун курамына кирген ариндер менен жалпылыкта карайт. Болжолу, «соххы» уругу арин-бурут тегинен чыгат. Бул уруктун өкүлдөрүнүн көпчүлүк бөлүгү Июс талаасын байырлашкан.

Соххы уругунун ичинде «сартах» деген тукум бар. Уламыштар сартах тукумун хакастар бир куржун курутка сатып алган татар кыздан тарашарын баяндайт.[73] Сарт (сартак, сартагул) түрк-моңгол элдеринде Түркстандын соода менен кесиптенген адамдарын туюнтат.

Июс жана Эне-Сай дарыяларынын ортосундагы талаада качиндердин «ызыр» уругунун өкүлдөрү жашачу. Хакас тарыхый фольклорунда «ызыр» качиндердин («хааш») жалпы аты катары да баяндалат.[74] Фольклордун маалыматтары Г. Ф. Миллердин жазгандары менен дал келет. Ал: «Татарлар «качиндер» деген сөздү которгондо «ызыр-кичи» деп аташат» деп жазган.[75]

Качиндердин хасха, бурут, хыргыс жана ызыр уруктарынын ичинде талчан, тайчан деген топтор болгон. Хакас уламыштары боюнча, талчан (тайчан) уругу Кача дарыясынын жанындагы Хум-Тигей тоосуна көчүп келген хасха уругунун түпкү энеси Талчан Иней жана анын жети уулунан тарашат делинет.[76] Изилдөөчү Е. К. Яковлевдин жазганына караганда, Тадзян ариндерди Кача дарыясынан Хакас аймагына көчүрүп келген атактуу баатыр болгон.[77] Бул фактыны Таштандиновдордун тукуму жөнүндөгү билдирүү бекемдейт. Алар бирде ариндердин курамында, бирде «талчан-хасхалар» менен бирге эскерилет. Фольклордук маалыматтар «талчандардын» теги ариндер болгонун, качиндердин курамында ариндик компонент калың катмарды түзөрүн болжолдоого негиз берет.

Качиндер манжур сүргүнүнөн аман калган кыргыз-езерлер, Красноярскиден ооп келген качиндер (хааш), ариндер (аара) жана жунгар качкындарынан (ойрот) куралган. Бул административдик бирдикте езерлердин саны басымдуу болсо керек, кийин XVIII к. аягында да качиндерди кыргыздар деп аташканы маалым.[78]

Эне-Сай менен Абакандын оң жээктериндеги жайыктарда байырлаган койбалдар (туба), Хакас-Минусин ойдуңунун эң эле эзелки тургундары катары маалым. Хакастардын башка этникалык топторунан айырмаланып, койбалдарда түпкү теги жөнүндө санжыра жана уламыштар сакталып калбаган. Изилдөөчүлөр койбалдарды Кыргыз жеринин Туба улусунун эзелки тургундарынын урпактары экендигин белгилешет. Хакасия Орусиянын курамына киргенден кийин бир бөлүгү (туба уругу) качиндердин курамына кирген.

Хакастардын ичинде койбал менен туба уруктарынын өкүлдөрүнө карата какшыктап-мазактоо ырларын айтышкан: «Туба, туба, тубачах, тумзугычах-харачах, чеен азы тоочах, кіскен кибі хырначах». «Туба, туба, тубалар, кара мурундар, жегендери кожогат, тери кийим кийгендер». Мындай какшык

сөздөр алтайлыктар Түндүк Алтайдын тубаларына карата да айтышкан.[79] Фольклордун сюжеттериндеги мындай параллелдер тубалардын койбалдар менен байланышын аныктаарын изилдөөчүлөр белгилешкен.

Койбал, качин, сагай жана кызылдардын курамында «чода» уругу бар. В. В. Радлов тарабынан жазылган тарыхый уламыштардын маалыматтары боюнча «чода» уругу 1703-ж. манжур сүргүнүндө аман калган кыргыздардын бир бөлүгү экендиги баяндалат.[80] Чода (чооду, чогду, юты, зод) этноними алтайлыктарда, телеут, тува, тофалар, дэрбэт жана Саян-Алтайдын башка элдеринде кеңири тараган. Ал Түштүк Сибирь этносторунун субстраты болгон эзелки урууларды н бирине кирери маалым.

«Чода» сөзү орус тилине «шыйрак» деп которулат, хакас уламыштарына караганда, бул уруктун өкүлдөрүнүн шыйрактары узун болгон экен. Аңчылардын тилинде «чода» сөзү тайгадагы хакасты да билдирет.[81] Болжолу, этноним Саян-Алтайдын түнт токойлуу жерлеринин жашоочуларына байланыштуу болсо керек, анткени бул этноним тофалар менен тожу-тувалардын курамында көп учурайт.

Сагайлар хакастардын курамындагы эң ири уруу болуп саналары шексиз. Н. Ф. Катановдун фольклордук маалыматтарга таянган пикирине ылайык сагай уруусу «кара хыргыс (кыргыз — И. Б.) Деген түрк элинин калдыгы болушкан, алар казак-орустар тарабынан Абакан өрөөнүнөн сүрүлүп чыгарылып, учурда Түндүк-Батыш Кытайдын тоолуу аймактарын жердешет».[82] Сакталып калган жаңа уламыштар сагайлардын жана алардын уруктарынын тегинин Хонгорай менен байланышын чагымырып турат. Сагай (сагаит) этноними Кыргыз жергесинде жазма булактарда XIII к. бери эскерилет. XVIII—XIX кк. Биригүүнүн натыйжасында Сагай жеринин гана эмес, Белтир, Бирюсин, Верхотом жерлеринин калкы да сагайлар деп атала баштаган.

Сагайлардагы «чип пүүр» (жети бөрү) этноними тотемдик жаныбардын таасири астында келип чыккан болсо керек. Эзелки бир мезгилде кош бойлуу бир аял согуштук кагылышуулардан Ниня дарыясына чукул жердеги үңкүргө, карышкырлар үйүрү турган жерге жашынат. Төрөт учурунда аял каза таап, баласын алты бөлтүрүгү бар эне-карышкыр эмизип чоңойтот. Бөрүнү эмип чоңойгон баладан «чип пүүр» — жети бөрү уруусу тарайт.

Дүнүйөнү топон суу каптаганда чип пүүр уругунун бабалары Хоорабас тоосунун чокусуна көмүлгөн дешет. Ошол мезгилден Хоорабас жети бөрү уруусунун сыйынган тоосу болуп келет. Бул уруунун келиндери тоону тергеп «Улуг тасхыл» (Улуу Тоо) деп аташат. Жети бөрү уруусунун өкүлдөрү жыл сайын Хоорбаска курмандык чалышкан.[83]

Чип пүүр (чидибер, чедигер, жедигер) этнониминин аталыштарынын Түндүк Алтай түрктөрү менен бүгүнкү кыргыздардын арасында кеңири кездешиши хакастардын алар менен этногенетикалык байланыштарын аныктайт. Эне-карышкыр тарабынан эмизилген бала жөнүндөгү фольклордук сюжет байыркы түрктөрдүн чыгармачылыгына таандык жана Түрк каганатынын түрктөрүнүн келип чыгышы менен да байланыштуу.

Сагайлардагы «сарыглар» уруусу Хонгорайдын байыркы тургундары болушат. Моңгол хандары менен болгон кандуу кармашууларда сарыглар кыргыздар менен бирге катуу жеңилүүгө учурашат. Аман калгандары Саяндан ары Моңголияга айдалып, сүрүлүшөт. Натыйжада, Хонгорай элсиз ээн калат. Сарыглар уруусунан эки адам, жашы өткөн аксакал жана анын жаш келини аман калат. Көптү көргөн кыраакы абышка келинине: «Биздин жерде тукумубузду

улай турган киши калбады.. Менин сөзүм далилдүү болушу үчүн Сарыг тагды (Сары тоо) айланып карап көрөлү» — дейт. Алар ыйык тоону айлана карашып, эч кимди таба алышпайт. Кайнатадан качуунун байыркы салтынан баш тартышып: «Биздин сарыглар уруусунун тукуму улансын» — деп айтышып, баш кошушат. Алардан Кингес деген уул туулат. Кингес жана анын уулу Ожагас сарыглар урусуунун улантуучулары болуп калышат.[84] «Сарыглар» этноними алардын эзелки ак түстүү антропологиялык типке кирерин тастыктап тургансыйт.

Уламышта сагайлардын «iчегелер» (ичеги) уругу Хонгорайда «бүткүл дүйнөлүк топон суу» мезгилинен бери жашап келе жатканы айтылат. Жети бир тууган жез кайык менен топон суудан аман калышып, суунун деңгээли төмөндөгөндө Сахчах тоосунун чокусуна токтошот. Сахчахта азыркы күндө да таш болуп катып калган кайык бар имиш, анын жез мыктары менен чылым чеккен ханжаларын тазалашчу экен. Бул уруктун өкүлдөрү тоону ыйык деп эсептешкен, ал эми аялдар «Улуг таг» же «Улуг абам» (Улуу абам) деп тергешкен.

Кайыкта аман калган жети бир тууган Сахчах тоосунан төмөн түшүшүп, Аскиз жана Бий сууларын бойлоп отурукташышат. Алардын эжеси тувалыкка турмушка чыгат (айрым варианттарында бир туугандар жети жылга Тувага кетишип, ошол жерде булардын эжеси турмушка чыгыптыр). Үч жыл өткөндөн соң ал күйөөсү менен энчиленген себин алып кеткени келет. Ичеге уругунун өкүлдөрү жети кара союшуп, мыктылап коноктоп тосуп алышат. Эжеси Тувага кайта кетерде бир туугандары бир торбодон гүлазык беришет. Жолоочулар салт атчан Саянды көздөй жөнөшөт. Күүгүм киргенде алар тайгага алачык жасап, эс алууга токтошот. Гүлазык салынган түйүнчөктөрдү ачканда малга берилчү жемди көрөт. Ач көз жеңелери түйүндөргө союлган жети каранын жети кулач болгон ичегисин салып коюшуптур. Бир туугандарына ыза болгон эжеси ичегилерди алачыкты жети айлантып курчап байлап чыгып, дуба окуп, каргыш айтыптыр: «Силердин мекениңер Бий дарыясы болуп калсын! Силердин өмүрүңөр кыска болсун! Малыңар аз болсун! Силердин уругуңар чубалжыган ичеги уругу деген атка консун! Силердин турмушуңар ичегиден да ичке болсун!» Ошол мезгилден бери тарта көптөгөн муундар өтүптүр. Бул уруктан узак жашагандар, белгилүү инсандар чыкпаптыр.[85]

«Ичеге» этноними б.з. VIII к. Тувадагы байыркы түрк жазма эстеликтеринде эскерилген «чик» эли менен үндөшүп турат. Фольклордук маалыматтар сагайлардын «ичеге» уругу менен байыркы түрк доорундагы чиктердин байланышын чагылдырышы толук ыктымал.

Абакандын оң жээгинен Арбат жана Табатка чейинки жерлер XVIII к. чейин белтир (пилтiр) уруусуна таандык болгон. Өткөн замандарда Хонгорайдын башында Хан-Сурте деген хан турган экен. Моңголдор менен болгон согушта жергиликтүү калк баскынчылардын колунда калат. Жаштарды моңгол аскерлеринин катарына алышып, кары-картаң, бала-бакыраларды Арбатты, Аны дарыяларын жээктетип, Хара-Моол (Кара Моңголия) өлкөсүнө сүрүп айдашат.

Хан-Суртенин Хан-Сулу (Хан-Чуле) аттуу уулу моңгол аскерине чакырылат. Ал өз айланасына жакын адамдарды топтоп, Хонгорайды көздөй качкан экен. Матур дарыясына жетип, Хан-Сулу Хооргыс тоосунун этегин мекендеп калат. Матур тайгасында Хан-Сулу өзү менен кайтып келгендерди жетектеп калыптыр. Алар кийин «хара моол пилтiр!» — (кара моңгол аргындары) деп аталышат, анткени көпчүлүгү моңголдор менен жуурулушуп кетишкен экен. Арадан убакыт өткөндөн соң качкындар белтир же «аргындар», Хан-Сулу болсо Пилтiр-Адас (белтирлердин аксакалы) деген ат менен белгилүү болушат. Хооргыс тоосу

белтирлер сыйынып, түлөө өткөрчү жай болуп калган. Белтирлердин жайыты Матур дарыясынын өрөөнү, аң улай турган коругу Хан Тегир дарыясынын өрөөнү эле.

Хан-Сулунун Хан-Онбиях, Писпиях жана Хосхар аттуу үч уулу болуптур. Анын балдары тайгадан түздүккө көчүп келишип, Таштып дарыясынын жээктерин мекендешет. Жыл сайын салык жыйноого ойроттор менен моңголдор келе баштайт. Моңгол жоокерлери жаз мезгилинде Эне-Сайдын музунун үстү менен келишчү. Жай айларында салык жыйноочулар Хонгорайда болушуп, июль айында кайра кетишчү. Салык элди бүлгүнгө учуратып, чарбанын өнүгүшүнө кедергиси тийген.

Онбиях орус букаралыгына өтүүнү чечет. Ал өзүнүн бир тууганы Писпиях менен ошол мезгилде Саян-Алтайды мекендеген жолборсту атып алыптыр, анын терисин Кузнецкидеги орус воеводасы Турус-бегке белек катары тартуулашат. Бирок белтирлердин Орусияга кошулуш маселеси анын небереси Миянгастын тушунда гана биротоло ишке ашкан. Ак падыша Миянгасты белтирлерге башчы катары дайындап (40 түтүн салык төлөөчү) жана ага князь (кнес) деген наам ыйгарган. Орус бийлигиң таануунун урматына Миянгас өрүлгөн узун чачын (кичеге) кесип салган экен. Ошондуктан ал эл арасында Тас Миянгас (Таз Миянгас) деген атка конуптур.

Ак падыша Миянгаска княздык бийликтин төмөнкү белгилерин ыйгарат баш ийбегендерди жазалоо үчүн камчы (тохпах хамчы), душманын кыйратуу үчүн кылыч (хылыс), салык жыйнагандарга белтирлер кубаттуу Орус мамлекетинин букарасы дегенди көрсөтүү үчүн туу (туг) берет.

Миянгастын тушунда Саян-Алтайды Орусия (Орыс хан), Жунгария (Ойрот хан) жана Кытай (Хыдат хан) тарабынан үчкө бөлүнөт. Хонгорайдын чек арасы Саян аркылуу өтүп, Ыргах-Таргах тоосунан Хан-Сын тоолоруна чейин созулган. Хан-Тегир дарыясынын куймасындагы белтирлер кароол кызматын аткара баштunion. Алым төлөөчү 15 белтир чет өлкөдө, Туванын аймагында калат. Миянгас алар үчүн орус чиновниги менен урушуп, Кузнецк токоюна жашынууга аргасыз болгон.

Миянгастын үч уулу болгон. Улуу аялынан төрөлгөн Чагбандай деген уулунан Чебодаевдердин тукуму тараган. Экинчи аялынан Ултурух менен Патажах, алардан Ултургашев менен Патачаковдордун тукумдарынын бабалары туулат экен.[86]

Белтирлер өткөн тарыхый санжыраларын жакшы билишет жана 15—18 муунга чейин айтып бере алышат. Орус жазма булактарында Кыргыз жериндеги Белтир аймагы 1635-жылдан бери белгилүү.[87] Хакасиянын Орусияга кошулуп жаткан мезгилинде, 1727-ж. Кяхта келишимин түзүү учурунда белтирлердин башчысы (башлык) Мияғаш Моголаков, б.а. Миянгас, Моолахтын уулу, Онбияхтын небереси катышкан. Чек ара сакчыларына туу берүү салтанаты 1728-ж. болуп өткөн эле.[88] Чек арадагы жергиликтүү элге бийликтин жогорудагыдай атрибуттарын ыйгаруу түрк башкаруучулары тарабынан кеңири колдонулган, кийин бул салт орус администрациясы тарабынан кабыл алынган. Селжук султаны Кай-Кубада III Осмонго (1258-1324-жж.) лен жана княздык наам, ардак белгилерин: кылыч, асаба, түпөк ыйгарган экен.[89]

Белтирлердин башында Онбиях турган мезгилде, кошуна Туваны Алтын-Куренг-хан сурап турчу экен. Өзү менен бирге улуу аялынан төрөлгөн эки уулу жашачу. Экинчи аялы өгөй балдарын Жактырбаганын жашырчу эмес. Бир жолу ал балдарга кара кийизден кошуп чүчбара (мирек) жасап берет.

Алтын-Куренг-хан балдарынын өңүнөн байкап калат да, ачууланып аялын камчы менен сабап коёт. Бул жаңжалдан коркуп калган балдар Саян токоюна кире качышыптыр. Ушул мезгилде Онбиях, Писпиях жана Хосхар Хан-Тегир өрөөнүндө аң уулап жүрүшкөн экен. Азык-түлүктү атайын жасалган жерге катышчу. Алар талкан жана кургатылган эттин улам азайып бараткaнын жана айланадагы кардан жаш балдардын изин көрүп калышат. Писпиях аңдып олтуруп, тамак уурдаганга келген балдарды кармап алат. Алар Алтын-Куренг-хандын балдары болуп чыгат. Балдар өгөй энесинин айынан качып жүргөндүгүн, ачарчылык аларды уурулук жасаганга мажбурлаганын айтып беришет.

Онбиях, Писпиях жана Хосхар балдарды өстүрүп-чоңойтушуп, Арбат өрөөнүнө жайгаштырышат экен. Алар «хахпына» (хапхына, хахпын) уругу деп аталат. Хахпына уругу Ызых-тагдын этегин мекендеп, ал тоо кийинки муундар үчүн сыйынуучу ыйык тоого айланып калган. Алардын бири Хыстаяхган таг хахпыназы (таг хахпыназы) уругу тарайт. Хыстаяхтан Чаныстай, андан Нюкпей деген уулдар төрөлөт. Нюкпейден (катчынын жаңылыш жазганынан улам) Тюкпеевдердин тукуму куралат. Экинчи бала Астаях деген ысым алып, дарыя хахпыназы (суг хахпыназы) деген урукка таандык болуптур. Астаях Таштып дарыянын өрөөнүнө көчүп түшүп, Бутрахта деген жерди байырлап жашап калат. Астаяхтан Чандай, Чандайдан — Манас, Манастан — Кендүк, андан Муклай жана Чебочак деген эки уул туулат. Чебочактан Чобачаковдордун, Муклайдан — Калчан, андан Калченаевдердин тукуму тарайт.[90]

Фольклордун маалыматтары боюнча «хахпына» уругун XIII к. Эне-Сайдын башы ченин байырлаган Капканас элинин аталышы менен жакын кароого негиз бар.[91] Алар Хакасияга Тувада Алтын хандар бийлик жүргүзгөн мезгилде көчүп келиши толук мүмкүн.

Белтирлердеги «чыстар» уругу (түндүк токойлуктар) байыркы замандарда Абакан суусунун жогорку агымын жана Түндүк Алтайды байырлаган. Ал мезгилде чыстарды Турабий аксакал башкарыптыр. Аларга моңголдор кол салганда Турабий Азылбай, Тохтабий, Тотанмай деген уулдары менен Абаканды көздөй көчөт.

Матур дарыясынын куймасынан чыстарды белтирлердин уруу башчылары Хан-Онбиях, Писпиях жана Хосхар тосуп чыгат. Алар жакын жерде адамдар бар экендигин суудa агып келе жаткан жыгачтын чамындыларынан байкап калышат. Писпиях сүзүп келе жаткан чыстарлардын кайыктарын токтотуп, аларды Хан-Онбиях белтирлерге кошуп, Сос дарыясынын куймасы чендеги жайыкка олтургузат. Тохтобайдан Тохтобиндердин тукуму тарайт. Тохтобий тогуз уул, Пай-Арыг аттуу кыздуу болгон экен. Асылбайдан Аяжак төрөлүп, Асочаковдордун тукумуна негиз салат. Аяжактын Иптыш аттуу бир уулунан Иптышевдердин тукуму тарайт, ал эми Тотанмай болсо жалгыз Соланмай деген уулду өстүрүп чоңойтуптур.

Балдардын оюну учурунда Тохтобийдин тогуз уулу Тотанмайдын жалгыз уулун сабап коюшуптур. Ызасы келген Соланмай атасына болгон окуяны айтып коёт. Чырдашуу учурунда Тотанмай Тохтобийдин эки уулун капыстан өлтүрүп салат. Тохтобий шор шаманын (чыс хам) чакырып алып, дубалап олтуруп, Тотанмайдын түбүнө жетет. Ал эми Соланмай атасы өлгөндөн соң, Таштып өрөөнүндөгү Сос дарыясына жакын жерге көчүп барат. Солонмайдан Чылчыгаш туулуп, кийинки Чылчыгашевдердин тукумуна негиз салат.[91]

Чыстар өздөрүн «чыштар» деп атаган Түндүк Алтайдын тубаларына жакын болуу керек. Алар Абакан өрөөнүнө Хакасия Орусияга каратыла электе чейин эле

келиши ыктымал, анткени XVII к. Алтыр улусунун Чыстар аймагы белгилүү болгон.[92]

Тохтабийдин жалгыз кызы Пай-Арыг сулуу болуп жетилет. Мындан сырткары, ал жакшы ырдап, чатханда мыкты ойночу экен. Абакан өрөөнүндө ырдоо жагынан ага эч ким тең келбептир. Пайарыг сулуу бүткүл Хонгорайга ыр менен айтышууда жеңип чыккан азаматка, анын майыптыгына карабай турмушка чыгарын жар салат.

Томь дарыясынын жогору жагындагы Кузнецк токоюнда көмөкөй ыры боюнча (хая) учурунда алдына ат салдырбаган Арыхпай аттуу сокур абышка жашаптыр. Жарыяны укканда абышка беттешүүгө алып барууну сураныптыр. Пай-Арыг ага төмөнкү шарттарды койот: эгер Арыхпай жеңсе, ага турмушка чыгамын, эгерде жеңилип калса ал мага кул болот дейт. Алар жети күн, жети түн айтышат. Акырында Пай-Арыг жеңилип калат экен. Арыхпай боздоп ыйлаган сулууну Кузнецк токоюна алып кетет. Алсыраган сокур абышка менен жашоо абдан кыйынга турат. Пай-Арыг бул азапты көтөрө албай Арыхпай абышканы шар аккан Томь дарыясына түртүп жиберип, ал чөгүп өлөт. Бул кылмыш Кузнецк воеводасы Албот-бегке белгилүү болуп калат.

Соттун чечими менен Пай-Арыг түрмөгө камалат. Түрмөнүн башчысы Сенявин деген неме сулуу кызды жактырып, ойнош күтүп алат. Пай-Арыг Сенявинден эки бала төрөйт. Ата журтка кайтуу мезгили келип жеткен учурда ал балдарды таштап, Абакан өрөөнүнө кетип калат (Айрым маалыматтар боюнча сокур хайжиден бойго бүтүп, токойго качып кетип, уул төрөп, андан Мойногашевдердин тукуму уланат).

Кузнецкиде калган жаш балдар кийин белтирлерден Сос дарыясынын куймасында жашаган Тохтобий деген таятасы бар экендигин угушат. Алар тайганы аралап өтүшөт. Балдар Кузнецк Ала-Тоосу аркылуу Харлыган тоосуна жетишкенде, бири биринен адашып кетишиптир. Улуу агасы Ниня өрөөнүнө келет. Ага Сенявин деген фамилия ыйгарышып, кийинчерээк алар Орешковдор деген фамилияга которулуп алышат. Кичүү иниси Аскиз өрөөнүнө келип, «том» уруусунун асыранды баласы болуп калат экен. Анын Киргинек (асыранды, тонсуз уул) деген атынан Киргинековдордун тукуму тарайт.[93]

Жазуу булактары боюнча XVIII к. баш чендеринде Кузнецк чебин воевода Б. Сенявин жетектеген. Аскер жүрүштөрүнүн мезгилинде Б. Сенявин баштаган казак-орустардын 1704—1706-жж. жүрүштөрүндө хакас калкынын бир бөлүгү туткундалып, Кузнецкиде кулдукка сатылган.[94] Болжолу, Б. Сенявиндин колуна Тохтобийдин кызы жана анын балдары ошол кезде түшүшү мүмкүн.

Белтирлердеги «кижин» уругу XVII к. Мрассу дарыясынын жогорку агымын байырлашкан Кечин волостундагы калктын урпактарына таандык экендиги шексиз. Хакас санжыралары боюнча кижиндер Асылбай дегендин жалгыз кызынан (айрым маалыматтарда Онбияхтын небереси Моолахтын кызы) тарашат. Аны Кузнецкилик жигиттер уурдап (айрым бир вариантта Тувага турмушка чыккан) кетишкен.

Асылбайдын кызы Мрассу дарыясынын жогорку агымында эки жылдан ашык туруп калат. Боюнда бар экенин байкашып, аны кайтарбай калышат. Жолго азык камдап, туткундан үйүн көздөй качып чыгат. Матур өрөөнүндөгү Балыкташ дарыясына келгенде толгоосу башталат экен. Азылбайдын кызы уул төрөп, аны жалбыракка ороп, четин дарагына илип туруп: «Эгер сенин бактың болсо өлбөй жигит болуп чоңоёрсуң» деп айтыптыр. Атасынын үйүнө араң жеткен кызы башынан өткөргөн окуяны баяндап берет. Азылбай абышка (Тохтабий, Моолах)

окуяны угуп, атын токуп баланы издеп жөнөйт. Балыкташка жеткенде четинде илинип турган баланы, анын жанында жүргөн бүркүттү көрөт. Даракка көтөрүлүп чыккан абышка наристенин тирүү, дени соо экендигине, бүркүттүн ага тамак берип, аны багып жатканын көрүп таң калат. Небересине «Пүрүстөй» (жалбырактуу) деген ысым берет, ал эми андан тараган урук «кижин» (бүркүт) аталып калыптыр. Пүрүстөй ата-теги жагынан дух-колдоочусу бүркүт болгон шаман уругунан чыккан. Пүрүстөй жана анын уулу Хам-Падас атактуу шамандар болуп калышкан. Хам-Падастан Агытай жана Токоях деген балдар туулуп, Агитаевдер менен Токояковдордун тукумуна негиз салышкан. Ошондон улам кижиндердин урук дарагы четин, сыйынган тоосу Балыкташ болуп эсептелет.[96]

Кижин уругунун бабасы Пүрүстөй Кузнецк Ала-Тоосун байырлаган бирюсиндер (пүрүс) менен байланышы болуусу мүмкүн. Бирюсиндердин курамына каргин (карга), кивин (хобый), кий (хый), кызылгай (хызыл хая), изушер (таяс), карачер (сор) уруктары кирет.[97] Алардын ичинен көп сандуусу каргин, хакасча «харга» уругу болгон. «Харга» этноними уруктун тоосу Хара таг деген аттан улам келип чыккан. Каргиндер Азас дарыясынын куймасына жакын жердеги Мрассу өрөөнүндө жайгашкан. Алар бул тоону Улуг таг деп атап келишет.

Топон суу каптаган мезгилде (поом чыл) Хара таг тоосунда абышка-кемпир эки уулу менен аман калышат. Алардан кийинки «харга» уругу тарап, ал тоонун чокусунда каргиндердин бабаларынын таш болуп калган бешиги бар имиш. Ата-энесинин көзү өткөндөн кийин эки бир тууган тайгадан Абакан түздүгүнө келишет. Алардын бири дарыяга жакын отурукташып, суу перисине үйлөнөт, тукумдары «суг харгазы» деп аталып калыптыр. Экинчиси тоо таянып кетет. Ал тоо ээсинин кызына Үйлөнүп, тукумдары «таг харгазы» деп аталып калыптыр. Кийинкилерден Пуригес аттуу бала төрөлөт. Андан Устух, Устухтан үч уул: Амзор, Чыпчыгаш, Кызлас туулат. Булардан Амзораковдор, Чепчигашев жана Кызласовдордун тукуму тарайт.[98]

Есь дарыясынын өрөөнүн «сайын» уругу байырлап келген. Бир маалыматтар сайындар Кузнецк токоюндагы Ортон дарыясы жактан келгени, экинчи бир уламышта алардын ата журту Таштыптагы Талбырт тоосундагы Хола Кирис мергенчи туулган үңкүр экендиги баяндалат.

Сайындардын аң уулай турган жерлери Саян жергесиндеги Сабына-Тасхыл тоосунда жайгашыптыр. Хола-Кирис тувалык тутунган бир тууганы менен жыл сайын аң тери үчүн мергенчилик кылчу экен. Арадан убакыт өткөндө экөөнүн аялы тең кош бойлуу болуп калышат. Алар кеңешишип, бел куда болууну чечишиптир. Аңчылыктан келишкенде Хола-Кирис уулдуу, тувалык мергенчи кыздуу болгонун угушат.

Хола-Киристин уулу эр жеткенде аны атасы колуктусун алып келүү үчүн Тувага жөнөтөт. Ал жолго чыгарда уулуна Сабына-Тасхыл тоосунун жанына түнөбөшүн катуу эскертет. Жолго чыккан күйөө бала айтылган тоого жеткенде түн кирип калат экен. Атасынын айткан акылын эстеген баласы, алачык жасап, от жагат, анын жанына дөңгөч коюп, тонун жаап, четте жашынып калат. Арадан көп убакыт өтпөй капысынан бир коркунучтуу нерсе пайда болуп, тон жабылган дөңгөчкө кол салат. Хола-Киристин уулу жаанын огу менен коркунучтуу жаныбарды атып жыгат. Эртең менен буюмдарын жыйнап, Саян аркылуу Сарыг-Соянда (Сары Тувада) күгүп жатышкан болочок кайын журтуна келет. Каада-салттар аткарылгандан соң, себин алып, эки жаш жолго чыгышат. Хола-Киристин уулу келинчеги менен бирге түн кирген мезгилде Сабына-Тасхыл

тоосуна келип калышканын байкабай калышат. Алачык жасап, от жагып жатканда аялын таба албай калат. Хола-Киристин уулу тайга ичин аралап издеп жөнөп алыстан күйгөн оттун жарыгын көрүп калат. Бул тоо ээлеринин үңкүрдө салынган чоң сарайы (чир тунугі) эле. Төрдө олтурган кемпир: «Менин эки улум Хола-Киристин уулунун алачыгына барышканда итинен ажырап келишти» деп сүйлөгөнүн угуп калат да, жашынып күтүп калат. Арадан көп убакыт өтпөй кобур-собур үндөр чыгып, кап көтөргөн эки караан көрүнөт. Хола-Киристин уулу бир ок менен экөөнү тең атып жыгат экен. Алар көтөргөн каптан коркуп калган аялы чыга келет. Жерге жарык кире баштаган мезгилде жүктөрүн жыйнашып, Абаканды көздөй козголушат. Саян кызынын (Тува) төркүнүнүн аталышынан улам Хола-Киристин тукумдары «сайын» деп аталып калышкан.[98]

Сайындар хакастарда теги көк теңирге таандык уруу катары кадырланган. Бабасы Хола Кирис жаанын огу менен Көк Теңир чагылган менен өлтүрө албай койгон желмогузду (айна) атып түшүргөн экен. Эгер адамдар чагылган тийип сынган дарактын бутактарын ыйык катары көрүп колуна алса, салт боюнча: «Мен сайындардын тайакеси, сайындардын жээни болом» деп айтышчу экен.

Бул уруктун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү XVII к. Кыргыз жеринин Алтыр улусунун Саян аймагын байырлагандардын урпактары болушат.

Аскиз өрөөнүндө «сибижин» аттуу аз сандуу урук жашайт. Алардын түпкү ата журту Кузнецкидеги Падын-Тасхыл тоосу менен байланышкан. Сибижиндер энчилүү атын аңчы бабасынан алышкан экен. Сибижин бир ирет Падын-Тасхыл тоосунда тогуз аюуну атып өлтүрөт. Бирок, аңдын эти өз тукумуна жетпей калып, ыйык тоого таарынып кыйкырат: «Биз ачка калганыбыз үчүн Падын-Тасхыл тоосу жер алдына түшүп кетсин». Падын-Тасхыл тоосунун ээси бул кордоого чыдабай мергенчини каргайт: «Сенин уругуң сибижин деген ат алып, ар бир үй-бүлөдө үч эркек баладан ашпасын». Ошондон улам сибижин уругунун курамы көбөйбөй келет. Сибижинден Тохпагас (Токмагаш) туулат, ал Аскиз өрөөнүн жердептир. Андан Чочыя, Чудангас, Идемеш деген үч уул туулат. Булардан кийинки Чочыев, Чудангашев, Идемешевдердин тукумдары таралат. Чудангашевдер кийин өз фамилиясын Падын-Тасхыл тоосунда көмүлгөн түпкү бабасы Токмагаштын ысмына кайрадан которуп алышкан.[99]

Хакастар ыйык тоолорго элдин тагдырын чечет дешип өзгөчө кадырлап мамиле жасашат. Хакастардын курамында шорлорго таандык «том» уругу жакында эле пайда болгон. Моңголдордун Көптөгөн чабуулдарынын биринде кыргыздан Чабыжах деген жаш бала Кузнецк токоюна жашынып калган экен. Ал Томь жана Палбың-суг дарыяларынын жогору жагына отурукташып калат. Андан Чабылгай, Чабылгайдан Чулжан төрөлөт. Чулжандан шорлордун Чулжановдордун тукуму таралганы белгилүү. Чулжан Ахпаш жана Көстүк деген эки уулдуу болот. Күндөрдүн биринде Ахпаштын үч үйүр жылкысы жоголуп кетиптир. Аларды базиндик жылкы уурулар айдап кеткен болот. Ал жылкыларын издеп чыгып, аларды Аскиз өрөөнүнөн табат. Ахпаш менен Көстүк малы менен жылкысы табылган Аскиз дарыясына жакын жердеги Читы Сарыг-Хыс деген тоонун этегин байырлап калышыптыр. Бул бир туугандардан Ахпашев менен Костяковдордун тукуму таралат. Булар том уругун негиздешкен.[101]

Аба (аюу) уругунун келип чыгышы тотемдик жаныбар менен байланышкан. Уламыштар боюнча Томь дарыясынын өрөөнүндөгү Кузнецк токоюнда (аба чирі) Хан-хыс деген кыз жашаптыр. Күндөрдүн биринде тайгага жер-жемиш жыйнап келгени барган кызды аюу уурдап кетет экен. Хан-хыс аюунун чээнинде үч жыл жашап, уул төрөйт. Уулунун денеси аюу түктүү болгону менен адамдан эч кандай

айырмасы жок эле. Хан-хыс уулу менен тайгадан качып, адамдарга барып жашоого макулдашат. Ыңгайлуу учур келгенде жолго чыгышат экен. Алардын качканын билип калган аюу артынан кууп жетет. Уулу аны менен кармашып жеңип чыгат. Хан-хыс айылына келип болгон окуяны туугандарына баян кылып айтып бергенде, алар өз уруусуна эне-бала экөөнү кабыл алышат экен. Убакыт өтүп, аюунун уулу жергиликтүү кызга үйлөнүп, алардан аба (аюу) урууугу тараптыр. Бул уруктун өкүлдөрү башкалардан узун бою, денесинин түктүүлүгү менен айырмаланышат. Бул урук жайгашкан жер «Аба чыс чирі» — Абалардын чери деп аталары маалым. Көп жылдар өткөндөн кийин бул уруктун бир бөлүгү хакас жайыктарына көчүп барышып, сагайлардын курамына жуурулушат.[101] Аба уругунун XVII к. Томь дарыясына көчүп барган абиншорлор менен туугандык байланышы бар.

Кызылдар (хызыл) урук топтору өздөрүнүн тегин сагайлар менен бир элбиз деп карашып, түпкү бабасы легендарлуу Хызылах экенин белгилешет. Бирок, чындыгында бул уруу өз энчилүү атын XVIII к. Июс өрөөнүнүн калкын баш коштуруп бириктирген, үстөмдүк абалды ээлеп турган «хызыл» деген уруктун атынан алышкан. Хызыл уругунун энчилүү аты алардын ата-бабаларынын антропологиялык тиби менен байланыштуу болуп, алардын бабалары сары чачтуу болгон имиш.[102] Кызыл уругу XVII к. Кыргыз жергесинин Алтысар улусуна кирген кыргыз аймактарында жашап өткөн уруулардын биринин урпактары болгон.

Уламыш боюнча кызылдар оокаттуу, бардар жашашкан экен, ал эми качиндер болсо кедейчиликте жашап алардын малын багышыптыр. Кызылдардын бакыбат турмушу ата-бабаларынын Июс дарыяларынын ортолугуна каткан байлыгына байланыштуу экендиги айтылат. Хакасоли Жунгарияга сүрүлгөндө кыргыз ханы Солбан-Хара-Хус жана Сарыг-Хая тоолоруна тогуз куржун алтын-күмүштү, алтын үстөл менен алтын кулунду кошо көмүп кеткен экен.

Бир жылдары кызылдар бабалардын алтынын таап алууга аракеттенишет. Солбан-Хара-Хус тоосунда көп жерди казышып, жылкынын баш сөөгүнөн башка эч нерсе таба албай коюшат. Ызаланышкан кызылдар баш сөөктү Ак Июс суусунан ары ыргытып жиберишет. Заматта баш сөөк көк өрдөккө айланып учуп чыгып, тигилерди каргайт экен: «Силер бабаларыңардын каада-салтын барктабай калдыңар, бул үчүн жазаланасыңар. Ушул күндөн тартып бакты-таалай кызылдардан качиндерге өтсүн». Уламышка караганда ошол күндөн тартып качиндер байый башташыптыр.[103] Ошондон тарта, уламыш боюнча, кызылдар кедейленип, качиндер байып кетишкен экен.

Эне-Сай өрөөнүндөгү Куну-Таг тоосунда кедей чарба, көк музоосунан башка эч нерсеси жок Кун-Арии аттуу кыз жашаптыр. Күндөрдүн биринде Алтай тараптан жоо каптап кирип, элди Хонгорай өлкөсүнөн чет тарапка кулдукка айдап кетишет. Кун-Арии музоосу менен туткунга түшүп калат. Бир нече жыл өткөндөн соң, музоо кылыч сымал мүйүздү көк букага айланыптыр. Ал төрт түлүктүн молчулугун колдогон касиетке ээ болуп чыгат. Көк бука өкүргөндө анын үнүнөн эле уйлар төлдөй баштаптыр. Алтайдын өрөөндөрү малга толуп кетиптир.

Жаз айларынын бир күнүндө көк бука көлөкөдө уйкуда жатса анын мүйүзүнө талаа булбулу «ыро-сарыг» келип конуп, ата-журт Жөнүндө ырдап кирет. Ырды уккан буканын жүрөгүндө Хонгорай мекенин сагынуу сезими ойгонуп, өкүрүп-мөөрөй баштаган экен.

Көк бука Кун-Ариини жонуна олтургузуп, тайганы аралап Эне-Сайга карай бет алат. Абаканды ашып өтүп, Матур өрөөнүнө келип түшүшөт. Кубанган бука күч

менен өкүрө баштаганда өрөөндүн уйлары төлдөй баштаптыр. Буга таң калган сагайлар кендир аркандар менен көк буканы байламакчы болушканда, бука жиптердин баарын бырча-бырча үзүп салган экен. Көк бука Эне-Сай өрөөнүнө келгенде ага килейген аюу (алдыр) кол салат. Тайганын жырткыч айбаны буканын карынын жарып салат. Бирок көк бука кылыч сымал мүйүздөрү менен аюуну жерге кадап салыптыр. Жарадар болуп, кансыраган көк бука өз кыштоосуна жетип келет. Анын аккан канынан Көкса (Көк суг) пайда болот. Куну-Таг тоосунун этегине жетип, бука ташка («көк пуга тас») айланып калыптыр. Көк буканын жардамы менен Алтай туткунунан кутулган Кун-Арии өз уругуна «пуга» (бука) деп ат коет. Кызылдардын уруулук бирикмесине киришкен пуга уругунун өкүлдөрү үч жылда бир таш эстеликке «көк пуга тас» курмандык чалып, түлөө өткөрүп турушары белгилүү.[104]

Пуга уругунун келип чыгышы жөнүндөгү сюжет кыргыздардагы бугу уруусунун тотемдик жаныбары Бугу-Эне жөнүндөгү уламышты эске түшүрөт.

Тарыхый фольклордун маалыматтарын талдап чыгуу көрсөткөндөй, Саян-Алтай түрктөрүнүн тагдырынын жалпылыгын белгилөө менен, хакас этносун мурда жашап өткөн этникалык бирикмелердин генеологиялык мураскору катары кароо зарыл. XVII— XVIII кк. бою ар түрдүү уруулук топтордун Хонгорайдан Саян-Алтайдын сырттарына, ошол эле убакта Моңголия менен Сибирдин айланасындагы аймактардан Эне-Сайдын түздүктөрүнө ары-бери көчүү процесстери болуп өтөт. Уруу-уруктардын ата журтуна кайтып келүү жөнүндөгү көксөөлөрүн чагылдырган көп сандаган уламыштардын кеңири тарашы хакас этносунун патриоттук сезиминин бийиктигин, анын этнос, эл катарында өзүн өзү сактоого болгон асыл умтулуусун далилдейт. Орусияга каратылгандан соң, көпчүлүк уруктар жаңы энчилүү аттарга ээ болушту, айрымдары өздөрүнүн этникалык атын жаңыдан түзүлүп жаткан аймактык-башкаруу бирдиктеринин аталыштарына беришти. Качин, сагай, кызыл, койбалдар этникалык топтордун аталышы, кийинчерээк, орус администрациясынын таасири менен келип чыкты. XVIII к. хакас калкынын урук-тукумдарынын (фамилиялык) курамында качиндер — 24,5 %, кызылдар менен мелеттер — 20,8 %, сагайлар менен белтирлер — 19,2 %, бирюсин менен верхотомдуктар 21,5 %, койбалдар 12,4 % түзүшкөн.[103] Чындыгында, койбалдардан башка этникалык топтордун салыштырма саны бирдей болгону көрүнүп турат. Азыркы учурда сагайлар хакастардын 70 %, кызылдар 5 % түзүшөрү белгилүү.

Мурда кимдин кайсы урук-тукумга таандык экени фамилиялар аркылуу эмес, ошол урук-тукумдун аталышы боюнча аныкталып келсе, орус администрациясынын таасири менен андай жолжобо коомдук турмуштан толук сүрүлүп, анын милдетин фамилиялар аткарып калды.

Хонгорайдагы коомдук-патриархалдык түзүлүштүн бузулушу менен, XVIII к. баш чендеринде этностун сакталып турушунда хакас аялынын (ипчі) ээлеген орду өсө баштаган эле. Аял уруктагы улуу эркектерден качуу салтын сактап калган. Уруктун кырылып жок болуу коркунучу алдында турганда бул качуу салты бузулган.

Уруулук санжыра жана уламыштар хакас уруктарынын көпчүлүгүнүн келип чыгышын мифологиялык негизде, дүйнөлүк топон суу учурундагы мезгил менен байланыштырышат. Уруктар келип чыккан жерлер катары Саян багы жана Кузнецк Ала-Тоосундагы Ортолук Эне-Сай, Абакан, Томь, Июс өрөөнүндөгү ыйык тоолор көрсөтүлөт. Уруулук этнонимикадагы тотемизмдин калдыктары хакас

калкынын турмушундагы диний ишенимдерди чагылдырат. Хакас фольклору XVIII к. качиндер менен шорлордун бир бөлүгүнүн Июс жана Абаканга көчүшүн баяндаган жазма булактардагы маалыматтарды ырастайт. Хакастардын этникалык топторунун XIX к. урук-уруулук курамы жана жашоо турмуш үлгүсү боюнча өтө жакын болгондугу алардын бир туугандардан тарагандыгын баяндаган уламыштарды тастыктайт.

Хакастардын диний ишенимдеринде уруулук жана үй-бүлөлүк фетиштер — тёстор негизги ролду ойногон. «Тöс» же «тöстӱп» (негизи, маңызы, тамыр) термини байыркы түрк доорунан белгилүү жана мындай фетиштер байыркы хакас бабаларында да белгилүү болгон. Хакас тилинде «тёсь» сөзү, биринчиден, шамандын көрүнбөгөн дух-жардамчысы, асман жана жер менен бирге жаралып пайда болгон өзгөчө бир ыйык катары, экинчиден, ата-бабалардын арбактары жана үй-бүлөнү колдоочулар катары түшүнүлгөн. Үй-бүлөлүк уруулук тёс-фетиштер ар бир үй-бүлөдө, боз үйдө атайын орунга коюлуп, сыйынт затына, коломтонун ээси — сактоочусуна айланган. Алардын айрымдары антроморфтук, экинчилери — зооморфтук кейипте, эркек жана аял түрүндө элестетилген. Ар бир фетиш өзүнө өзгөчө мамилени, өзгөчө тамакты «талап кылган».

Үйдөгү фетиштердин көпчүлүк бөлүгү ача жыгачтан жасалып, ортолугу кайыш менен тартылып, ага көз ордуна мончок кадалган төрт бурчтуу кездеме кошо тигилчү. Ача жыгачка эки тараптан өрүлгөн чачты элестеткен чачык жип байланган. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде айры сыяктуу төстөр аялдардын духтарынын антроморфтук образын билдирип, көбүнчө боз үйдүн эпчи (ашкана тарабы) жагына коюлчу. Айры сымал төстөрдүн пайда болушу ата-бабалардын культу менен байланыштырылган.

Айры сымал тёстөр өз өнүгүүсүндө табигый өзгөрүүлөрдү баштан кечирген. Кара көздүү, кара чачтуу хакастарда «көк көздүү» фетиштердин сакталышы, бул культтун түпкү тегинин коло доорунун археологиялык маданияты менен, Ортолук Эне-Сайдагы көк көздүү, европалык түспөлдүү (европеоид) уруулардын жашаган мезгили менен тамырлаш экендигин аныктайт.

Акыркы он жылдардагы Хакасияда жүргүзүлгөн археологиялык казуулар көптөгөн ачылыштарды жарата алды. Булардын ичине Торгожактагы карасук турагынан табылган «оймо-чиймелүү таякчаларды» кошууга болот.

«Оймо-чиймелүү таякчалардагы» антроморфтук образдарга назар салганыбызда хакастардын айры сымал төстөрү менен мурастык жалпылыктарын байкоого болот. Ар башка материал болгондугуна карабастан бет түзүлүшүндөгү жалпы стиль байкалат, аялдын бети үч бурчтуу келип, ээги шиштигий, эки жагынан чач түшүп турат. Демек, Торгожак турагында табылган «оймо-чиймелүү таякчалар» фетиш болуп саналат, ал эми хакас фетишизми түп теги боюнча карасук маданиятына барып такалат. Ошентип, хакас маданиятынын айрым катмарларынын башаты Хакас-Минусин аймагында мындан үч миң жыл илгери пайда болуп, этнографиялык мезгилге чейин сакталып келди, бул жергиликтүү калктын мурдагы бир замандарда жашап өткөн уруулар менен элдердин тарыхый-маданий мурасчысы экенин ырастап отурат.

*II бап*

# ТАРЫХЫЙ ФОЛЬКЛОРДУН КААРМАНДАРЫ

## 2.1. Мифологиялык каармандар

Хакас тарыхый фольклору карт Хонгорай жергесинин даңкын чыгарган байыркы доорлордун жомок сыңар баатырлары жөнүндөгү маалыматтарды бизге жеткирди. Саян-Алтай элдеринин, алардын ичинде хакастардын да, эң бир белгилүү мифтик каармандарынын бири, ири дарыяларды жана сугат каналдарын курган Сартакпай (Сартабан) деген болгон. Хакас мифтеринде Сартакпай (Сартабан) Саян тоолорун тешип, Абакан дарыясынын нугун салган экен. Анын Хуртуях-Тас аттуу аялы Аны дарыясынын агымын эки тарапка бууп жатып, Уттіг-Тас тоосунда болчу жолугушууга үлгүрбөй калат экен. Алдыга карай оозуп кетип калган Сартакпайга катуу капа болгон аялы кайгырган бойдон ташка айланып калыптыр. Ушул учурда Сартакпай Абакандын нугун Эне-Сайга (Ким суг) чейин казып жеткирген экен. Аялын күтө берип, келбеген соң, кайтып келе жатып Хамхазыдагы таш болуп калган аялын көрүп, оор жоготууга учурап, кайгырган Сартакпай Абакандын боюна Харажулдун жанына жамбаштай жатып, өзү да таш болуп катып калыптыр. Бул жер хакастарда азыр да Сартабан-Тас же Ызых-Тас, б.а. ыйык таш деген ат менен белгилүү. Бул энчилүү ат улуу Сартакпайды өзгөчө урматтоодон келип чыккаң эле. Жаз мезгилинде чоң суу кирген убакта хакастар суунун боюндагы Ызых-Таска майрам өткөрүү үчүн жыйналышкан. Ал ташка сүт, шарап жана «потко» чачышат. Алар СартакпайТашка качандыр бир убакта жан кирип, суудан чыгат да, өзүнүн падышачылыгын калыбына келтирет деп ишенишет.[1]

Хакастардын ишеними боюнча Сартакпай Абакан өрөөнүнө Моңголиядан келген имиш. Ал эми алтайлыктардын мифтери боюнча Сартакпай баатыр асмандан жамгыр, маман калдырак жана чагылган менен кошо түшүптүр. Алтай жергесине Эне-Сай тараптан барган экен. Ал мезгилдерде Саян-Алтай тоолорунда токой болбоптур, ал эми таштар жумшак болгон деп айтылат. Сартакпай Катун жана Бай дарыяларына нук салууга, Хан-Хухей тоо кыркаларын тургузууга үлгүргөн.[2] Саян-Алтай элдеринин эсинде Сартакпай баатыр жолдордун жана сугат каналдарынын жардамы менен жүргүзүлүүчү дыйканчылыктын ээси катары сакталып келет. Болжолу, бул Сартакпай деген ысым түрк-моңгол дүйнөсүндөгү байыркы жалпы «сарт» же «сартак» жер иштетүүчү, соодагер деген терминди туюнтушу ыктымал.[3] Сартакпай башка эпикалык чыгармалардагы каармандар сыяктуу эле, өлсө да бул дүйнөдөн кетпей, ташка айланып жашап келет.

Эне-Сай өрөөнүндөгү Хан-Тегир дарыясынын төмөнкү чатында Харатас аттуу баатыр өз үй-бүлөсү менен жашаган экен. Бир жолу Моңголия тараптан жоо каптап кирет. Коркунучту сезген Харатас баатыр Хан-Тегир дарыясынын айрылыш жериндеги музду оюп коёт экен. Дарыядагы тоңгон музду бейкапар басып келе жаткан жоо аскерлери муздун оюгуна түшүп, чөгүп өлүшөт. Өз ийгилигине өтө кубанган Харатас ташка айланып калганча күлгөн экен. Ошондон бери хакастарда бирөөлөрдүн башына түшкөн кырсыкка табалап, күлгөн болбойт деп накыл кеп айтылып келет. Бул жер бүгүнкү күнү да Харатас (азыр Саяногорск) деп аталып келери маалым.

Баатырдын жесири балдарын алып кырсык болгон жерден Абакан өрөөнүнө көчүп кетмекчи болот. Ал аталган өрөөнгө Хызыл-Хая тоосу аркылуу түшүптүр. Бул жол азыр да «хуртуях чолы» — «куртка (кемпирдин) жолу» деп аталат. Башка келген оор турмуш алы кетип, айласы куруган кемпирди мүңкүрөтүп салган экен. Бул кемпир Абакандын кечүүсүнөн баласын колунан түшүрүп жиберет. Акылынан адашкан аял өз кызын катуу каргап-шилей баштаганда, кызы Көк-Хая тоосу тарапка качып барып, «Хыс козее» деген балбал ташка айланып калыптыр. Харатас баатырдын жесири өз тагдырына наалат айтып, Хамхазы дарыясына келип жетет. Ал күн чыгышка бурулуп карап: «Менин алды жагымды сүттүү мал бассын! Арт жагымды адам тукуму бассын!» — деп Хуртуях-тас деген ташка айланып калат. Ошондон тарта Хуртуях-тастын чыгыш тарабындагы качиндер талаасында мал көп өстүрүлсө, андан батыш тарапта жайгашкан сагай уруусунда наристелер көп төрөлүптүр.[4]

Саян-Алтай элдеринде дүйнөлүк топон суу жөнүндө миф кеңири таралган. Ал мифте хакастын Нух пайгамбарынын образында көзү ачык, Ортолук Эне-Сай өрөөнүнүн калкынын түпкү бабасы болгон Борус (Хан-Пургус) катышат. Хонгорайдын эзелки калкы кыргыздар таптакыр эч нерседен жалтанбаган, жаратылыштын кубулуштарынан, кудайлардан да коркпой, аларды тоготпой жашаган эл болгон экен. Алар өз күнөөлөрү жана жараткан кудайды тоготпой калгандыгы үчүн топон суу алдында калып, курман болушат. Бир гана көзү ачык Борус болор кырсыкты 40 жыл мурда сезип, тоо чокуларынын бирине чоң кайык (тимір сал) куруп, аны темир мыктар менен бекитет. Андан соң аялын, бала-бакырасын жана мал-мүлкүн, ар түрдүү жаныбарларды кайыкка салат. Эки жандык темир салга чыгуудан баш тартышат экен. Алар эзелки мамонт сыяктуу «аргыланг», экинчиси «хан-кирети» — эки баштуу бүркүт болгон экен. Топон суу каптагандын отуз тогузунчу күнү «хан-кирети» «аргылангдын» тумшугундагы мүйүзгө эс алууга конгондо, «салмак көбөйүп, экөө тең чөгүп кетиптир». Ошондон улам, бул жандыктар жер үстүндө жашабай калышкан экен.

Кырк күн, кырк түн бою Борустун темир кайыгы дүйнөлүк топон сууну сүзүп жүрөт. Кырк биринчи күнү суунун деңгели төмөндөп, Саян тоолорунун чокуларынын бири көрүнүп калат. Хакас Нухунун урматына Саян тоолорундагы бул чокулардын бири Борус деп аталып калган. Бир аз убакыттан соң Борус кузгунду жерден кабар алууга жөнөтөт. Бир күн өткөндөн соң, кузгун оозуна дарактын көк талын тиштеп алып, учуп келет. Борус топон суунун бүткөндүгүн, жер жүзүндө жашоонун кайрадан башталганын кубануу менен кабыл алат. Борус аялы жана балдарын алып, кийинки «тадар» деген элге негиз салганы чокудан Эне-Сай өрөөнүнө түшүптүр. Кайыктагы жан-жаныбарлар да туш-тушка тарап кетишет экен. Борус тоолорунун чокуларынын биринде таш болуп катып калган бабабыздын темир кайыгы сакталып келет делинет уламышта.[5]

Хан-Кирети кушу жана мамонт Аргыланг катышкан уламыштар алтайлыктардын жана батыш буряттардын фольклорунда да сакталып келет.[6] Бул моңголдор тутунган лама дининдеги Гаруда кушу жана мамонт Аргыланзаан сыяктуу мифологиялык образдардын таасири астында келип чыккан. Хакасияда Борустан башка Пойзым Ызых-Таг, Читы-хыс, Керим-таг ж.б. тоолордун чокуларында жергиликтүү калктын пикиринде таш болуп катып калган кайыктардын элестери бар. Бирок алардын бирөө да беш чокулуу ыйык Борус тоосуна тең келе албайт. Бекер жеринен белгилүү жазуучу Мурад Ажы төмөнкүлөрдү айткан эместир: «Ар бир түрк өз ата-бабалары сыйынган Кайлас, Хан-Тенгри, Уч-Сумер, Борус ж.б. тоолорду билүүсү керек».[7]

Саян-Алтайдын түрк-моңгол элдеринде Көкөтай баатырдын мифтик образы кенен таралган. Анын жаны түнкү асманда Сириуст жылдызы (Көкөтай чылдыз) түрүндө жашап келет.

Хакас мифтери боюнча Көкөтай Эне-Сай (Ал-Ким) өрөөнүндө жетим болуп чоңоёт. Жаз күндөрүнүн биринде ал Оглахты тоосунан какылдап, аскага урунуп-беринип учуп жүргөн турпанды көрүп калат. Буга таң калган Көкөтай Сулу-Хая аскасынын башына чыгып, турпандын уясын көрөт. Ал уяда күчүктүн кыңшылап үнү угулган бир жумуртка бар экен, демек бул турпандын биринчи жумурткасы экен деп ойлойт Көкөтай. Анткени Хакас ишеними боюнча турпандын биринчи жумурткасынан Хубай-Хус аттуу канаттуу күчүк чыкчу экен. Турпандар биринчи жумурткасынан Хубай-Хустун чыгышын каалашпай өздөрү жеп коюшат имиш.

Көкөтай жумуртканы колтугуна бекем кысып жылытканда жарылып, андан кара кулак ак күчүк — Хубай-Хус чыга келет. Хубай-Хус торолуп чоңойгондо, андан бир да жаныбар качып, бир да куш учуп кутула алчу эмес дешет. Мурдагы жетим Көкөтай Хубай-Хустун жардамы менен бир топ ирденип, оокаттуу болуп калат. Бул укмуштуу канаттуу жаныбар жөнүндө кабар алыскы жерлерге, моңгол ханына да жетет. Моңгол ханы канаттуу итти сатып алууну чечип, өз элчилерин жөнөтөт. Себеби, моңгол ханынын баласы катуу сыркоолоп, аны дарылоо үчүн арстандын жүрөгүн берүү зарыл болгон экен. Түштүктөгү чөлдүү аймакта жашаган арстан жеңилгис жырткыч болгон. Аны Хубай-Хус гана жеңе алмак. Курсагы тоюп, шарапка кызыган Көкөтай мындан ажырабайм деген мурдагы убадасын бузуп, байлыкка кызыгып, канаттуу итти сатып жиберет. Моңголияда Хубай-Хус арстанды жеңип, анын жүрөгүн жеген ханзаада сыркоодон айыгыптыр. Түн киргенде Хубай-Хус байланган чынжырын үзүп ата журтка кайтат. Ортолук Эне-Сайга жакындаганда үч маралды көрүп калат. Өзүнүн күчүн сыноо максаты менен аларды кууп жөнөйт. Көкөтай түшүндө Хубай-Хустун үч жылдан кийин келип, марал кууп жүргөнүн көрөт. Ал чочуп ойгонуп, тосуп чыкмакчы болуптур. Эне-Сайдагы Хосхор тоосунун жанынан Көкөтай Хубай-Хусту жана качып бараткан үч маралды кууп жетет. «Мен Хубай-Хусту кууп жеткен жер Хосхор деп аталып калсын» — деп айткан экен ал. Андан соң, алар Типсей, Туран, Оглахты тоолору аркылуу Кара, Ак Июс дарыяларына чейин жетип барышат. Жол катары белгилүү чокулар, чоң дарыялар Көкөтайдан энчилүү ат алышат. Качкан маралдар Оргылык-инек (Козулуу Марал) сазынан Тыттыг-Көлгө жакындап барганда, үчөө тең көлдүн ээсинен сактап калууну суранышат. Көлдүн ээси жаш маралдарга боору ооруп, Хубай-Хусту суунун алдына алдап алып кирген дешет. Ачууланган Көкөтай маралдарга жана Тыттыг-Көлдүн ээсин оозго алгыс сөздөр менен каргаган экен. Каргыштан үч марал тең ташка айланып (Оргы тигей), Оргылыгинек (Козулуу инек) сазынын ортосунда калып, жандары болсо үч жылдыз — Орионго (Үс Муйгах) айланып калышканы баяндалат.

Көк теңири Көкөтайга ачуусу келип, аны жазаламакчы болот. Хубай-Хустун Тыттыг-Көлдүн түбүндө жаткан жанын өздөрүнө алышып, Орион топ жылдызына (Көкөтай адайлары) айлантып коёт. Көкөтай аты менен кошо ташка айланып, жаны Сириус жылдызы (Көкөтай чылдыс) болуп калган дешет. Көкөтай минген аты жана Хубай-Хус ити менен үч маралды түбөлүк кууп жүрөт. Ал дүйнөнүн акыркы күнү гана асмандан жерге түшөт. «Акыр заман» жөнүндөгү кабарды Хубай-Хус Тыттыг-Көлдүн тереңинен үрүп, бүткүл Эне-Сай өрөөнүнө кабар берет имиш.[8]

Хонгорайдын атактуу баатырлары эч качан өлбөйт. Хакас фольклору баатырлар (алыптар) өздөрү өлгөнү менен балбал таш, аска-зоолорго айланышып, ал эми жандары болсо тоо духтарына же жаркыраган жылдыздарга айланып калат. Канаттуу Хубай-Хус ит жөнүндөгү жомок кыргыз-казак фольклорундагы «кумай» (кумайык) менен дал келет.

Хакастарда Ир-Тохчын (Эр-Тохчын) жөнүндөгү уламыштар өтө кеңири тараган. Абакан дарыясынан алыс эмес Ызых тоосунун этегинде жашаган Ир-Тохчын улуу баатырлыгы, атактуу кайчылыгы менен белгилүү болгон экен. Ир-Тохчын Ызых тоосунун чокусуна чыгып алып, көмөкөй ыры (хай) менен машыкчу экен. Анын ыры бүткүл өрөөнгө угулуп турчу дешет. Ир-Тохчындын эки атактуу кара аргымагы болуптур. Эне-Сай талааларына аң уулоого чыкканда башкы аргымагын алыскы тайгага, Казыр жана Кизирге аттанганда кенже аргымагын минчү экен. Кошуна Моңголиядагы (Хара-Моол) күлүк элик, кулан, жейрендерге Ир-Тохчындын гана аргымактары кууп жетчү дешет.

Күндөрдүн биринде моңгол ханынын уулу Согдай-Мирген өзүнүн күчүн жейрендерге аң уулоодо сынамакчы болот. Моңгол аргымактары бул ишке жараксыз болгондуктан, өзүнүн карындашын аргымактарын сурап алып келүү үчүн Ир-Тохчынга жибериптир. Ир-Тохчын моңгол ханзаадасынын сулуулугуна туруштук бере албай, өзүнүн кенже аргымагын берет экен. Буга кубанган Согдай-Мерген чөлдө жейрендердин артынан түшөт. Шамалдай учкан жейрендерге жакындап келгенде жаа тартуу үчүн тизгинди коё берүүдөн коркуп кетет. Экинчи, үчүнчү күнү да ушул эле окуя кайталанат. Согдай-Мерген катуу чапкандан чочулап артта кала берет. Өзүнүн ачуусун аргымактан чыгарып, анын бутуна темир кишен салып коёт. Кеч киргенде Ир-Тохчындын аргымагы ата журтка качууну чечиптир. Ал атканан кашаасынан секирип өтүп, бутундагы кишендери менен Эне-Сай тарапты көздөй жөнөйт. Бирок, ошол учурда Эне-Сай тарапта абдан зор көк жал бөрү пайда болуптур. Көк жал карышкыр аргымактын жакындап келгенин сезип, өз үйүрүнө мындай деп айтат: «Эгер Ир-Тохчындын аргымагы тирүү кайтып келе турган болсо, анда бизге күн жок. Аны кармоо керек!» Бөрүлөрдүн үйүрү кишенделген аргымактын алдынан тосуп чыгышат. Карышкырлар аргымакты Типсей тоосунун жанынан кууп жетишип, жарып салышат. Ушул учурда Ир-Тохчынга карышкырлар жарган аргымагы түшүнө кирет. Чочуп ойгонгон баатыр «бул кандай жаман түш» деп атын токуп, Типсей тоосун көздөй чабат экен. Жакындап келип, кенже аргымагынан калган сөөктү гана көрөт. Кара бөрү («ар пуур») куугундун дүбүртүн угуп, үйүрүнө айтат: «Эгер Ир-Тохчындын аргымагы картаң бээден туулса, анда анын такасы жука болот, ошондуктан таш жолго салабыз, эгер энеси жаш болсо, анын маңдайы жука болот, анда шамалга каршы жүрүшүбүз керек, эгерде бээ орто жашар болсо, анда биз кутулуп кете албайбыз». Ир-Тохчын бөрүлөрдүн үйүрүн бат эле кууп жетип, бир ок менен үйүр жетекчисинен башкасын бүт атып өлтүрөт. Ал кара бөрүнүн артынан Хонгорай боюнча сары изине чөп салып келе берет. Ар бир атылган огу менен бирге жерге энчилүү ат коюп кете берет. Натыйжада, Июс жана Абакан түздүгүнүн көпчүлүк дарыялары менен тоолорунун (Сарагаш, Тиргеш, Таштып, Туим, Биря ж.б.) аттары Ир-Тохчындын айтканы боюнча сакталып келет. Ир-Тохчын карышкырды азыркы Саяногорск турган жерден кууп жетет. Өлөөрүн билген кара-бөрү Ир-Тохчындын аргымагын жарып салууга үлгүрөт. Кара бөрүнүн терисин кеспей сыйрып алып, бул жерге Хара-Тас деп ат коёт. Ошентип, Ир-Тохчын атактуу аргымагынан айрылат. Андан соң, кайгырган Ир-Тохчын аргымактан ээрин алып, кайык менен Эне-Сай аркылуу Абаканга сүзүп келет.

Куугундан жана жоготуудан чарчап-чаалыккан Ир-Тохчын Ирт-Тагка көтөрүлүп, ээрди жазданып, уктап калган экен, азыр да ошол бойдон уктап жатат имиш. Кыш күндөрү Ир-Тагда баатырдын деминен буу көтөрүлүп чыгып турат дешет. Уламыштарда Ир-Тохчын акыр заман болоордо гана уйкудан ойгонуп, өз элин куткарып алат деген баяндар айтылат.[9]

Бул баатырдын энчилүү ысмы байыркы түрк доорундагы лексикага барып такалат: «ир» — эркек, жоокер, эр, жана «тохчын» (туксин) — хандан кийинки үчүнчү тепкичтеги бийлик кызмат орду.[10] Бул ысым байыркы түрк мезгилиндеги идеалдарды аныкташы мүмкүн. Тарыхый фольклордун маалыматтарына таянсак, Хакас-Минусин аймагынын топонимикалык системасы Ир-Тохчын башкарган мезгилге, тагыраак айтканда, байыркы түрк доорунда калыптанган десек болот. Кара карышкырдын сырттандык касиетин («хара хасха ар пүүр») өз тегин бөрүгө байланыштырган Түрк каганатынын түрктөрү менен жалпылыкта кароого негиз бар.

Ир-Тохчын менен катар, баатырдык каармандарга өтө кеңири тараган баатыр Паян-хысты кошууга болот. Паян-хыс ордосу Туима дарыясына жакын жайгашкан Барс-беггин (Пастыр бег) жалгыз кызы болгон. Барс-бег Июс түздүгүндөгү элдин башчысы, андагы жайылган төрт түлүк малдын кожоюну экен. Анын сансыз жылкы үйүрлөрү, жомоктогудай керемет аргымактары («аранжула») кара тору түстө болгон экен. Барс-бегтин жылкылары Белё көлүнүн аймагындагы кенен талааларда жайылып жатчу. Үйүрдү карала түстүү ала айгыр жылкыны ызыхы (ээси) кайтарчу экен. Күндөрдүн биринде ала айгыр жоголуп кетет. Аны издеп барган Барс-бег Ак Июсту кечип өтүп, айгырды тоонун үстүнөн көрүп калган болот. Ошол күндөн бул тоо Ызых-Таг аталып келет. Барсбег жоголуп кайра табылган айгырды алып кетип бара жатса, жолдогу токойдон балтанын үнүн угуп калат. Карагай кыйып жаткан эки кишиден карагайды эмне үчүн кыйып жатасыңар деп сураганда алар сага табыт жасап жатабыз деп айтышат. Алар ошол Ызых-Тагдын дух-ээлери эле. Алардын сөзү Барс-бегке катуу тийип, арадан көп өтпөй көзү жумулат. Анын ордуна элди баатыр Паян-Хыс сурап калат экен.

Кузнецк Ала-Тоосунун түндүк тоо кыркаларына жакын жайгашкан Кия дарыясына жамаатташ жерлерде калмактар жашашчу. Алардын арасында атагы чыккан жылкы ууру Хулатай (варианттары: Харатай, Ала-Саасхан) деген жашаптыр. Күндөрдүн биринде Хулатай жетектеген уурулар (айрым маалыматтарда моңголдор деп да айтылат) Июс түздүгүнө түшүшүп, тору жылкылардын үйүрүн чаап кетишет. Паян-Хыс жылкычылары менен бирге алардын артынан куугунга түшөт. Күн ысыганда дем алуу жеңилдесин деп, Паян-Хыс соотунун жакасын чечип коёт экен. Ушул учурда буктурмада турган Хулатай соот кийген Паян-Хыстын мойнуна жаа менен атып, жарадар кылат. Жыгылып бара жаткан баатыр кызды жоокерлери жерге түшүрбөй кармап калышат да, кайра кайтышат. Кансыраган Паян-Хыс Кара Июс өрөөнүн көздөй жөнөйт. Ал өзүнүн ысымы Хонхорайдын тарыхында унутулуп калышын каалабай бир топ көлдөр менен сууларга ат коюп кетет, алар: Хара-Көл, Терпек-Көл, Таргыжул суусу ж.б.

Баатыр кыз Ак-Июс дарыясына жеткенде күчү кетип, алсырай баштайт. Өлүм алдында жаткан баатыр кыз бир чычкандын өз канын ичип жатканын көрүп, кармап алып, анын шыйрагын сындырып: «Мага окшоп сен да азап тартып кал!» — деп ыргытып жиберет. Бирок, шыйрагы сынган талаа чычканы өлбөй эле, алыс

эмес жердеги бир чөптүн тамырын жеп, айыгып, кайрадан баатырдын аккан канын соро баштайт. Ошондо Паян-Хыс азыр хакастар атын унутуп калган бир чөпкө жакындап келет. Ал «уч муундуу дары чөп» (ус пуунныг ах от) экен. Баатыр кыз чөптүн тамырын жеп жибергенде, жараттары бүтөлүп, аккан кан токтойт. Паян-Хыс өлүм алдында жатып, айыккан жер азыр Хара-Пулун (Кара-Булуң) деп аталары белгилүү.

Катуу жарааттан алсыраган Паян-Хыс Орлан (вариантта — Сон суусу) дарыясына жетип, дарактын түбүнө жатып, алп уйкуга кетет. Тагдырдын жазмышы менен ушул мезгилде Абакан тараптан өз жылкыларын издеп Ир-Тохчын келип калыптыр. Ал уктап жаткан айдай сулуу кыздын этегин ачып басымчалап коёт экен. Паян-Хыс ойгонуп кетип ызасына чыдабай каргыш айтат: «Талаа иттери сенин кара аргымактарыңды жара тартып жеп кетсин! Ир-Тохчындын тукумдарынын кебете-кешпири суук болсун! Бети чулчук, торпок мурундуу болсун!» Бул каргыш Ир-Тохчындын тукумуна тийип, ошондон улам бул уруктун өкүлдөрү жалпак бет болуп калышканы айтылат.

Паян-Хыс уятына чыдабай адамдардан качып Оглахты тоосуна барып жашынган экен. Ай-күнү жеткенде Эне-Сайдын жээгине келип, көз жарат да, наристени кайыңдын кабыгынан жасалган кайыкка салып, сууга агызып жиберет: «Барс-беггин тукуму өлбөсүн, дайыма учугу улансын!» — дейт да, кыз өзү да сууга боюн таштап, чөгүп кеткен экен. Айрым варианттарда Паян-Хыс чет элдик баскынчылар менен болгон кармашта курман болот. Сөөгү Окис-Тигей тоосуна коюлганы баяндалат. Паян-Хыс төрөгөн баланы дарыяда агып келе жаткан жерден Хурхун (Тахтар деп да айтылат) жана Хубан деген эки бир туугандар кармап алышат. Алар Эне-Сайга жакын жердеги Сарагаш деген жерде жашашчу экен. Наристени Хубан багып чоңойтот. Бала жашынан чачы жок болгондуктан ал Хоох (таз) деген лакап ысым менен аталыптыр. Андан бүгүнкү Коковдордун уругу тарайт.[11]

Паян-Хыс жөнүндөгү уламыш Коковдор уругу курамына кирген «соххылардын» тегинин жергиликтүү экендигин аныктайт. Алар расмий орус жазма булактарында «Кубан тукуму» деп жазылчу. Хубандын бир тууганы — Тахтар азыркы «Татаров уругунун» түпкү бабасы болуусу ыктымал. Бул урукту хакастар бурут (пүрүт) деп аташары маалым. Фольклордук жана жазуу маалыматтарды салыштырганда соххы жана бурут уруктарынын тектик жалпылыктары байкалат. Паян Хыстын каргышы менен буруттардын өңү-башы монгол сымал болуп калышкандыгы баяндалат. Мындай болгондо, Хонгорайдын алгачкы жашоочулары европеид болушканы, ошону менен бирге, кыргыздар жөнүндөгү баяндалган чыгыш булактарынын маалыматтары менен дал келет. Бул жолу кара темгилдүү барс түстүү ызых-жылкы жана Июс талаасынын элинин түпкү бабасы болгон Барс-бег, байыркы кыргыздардын тотемдик жаныбары болгон барс культунун чагылышын аныктайт.[12]

Абакан өрөөнүндө Уйбат деген жерде жарык дүйнөгө келген Пора-Хазра (ак боз музоо) деген баатыр боз улан жөнүндөгү (айрым учурда Ала-Ирт, Ах-Кумек деп да айтылат) уламышты угууга болот. Ал башкалардан тентек мүнөзү жана кара күчү менен айырмаланчу экен. Жума күнү (сарсых күн) анын энеси каймактан кошуп «потхы» (ботко) жасап жаткан эле. Пора-Хазра алыска жер кыдырганга чыкмакчы болуп калат. Эски салт боюнча жуманын үчүнчү күнү кырсык болот деп жолго чыгышчу эмес. Энесинин каршы болгондугуна карабастан: «кудайдын бардык күндөрү бирдей!» — деп, жолго чыга берет. Өз баласын жолдон токтото албаган эне бышырып жаткан «боткодон» идишке

салып, ээрдин канжыгасына байлап бериптир. Ал Сахсар тоосуна көтөрүлүп Ызых тоосунда турган жоо аскерлерин байкап калат. Хуюлыгтагдын үстүндөгү салынган сепилдерге жашынган жоо аскерлери жаа менен элди тынбай атып турушкан эле. Ачууланган Пора-Хазра жаасын тартканда атылган жебе Ызых тоосун тешип өтөт. Жебе тийип кулаган аска «Пора-Хазра атхан хаязы» «Пора-Хазра аткан тоо» деп аталары белгилүү. Душмандын аскери чочугандан чилдей тарап, артынан Пора-Хазра куут калат. Тиренг-Өзөнү башталган жердин жанынан, Ызых тоосунун тушунан Пора-Хазра аргымагы менен Абакан дарыясынан секирет. Аргымак секиргенде алдыңкы туяктары кургакта, арткы туягы сууда калат экен. Ушул учурда ээрдеги ысык ботко аргымактын сооруна куюлуп, эки алдыңкы аягын көтөргөн бойдон тик боло түшөт. Пора-Хазра жерге кулап түшөр замат, аны жоо аскери курчап алат. Бала баатыр акыркы мүмкүнчүлүгүнө чейин салгылашып жатып курман болот.

Жоонун жетекчиси Моол-хан канжары менен Пора-Хазранын көкүрөгүн ачып, жүрөгү түктүү экенин көрөт. Хакастар эч нерседен тайманбаган адамды жүрөгүндө түгү (тукпі чурек) бар эр деп айтышат. Мындай лакап сөз теңир-тоолук кыргыздарда да сакталып, тайманбаган көк жал кишилерди «жүрөгүндө түгү бар» деп аташары белгилүү. Азыр да Тиренг-Өзөн жылгасында Пора-Хазра курман болгон жерде баатырдын жаны тоо ээси-духтар менен бирге жүрөрү айтылат.[13]

Жаа согушу (охчаа тузы) күчөп турган мезгилде Табат дарыясынын өрөөнүндө Полчек (Бөлтүрүк) аттуу даңктуу баатыр жашаптыр. Анын аялы менен баласынын да турпаты алп сымал болушкан имиш. Анын аң уулаган ээлигине Табаттын жогорку агымы жана ушул эле дарыяга жанаша жайгашкан чөлдүү жерлер кирген. Азыр да бул аймактагы тоолор «Полчек-Тат» деп аталат.

Полчек баатырдын уулу зор балбан болгон экен. Бир жолу баткакка батып калган буканы тогуз адам чыгара албай жатканын көрүп, ал бир колу менен эле мүйүздөн алып, сүйрөп чыкканын аңыз кеп катары айтып жүрүшөт. Анын алп күчү жөнүндөгү кабар бүткүл Абакан өрөөнүнө тараптыр.

Ошол мезгилдерде Абакандын жогорку агымында сарыглар уругунан чыккан Чалбарт аттуу кара шаман жашаптыр. Анын тогуз бабынын бири колодон (Хола Туур) жасалган экен. Чалбарт Полчектин атагын ичи тардык менен кабыл алат. Ал жаш баатырды өзүнүн күчүн сыноо үчүн күрөшкө чакырмакчы болот. Чалбарт Табат өрөөнүнө келет да, белбоо байланып, күрөшүүнү сунуш этет. Шарт боюнча жеңилген тарап өз букараларын (албаты) жеңген тарапка берүүгө милдеттүү болот. Чалбарт биринчи көтөрүп чапканда Полчек жыгылбай туруп калат. Андан соң жаш баатыр Чалбартты белбоодон алып, жерге чапканда, шамандын кабыргасы сынат. Бул окуядан кийин Полчек жана анын уругунун даңкы дагы алыска тарайт. Жеңилген Чалбарт үйүнө кайтып келип, өч алуу жөнүндө ойлоно баштайт. Тогуз күн, тогуз түн шаман күчтөрүн топтоп, акыркы күнү тогузунчу коло бабы менен дубалаганда, ал дуба Полчектин жүрөгүнө барып тийип, баатыр каза табат.

Ушул эле учурда Полчектин атасы аң уулоодон кайтып келе жаткан экен. Ал Силбер-тагдан үч эликти көрүп калат да, көп ойлонбостон туруп, алтын мүйүздүү, үч кулактуу эликти жаа менен атып өлтүрөт. Ушундан соң өзүн жакшы сезбеген жаш баатырдын атасы үйүнө келе жатып Полчек тоосунун үстүндө жан берет. Алтын мүйүздүү элик баатырдын уругунун жаны эле. Полчек жаанын огу менен өзүнүн жанын өзү атып алган болчу.

Баатырдын аялы кош жоготуунун кайгысына чыдабай аскадан боюн таштап өлөт. Алардын сөөктөрү Полчек-Тагка (азыркы Табат айылынын орду) коюлган. Ошентип, Чалбарт шаман өсүп-өнүгүп жаткан Полчек уругунан өч алган экен.[14]

Чалбарттын үй-бүлөсү чоң болгон экен. Өз үй-бүлөлөрү бар тогуз уулу болуптур. Бир жылы кыш узакка созулуп ачарчылык коркунучу келип чыгат. Ал өзүнүн уругу сарыгларды аман алып калууну чечип, аларды үйүнө чакырып, зикир чалат. Ал зикир чалардын алдында туугандарын мындай деп эскертет: «Боз үйдүн түндүгүнөн асмандан кедр жаңгагы жаайт, дуба окулуп бүткөнчө эч кимиң тийбегиле!» Тайганын ырыскысы жаап, үйдүн ичи жаңгакка толуп чыгат. Эң кичүү келини чыдай албай бир жаңгакты жашырып алып, аны тиштеп чагар замат, үйгө куюн кирип, шаманды жана жаңгактарды түндүктөн учуруп жөнөйт экен. Чалбарттын денеси бабы жана таягы менен кошо аскага барып катуу урунуп өлөт. Ал асканын боорунда азыр да чалбарттын денесинин тийген тагы көрүнүп турат экен. Ошол учурдан бул аска Чалбарт деп аталып, сарыглардын урууулук сыйынган тоосу болуп келет.[15]

Тогуз баптуу чоң шамандар ар түркүн уламыштарда, а түгүл баатырдык эпостордо да кезигет. Хакас фольклорунда башкы шаман катары Палабан-хам (варианттары: Палабар, Палагыр-хам, Парамон-хам) катышат. Маселен, ак көздүү укмуштуу жандар жөнүндөгү мифте тогуз баптуу Палабан-хам алардын өлүмүн алдын ала айтат; «Хара-Сарыг» деген уламышта тогуз баптуу Палагырхам деген шаман аял Чечек өлкөсүндө зикир чалып дуба окуйт; Маселен, «Сыгда жана Сыбы» уламышында Моол-хандын кызматында Паламор-хам аттуу тогуз баптуу чоң шаман болгон экен, ж.б.[16] Болжолу, «Палабан» деген аталыштын өзүнчө бир мааниси болушу ыктымал. Бул байыркы түрк доорундагы «барман» будда брахманы дегенден келип чыгышы мүмкүн.[17] Буддизмдин Эне-Сай чөлкөмүнө таралыгаы Кыргыз мамлекети дооруна таандык жазма булактарда жана археологиялык материалдарда чагылдырылган.

Айрым бир белгилүү шамандар өз жерин моңголдордон коргоо үчүн согушка катышышкан. Уйбаттын төр жагында атактуу шаман Эпчелейдин (варианттары: Хазыра Пуга, Пуга Моке, Хазыра Пугур) ордосу болгон. Күндөрдүн биринде Томь дарыясы тараптан душмандардын аскерлери көрүнүп калат. Эпчелей уулдары жана жээндери менен бирге аларга кол салышат. Душман эки тараптан курчоодо калат. Жээнинин капыстан аткан огу Эпчелейдин көкүрөгүн тешип өтөт. Жоо аскери жеңилгенден соң, шамандын сөөгүн бийик чокуга көмүшөт; бул жер кийин Эпчелей-Тасхыл (ХамТасхыл — Шаман ак тоосу) деп аталып калган. Уулдары таштан тирөөчтөрдү орнотушат, анын үстүнө таш табытты орнотушат. Тоонун этегинен табытка чейинки жолго таштан тепкич салышат. Өлөөр алдында Эпчелей уулдарына оң сөөмөйүн кесип, өзү окко учкан жерге көмүүнү буюрат: «Эгерде менин жылдык кара ашымда сөөмөйүм көмүлгөн жерге кайың токою өсүп чыкса, анда хакастар бул жерге түбөлүк жашайт, эгерде, өсүп чыккан токой куурап калса, анда бул жерге хакастар жашай алышпайт!» Бир жыл өткөндөн соң, Эпчелейди эскерүүгө келген кишилер киши өтө алгыс чытырман токойду көрүшүптүр.[18] Эпчелейдин тукумдары Абжилаевдер деп аталышып, том-сагай урууларына киришери маалым.

Хакастардагы шаман дини бир нече миң жылдан бери жашайт. Кыргыз каганатынын тушундагы кытай жылнаамачылары мындай деп жазышат: «Духтарга арнап талаада курмандык чалышат... Шамандарын гань (кам) деп аташат».[19] Шамандарды Саян-Алтай түрктөрү азыр да «камдар» (хамнар) деп аташат. Жөнөкөй элди алардан айырмалашып, хал (халлар) деп аташчу. Камдар

«пугдур хамы» — эң жогоркулар, «пулгос хамы» ортоңкулар, «чаланчиктер» — билими жоктор же төмөнкүлөр (расмий даярдыктан өтпөгөндөр) болуп үч катмарга бөлүнүшкөн. Хандардын алдында кайыптан кабар алып, башкаруучунун тагдырын айтып берүүчү шамандар болгон. Аскерлердин арасында «чаа хамы» — аскер шамандары болуп, алар согуштук жүрүш мезгилдеринде чалгынчылык кылышып, согуштун жыйынтыгын алдын-ала айта билишкен.

Сартакпай, Көкөтай, Ир-Тохчын, Паян-Хыс ж.б. каармандардын мифологиялык-поэтикалык образдары хакастардын гана эмес, Саян-Алтайдын башка элдеринин да тарыхый-маданий мурастарынын маанилүү катмарын түздү. Хакастардын эсиндеги Барс-бег 711-ж. Түрк каганатынын кошуундарына каршы согушта курман болгон Кыргыз каганатынын улуу каганы Барс-бег жөнүндө кабар берет.

## 2.2. Моңгол басып алуулары мезгилиндеги легендарлуу баатырлар (XIII — XVI кк.)

Кыргыз мамлекетинин моңгол басып алууларынан кийин кулашын чагылдырган маанилүү тарыхый фольклордук чыгармалардын ичинен Көтен-хан жана Ак-Көбөк жөнүндөгү уламыштарды алууга болот. Түштүк Хакасияда атактуу Көтен-хандын кыргыздын акыркы ханы болгондугун белгилешет. Анын ордосу Абакан өрөөнүндө жайгашканы (айрым варианттарда Эне-Сай өрөөнүндөгү Көтен-булакта) баяндалат.[20] Кыргыздар өз алдынча саясый турмуш өткөрүшкөн. Айлана-чөйрөдөгү элдер Көтен хандын бийлигине үнсүз моюн сунуп турушчу. Жыл сайын Тун-Айран деген жай майрамында Көтен-хан мелдештин үч түрү боюнча беттешүү өткөрчү экен. Алар: «маргы-тасты» — оор чулу ташты көтөрүү, белбоо күрөшү жана жаа атуу мелдештери болгон. Андан соң, мелдештин жеңүүчүлөрүнө Табат дарыясынан же Көтен-хандын ордосунан Эне-Сайга чейин андан кайра артка күлүк чабуу жарыяланган. Мелдештин соңунда кол менен мушташуу уюштурулган. Бир да баатыр кыргыз ханынын күчүнө туруштук бере алчу эмес дешет.

Жашы өтүп калганча Көтен-хан жалгыз бой жашап, мамлекетти жеке өзү бийлейт, анткен себеби, анын тулку бою өтө зор болгондуктан ага чактуу колукту табылбаптыр. Күндөрдүн биринде анын нөөкөрлөрү жыйналып, Көтен-ханга кайрылышып: «Оо, биздин өкүмдарыбыз! Сенин жаш мезгилиң артта калды, ал эми сенде өзүңдүн улуу иштериңди улантчу орун басар мурасчың жок. Өзүңө жаккан кызды кыргыз элинен танда. Биз сизден кийин да күчтүү өкүмдар менен калгыбыз келет!» — деп суранышат экен. Ошондо макул болгон Көтен-ханга татыктуу деп эсептелген 30 кызды алып келишет, анын ичинен хан тогузун гана тандап алган эле. Аларды ордого жайгаштырып, өтө жакшы чүйгүн тамактарды бере башташат экен. Көтен-хан билгизбей сыртынан байкайт. Ханга алардын ичинен бир жубан жагып калат. Анткени, ал жубандын заара кылган жери оюлуп калганын көрүп, анын жатыны мыкты экенин байкаган экен. «Бул күчтүү аял менин теңим экен!» — дептир хан. Көтен-хан үйлөнгөн аял «модар» уруусунан чыккан экен. Ал жубан мурда Ак Көбөк (Ак Көбүк) аттуу уул төрөп, анысы Эне-Сайдын аркы жээгинде турчу экен.

Арадан убакыт өтүп, Көтен-хан уулдуу болот да, атын Ак-Көк Мерген деп коюшат. Ал атасы сыяктуу абдан балбан болгону менен атасындай кыраакы эмес аңкоорок жигит болуп чоңоёт. Ошол эле мезгилде, модарларда элге ичи тар, көрө албас катары белгилүү болгон Көрмегес аттуу башкаруучу жашаптыр. Ал

Эне-Сайдын сол жээгиндеги элди баш ийдирмекчи болот. Кыргыз жеринде кандай окуялар болуп жатканын кунт коюп байкай баштайт.

Күндөрдүн биринде Көрмегес мадар нөөкөрлөрү менен Көтен-ханга конокко келишет. Кыргыз ханы өзүнүн аялынын туугандарын кубаныч менен тосуп алып, өтө чоң салтанат уюштурат. Модарлар Ак-Көк-Мергенди өлтүрүп анын ордуна кыргыздарды башкаруу үчүн Ак-Көбөктү коюшмакчы болушкан экен. Көтен-хандын уулу аңкоолугунан эч нерсени байкабай, шараптан тое ичип алып, уктап калат. Жанындагы сакчылар да бекер келген модар шарабына тоюшкандан соң тарап кетишет. Ак-Көк-Мергендин жанында анын бир тууганы Ак-Көбөк калганда Көрмегес аны мадарлар тарапка өтүүнү үндөп, макулдугун алат. «Эгер Ак-Көк-Мергендин көзүн тазаласак, анда карып калган кыргыз ханынын ордуна хан, Кыргыз мамлекетинин падышасы өзүң болосуң» — деп айтышкан экен. Ошондо ал уйкудагы Ак-Көк-Мергенди аттын куйругуна жибек аркан менен байлап сүйрөтүп, Эне-Сай тарапка алып жөнөшөт. Жанынын ооруганына чыдабай Ак-Көк-Мерген: «Мени көп кыйнабагыла, өтүгүмдүн кончунда катылган бычакты алып, өлтүрүп салгылачы» — деп суранат. Модарлар анын айтканын аткарышыптыр.[21]

Ак-Көк-Мергенди өлтүрүшкөн соң, Көрмегес жоокерлери менен Табат дарыясынын жанындагы Көтен-хандын ордосуна кол салышат. Бул мезгилде Көтен-хан Абакандан ыраак жерде жүргөн экен. Алыстан Есь дарыясынын жанынан ыйлаган аялдардын, кыйкырган эркектердин үнү угулат. Чечкиндүү салгылашууда Кыргыз ханы модарлардын колун талкалайт. Жеке салгылашууда Көрмегес жарадар болуп, модар жерине барып өлөт. Ак-Көбөк болсо хандын каарынан качып жашынат. Бул тоо кийин Ах-Комі-Таг деп аталып калган. Хандын каарынан качкан өгөй бала өгөөсүн жолдо түшүрүп койгон экен. Алтын-Көлдүн жанындагы руника сымал жазуусу бар төрт бурчтуу таш Ак-Комік отых тазы (Ак Көбөктүн оттук ташы) деп аталып келет. Ак-Көбөк изин жашырып, Саяндан ары жашаган моңгол ханына кызматка өткөн экен. Көп убакыт өтпөй тагдырдан оор сокку алган Көтен-хан да дүйнөдөн кайтат. Анын сөөгү Табат дарыясынын боюндагы чоң бейиттердин бирине коюлган. Жетекчисиз калган кыргыз эли Ак-Көбөктүн жардамы менен басып кирген моңгол ханынын чабуулуна туруштук бере албай, баш ийүүгө аргасыз болуптур.[22]

Ал эми Түндүк Хакасияда Көтен-хан Ак Июс дарыясына жакын жайгашкан Оспа-Таг (Ашпа) деген жерде жашап өткөндүгү жөнүндө башка варианты айтылат. Күз күнүндө түндүктөгү Сеет деген өлкөдөн (Чулум тараптан) Июс өрөөнүндө бир балбан кыз пайда болот. Сарат деп аталган жерде андан заара кылганда көбүктөн көлөмү койондой бала төрөлүп, атын Ак-Көбөк (Ак-Көбүк) деп коет. Ак-Көбөк баатыр Июс түздүгүн байыр алып жашап калат.

Аң уулап жүргөн Көтен-хан Сеет өлкөсүнө келген баатыр аялдын адамды таңданткан заарасынан оюлган жерди көрүп калган эле. Бирок, кыргыз эли Көтен ханды чечилип, колдобой коюшкан болот. Нөөкөрлөрү ага түз айтып, билдирүүдөн айбыгышып, макул болбосун туюшуп: «Бабалардын айткан насаатына караганда тектүү жердин адамы акылдуу, тексиз жердики акылсыз болуп чыгат, ханым!» — деп билдиришкен. Бул аялдан Көтен-хандын Хангыс жана Мангыс деген эки уулу төрөлөт. Алар атасы сыяктуу баатыр денелүү, бирок аңкоо, зээнсиз болуп чоңоюшат.

Аң уулап жүргөн Көтен хан Ак-Көбөккө жолугуп калат. Ак-Көбөккө кыргыз ханынын аты жакпай, аны «көчүк» деп кордогон экен. Көтен-хан үйүнө кайгырып келип, уулдарын өч алууга жөнөтүптүр. Бирок, алар аңкоолугунан жолдо курман

болушат. Ак-Көбөк Хангысты оозун ачып, тиши менен атылган жаанын жебесин карма деп, ал эми Мангысты Сарас көлүнө киргизип, моюнга чейин музга тоңдуруп туруп, башын алып таштайт.

Ачуу чындыкты түшүнгөн Көтен-хан ат сайыш мелдешинде Ак-Көбөктү найза менен соотун теше сайып өлтүрөт. Көтен-хан
кыргыздардын акыркы ханы болгон. Анын көзү өткөндөн соң, кыргыздарды моңголдор сүрүп кеткен деп айтылат.[24]

Көтен-хан жөнүндөгү тарыхый фольклордун маалыматтары ХП1к.Кыргыз мамлекетинин моңголдор тарабынан баш ийдирилгендигин чагылдырат. Моңгол армиясына чакырылган кыргыздар менен бирге, атактуу башкаруучу Көтен-хан жөнүндө уламыштар түрк-моңгол дүйнөсүнө кеңири тараган. Кыпчактар аркылуу ал Египеттин түрк-мамлюктарына да тарайт. XIII к. египеттик жазма даректерде татар уруусунан чыккан баатыр Ак-Көбөктүн кыпчактардан чыккан
Котян-хандын Монгуш деген уулун эр сайышта өлтүргөндүгү баяндалат.
Котян-хан аскер жыйнап, Ак-Көбөктү жеңет, ал өз кезегинде моңголдордон жардам сурап, кайрадан кол салгандыгы баяндалат.[25] Көтен-хан жана Ак-Көбөк тууралуу уламыштар сибирлик татарларда, телеут, алтысар жана теңир-тоолук кыргыздарда кеңири таралган.[26] Ак көбүктүү заара кылган аялга үйлөнүү эпизоду кыргыз уругуна кирген, бүгүнкү якуттардын түпкү бабаларынын бири болгон Элес жөнүндөгү уламышта да бар.[27] Фольклордук каарман Көтен-хандын чыныгы ысмы Түндүк Хакасияда сөздүн маанисин оңдоо ниетинде «көтөн» дегенди «көчүк» маанисине алмаштырып «Көчім-хан» деп айтышат. Ушундан улам айрым изилдөөчүлөр фольклордук баатырды Күчүм-хан менен чаташтырып жүрүшөт.[28] Ак-Көбөктүн легендарлуу аты түштүк алтайлыктардын көп сандуу уруктарынын биринин аталышы болгон «көбөк» этнониминин негизинде жатышы мүмкүн.[29] Бул фактылар Көтен-хан жана Ак-Көбөк жөнүндөгү уламыштардын тамыры жергиликтүү экендигин жогорудагы маалыматтар чагылдырары шексиз. Бир гана нерсе, эмне үчүн Кыргыз мамлекетинин падышасы эл оозунда жагымсыз ысым менен эскерилгени белгисиз. «Көбүк» деген ат кайрадан жанданып, жаралып жаткан турмуштун, жашоонун күчүн туюнтушу мүмкүн. Фольклордук чыгармалар боюнча көбүктөн балдар пайда болушат: теңир-тоолук кыргыздарда да ушундай уламыштар айтылып келери маалым.

Кыргыз мамлекети (Хыргыс хан) жашап турган мезгилде Эне-Сай өрөөнүндөгү Оглахты тоо чөлкөмүндө Тулжубай аттуу баатыр (алп) жашаган экен. Анын ордосу Туралыг Аас деген жерде жайгашып, Оглахты тоолоруна коргонуу курулуштарын (Тулчубай своезі) салдырат. Ал ордосу Абакандын уй-таг тосунун этегиндеги Узум деген жерде жайгашкан Кыргыз мамлекетинин башчысына баш ийген экен. Тулжубай тулку бою абдан зор болгондуктан, аны ат көтөрө албай, жөө жүрчү дешет.

Күндөрдүн биринде Кыргыз жергесинде өкүргөндө үйлөр кулаган, дарактар сынган зор көк бука (алып кок пуга) пайда болот. Аны аңчылардын бири да ата албай койгон экен. Кыргыз ханынын ордосуна жакындап келе жаткан укмуштуу жаныбар жөнүндө кабар келет. Кыргыз элинин жетекчиси өз элчилери аркылуу Тулжубайга кайрылууга аргасыз болот. Баатыр бул коркунучтуу жаныбарды жөө басып, алдынан тосуп чыгат. Жети күнгө созулган айыгышкан беттешүүдө көк бука жеңилген экен. Салгылашуу болуп өткөн Ах Сабага деген жердеги тоо-таш, токойлор кыйрап, жылаңач талаага айланып калган имиш. Укмуштуу бука Куня (Кунутаг) деген тоонун этегинде өлүп, ташка «пуга тас» айланып калат. Бул таш

узак убакыттар бою Тулжубайдын баатырдыгын эске салып турган экен. Тулжубай кыргыз каганы тарабынан анын эрдиги үчүн сунуш эткен алтын менен күмүштөн баш тартат да, өз жерине кетет. Бирок, көк бука менен беттешүүдө алган жарааттарынан оңоло албай каза табат экен. Кыргыздын улуу баатырынын өлгөнү моңголдорго чейин угулат. Моңголдор мындай ыңгайлуу учурдан пайдаланышып, катуу каршылыкка учурабастан, кыргыздарды басып алышат да, элди туткундап Дэрбэт (Торбет) жерине алып кетишет. Жол жүрүп токтогон учурда, ашууларда сүрүлгөн кыргыздарды түгөлдөп санашкан экен. Ушул окуяларга байланыштуу Саян-Алтайдын ашууларындагы белдерде санак таштар (элде «тас тастаан пил» деп аталат) пайда болгон. Бул обоо таштар элде «кыргыз таштары» деп айтылып келет.

Моңголдор менен согушта Тулжубайдын аялы Сагыр-Хая тоосундагы үңкүргө жашынып калат. Ал кош бойлуу экен, көп узабай төрөп, балдарына Чабыжак жана Чабындай деп ат коёт. Бул балдардан бүгүнкү хакастардагы «кыргыз» уругу тарайт.[30]

Жылкы үйүрүнүн сактоочусу — ээси («ызых») болгон Тулжубайдын аргымагы (маган ат) бүткүл төрт түлүк менен кошо Дэрбэт жергесине айдалып кетет. Моңголдор аргымакты качып кетпесин үчүн темир кишен (тимір газен) салып коюшат. Бирок, баатырдын аргымагы кишенделгенине карабастан, өз журтуна качып келет. Аргымак Оглахты деген жердеги тоону (маган ат чолы) жердеп калыптыр. Баатырдын аргымагы сууга өз кожоюну жүргөн жол (магал ат чолы) менен түшчү экен. Аргымакты сууга түшкөн жеринен койбал уруусундагы хайдыңдар көрүп калышат. Алар атайын жол жасашып, суу аркылуу баатырдын аргымагына жакындап келишип, жаа менен атып, этин жеп тойлошот. Бул жасаган кылмышы үчүн хайдыңдар өтө катуу жаза тартышат. «Ызыхтардын» колдоочу духтары кара чечек («хараан аалчы») оорусун жибергенде, Эне-Сайдын оң жээгиндеги койбалдар кырылып калышкан дешет.[32]

Тулжубай баатыр жөнүндөгү уламыштарда Хонгорайда XIII к. моңгол чабуулунан XVIII к. баш чендерине чейинки окуялар чагылдырылат. Жылкы «ызыхтарынын» культу Кыргыз мамлекетинин тушунда эле белгилүү болгон.

Фольклордук баатырлардын ичинен Хонгорайдын атакка бөлөнгөн кыздарынан Абахай-Пахтаны бөлүп көрсөтүүгө болот. Сулуу Абахай-Пахта Абакан өрөөнүндө жашап, жаш кезинен эле Ачирке-Мерген (Ачыр, Ачыргас, Хайыргас деп да айтылат) деген татыктуу жигитке кудалашып коюшкан экен.

Күндөрдүн биринде Кара Моңголиядан (Хара Моол) моңгол ханзаадасы Хургун-Тайжи жетектеген кошуун келип калат. Ал үйлөнүү тою болордун алдында кыз оюну (теенчж) өтүп жаткан учурда Абакай-Пахтаны туткундап Моңголияга алып кетет. Абахай-Пахта туткунда жүрүп, моңгол ханзаадасына Ах-Таса, Көк-Таса аттуу эки уул төрөп берет. Ал ыңгайы келген учурда балдарын тагдырдын буйругуна таштап, ата журтту көздөй качат. Моңгол ханынын аргымагын минген Абахай-Пахта Эне-Сайды сүзүп өтүп, жээке эс алууга токтойт. Ал жубан экенин билгизген эки өрүм чачын жазып, аны кыздарга окшоштуруп тал-тал кылып өрүп алат. Ошол учурда дарыянын аркы өйүзүнөн Хургун-Тайжи жетектеген куугун келип калган эле. Моңгол ханзаадасы Кем-суг (Эне-Сай) дарыясын сүзүп өтө албай, Абахай-Пахтага: «Артка кайт! Бизде алтын, күмүш байлыгыбыз көп, ортодо тапкан балдарыбыз бар!» — дегенде, Абахай-Пахта: «Жакшы болуптур, балдарымды мында алып кел, ошондо сүйлөшөбүз!» дептир. Убакыт өтүп Хурхун Тайжинин нөөкөрлөрү балдарды алып келишет. Көзүнө жаш алган Абахай-Пахта моңголдорго шарт коёт: «Ах-Таса, Көк-Таса деген

балдарымды Кем-сууга таштап жибергиле, ошондо гана мен кайта бара аламын», дейт. Хурхун-Тайжи бул шартка аргасыз макул болот. Балдар Эне-Сайдын толкундарына чөгүп кетер замат Абахай-Пахта; «Менин балдарым өз элиме душман болбосун, эми алар жок, жалгыз калдым, өз элиме кайтып барсам болот!» — деп айтып, аргымакка минип өз элин көздөй чаап жөнөйт. Ушул мезгилде Ачирке-Мерген кудалашкан колуктусун күтпөй, Абахай-Пахтанын сиңдиси (пастызы балдызы) менен баш кошмокчу болуп калат. Салт боюнча эжеси өлүп калса, сиңдиси үч жылдан соң жездесине турмушка чыкчу. Бирок туткундан келген колуктусун көргөн Ачирке-Мерген кубанат. Бирок, айкөл Абахай-Пахта: «Мен сени жана өз айылымды таштап кетем, артымдан Хургун-Тайжи баштаган куугун келе жатат. Мага тынч турмуш жок!» — деп, аргымактын башын буруп, Алтай тоолору жакка кетип, ошол жерден каза болот (Айрым варианттарда Ачирке-Мергендин экинчи аялы болуп калганы баяндалат).[32]

Хакастардагы «Абахай-Пахта» жөнүндөгү уламыш кошуна жашаган алтай, бурят, туваларда белгилүү эмес. Экинчиден, Абахай-Пахтанын образы теңир-тоолук кыргыздар менен уйгурлардын фольклорунда кездешиши моңгол чабуулуна чейинки доорду чагылдырат. Кыргыз илимпозу Т. Абдыракунов кыргыздардагы «Ак-Мактым», уйгурлардагы «Мактум-Сулу», хакастардагы «Абахай-Пахта» (Абакай Таксыр) уламыштарын салыштырып, сюжети жагынан алардын жалпылыгын аныктап чыккан.[33] Контексттен алганда Абахай-Пахта — бектин кызы болуу керек, анткени «абахай» сөзү «айым», «мырза айым» деген социалдык терминди аныктайт.

«Абахай-Пахта» уламышында катышкан персонаждардын эки курамдуу энчилүү ысымдары бек титулдарын аныктайт. Маселен, моңгол ханынын уулу Хургун-Тайжинин «тайчы» деген титулу «ханзаада», ал эми Ачирке-Мирген — «Мирген» аскер титулун аныктаган. Бул аталган титулдардын теги моңгол чөйрөсүнө таандык болушу мүмкүн.[34]

Абахай-Пахтаны ымыркай мезгилинде эле талаа мыйзамы боюнча кудалашып (бешик куда) коюшкан.[35] Бул байыркы үйлөнүү салты боюнча, тойдун болор алдында кыздар үчүн атайын кыз оюн (тээнчж) уюштурулчу. Бул каада-салт өзүнүн теги боюнча байыркы түрк дооруна таандык. Трагедиялуу сүйүү, үй-бүлөлүк, турмуштук каада-салттар, аялдардын орто кылымдардын катаал доорлорундагы тагдырлары түрдүү фольклордук чыгармаларда чагылдырылган. Маселен, хакастардын «Чанар-хус» аттуу уламышындагы эки жаштын сүйүүсүнүн шекспирдик «Ромео менен Жульетта» трагедиясындагы соңку бөлүмү менен толук жалпылыгын байкоого болот. Аталган уламыш телеуттарда да сакталып келет. Бул ырдын нотасын И. Гмелин кагаз бетине XVIII к. орто ченинде түшүргөн. «Чанар-Хус» уламышы орто кылымдар мезгилиндеги Хонгорайдагы коомдук-социалдык карама-каршылыктарды чагылдырат.[37]

Орто кылымдардагы кыргыз коомунда көп аялдуулук массалык мүнөзгө ээ болгон эмес; айрым учурларда аялдардын күндөштүк, кызгануучулук эрегишинин аягы трагедиялуу аяктоочу.

Эне-Сай өрөөнүндө кыргыз хандары бийлик сурап турган мезгилде Куня (Кунну-Таг) тоосунун этегинде эки аялы бар өтө бай киши жашачу. Алар өтө кызганчаак болгондуктан бир үй эмес, бир айылга батпай калышканда, бай аялдарды Куня тоосунун эки капталына бөлүп жайгаштырат.

Жыл сайын бул тоодо Көк Теңирге (типр тайии) арналган курмандык чалынып, түлөө өткөрүлүүчү, эркектер тоонун чокусуна чыгышса, аялдар тоонун этегинде калышчу. Кыргыз байынын эки аялы Куня тоосундагы түлөө

өткөрүлгөн жалпы сый-тамактан кездешип калышат. Шараптан бир топ ичишкенден соң, бирин-бири көрө албаган күнүлөш аялдар («пут абызыны») бычакташып кетишет экен. Алардын сөөгүн бычакташуу болгон жердеги Куну-таг деген кырга коюшат. Акылынан адашып өлүшкөн бул аялдардын бейиттерине көрүстөн таштарын орнотушкан. Ар бир жолоочу бул кырга келгенде бейиттерди вино менен аласташып, аялдардын арбактарын тамактандырышат. Мындай ырым-жырым аткарылбаса, байдын өлгөн аялдарынын арбактары түн ичинде сары итке айланып, адамдарды кабат деп ишенишкен.[38]

Бул жер-суу аталышына байланышкан уламыш орто кылымдардагы кыргыздардын турмушундагы бир кайгылуу окуяны чагылдырган. Абакан өрөөнүнө каптап кирген моңгол аскерлерине каршы күрөштө Хатан-алып деген даңкка бөлөнгөн. Анын сепили тоодо жайгашып, бул жер анын аялынын урматына Таптанг-Тура деп аталган. Моңгол аскерлери чептин алдында жай мезгилдеринде пайда болуп калышчу. Моңголдордун тез-тез кайталанган чабуулунда Хатан-Алып өз жоокерлери менен сепилге жашынууга аргасыз болот. Жай өтө кургакчыл келип, чептеги суу түгөнө баштайт.
Хатан-алып жана анын жоокерлеринин каны катып, алдан тая башташат. Бул татаал кырдаалда Хатан-алыптын аялы Таптанг айым канжары менен өз көкүрөгүн жарып, күйөөсүнүн суусунун каны менен кандырган экен. Хонгорайдын коргоочулары жапырт чабуулга чыгышып, душманды талкалашат. Наркы таза аял ата журту үчүн, сүйгөн жары үчүн курман болуп, анын аты түбөлүккө Таптанг-Тура (Таптанг мырзайымдын сепили) деп аталып калган. Анын жаны тоо ээсине айланып, тоо башындагы чепти кайтарып турат имиш.[39]

Таптанг-Тура сепил курулушу Хакасиянын Аскиз аймагындагы Орто жана Чоң-Сыр дарыялары кошулуп аккан жерде жайгашкан. Дубалынын бийиктиги айрым жерлерде 1,5 метрге чейин жетет. Чептин ортосунда орто кылымдардын аягы чендеги көрүстөн жайгашкан. Болжолу, бул көрүстөндүн уламыш менен байланышы болуусу мүмкүн. Тоо этегинде булак аккандыгына карабастан, узакка созулган курчоодо коргонуучулар суусуз калышкан.[40] Уламыш ошол учурдун бир көз ирмемин баяндашы ыктымал.

Моңгол аскерлери Хонгорайга чабуул жасар алды Кыргыз ханынын ордосу Абакан өрөөнүндө эле. Кыргыз жерин моңголдор басып алгандан кийин, борбордук өргөө (ургу) түндүккө көчүп, Июс өрөөнүнө которулат экен. Ошол татаал мезгилдерде Июс талаасындагы Хызыл-Хас тоосунун этегинде Тарча-Хыс аттуу баатыр кыз жашаган экен. Моңгол аскерлери Эне-Сай өрөөнүндө пайда болгондо Тарча-Хыс Киргижек-баатыр, Хордынгас-баатыр, Түрүскө баатырлар менен кошо жоого каршы аттанат. Жоо аскерлери Июс тарапка Тесь дарыясын башы чenden кечип өтмөкчү болушкан. Тарча-Хыс Сон дарыясынын боюнда буктурма уюштурат. Моңголдор жолдогу буктурмадан айланып өтүшүп, Ак Июстагы Хызыл-Хас тоосундагы сепилдеги кыргыз жоокерлерин курчап алышкан болот. Ушул кыйын кырдаалда Тарча-Хыс өз баатырлары менен душманга капысынан сокку урат. Бул кырчылдашууда көптөгөн баатырлар каза болушкан. Кыргыз жоокерлеринин кысымы астында моңголдор качууга аргасыз болушат. Тарча-Хыс жоонун артынан куугунга түшөт. Ызых-Тагка жеткенде ага душмандын жебеси тийип, аргасыз артка кайтууга мажбур болушат. Өзөнгө жакындап, суудан ичкени жатышканда буктурмадан моңголдор Тарча-Хыс жана анын жоокерлерине ок жаадырышат. Көкүрөгүнөн жаракат алган баатыр кыз ордунда жан берген экен. Ал жер азыр да Тарча деп аталары маалым. Хакастарда

«тарча от» деген дары чөп аябай кеңири колдонулат; бул чөп менен өлөрчө жарадар болгон баатыр кызды нөөкөрлөрү дарылаганга аракет жасашкан экен. Тарча-Хыс менен бирге курман болгон даңктуу баатырлардын ысымдары да Ак-Июстагы агарган чокуларга берилген. Түрүскө-баатырдын ысмы Тогыс-Аас айылына жакын жердеги Түрүске-Тагка, Хордынгас-баатырдын ысмы — Тарча суусунун боюндагы Хордынгас-Тагка коюлган. Моңгол басып алуулары мезгилиндеги баатырлардын ысымдары топонимикалык аталыштарда чагылдырылат.[41]

Тарча-Хыс энчилүү ысымдын келип чыгышы Моңгол мамлекетиндеги христиан-несториандар менен байланышкан. Көпчүлүк түрк тилдүү элдерде азыр да христиандарды «тарса, терсе» деп аташары белгилүү.[42] Уламыш XIII к. баш чендериндеги окуяларды чагылдырат. Христиан дининдеги керейлер Чыңгыз хандын соккусу астында талкалангандан кийин, алардын бир бөлүгү Хакасияга көчүп, өздөрү менен христиан динин (тарча) ала келиши ыктымал. Хызыл-Хас тоосундагы эскерилген Тарча сепили культтук сыйынган жай болушу мүмкүн. Бул мисалдан христиандардын Ортолук Эне-Сай өрөөнүндө Хакасия Орусияга каратылгандан алда канча мурда болгондугун байкоого болот.

Абакан өрөөнүндөгү хакастарда «Арыхпай-Тайжы», Хакасиянын түндүгүндө, Июс талааларында «Апрей чайзаң» жөнүндөгү уламыштар өтө кеңири таралган. Бул дастандын каарманы катары Арыхпай-тайжынын (Апрей чайзаң) жалгыз уулу катышат; анын атасынын Абакандагы Саар-Тагдын алдында (экинчи вариантында Эне-Сайдагы Куня тоосунда) ордосу болуптур. Кыргыз аймагынын жетекчиси Арыхпай-Тайжы (Апрей чайзаң) сансыз малга ээ болгон экен; алардын ичинде анын жарышка чапчу тулпарларынын үйүрү өзгөчө бөлүнүп турчу дешет. Ханзаада атасынын тулпарларын мингенди жакшы көрчү экен, айрым учурларда ат чабыштарга да катышчу. Арыхпай-Тайжы жыл өткөн сайын өзүнүн мурдагы баатырдык сапатын жоготуп, мамлекеттик иштерде моңгол ханы үчүн жыйналчу салыктарга көз сала албай калат экен.[43] Моңгол ханы кыргыздардын салыкты өз убагында төлөбөгөндүгүнө аарданып, аскерлери менен Ортолук Эне-Сайдын өрөөнүнө келип элди туткундап, Моңголия тарапка сүрөт. Бул туткунга Арыхпай-Тайжынын уулу да күрөң кунаны менен түшүп калат. Бөтөн элде тектүү жерден чыккан уул башкалар менен бирге мал багат. Ошентип, азап-тозокко толгон бир нече жыл өтөт. Ал таштуу талаада мал кайтарып жүрүп, Арыхпай-Тайжинин үйүрүндөгү тулпарлардын башына окшогон баш сөөк таап алат. Кыргыз ханынын уулу куураган сөөктү карап туруп, боздоп ырдайт: «Мен атактуу тулпардын сөөгүн тааныдым, ата-бабаларымдын жери эсиме түштү! Мезгил келгенде менин башым да куурап, ушинтип чөлдө калабы? Бул баатырдын тулпарынын башы экенин, менин Арыхпай-Тайжинин уулу экенимди билишер бекен?» Бул кайгылуу ырды уккан сакчылар кабарды моңгол каганына бачым жеткиришет.

Каардуу башкаруучу бул жөнөкөй эмес жигитти алып келүүнү буюруптур. Үйүрдүн ичиндеги тулпарды биле аласыңбы деген суроого «ооба» деген жооп алат. Ошондо моңгол ханынан жылкы үйүрлөрүнүн ичинен тулпарды аныктоого тапшырма алган Арыхпай-Тайжинин уулу жылкы жайыттарын бүт кыдырып чыгып: «Моңгол жылкыларынын ичинен таза кандуу тулпарды таппадым, менин Хонгорайдан келген күрөң айгырыман өтчүсү жок!» — деп айтат. Бул жоопко каарданып, ачуусу келген хан кыргыз уланын сынап, байкап көргүсү келет. Ат чабышка дэрбэт (төрбет) ханын да чакырышкан эле. Моңгол ханы бул чабышка өзүнүн эң мыкты деген 70 күлүгүн коёт экен. Бирок, Арыхпай-Тайжынын уулу

өзүнүн күрөң айгыры менен баарын артка калтырып, мараага жеткенде: «Улуу хан, сен чыныгы тулпарды көрдүңбү? Эми мени кууп жетүүгө аракет кылгыла!» — деп кыйкырып, Хонгорайды көздөй чаап жөнөйт. Улан Тува аркылуу чаап өтүп, Саяндан ашып, Эне-Сай өрөөнүндөгү Турсун талаасына (Турсун чазы) келип түшөт.

Моңгол чабуулунан кийин улгайып калган Арыхпай-Тайжи өз элинин аман калгандары менен Сыр тайгасындагы Саар-Тагка жашынууга аргасыз болгон эле. Улан Хонгорайдын чегине жакындап келгенде атасы түшүндө өз уулун көрөт. Түшүн байбичеси Хара-Сарбыга жорутат. «Бул аян түш экен, тезинен уулубуздун алдын тосуп чык!» — деп кеңеш берет. Абышка атын токуп, Абакандагы Уй-таг тоосун көздөй чаап жөнөйт. Алыстан тулпардын туягынан чыккан чаңды көрөт. Тулпар жакындаганда уулу айтат:
«Кымбаттуу атам, Арыхпай-Тайжи! Тулпарым куш сыяктуу учуп бара жатат, аны өзүм токтото албаймын, мени куткаргын!» Турмуштук бай тажрыйбасы бар Арыхпай-Тайжы тулпарга жакындап чаап барып, уулунун бел боосунан кармап өз атына оодарып алат экен. Күрөң айгыр зымырык куштай учуп Улан дарыясынын ары жагындагы аскага урунуп коктуга кулап өлөт. Ошондо бул тоо «Хоор ат тасхыл күрөң айгырдын ак тоосу» деп аталып калган экен.[44]

«Арыхпай-Тайжы» уламышынын аналогдору башка түрк элдеринин (казактар, теңир-тоолук кыргыздар, башкырлар) фольклорунда да кездешери маалым.[45] Бул уламыш Моңгол империясынын мезгилин, каармандардын туткундан качканын, б.а. чыныгы болгон окуяларды чагылдырат. Улуу хан өзүнө баш ийген элди кайда көчүрсө, өзү чече турган чексиз укукка ээ болгон. Уламыштар боюнча кыргыздар мал чарбачылыгын кесип катары тутуп, жомоктордо баяндалган канаттуу куштар менен теңдешкен аргымактары менен даңкталышкан.

Хуба-Сөл (Чулум — Эне-Сай ойдуңу) деп аталган зор талааны кесе аккан Белө дарыясынын боюнда кыргыздын Хырымбай (Тас-Абысха деп да айтылат) аттуу өтө бай адамынын ээлиги жайгашкан экен. Анын сансыз жылкылары, кара малы, койлору болуптур. Анын жомоктогудай байлыгы жөнүндөгү даңазалар Саян-Алтай, Борбор Азия аймактарына тараган экен.

Бир жолу Харымбайга Моңголиядан мал сатып алуу үчүн чоң көпөс келет. Моңгол көпөсү менен бирге Кыргыз жерине малды сынай билчү саяпкер да келген экен. Ал көпөскө жылкы үйүрлөрүнүн артында араң басып келаткан чабдар кулунду, уйлардын арасынан бир өлөсө торпокту сатып алууга кеңеш берет. Таң калып караган көпөскө саяпкер: «Бүткүл ушул малдын кутун (мал кизігі) ушул араң сүйрөлүп жүргөн байкуштар көтөрүп жүрөт. Эгерде биз ушул чабдар кулун менен көк музоону сатып алсак, малдын ырыскысы биз жакка ооп, Моңголиядагы төрт түлүктүн саны көбөйөт!» — деп кеңеш берет. Көпөс эч нерседен шек санабаган Харымбайдан алиги малдарды эки кесик күмүш жамбыга жана эки түрмөк жибек кездемеге сатып алат.

Арадан убакыт өткөндөн соң, алиги кулун канаттуу аргымакка, музоо өтө зор көк букага айланып, төрт түлүктүн куту болуп калышыптыр. Ошол мезгилден Моңголиядагы малдын саны көбөйүп, Хонгорайда малга ооруу тийип, кырыла баштаптыр. Моңголдор канаттуу аргымак менен көк буканы качып кетпесин деп атайын кашаага (сиспе хазаа) камап, буттарына темир кишен салып (тимір кізен) кайтарышат экен. Бирок, эркиндикти эңсеген жаратккандын укмуштуудай жаныбарлары Чулум-Эне-Сай чөлкөмүнө туткундан биротоло качууга аракет жасашып, жолдо өлүшөт.

Ушундай «ырыскы-кут даарыган малдан» ажыраганда Хонгорайдын экономикалык негизи бошоңдой түшкөн имиш. Ошол Харымбайдын эки уулу бар экен. Улуусун Айош, кичүүсүн Анаш деп аташчу. Улуу баласы моңгол ханынын кызына үйлөнөт. Харымбай салт боюнча Айошко мурас бөлүп берип, Эне-Сай өрөөнүнө отурукташтырат. Иниси агасынын жаңы алган аялын сүйүп калат. Күндөрдүн биринде Айош аң уулоого кеткенде Анаш жеңесин өзү менен жашоого көндүрүп, Эне-Сайдын ары жээгине өтүп, кийин өзүнүн ысмы менен аталып калган Анаш өзөнүн бойлоп жашап калат. Аң уулоодон келип болгон окуяны билген Айош каарданып, качкындардын артынан түшөт. Бирок Анаш көзгө атар мерген болгон дешет. Ал жебе менен агасынын атынын чылбьгрын теше атыптыр. Ачууланган Айош ат тизгинин буруп кайра Белө көлүнүн боюндагы атасына кетүүгө аргасыз болот. Бул окуядан соң, Харымбай уулу жана неберелери менен Ак-Июска көчүп барып, Тостыгжул дарыясынын боюна өргөө тигип жашап калыптыр. Алардан кийинки «хырым хыргыс» уруусу тарайт.[46] «Хырым хыргыс» уругунун негиздөөчүлөрү жөнүндөгү уламыш кийинки мезгилдерге туура келиши ыктымал. XVII к. экинчи жарымында Хонгорайда атактуу Еренак Ишеевдин иниси Аюжи деген белгилүү болгон, андан бүгүнкү хакастардагы Аешиндердин тукуму тарайт.

Тарыхый фольклордун маалыматтары боюнча Хакасия моңгол басып алуулары мезгилинде мыкты жылкылары, букалары менен атагы чыккан. Эне-Сай өрөөнүндөгү төрт түлүктүн ургаалдуу өнүгүшүнө моңгол чабуулу өз кедергисин тийгизген.

Байыркы мезгилдерде Уйбат дарыясынын чатында Токчын бег (Коксин) башында турган чоң айыл болгон. Анын адамдары жыл сайын Саян тайгасындагы Казыр жана Кизир дарыяларынын бойлорунан моңгол ханына салык төлөө үчүн аң уулоого чыгышчу.

Тохчындын балдары такыр турбай токтобой, оорудан чарчап калышчу. Күз айларынын бир күнүндө мергенчилер кундузга аңга чыгаардын алдында анын аялы эркек бала төрөйт. Бабалардын эски салтына ылайык, шайтан-шабырлардан сактоо максатында Койбал талаасындагы башка бир кишилерге тарбиялоого беришет. Баланын балтыр эти толо баштаганда аны койбалдар өздөрү менен кошо аң уулоого алып чыга турган болушат. Күндөрдүн биринде аңчылардын жасаган алачыгынын жанында капысынан моңгол ханынын эки атчан жоокери пайда болушуп, баланы уурдап кетишет. Моңгол адамдары өздөрүнүн чегине жакындаганда жалгыз боз үйдү көрүшөт да, ага талкан сураганы баш багышат. Бул үйдө баласыз эрди-катын турушчу. Балага зар болгон немелер бир үйүр жылкыга тестиер баланы алмаштырып алышат. Боордон жасалган шишкебекти жакшы көргөндүгү үчүн ага Кара-Паар (Кара-Боор) деп ат коюшат экен.

Кара-Паар он сегиз жашка толгондо боз үйгө моңгол башкаруучусунун адамдары баш багып калат. Алар армиянын катарын толуктоо максатында аскерге жарактуу жаштарды каттап жүрүшкөн эле. Моңгол ханы атчан аскерлерин толуктап, Хонгорайга кол салганга камданып жаткан болучу. Өгөй ата-энеси аны аскерге бергиси келбей, Хара-Паарды эң мыкты деген аргымакка мингизип, өз элине кетүүгө жолго чыгарышат. Бирок, Саян тоолорун ашып жатып, анын аты өлүп калат экен. Хара-Паар жөө жүргөнгө аргасыз болот. Түн киргенде ал бир зор кедр дарагынын капталындагы оюкка кирип түнөмөкчү болот. Арадан көп убакыт өтпөй жакындап келе жаткан үндөр угулат. Булар Хонгорайга кол салганы кетип жаткан моңгол аскерлери эле. Алар кедрден алыс

эмес жерге токтошуп, аттарын тушап, өргүп жатып калышат. Таң атаар алды, моңголдор кызуу уйкуга киргенде Хара-Паар алардын эң мыкты атын токуп минип, калгандарын алдыга салып, Эне-Сай өрөөнүн көздөй айдап жөнөйт. Жөө калган моңгол аскерлери аргалары түгөнүп, кайра артка тартышат. Хара-Паар Кем (Эне-Сай) дарыясынын өрөөнүнө түшүп, Хатыг аас аркылуу Ызых тоосунун артындагы Уйбат дарыясына жетет. Атасы кайтыш болгон экен. Бирок, энеси өз уулун тааныптыр. Тохчындын эли Хара-Паарды мураскор катары башчылыкка дайындашып, ал көп жылдар бою Абакан өрөөнүн сурап турган экен.[48]

Бул фольклордук чыгармалардагы маалыматтар Моңголияга баш ийген аймактардын калкынан куралган моңгол армиясынын түзүлүш тартибин билдирери шексиз. Согуштагы негизги коркунучту моңголдордун жеңил куралданган атчан аскерлери түзгөн. Аскерге чакыруу жана аскер жыйындары туруктуу «апха пасханы» — аң уулоо топторуна жазылуу маанисин туюнткан. Бул сөздүн мааниси Борбор Азиянын көчмөн коомдорунда аскердик ишке үйрөнүүдө аң уулоо чоң мектеп болгон жана ал «аб» деп аталчу.[49]

«Хара-Паар» уламышында аталык каада-салты жөнүндө айтылат. Мисалы, бектердин балдарын карапайым кишилер багып чоңойткон ж.б.

Жаа согушу (ухчаа тузы) учурунда, моңголдор менен болгон согуштар мезгилинде бир кыргыздын үй-бүлөсүндө Торгинжи-оол деген жалгыз уул өсүп чоңоёт. Мекен үчүн согушка аттанчу мезгил келип жетет. Торгинжи-оолго энеси тумар катары үч чүкө (хазык), жети таман сөөгүн (толарсых), тогуз тизе томугун (томых) берген экен. «Дайыма жаныңа сактап жүр, кырсык болуп калса ушул сөөктөр сени сактайт. Эгер талаада же токойдо жалгыз жатып калсаң жагылган оттун айланасына тизип кой!» — деп айтыптыр энеси. Моңгол армиясына каршы кыргыздардын жасаган чабуулу ийгиликсиз болуп чыгат да, аскерлердин калдыктары айласыз чегинишет. Моңголдор кыргыздардын сары изине чөп салып, кууп келишет. Торгинжи-оол ата журтуна тайга, талааларды кезип, өзү жалгыз келе жаткан эле. Кайсыл жерге түнөбөсүн энеси берген чүкө ж.б. сөөктөрдү ал айткандай кылып тизип коюп жатып жүрдү. Күйгөн оттун сол жагына (от соо) өзүнүн баш кийимин кийгизип казык (чазоол) кагып койчу. Ал моңголдорго көп аскер болуп көрүнүп, жоонун аскерлери ага даап бара албай коюшат. Энеси берген тумардын жардамы менен Торгинжи-оол суука тоңбой, ысыкка күйбөй келген экен. Акыры Абакан суусунун жээгине жеткенде ал өзүн коркунучтан алыс сезип тумарларын ыргытып жиберүүнү чечет. Ошол эле түнү аны кайтарчу тумар сакчылары көрүнбөгөндүктөн, колдогон каардуу үндөрү угулбагандыктан моңголдор аны байлап кетишет. Ошол окуядан соң, хакастарда аталган сөөктөрдү көчөгө таштап салууга тыюу салыныптыр. Ошондон бери тарта аталган сөөктөрдү каракчылар менен ууруулардан сактануу максатында кездемеге тизип тигип, босого ченге илип коюу салт болуп калган экен.[30]

Ортолук Эне-Сайдын моңголдорго баш ийдирүү чоң согуштар менен коштолуп, кыргыздар көп жоготууларга учурап турган. Сактоочу, коргоочу милдетти аткарган тумар сөөктөргө байланышкан мификалык сюжеттин келип чыгышы байыркы түрк дооруна барып такалат; мындай ишеним башка түрк элдеринде да (мис., казактарда) сакталып келери маалым.[31]

Абакан дарыясынын жогорку агымындагы Сур-Чазы өрөөнүндө байыркы замандардан «хара чыстар» уруусу жашап келген. Хара-чыстардын башында өргөөсү Чоң Арбаттагы Пас-Таг тоосунун этегинде жайгашкан кол башчы Харагай-баатыр деген жашап турган, Анын чоң үй-бүлөсү, жети аялы бар, өтө бай адам экен. Харагай-баатырга таандык миңдеген койлор Сур-Чазы түздүгүндө

багылчу. Хара чыстардын эгин айдоочу жерлери Матур өрөөнүндө жайгашкан. Жерди абыл (кетмен сымал курал) жана соко (салда) менен иштетишчү.

Күндөрдүн биринде Харагай баатырдын эгин айдалган талаасына аюу келип, сокого кошулган атты жарып салат. Баатыр көп ойлонбостон туруп, аюуну өлгөн аттын ордуна сокого кошуп, үч жыл бою жер айдайт. Тайганын кордолгон ээси тарткан азап-тозогу үчүн Харагай-баатырга каргыш айтат: «Адам баласынын бир тууганын (аюу тайгага кетип калган түпкү бабалардын бири деп эсептелинет) кордогон сенин уругуңдун өмүрү кыска болсун, сенин туугандарыңдын жашы кырктан ашпасын!» Ошондон кийин Харачыстар аз сандуу болуп калышкан имиш.

Бир жолу моңгол аскерлери Абакандын жогорку агымы тарапта пайда болушуп, Хан-Сын тоосунун башына өргүп калышат. Жагылган отко казан асышып, эт салып жатышкан. Моңгол ханы бийиктиктен өрөөндөгү колунда курал кармаган элди көрөт. Ал өзүнүн аскер шаманын (чаа хамы) чакырып алып, боло турган окуяны баяндап берүүнү буйруйт. Дуба окуп бүткөн шаман: «Менин колдоочуларым айтты, казандагы хан бышканча хан сен өлөсүң! (хан пысканча хан өлөр) дегенде, хан: «Сен эмнени айтып дөөрүп жатасың?» — деп казанга жакындап барып ийри кылычы менен чоң ханды сайып алганда, андан чачыраган ысык сорпо хандын тамагына куюлуп кетет экен. Ал өзүнүн өзөгүн өрттөгөн ысык сорпону, кылычы менен тосом деп шилтегенде, өз башын кыя чаап алат. Моңгол ханга ошол чокуга көмүшүп, ал жер азыр да Хансын (Хан-кыры) деп аталат. Моңголдор жетекчисиз калышып, артка кайтууга аргасыз болушкан экен. Ошентип Хонгорай эли капысынан келчү оор кырсыктан аман калыптыр. Моңгол ханы Харагай-баатырдын айылын жана жер иштетип жаткан элин жоо катары кабыл алыптыр. Ошол окуядан кийин, Хара чыстар Постагка үч жылда бир ирет түлөө өткөзүшүп келишет. Уруунун ыйык дарагы — карагай, ал эми колдоочу «ызыхы» жаныбары Харагай-баатыр минип жүргөн кула ат болуп калыптыр.[52]

Борбор Азия менен Түштүк Сибирдин төрт түлүк мал багып жашаган элдеринин тамак-аштарынын негизин эт-сүт азыктары түзгөн. Эт кайнатып бышырылган түрдө берилчү. Согум учурунда малдын канын ичегилерге куюп хан жасашкан.

Харагай-баатыр жөнүндөгү фольклордук маалыматтар Хонгорайда байыркы мезгилдерде эле соко менен жер айдашканын, орто кылымдарда абылды колдонуу кеңири тарагандыгын чагылдырат. Бүгүнкү хакастардын бабаларынын байыркы мезгилдерде урулук менчикке таандык айдоо жана жайыт жерлери болгон.

Матур дарыясынын өрөөнүндө байыртадан хыйлар деген урук жашап келет. Моңгол доорунда бул уруктун башында Халтуйгак (айрым уламышта табан уругунда) аттуу жетекчиси жашаган экен. Анын аялы жана эмчектеги баласы болуптур. Алар менен бирге алачыкта абдан күчтүү, бирок акылы кемирээк Халчангмис деген иниси жашаган экен. Кыш мезгилинде Халтуйгак инисин муз каптаган Абакан аркылуу малдарды айдап өтүүгө тапшырма берет. Уйлар муздан баса албай, улам тайгаланып жыгылып жаткан. Ошондо Халчангмис уйлардын туяктарын сыйрып салат. Тапшырманы аткарган кем акыл: «Мен уйлар музда баса албагандыктан өтүктөрүн чечип салдым» — деп айтат. Сыртка чыккан агасы буттарынан кан аккан уйларын көрөт.

Күндөрдүн биринде хыйларга моңголдор кол салганда Халчангмис боз үйдө тамактанып жаткан болот. Агасынын чакырган үнүнөн ал: « Мен курсагым тоймоюн эч жакка чыкпаймын! — деп жооп берет. Ачууланган Хантуйгак жаа

менен тамак куюлган чоюн казанды теше атканда гана, Халчангмис ордунан туруп, моңголдор менен салгылашып жеңген экен.

Бир жолу Халтуйгак аялы менен эгин оруп-жыйнаганы кетишет. Баланы инисине таштап кетишкен эле. Бир аз убакыт өткөндө бала ыйлай баштайт. Халчангмис бөбөктү колуна алганда анын төбөсүндөгү эмгегин көрүп калат да, бул ушул үчүн уктабай, ыйлап жаткан турбайбы деп ойлойт. Кечинде кайтып келген Халтуйгак бир жаман нерсе болгонун сезип, ымыркай жөнүндө сураганда, иниси: «Силер кеткенден соң бөбөгүм ыйлай баштады эле, башындагы эмгегин сыксам ириң чыгып, анан тынч уктап калды», — деп жооп бериптир. Бул окуя Халтуйгакты кайгыга салып, кем акыл инисин жоготуунун амалын издей баштайт. «Эртең аң уулаганы барабыз, мен тоодон кызыл эликти ылдый кууймун. Сен аны аңдып туруп кармап аласың да, мен келгенче коё бербей кармап турасың», — дейт. Эртеси Халтуйгак инисин тоонун этегине коюп, өзү чокуга чыгып кетет. Ал чокуда туруп, зор чулу ташты от жагып кыпкызыл кылып ысытып, төмөн кулатып жиберет. Кыпкызыл тоголок ташты Халчангмис көкүрөгү менен тосуп кармап алат. Ал ысык ташты колу менен бек кучактап: «Байке, кайдасың» Тоодон төмөн кулаган кызыл эликти сен төмөн түшкүчө коё бербеймин!» — деп кыйкырат. Бирок, чок болуп турган таш Ханчангмистин ичи-боорун күйгүзүп, турган жеринен жан берген экен. Ошондон бери Матур өрөөнүндөгү бир туугандар бири экинчисин мыкаачылык менен өлтүргөн тоо Андаш же Кызыл таш деп аталып калыптыр.

Халчангмис өлгөндөн соң Халтуйгак өз элине: «Менин кымбаттуу хыйларым, бир тууганымды өлтүрүп, бул турмушта жакшылык көрбөй калдым окшойт!» — деп кайрылыптыр. Арадан көп убакыт өтпөй моңголдор каптап киргенде, аларды тосуп чыкчы баатыр табылбаптыр. Моңгол ханы хайларды туткундап, алардын азы гана аман калган экен.[53]

«Халтуйгак» жөнүндө уламыш моңгол дооруна чейин пайда болуусу мүмкүн. Анткени бул сюжет Түштүк Сибирдин түрк элдеринде гана эмес (алтайлыктар, шорлор), якуттарда да белгилүү.[54] Хыйлардын уруулук сыйынган тоосу Матурдун жогорку агымында көрүнүп турган Пус-Тасхыл тоосу экени маалым Хакас фольклорунун маалыматтары хыйлардын Матур өрөөнүнүн эзелки эли менен байланышын аныктаган этнографиялык маалыматтар менен да дал келет.

Матур дарыясынын куйган жеринде хобый уруусунун түпкү бабасы болгон Хобый-Адас төрөлгөн ыйык тоо — Хооргыс-Тасхыл жайгашкан. Тарыхый фольклор анын түгасү атасы катары аскер кол башчысы болгон Кибен-баатыр жөнүндө баяндайт. Баатырдын сооту (хуях), жаасы, саадагы (ох-саадах) менен үңкүрдө сакталып, уулуна мурас катары өтүптүр. Кибен-баатырдын өзү моңголдор менен болгон салгылашууда курман болуптур.

Башка бир уламыш боюнча Хобый-Адас (Хола-Кирис деп да айтылат) Таштып дарыясынын жогорку агымы тараптагы Көлтайга тоосундагы үңкүрдө коло бешикте чоңоюптур. Наристенин ким экенин адамдар бешиктеги жазылган эски жазуудан билишкен экен. Хобый-Адас эр жетип, атасынын аскер кийимин кийип, курал-жарагын алып, өз уруусун башкарып калат. Ал энеси, өз уруусу менен Таштып өрөөнүндө байырлап жашап турат. Хобый-Адастын өргөөсү Имжек-таг дарыясынын боюнан орун алган экен. Баатырдын сөөгүн Харланжык-Харых дөңсөөсүнө коюшуп, хобыйлар ага үч жылда бир ирет курмандык чалып, түлөө өткөрүп турушат[55].

Томь дарыясынын баш жагында Хобый-Адастын кошунасы хызыл хая уруусунун түпкү бабасы болгон Ала-бег деген аскер башчысы жашаптыр. Анын

атасы да, энеси да белгисиз, Хызыл-хая тоосундагы үңкүрдө жез бешикте чоңоюптур. Бул уруунун аты ушул тоого байланыштуу келип чыккан. Башка версияларда ал Хобый-Адас экөө бөлө болушуп, үңкүрдө бирге чоңойгондугу айтылат. Алабег Хонгорайдын элине оттук таштан от алууну үйрөткөн каарман катары белгилүү. Балалык мезгили Хобый-Адас менен Таштып өрөөнүндө өтүп, Кузнецк Ала-Тоосунда аң уулашчу экен. Бир жолу жаа атуу боюнча мелдеште Ала-бег жаанын огун үйүлгөн самандан өткөрө атканда, чебер бөлөсүнө ичи тарыган Хобый-Адас таарынып кетип калат. Ала-бег Мрассу дарыясынын өрөөнүнө келип отурукташканда моңголдор каптап кирет экен. Ала-бег соот кийип, жаа менен жоого сокку берет да, айлакерлик кылып моңголдорду өз ээлигинен кууп чыгыптыр. Бул окуядан кийин уулдары менен Хонгорайдын түздүгүнө бет алып, Чоң Есь дарыясынын жогорку агымын мекендеп калат.[56]

Хакасиянын алыскы түнт токойлуу жерлеринде патриархалдык-уруулук негиз бекем сакталып кала берген. Уруулук аң уулоо, уруулук сыйынуучу ыйык жайлар, урууга таандык ээлик аймак ж.б. болгон. Уламыштар боюнча Саян-Алтайдын орто кылымдагы калкы темир эритип, андан аскер куралдарын жасоону билишкен. Соот ж.б. аскер кийимдерин кийишкен уруу башчылары баатыр, бег деген түрк титулдарына ээ боло башташкан. Уруу башчыларынын үңкүрдөгү сыйкырдуу төрөлүшү бизди эзелки уруулук колдоочу-тоолор мезгилине алып барат. Хола-Кирис (коло жебе), Темир-Кирис (темир жебе), Кумус-Кирис (күмүш жебе) деген уруу башчыларынын ысымдары өткөн катаал замандардагы уруунун (уруктун) көз каранды эместигин коргоо аскердик күч менен ишке ашырылганын чагылдырат.

Тарыхый фольклор Ортолук Эне-Сайда байыртадан спорттук маданият өзгөчө орунда болгондугун тастыктайт. Салттуу күрөш (курес) оюну моңголдордон айырмаланып, белбоо байланып өткөрүлгөн. Мындай беттешүүдө бутту орой чалуу, жамбашка салып, көтөрүп уруу ыкмалары колдонулган. Күрөшүү ыкмаларындагы мындай талаптар Чыгыш Туркстандын түрктөрүндө да бекем сакталып келет. Болжолу, бул ыкма хакастарда байыркы түрк доорунан бери келе жатат. Мындан башка да ат чабыштар, ырчылардын айтыштары ж.б. уюштурулган. Тилекке каршы, фольклор дойбу (тобит), чатыраш сыяктуу акыл оюндары жөнүндө кабар бербейт.

Моңгол доорундагы Хонгорайдагы жалпы регресс калктын санынын кескин кыскарышына, эркиндиктин, көз каранды эместиктин жоюлушуна алып келди. Жазуу маданияты унутулуп, металлургиялык өндүрүш, «кыргыз кумураларын» жасоо ыкмасы токтойт. Дөңгөлөктүү арабалар керектен чыгат жб. Байыркы уламыштар өзгөрүүлөргө учурап, жомокторго айланып, кип-чоохтордо фольклордун ар түрдүү жанрлары менен сюжеттери жуурулушат.

## 2.3. Хонгорайдын тарыхый инсандары (ХУН-ХУШ кк.)

XVII к. Орусия Сибирь хандыгын баш ийдирип, Түндүк Азиянын улуу талаа-токойлуу жерлерин ээлеп, чыгышка ылдамдык менен жыла баштаган эле. Түштүк Сибирдин түрк-моңгол элдери байырлаган тоолуу-талаалуу чектери узак мезгилге чейин Орус мамлекетинен ыраакта болуп келди. Түштүк Сибирдеги (XVIIXVIII кк.) татаал эл аралык мамилелердин натыйжасында Хонгорайдын саясый аренасында жазма булактарда жана элдин эсинде сакталып калган аттын кашкасындай таанымал инсандар пайда болот.

Июс өрөөнүндө кыргыздар жашап турган мезгилде аларды Таар-бег деген каардуу башкаруучу сурап турчу экен. Хонгорайдын батышындагы калмак жерин

Силиг-оол аттуу (варианттарда Кээн-бег) жалгыз уулу бар Хурулдай-чайзанг сурап турчу экен.

Ошол жылдары калмак жеринде «харан» деген кара тумоо тарап, калк айылы менен кырыла баштаптыр. Силиг-оолду атасы кара тумоо каптаган аймактан башка жерге жөнөтүүнү чечет. Хурулдай-чайзанг Силиг-оолго энчи мал, аларды карай турган жалчыларды, кеңешчи эки аксакалды кошуп, Июс талаасына көчүрүп жиберет. Көп убакыт өтпөй Силиг-оол жалчы-малайлары менен Ак Июска жетип, Онло деген жерди тандап алышып, кыштап калыптыр. Онло-хая тоосунун батыш бөлүгүнө анын адамдары коргонуучу чепти — «Сіліг оол сівеезіни» курушат. Ал эми түздүктө болсо малчылар төрт түлүктү кармай турган таш кашааларды (тас хазаа) тургузушат.

Ак Июс өрөөнүндөгү тоонун этегинде Таар-бегдин өргөөсү, ал эми андан чыгышка карай Сарас (Сарат) деген жерде миңдеген жылкылары менен өгүз-үйлары бар Хулахпай аттуу бир бай турчу дешет. Хулахпайдын үйүндө сулуу кызы бар эле. Ага аксакалдардын кеңеши боюнча Силиг-оол үйлөнөт. Көп убакыт өтпөй кыргыздардын жетекчиси Таар-бег чакырылбай келип, анын ээлигине отурукташып алган конокту өргөөсүнө чакырат. Келген конокторду жашына карата олтургузуп, сый тамак бере башташат. Өргөө ээси калмактарды уу берип өлтүрүүгө аракеттенет. Таар-бег Силиг-оолго шарап сунганда эки кеңешчи аксакал жаман нерсени сезишип, сунулган чөйчөктү токтотушуп: «Баштын мээси бар, аштын ээси бар. Кожоюн ооз тиймейин, хандын да тамакка кол салууга акысы жок!» — деп айтышканда, Таар-бег кытмыр күлүп: «Биздин салт боюнча коломтодогу оттун ээси — От-Энеге ооз тийгизүү керек!» — деп, уусу бар шарапты отко чачып жиберген имиш. Силиг-оолду ууландырып өлтүрө албаган Таар-бег аны жекеме-жеке кармашууга чакырыптыр. Бирок калмактар чоң кабыргаларды колдору менен сындырып, майдаларын тиш менен чайнап кемире баштаганда Таар-бег өзүнүн арам оюн токтотуптур. Ал Силиг-оолго Ак-Июс өрөөнүндө көчүп-конуп жүрүүгө уруксат бериптир.

Күндөрдүн биринде (Хос Хулах) Кошкулак тоосунда аң уулап жүргөн Силиг-оол жоо аскерлеринин Хордынгастагы кыргыз айылына кол салганын көрүп калат. Кыргыз жоокерлеринин бири курчоодон чыгып, Онло тарапка чаап жөнөйт. Силиг-оол аны каршы алып, аргымагын таскактатып чаап жөнөп калат. Кыргыз жоокери Кузнецк сепили тараптан (Аба-тура) казак-орустар келип, элди чапкандыгын айтып берет. Бул кыргыз баатырынын аты Алып-Таппа эле. Ал калмак бегине үзөнгүлөш жолдош болууга даяр экендигин билдирет. Силиг-оол өзүнүн кошуунун жыйнап, казак-орустарга буктурма коюп, баарын кырып салышат.

Ушул окуядан соң Силиг-оол өз алдына чоң максат коюп, Кузнецк чебин басып алып, бийлик жүргүзүүнү ниет кылыптыр. Ал эркектердин баарын кошуунга чакырып, алардан атчан кол курайт да, Кузнецк (Аба-тура) чебин келип курчайт. Бирок Хонгорайдын атчан аскерлери чепти ала албай, тегеректеги айылдарды чаап кайра тартышат. Кийинки жылы Силиг-оол сепилге кайрадан чабуул жасайт. Бул согушта көп адамдар курман болуп, көп айылдар күлгө айланганы менен, сепил бул жолу да туруштук берген экен.

Хонгорайдын жоокерлери Кузнецк Ала-Тоосу аркылуу өтүүгө жарамдуу жолдорду салышат. Кара Июстун жогорку агымындагы Ханым-Тасхылдын бели аркылуу ашып өтүү үчүн Силиг оолдун адамдары миңдеген таш тепкичтерди жасашыптыр.

Ханым-Тасхыл тоосунун үстүндө Терпек-Көл деген тегерек көл бар экен. Бул көлдүн жалгыз буттуу эки ээси (суу периси) болгон дейт. Алар кучакташып алышып, көлдүн айланасын шамал сыяктуу айланып жүрүшчү экен. Бири экинчисинен ажыраса өз алдынча баса алышчу эмес. Экинчи жолку Кузнецк жүрүшүндө Силиг-оол Терпек-көлдүн жалгыз буттуу ээлерин көрүп калып, алардын бирин кармап алат экен. Колго түшкөн суу периси экинчи жарымынан көлдүн алдындагы алтындардан алып келип, мени бошотуп ал деп өтүнөт. Ошол замат Силиг-оолдун алдында бир үймөк алтын, күмүш, акак таштар пайда болуптур. Бирок таш боор чайзаң алтынды алгандан соң биринчисинин башын кыя чаап алып салат экен. Экинчиси көлгө кирип кутулуп: «Сен харан кара тумоосунан кутулдуң эле, эми менден кутула албайсың!» — дептир. Алтын таштар калмак чайзаңынын кийимин, ат жабдыктарын коoздоп, түн ичинде алар айлананы жарык кылып туруптур.

Үчүнчү жылы Силиг-оол кайрадан Кузнецк сепилине кол салууга даярдана баштайт. Анын эки акылман кеңешчиси: «Кайыңдын үч ирет кабыгын сыйрыбайт, бир шаарды үч ирет камоого болбойт», — деп акылга чакырышканда, ачууланган Силиг-оол абышкаларды буттарынан даракка асып өлтүргөн экен. Кайратынан жазбаган чайзаң Кузнецкиге жакындап келип, шаарды алуунун жолун караштыра баштайт. Согуштан чарчап-чаалыккан казак-орустар чыңдоодон Томь дарыясына түз чыкчуу жер алдынан жол казышат.

Силиг-оол дөбөдө отуруп, чыңдоого көп эл кирип жатканына таң калат. Ал казак-орустардын жердин алды менен элди чыгарып, кайра дарбазадан киргизип жаткан амалын түшүнбөйт. Жоонун аябай көп экенин көрүп ындыны өчкөн Силиг-оол кайра артка тартат.

Ханым-Тасхыл тоосуна көтөрүлгөндөн кийин жоокерлер дем алмакка токтошот. Силиг-оол суусунун кандыруу үчүн көлгө эңкейгенде оозуна суу менен кошо көлдүн ээси кирип кетет. Көлдүн ээси өзүнүн бир тууганы үчүн өч алып, Силиг-оолдун жүрөгүн бурап, токтотуп коюптур. Баатырды Ханым-Тасхыл тоосунун этегине көмүшкөн экен. Аны менен кошо аркы дүйнөдө жөө жүрбөсүн дешип үч атын, нөөкөрү Алып-Таппаны, жазданарга жаздык, төшөнөргө төшөгү (частанар частыгы, төзенер төзеги) болсун деп үч кулун кошо өлтүрүп көмүшөт экен. Силиг-оолдун сөөгүн алтын, кымбат баалуу таштарга орошуп, эч ким көрбөс жерге алып барышып көмүшөт.

Суук кабар Силиг-оолдун аялын катуу кайгыртат. Ал күйөөсү үчүн Онло-Хая тоосуна жана Хулах-пай кыштоосуна чоң аш берген дешет. Бүгүнкү күнгө чейин Сарас өрөөнүндө Хулун-тебии — «жылкылар тебелеп, таптаган жер» Силиг-оолдун кайгысынан кабар бергенсийт. Байыркы бабалардын салты боюнча хакастар болгон төрт түлүктү аш болуп жаткан жерге айдап келишчү. Музоону — уйдан, кулунду — бээден, козуну — койдон ажыратканда миң сандаган малдын үнүнөн жер үстү солкулдап, дүңгүрөчү экен.[57]

Уламыштагы баяндалган окуялар XVII к. биринчи жарымындагы Кузнецк чыңдоосун (1618 ж.) кургандан кийинки мезгилдерди чагылдырышы мүмкүн. Кузнецкинин жанында Телеут жери жайгашканы маалым. Бул жердин калкы көбүн эсе ак калмактар деп аталышып, кыргыздар менен куда-сөөк болушканы маалым. Орто кылымдардагы түрк коомунда өз ара бийлик үчүн болгон күрөштө атаандашын жок кылуу үчүн ууланган шарапты пайдаланышкан. Силиг-оолдун жөнөкөй эмес өлүмү, анын тарыхый прототиби табышмак бойдон калууда.

Ожен-бег жөнүндөгү уламышта хакас эли үчүн өткөөл доордогу Хакасиянын Орусияга каратуу мезгилиндеги трагедиялуу тагдыры чагылдырылып көрсөтүлөт.

Санжыранын сюжети Кара жана Ак Июс дарыяларынын ортолугунда Таар-бег жана Оспа-бег (Ашпа-бег) аттуу эки кыргыз бир туугандар жашаптыр. Элди ашкан куу Таар-бег башкарат экен. Анын өзүнүн балдары болбогондуктан тактыга мураскорлукка атаандаш болгондордун көздөрүн тазалоону ойлойт. Таар-бег амалкөйлүк менен агасынын улуу баласын өлтүрүп салат. Оспа-бег бул кылмыштын жөн-жайын түшүнүп, инисинен өч алып, аны өлтүрүп салат. Жасаган кылмышы үчүн Таар-бегди жолдун ортосуна, өткөндөр сөөгүн тебелеп турсун деп көмүп коюшат. Ушундан соң Июс өрөөнүн жашы улгайып калган Оспа-бег сурап калат. Кийин тирүү калган кичүү уулу Ожен-бегке тактысын өткөрүп берет.[58]

Соңку орто кылымдарда Хакасия Моол-ханга (моңгол хандарынын жалпыланган аталышы) көз каранды абалда эле. Кыргыздар моңгол ханына салык төлөп турушчу. Ожен-бег улуу хандын сарайына барып, андан акимдик укугун алып келген экен. Ал бийликке келгенден соң өлкөнүн чегин кеңейтип, Ортолук Эне-Сай өрөөнүн толук баш ийдирген экен.

Ожен-бегдин согушта сыналган баатырлары болгон. Алар: Сүгүр Матыр чебер балыкчы, Хара-Матыр чебер ашпозчу, Хырна-Матыр — сынчы, саяпкер, Айдарах-Матыр — мергенчи ж.б. Алар чоюн денелүү, жеңилбес 40 алп баатыр эле. Чоролорунун башчысы — Тасха-Матыр, эң кенжеси — Көдечи-Матыр эле. Санжырада Тасха-Матыр жөнүндө кененирээк маалыматтар берилген. Беттешүүдө өзүнүн атаандашын өлтүргөндүгү үчүн, ошол мезгилдердеги баатырлардын шерти боюнча, бир топ жыл бою Эне-Сайдагы «иргегит» (иргейек) деген бою кыска адамдардын арасында жашап жүрүп, кийинчерээк ага кечирим берилип, Ожен-бегке кайрылып келиптир.

Тасха-Матыр жана Ожен-бег хакас музыкалык аспаптарын жараткандар катары да маалым Тасха-Матыр курман болгон атаандашын эстеп, эки кылдуу комузду (хак, хомыс), Ожен-бег жети кылдуу чатханды ойлоп табышкан экен. Ожен-бег өлгөндө анын аялы чатханды белгисиз бир үңкүргө катып, ошондон бул аспап хакастарга мурас катары калыптыр.[59] Тасха-Матырдан музыкалык аспаптардын коштоосу менен үн чыгарып ырдоо, көмөкөй ырларын аткаруу башталат экен.

Катуу салгылашуудан соң оор жарадар болгон Тасха-Матыр Тасха-Матыр хаязы деген тоодогу үңкүрдө жашынып, жаратын дарылап жүрөт. Ожен-бег согуштан кийин Чулум дарыясына жакын Ханолыг-таг тоосунун арасында (Өчен-пиг-хаязы) деген жерде эс алчу экен. 1680-ж. тарыхый булактарда «орус кызмат адамдарынын» Еренак бег жетектеген кыргыздар менен Тагна Июстагы суусунда салгылашуулары эскерилет. Еренак-бектин казак-орустар менен болгон салгылашуусу топонимикалык аталыштарда сакталып калышы ыктымал.

Ожен-бег Моол ханынын (Моңгол ханы) кызына үйлөнүп, андан Кодис жана Чабыс (Чап, Шап) аттуу эки уулдуу болот. Күндөрдүн биринде кызганычтан улам чатак чыгып, аялын өлтүрүп коет экен. Аялынын ордуна мурдагы ойношуна үйлөнүп алат. Анын каарынан улуу баласы Кодис да жан таслим болот. Борбор Азиядагы хандардын ортосундагы үй-бүлөлүк келишим салттарын бузбоо үчүн кичүү уулуна моңгол ханзаада бийкечин алып берет. Бирок бул аракеттер да карама-каршылыктарды токтото албаганда, каны кызуу Ожен-бег өз кудасына, Моңгол ханына согуш жарыялайт. Согуш Алтайдан ары, Моңгол жергесинде болуп өтөт. Бул согушта Ожен-бег жана анын уулу Шап (Чабыс), нөкөрүнүн бүт

дээрлиги курман болушат. Аман калгандардан Олбезек-Матыр бир аз гана жоокерлери менен өз жерине кайтып келишип, Оженбегтин өлгөнүн угузушат. Ушундан соң Ожен-бегтин улуу ээлиги кыйрай баштап, Кыргыз жери жетимсиреп калган эле. Шаптын (Чабыстын) жесиринин боюнда калган экен. Ал жоодон Марачылыг-тагдагы үңкүрдө жашынып калып, Чабындай жана Чаба-жак деген эки уул төрөйт. Алардан хакастардагы «кыргыз» уруусу тарайт.

Корутундулай келип, Ожен-бегтин жесиринин атактуу кошогунан үзүндү келтирсе болчудай. Анда өз башкаруучусу өлүп, бөтөн бийликтин үстөмдүгүндө калган элдин тагдыры жөнүндө кооптонуу саптары айтылган:

Карагат көздүү менин элим
Эмне үчүн орус-казакка берилдиң?
Эгерде орус-казакка тапшырганың чындык болсо,
Укугубузду мыйзам кагазына бекиттиңби?
Сен жараткан баалуу кагаз,
Негизи түбөлүктүү болсун!
Ожен-бегтен калган кара чачтуу элимди,
Орус ханы кысымга албасын!
Төрө пейил Хонгорай эли,
Эмне үчүн орустарга берилдиң?
Эгерде оруска бизди тапшырганың чын болсо,
Биздин укугубузду китепке мыйзамдаштырдыңбы?
Эгерде биздин мыйзамыбызды китепке киргизсең,
Эч качан ал унутулбасын!
Ожен-бегтен калган кара чачтуу элим,
Түбөлүк өз ата-журтунда жашашсын![60]

Бул кошоктон улуттук баатырдын кайгылуу өлүмү менен Хакасиянын тарыхый тагдырынын байланышын көрүүгө болот. Оженбегтин өлүмүнөн кийин «карагат көздүү, кара чачтуу эл» Орусиянын курамына каратылып, Ак ханга (Ак падыша) салык төлөөчү букаралары болуп калышат.

Биздин иликтөөлөрүбүз боюнча хакас фольклордук каарман болгон Ожен-бегтин образынан белгилүү кыргыз журт башкаруучусу болгон Еренак Ишеевди билүүгө болот. Чындыгында, Еренакбектин Шап деген уулу болуп, алар Алтайдагы Чулышман дарыясынын жанында салгылашууда курман болушат. Еренактын бир эмес, бир нече аялдан балдары болушу мүмкүн. Анткени ошол салгылашта өзү менен кошо анын өгөй уулдары да каза болгондугу жөнүндө маалыматтар бар. Өчен-пиг (Ужен-пег) деген фольклордук ысым Еренактын мурдагы титулун баяндагансыйт. Буга анын мураскор уулу Хорчиндин документте «Унзен-тайши» деп аталышы күбө боло алары шексиз.[61] Моңголдордун «тайши» (тайзханзаада) терминин түрктөрдүн бек (бег) деген титулу менен дал келерин айта кетүү зарыл. Кыргыз бектери яйзан-бахши, тарханяйзан, мерген-тайши, яйзан-кашка ж.б. титулдарды алып жүрүшкөн. XVII к. орус документтеринин биринде да «бег» деген түрк титулу кездешпейт. «Унзен» сөзү моңголдордун «эзен» (эжен) — падыша, император титулун аныкташы мүмкүн.[62]

Бирок, орто кылымдардагы фольклордук баатырлардын ысымдары XVII—XVIII кк. жазма булактарда чагылдырылган ысымдар менен өтө сейрек учурда дал келет. Деген менен бул иликтөөлөрүбүздө энчилүү ысымдар,

титулдар, эл жашаган аймактар, окуялар конкреттүү тарыхый адамдардын ишмердиги жана фактылар менен дал келген сейрек кездешчү ийгиликке ээ болдук.

Еренак-бег (Ярнак, Яранак, Ереняк) Хонгорайды 1660— 1687-жж. башкарган өтө көрүнүктүү мамлекеттик жетекчилерден болгон. Ал Алтысар беги Ишей-Мергендин экинчи уулу, князь Номчи бегтин небереси эле. Анын улуу агасы Айкан-Юрукту аманат туткун катары Москвада билим алып, Иван деген ат менен чокундурулган экен. Ал боярдын уулу катары Краснояргa келип кызмат кылып, өзүнүн бир тууганы, кыргыз беги Еренакка каршы бир нече ирет аскердик жүрүш жасаган. Иван-Айкан орус бийликтери тарабынан чыккынчы катары да айыпталып, бирок ал өзүнүн күнөөлүү эмес экендигин далилдеп кутулуп чыккан.[63] Айкандан Хакасиянын Соленоозерск деген жеринде жашаган казак-орус Айкановдордун тукумдары тарайт.

Еренактын Чагун, Хорчин, Шап аттуу үч уулу болгон экен. 1703-ж. сүргүндө Чагун Томскиде аманат катары кармалып, Сибирде калат. Чагундун тукумунан Чабыновдор, анын аталаш инисинен Аешиндердин тукуму тарайт.

XVII к. жунгар жана моңгол башкаруучулары кыргыздын айрым бектери менен куда-сөөк катары байланышта болушкан. Бизде Еренактын аялынын теги жөнүндө маалыматтар жок. Бирок, анын тайакеси Кочабай жунгар ханы Карагулунун бир тууган карындашы Абахайды аялдыкка алган.[64] Мындай болгондо, Көчебайдын уулу Табун Карагулунун жээни, Жунгар хандыгын негиздеген Батыр-Контайшынын да жээни болуп чыгат. Мындан сырткары. Батыр-Контайшы Алтысар-беги, жээни Изен-Тайшинин уулун тарбиялоого алган. Бул маалыматты орус жазма булактары да тастыктайт.[65]

Борбор Азиянын аскердик-саясый кубаттуулугу жагынан теңтайлаш болгон мамлекет башчыларынын ортосундагы куда-сөөк байланыштардын башаты байыркы түрк дооруна барып такалат. Мисалы, биринчи кыргыз каганы Барс-бег түрк каганы Илтерестин кызына үйлөнгөн. Күл-тегин Барс-бегти жана анын аскерлерин жеңгенден соң, бошогон тактыга Барс-бегтин уулдары, түрк каганынын жээндери олтурушу мүмкүн. Эне-Сай кыргыздарынын моңгол жана жунгар хандарынын кыздарына үйлөнүшү, кыргыздардын Борбор Азиянын саясый майданындагы ээлеген ордун тастыктары шексиз.

Еренак бег өтө каардуу, кара мүртөз, өжөр инсан болгон дешет. Чыккынчыларды өтө каардуу кыйноолорго алган, дарактарга кере байлап, казандагы кайнак сууга салып, көздөрүн оюп салууга ж.б.у.с. жазалоолорго буйрук берчү экен. Еренактын каардуу бийлиги астында бытыранды болгон кыргыз улустарын жана кыштым аймактарын «Хонгорай» этносаясый бирикмесине айланткан. XVII к. жазма булактар бул тыянакты бекемдейт. Еренак башкарган мезгилде орус жазма булактарында Хакасия Хонгорай деген ат менен белгилүү боло баштайт. 1666-ж. Краснояр воеводасынын катында «князь Еренак Кыргыздагы Конгурайда көчүп жүрөт» деп жазат.[66] Бул жазма булакта «Кыргыз жери» (б.а. Хакасия) деген орусча аталыштын жергиликтүү «Конгурай» деген ат менен дал келерин байкоого болот.

Ожен-бег башкарып турган мезгил Хонгорай моңгол-жунгар хандарына вассалдык көз каранды абалында болуп, жыл сайын аң тери түрүндө салык төлөп турушчу. Борбор Азиянын көчмөн мамлекеттеринин башчылары расмий түрдө «хан» деген титулду алышкан. Ожен-бег жөнүндөгү санжыралык маалыматтарга караганда, Кыргыз жеринин башкаруучусу «бег» (пиг) деген титулга ээ болуп, моңгол-жунгар хандарына (пиглер пазы Моол-хан) моюн сунуп турушкан.

Хонгорайда өзүнүн ханы болгон эмес, бирок айрым булактарда Ожен-бег кыргыз ханы (хыргыс хан) деп аталат.

Хакастардын тарыхый фольклору орто кылымдардагы Эне-Сай кыргыздарынын коомунун социалдык-таптык структурасы боюнча айрым маалыматтарды берет. Көп сандаган малга ээлик кылган, көз каранды калк болгон кыштымдардын (кизек маллыг, кистем чонныг) башында турган башкаруучу таптын өкүлдөрү «бег», «тайжы», «чайзан» деп аталышкан. Бул титулдарды кыргыздар моңгол доорунда моңгол тилинен кабыл алышкан.

Чайзандардын ичинен кыргыз улустарынын жетекчилери (түркчө «бек») шайланышкан. Еренак Алтысар улусунун беги болгон. «Мен кыргыздардын башкаруучусумун» — деп айткан экен Еренак. Тарыхый фольклордогу маалыматтарга караганда Оженбег түмөн башчысы (тубен пазы) болгон, мындан XVII—XVIII кк. Хонгорайдын моңгол-жунгар хандыктарынын түмөнү абалында турган деген тыянакка келүүгө болот.

Бектерге аскер сословиесине кирген баатырлар (матыр) баш ийген. Баатырлардан куралган кошуун бек бийлигинин таянычы эле. Ожен-бег жөнүндө санжырада ар бир бекте 40 баатыр болгондугун баяндайт. Согуш аракеттери башталган учурда баатырлар өз кошуундарын жетектеп чыгышчу. Мындай аскердик система Кыргыз каганатынын мезгилинен белгилүү болуп, Хонгорай Орусияга каратылганга чейин жашаганы маалым. XVII к. орус документтери баатырларды «кызмат адамдарынын» даражасына теңейт. Баатырлардын сословиесине таянган кыргыз бектери улуттук адамдардын жана кыштымдардын үстүнөн бийликти кармап турушкан. Хонгорайдын аскерлери (сири) атчандар бөлүктөрүнө — «хурчагилерге», алар өз кезегинде атайын топторго (курсы) ажырашчу. Согуш аракеттери башталар алды аскерлер сапка тизилип, оң, сол канаттар, борбордук аскерлер болуп бөлүнүшө турган. Беттешүү башталганда оң, сол канаттар биригип, душманды борбор аскерлери тарапка кысышып курчоого алышчу. Аскерлердин жогорудагыдай ыкмадагы тизилиши түрк-моңгол коомдоруна таандык болуп, башаты байыркы жамааттык аң уулоо ыкмасына барып такалат.

Тарыхчы Н. Кузьмин Еренак бегти «кайрат-күчү ташкындаган, күжүрмөн демилгечил инсан» — деп жазган.[67] Ал жыйырма жылдан ашык убакыт бою Красноярск, Ачинск, Кузнецк, Томск, Енисейск, Нижнеудинск жана көптөгөн башка орус кыштактарына коркунуч туудуруп турган. Еренактын бүткүл күч-аракети Хонгорайдын Түштүк Сибирдеги ээлеген ордун сактап турууга жумшалган. Бул мезгилде Кыргыз улустарынын чектерин жаңы кошуна болуп калган Орусия менен белгилөөнүн татаал маселелери бар эле. Еренак кыргыздардын экономикалык кубаттуулугун камсыз кылып турган кыштымдардын жерлерин өзгөчө өжөрдүк менен коргогон. Еренак бег тышкы саясатында антиорусиялык тургуда болуп, көбүн эсе Жунгариянын колдоосуна ыктаган.

1667-жылы Хонгорай Жунгар ханынын вассалы болуп, Сенге Тайша өзүнүн бийлигин күчөтөт. Ушул жылдан баштап Жунгариянын жетекчилери кыргыз бектерине башкаруу үчүн буйрук кагаздарын бере башташкан эле. Мисалы, XVII к. аягында Галдан Бошокту хан «өзүнүн ээлигин башкарууга» Туба улусунун беги Шандыга буйрук кат жазып берген.[68] Контайшынын уруксатысыз кыргыздар орус бийликтерине туткундарды, качкындарды беришкен эмес.

Еренак-бег мүмкүн, Жунгар ханынын абдан таасирлүү, жакын адамдарынан болсо керек. Ал жунгарлардын жардамы менен орус чыңдоолоруна чабуул жасап

турган. Еренактын атчан аскерлери капысынан Кузнецкиде, бирде Каняк чыңдоолорунун айланасында пайда болуп турушкан. Кыргыз атчандарынын өтө ылдамдык менен жүрүүсү алардын жеңил куралдануусу менен байланыштуу болгон.

Өзгөчө, орустар көп келип, ургаалдуу түрдө отурукташып жаткан орус кыштактарына тез-тез сокку урулуп турган. Сенге-Тайша менен Еренак тарабынан 1667-жылы Красноярскиге жасалган чабуулда казак-орустар үчүн оор жоготууларды алып келген. 375 кишиден турган аскер бөлүгү оор жоготууга учураган (39 адам өлгөн, 203 адам жарадар болуп, 49 туткун алынган)[69] Еренак орус чыңдоолорунун курулушу менен өтө зор коркунучтун келип чыгарын көрөгөчтүк менен түшүнгөн. Орус бийликтерине: «Эгерде Абаканга чыңдоо курсаңар, анда биз өз жерибизди акыркы балабызга чейин коргоого даярбыз» — деп билдирүү жасаган экен.[70]

1675-ж. Красноярдык казак-орустар Кыргыз жеринин так ортосуна, Абакан дарыясынын куймасындагы Тагар аралына чыңдоо салышат. Еренак бул курулушту курчоого алып, өрттөп жиберет. Андан кийин Еренак Ачин жана Кан чыңдоолорун талкалап салат,

Ал Орусиялык тууларды, аскер замбиректерин олжо катары колго түшүрүп алган. Еренактын саясый ишмердүүлүгү жөнүндө иликтөөчүлөр бирдей пикирлерди айтышпайт. А. П. Потапов жана В. А. Александров: «Иренак каракчылык идеологиянын, талаа феодалынын көрүнүктүү өкүлү болгон; ал өзүнүн жигердүүлүгүн кыштымдарга чексиз бийлик жүргүзүп, талап-тоноо иштерине арнаган» — деп жазышат.[71] Биздин пикирибиз боюнча, Еренактын жогорудагы саясый портретине, анын ишмердүүлүгүнө карата айтылган пикир чындыкка коошпойт. Мындан, биз Еренак тарабынан коргонуу үчүн согуштук аракеттери болгондугун билүүбүз зарыл. Мисалы, ал 1682-жылы өзүнүн орус падышасына жөнөткөн катында «согуш кыргыздар тарабынан чыккан жок, сенин адамдарың өз аскерлери менен биздин жерге кирип келишип, чыңдоо тургузушканы жатканда, биз аларга каршы түп көтөрүлдүк» деп жазган.[72]

Кыргыздар орус, моңгол, жунгар мамлекеттеринин ортолугунда өтө ыңгайсыз, кыйын абалда калышкан эле. Еренак бег тышкы саясатта Жунгар ханына таянган. Ал: «Бушухту-хан кыргыздарды жана алардын жерин эч кимге бербейт» — деп айтканын орус булактары жазат[73]. Бирок ал бул ирет жаңылып калган эле.

XVIII к. экинчи жарымында Цинь империясы моңгол хандыктарын баш ийдирген эле. Борбор Азияда биротоло үстөмдүгүн орнотуу максатында Цинь империясы моңголдорду жунгарларга каршы тукурган. 1687-ж. моңголдор менен согушта жунгар ханы Галдан Бошокту-хан Хонгорайдан толуктоолор үчүн аскер чакырат. Еренак бег өзүнүн кошууну менен Алтайдагы Чулушман дарыясынын жогорку агымына жакындап келгенде, дал ушул жерде трагедиялуу окуялар болуп өтөт.

Хонгорайдан Телец көлүнө чейин кыргыз аскерлери беш күн жол жүрүшкөн. Еренактын колу 600 адамды түзгөн. Чулушман дарыясынын өрөөнүндө Эрдене Контайзи башында турган моңголдор буктурма коюп тосуп алышкан. Беттешүү учурунда 300 дөн ашуун кыргыз жоокери, анын ичинен Алтыр улусунан 150 адам курман болушат. Алтыр улусунун жоокерлери Таин-Иркенин жетекчилиги менен Еренактын артынан аттанып чыгышкан эле. Бирок, алар беттешүү болуп өткөн жерге кечигип калышкан болучу. Жунгариянын тарыхында көп деле байкалбай

калган бул согушта халхастыктар жеңишке жетишкен. Бул «кара калмактар менен болгон кармашууда, 5 миң саяндар, кыргыздар, 2 миң моңгол аскерлери набыт болгон.[74] Согуш талаасында Еренак, кичүү уулу Шап, эки өгөй уулу курман болушат.[75] 1688-ж. алтай жүрүшүнө катышкан кызылдык жасоол Откул орус бийликтерине «моңголдор менен беттешүүдөн кийин Кыргыз жерине 30 дай гана адам кайтып келди» — деп кабар айтат.[76]

Чулушман өрөөнүнүн теленгиттеринде азыр да кыргыздын улуу баатыры Еренак жөнүндө уламыштар белгилүү. Еренактын сөөгү Башкаус жана Чулушман суулары кошулган жерге коюлган.[77] Алтай санжыралары боюнча Еренак ак-көбөк уруусунун жетекчиси болгон. Томскилик (Том-тура) жана Кузнецкилик (Аба-тура) казактардан жеңилгенден соң, Еренак Конгырай-Сангырай деген ата журтун таштап, Телес көлүнө көчүп кетүүгө аргасыз болгон. Азыр да Чулушман жана Ясатыр аймактарда эски замандарда ах көбөк элинин күлүк кула жылкылары жана Конгырайда кеңири жайыттары болгон деген ырлар ырдалары маалым.

Еренактын элеси хакас элинин эсинде улуу инсан катары сакталып калды жана анын Ожен-бег деген титулу да түрдүү маанилерде айтылары маалым. Ага өз элинин чыныгы уулу, улуттук баатыры деген аты анык берилген. Хакастар өз тарыхындагы өзгөчө доорду Ожен-бегдин (Очен пиг тузы) доорун — этникалык жалпылыктын калыптанган мезгили катары өзгөчө бөлүп көрсөтүшөт.

«Ожен-бег» жөнүндөгү уламыш, өтө кеңири таралган музыкалык аспап — чатхан (чадыган) жана аны аткаруунун ыкмасы, баатырдык эпосторду көмөкөй менен ырдоо салты (хай) кыргыздардан калган мурас экендигин баяндайт. Көмөкөй ыры — хай хакастардын ырларынын аткарылышындагы мүнөздүү көрүнүш, ал сөзсүз түрдө чатхандын коштоосунда аткарылат. Фольклордук чыгармаларды аткаруунун мындай ыгы Саян-Алтайдын башка түрк элдерине да мүнөздүү, өзгөчө алардын ичинен тувалыктардын көп түрдүү добуш менен аткарылчу көмөкөй ыры — хомеей өзгөчө айырмаланып турат.[78] Орустун эски келгиндери — чалдондор хакастар менен кошуна болуп 250 жыл жашаганы менен бул искусствону кабыл алышпады. Орус адабиятында көмөкөй ыры жөнүндө оболку ирет 1831-жылы И. Пестовдун ырларында айтылат.[79]

Профессор Б. И. Татаринцев Саян-Алтай түрктөрүнө таандык көмөкөй ырларынын феноменин кечирээк мезгилде, XVI— XVIII кк. этностордун калыптанышы менен кошо жаралган деген пикир айтат.[80] Бир үндүү каргылданган добуш менен аткарылган хакас хайы ыр маданиятынын өзгөчөлөнгөн хонгорайлык очогу бар экендигин аныктаары шексиз. Музыкалык аспаптар эң алгач Конгырай-Сагай өлкөсүндө жаралганын жана Тоолуу Шорияга Хыргыс-Хоорайдан келген хай дух-колдоочу пайда болгондугун баяндаган алтай мифтери мунун кыйыр түрдөгү далили боло алат.[81]

Хакастардын чатхандын коштоосу менен аткарылган көмөкөй ырлары Хонгорай этносаясый бирикмеси түзүлгөн мезгилде пайда болгон баатырдык эпостор менен ажырагыс байланышта. Мисалы, алыптык-нымактарда: «Жер жарала баштаганда, алгач жумшак жез пайда болду, Алтай тоолорунда, Ак-Суунун жээктеринде сансыз мал жайылып, ал жерде Хонгорайдын асылзат эли жашайт» — деп айтылат.[82]

Хайлар оболу касиеттүү бир ыйык нерсени түшүндүрүп, мифте айтылгандай хакастардын бабалары келип чыккан тоо ээси — таг-ээзи менен баарлашуунун каражаты болгон экен. Тоо ээлери көзгө көрүнбөй жомокчу-хайчынын жанына топтолушуп, кубулжуган укмуштуу көмөкөй үндөрүн, анын поэтикалык сөздөрүн

жана музыкалык ыр-күүлөрдү тамшана угушкан имиш. Хайдын пайда болушу Кыргыз мамлекетинин (VI—XIII кк.) алгачкы доору менен байланыштуу болсо керек, ал зарыл учурда жоо менен беттешкенде хайлардын табышмактуу көмөкөй үнү душманга психологиялык таасир этүүнүн куралы катары пайдаланышы да ыктымал.

Ожен-бег жөнүндөгү уламыштардын тобуна Абакан өрөөнүндө1ү белтир жана сагайлардын ичинде айтылып келе жаткан Тайым-Ирке жөнүндөгү кип-чоох кирет.

Аталган фольклордук чыгарманын сюжети боюнча Аскиз дарыясынын куймасы ченде Саасхан-чайзан деген бек жашаптыр. Бийлик үчүн болгон күрөштө ал өз бир тууганын өлтүрүп коёт. Бирок анын Тайым-Ирке деген уулу тирүү калат. Эр жетип чоңойгондо Ожен-бег аны моңгол ханынын кызына үйлөнтүп, экөө бажа болуп калышат. Улгайып калган Саасхан-чайзан өз бир тууганынын уулу — Тайым-Иркени да өлтүрүп коет. Тайым-Иркенин аялы Моңголияга качып кетүүгө үлгүрөт. Жолдо ал көз жарып, уул төрөйт, ал болсо эр жигит болуп чоңойгондо Саасхан-чайзандан өч алып, аны кыйнап өлтүргөн деше; (Чиргм тамырлары, 62-67беттер).

Бизде Тайым-Ирке сыяктуу фольклордук каармандын тарыхый окуялардын персонаждары менен толук дал келгендигин ырастаган далилдер бар. Чындыгында эле, Тайым-Ирке бег XVII к. экинчи жарымында Аскиз дарыясынын чатында жашап, Алтыр улусун жетектеген. Ал Еренак Ишеевдин жолун уланткан Талайдын уулу болгон, улусту 1670-1690-жж. башкарган. Хакасиянын калкы 1703-жылы сүрүлгөндө анын уулу Таңгыт-Багур-тайша өзүнүн кыргыз букаралары менен кошо Жунгарияга кеткен.

Ожен-бегдин мезгилинде Төй өрөөнүндөгү Типр-Пурну тоолорунун этегинде жети бөрү (чип пуур) уруусунун башында Сурхуюк (Сурхуюк) аттуу каардуу киши турган экен. Ал өзүнүн уруусунан салык жыйнап, Абакан өрөөнүндөгү Саар-Паар тоосунун этек-жакасында жашаган Ожен-бегке алып барып турчу дешет. Салык алып келгендерге Хонгорайдын жетекчиси чоң сый тамак уюштурчу экен.

Сурхуюхтун жети аялынан 40 уулу болуптур. Улуу байбичеси бир кыз, Кирби-оол, Ирми-оол аттуу эки уулун тарбиялап өстүрөт. Сурхуюх балык кармаганды, аң уулоону жакшы көрчү экен. Анын негизги жеген тамагы балык, аң эти, жылан жана кескелдирик болуптур. Аны өтө балбан киши болгон дешет. Типр Пурну тоосунда ал көтөргөн салмагы 20 пуд келген «Сурхуюх тазы» ушул күнгө чейин жатыптыр.

Ожен-бегдин Сыгда жана Сиби деген эки уулу болуптур. Алардын бири Сурхуюхтун кызына үйлөнүүнү чечет. Сурхуюх өзүнүн жалгыз кызын күйөөгө бергиси келбей, келе жаткан күйөө бала менен жуучуларды жолдо өлтүрмөккө Хусхун-Хаяда буктурмада жатат. Бирок, ал жолдо келе жаткан бир тууган-дардын мергендигине аң-таң калган экен. Бул учурда бир туугандар жолдо пихта дарактарынын башындагы тобурчактарды жебе менен түшүрө атып келе жатышкан имиш. Муну көргөн Сурхуюхтун дымагы сууп, жуучулар менен бир туугандарды ак пейили менен тосуп алып, аларды үч күн коноктойт. Дасторконго жылаандын куурулган этин коёт экен. Бир туугандар: «Биз атабыз Ожен-бегдин үйүндө эч качан мындай майлуу балык жеген эмеспиз» — деп тамшанышыптыр. Сурхуюхтун кызы жана Ожен-бегдин бир уулунан бүгүнкү хакастардын «хыргыс» уругу тарайт.

Күндөрдүн биринде Сорхуюх Типр-Пурну тоосунда калтар түлкүнү көрүп калат. Ал уулдары Кирби-оол менен Ирби-оолду калтар түлкүнү атып, терисин

алып келгиле, алып келбесеңер жазаңарды берем — дейт. Бир туугандар лыжа менен Чымыр-Хая тоосуна чейин түлкүнүн артынан кууп барышат. Жолдо Кирбиоолдун лыжасы сынып, артта калат. Ирми-оол өзү жалгыз кууп кетет. Ал Юта дарыясына жакындап келгенде түлкүнү кууп жетип, атып алат. Сорхуюх алардын артынан келе жатып, лыжасы сынган Кирби-оолду көрүп, ачууланып жаа менен атып, өлтүрүп коёт экен. Атасы уулун атып өлтүргөн жер азыр да «Кирби» деп аталат. Ирми-оол өз баласын өлтүргөн канкор атасын жек көрүп калат. Күндөрдүн биринде аң уулоого чогуу чыгышканда уулуна катуу талап коёт: «Чыныгы мергенчи бир күндө үч элик атат. Эгер бул талапты аткарбасаң көзүмө көрүнбөй жогол!» — дегенде, Ирмиоол атасына: «Эгер сен үч элик ата албасаң эмне болот?» — дептир. Эрдемсинип, өзүнө өтө ишенген Сорхуюх: «Мен ар дайым коюлган талапты аткарам!» — деп жооп бериптир. Мелдеште ата-бала өздөрү аң уулоочу багыттарга басып кетишет. Бир күндө Кирмиоол үч, атасы эки элик атып алышат. Мелдеште уткан Ирми-оол атасына атып алынган аңды Типр-Пурну тоосуна алып баргын деп айтат. Ошол ыйык тоонун чокусунда сан жетпес кылмыш жасаган атасын соттойт. Ошентип, Ирми-оол өз атасын өлүм жазасына өкүм кылган экен.[83] Аталар менен балдардын ортосундагы мындай ырайымсыз мамилени баяндаган уламыш эл үстүнөн бийлик үчүн болгон күрөштү да чагылдырышы мүмкүн.

Хакастарда иргит уругунан чыккан Сыгда жана Сиби аттуу бир туугандар жөнүндө уламыштар өтө кеңири тараган. Ожен-бег бийлеген мезгилде иргиттердин өргөөсү Ак-Июс дарыясынын жогорку агымындагы Хаспар суусунун боюнан орун алган Ханаспай башкарган экен. Күндөрдүн биринде Хонхорайга моңгол ханы Хара-Мотегей башкарган моңгол аскерлери каптап кирип, элди Чайларыг деген жерге топтоп, кары-картаңдарды кылычтап, калгандарын Алтайдан ары айдаган экен. Жолдо моңголдор сүрүлгөн элдин санын улам эсептеп туруу үчүн эркектерге сака таш таштатышкан экен. Аялдар бул эсепке кирген эмес. Уйбат түздүгүндөгү Хойза дарыясынын боюнда үйүлгөн таш дөбө «ооба» (кырг. «обоо») турат. Ханаспайдын аялы Мана-Иней күйөөсү менен акылдашып, түнү качып кетет экен. Арадан убакыт өтүп Мана-Иней Сыгда жана Сыбы деген эгиз балдарды төрөйт. Бул тоо азыр да Манатуган-тасхыл деп айтылып келет. Болочок баатырлар чоңойгон жерде аккан суу Иней-Суг «Эне-Суу» деген ат менен белгилүү. Мана-Иней эки наристесин алып, Уйбат тоосун ашып, Иней дарыясына жетет. Ал Тоорат-Кичин ашуусундагы үңкүрдө жашоону чечет. Ханаспайдын аялы дарыядагы балыкты, түрдүү чөптөрдүн тамырларын жеп балдарын багат экен. Анын «озоп» (кырг. «өзүп») деген темир күрөгү Иней-хуюзы үңкүрүнүн жанындагы кызыл карагайда азыр да илинип турганы маалым.

Сыгда менен Сыбы баатыр болуп эр жетишет. Алар аң уулоо менен күн көрүшөт экен. Күндөрдүн биринде чытырман токойдун ичинен жүнү сапсайган, тырмактары узун, оозу аңырдай чоң жырткычты көрүп калышат. Алар (Сыбы) жаа менен тайганын ээсин атып салышканда Мана-Иней атып алынган аңды көрүп: «Баарын көрүп, билип турган өз чоң атаңарды өлтүргөн турбайсыңарбы. Болоор иш болгондон соң, эми «Аба-той» — аюу тоюн өткөзүү керек, болбосо бизге тайга ичинде жашаган бир туугандар наразы болушат. Аюу тайгага кеткен биздин бабабыз болот!» деп, калтырап коркот. Мана-Инейдин уулдары өлтүрүлгөн аюунун кара ашын өткөзүшүп: «Биздин атабыз өлдү!» — деп айтышат. Ошол күнкү окуядан баштап Сыгда менен Сыбы чыныгы эрлер болуп калышат.

Мана-Иней көзү ачык, келечекти алдын-ала айта билчү касиетке ээ болгон экен. Ал аюунун далы сөөгүнөн өз элинин тагдыры жөнүндө төлгө салат. Төлгө Ак-Июс суусунун этектеринде жашынып жүргөн июс-сагай, хызыл-сагай уруктары жашайт деген аян берет. Энесинин кеңеши боюнча Сыгда менен Сыбы бөлүнүп, чачыраган уруктардын адамдарын бир элге жыйнашат. Томь тараптан аларга том-сагайлар келип кошулушат. Мындан сырткары, бир тууганлардын элине Ожен-бегдин Куяс өрөөнүндө жашынып жашап жүрүшкөн Тагынах-Матыр менен Куяс баатырлар кошулушат. Алар Өленг-Сын деген тоолуу аймакты мекендеп калышат.

Моңгол ханы Хара-Мотегейге тоолуу жерди мекендеп жатышкан бир туугандар Сыгда менен Сыбы жөнүндө кабар жетет. Ал бул элдин калгандарын кырып салгыла деп аскер жөнөтөт. Бул мезгилде Сыгда менен Сыбы Сыгым-тасхыл деген тоодо аң уулап жүрүшүп, чоочун атчандардын келе жатканын көрүп калышат. Мана-Иней аюунун далы сөөгүнө төлгө салып, жоонун жакындап калганын көрөт экен. Көзгө атаар иргит мергенчилери Хахпан дарыясынын жанына буктурма уюштурушуп, темир соот кийген моңголдорду моюнга жаа менен атышып, кырып салышат.

Бул окуядан соң Хара-Мотегей хан Хонгорайга өзүнүн Паламор-кам деген тогуз баптуу шаманын чалгынга жөнөтөт. Сыгда, Сыбы менен энеси учуп келе жаткан Паламор-камды көрүп калышат да, жаанын огу менен шаманды атып түшүрүшөт.

Андан соң, Хара-Мотегей эч кимдин алы жетпеген бир туугандарга каршы өзү жүрүшкө чыгат. Ал аскерлери менен Хонгорайга келип, Хара-Сын тоосуна бугуп жатып калат. Сыгда менен Сыбы Хызыл-Хая тоосундагы сепилге жашынышып, таамай аткан октору менен тоого бүлгүн салышат. Хара-Мотегей элчилери аркылуу бир туугандарды жаа атуу боюнча мелдешке чакырат. Алар өз ара макулдашууларга ылайык Харо дарыясынын жанындагы бейтарап жерде жайылып жүргөн эликтерди атууну чечишет. Бир күндүн ичинде моңгол мергендери аткан кайберендердин өлүгү тоодой болуп үйүлөт. Сыгда менен Сыбы болсо ар бири бир куржундан эликтердин жебе менен атып түшүрүлгөн кулактарын гана алып келишет, анткени бир туугандар жаныбарлардын бөөдө кырылышын каалашкан эмес эле. Санакта бир туугандардын моңгол мергенчилерине салыштырмалуу бир нече эсе көп аткандыгы аныкталганда, Хара-Мотегей хан алардын көзгө атар мергендигине жана айкөлдүгүнө өтө ыраазы болот. Ал кыргыз жерине мындан ары согуш менен келбеймин деп убада берип, бир туугандардын үстүнө алтын жип менен тигилген сый чапан жаап, жээрде аргымактарды тартуу кылат. Ошол мезгилден бери тарта Сыгда менен Сыбынын тукумдары болгон иргиттерге сары түстүү кийим кийүүгө жана жээрде ат минүүгө тыюу салыныптыр. Анткени бул түстөр моңголдор ыйык туткан символдор болуп саналат экен, муну менен иргиттер моңголдорго карата болгон урматтоо мамилесин билдиришкен имиш.

Моңгол ханы менен жарашкан соң, Сыгда менен Сыбы өз элин токойдон алып чыгып, Абакан өрөөнүндөгү Ожен-бегдин мурдагы ээлигине көчүп келишип, орус букаралыгына өтүшөт. Көрөр күнү, ичер суусу түгөнгөн атактуу бир туугандардын жандары Кузнецк Ала-Тоосундагы тоо ээлери менен жуурулушуп кетишкен дешет. Хакастар акыр заман күнү Сыгда менен Сыбы кайра келишип, Хонгорайдын мурдагы кубаттуулугун калыбына келтиришет деп ишенишет[84].

«Сыгда менен Сыбы» уламышында байыркы элди сактап калган даңктуу аялдын эрдиги баяндалат. 1703-ж. манжур сүргүнүнөн аман калган элдин айрым

бөлүктөрүнүн биригүүчү жерлери Уленнігсын деген тоонун айланасы болушу ыктымал. Тарыхый фольклордун маалыматтарында хакастардын жерине Моңголия менен Жунгария 1703-ж. окуялардан кийин да, үстөмдүк кылууга бир нече ондогон жылдар бою умтула беришкендиги ырасталат; муну абройлуу окумуштуулардын иликтөөлөрүндө айтылган 1727-ж. түзүлгөн Хахас-Минусин аймагынын Орусияга кошулушун мыйзамдаштырган Кяхта келишими да ырастап турат. Сыгда менен Сыбынын башкы душманы моңгол ханы Хора-Мотегей болгон. Хакас фольклорундагы Хара-Мотегей хандын образын Сибельдей деген мастен жана Үзүт-хандын кенже уулу менен байланыштырышат[85]. Фольклордук уламыш элди Жунгарияга туткундап сүргөн, мурдагы ойрот ханы Цэван-Рабданды терс каарман катарында карайт. Айрым учурда тарыхый фольклордо Цэван-Рабдандын ысмы катары Жунгар хандыгынын жетекчилери алып жүргөн контайша (хондайчы, кбндейч1) титулу колдонулат.

Хакастарда орустарга каршы күрөштө даңкы чыккан Ханзабег баатыр жөнүндөгү уламыш кеңири белгилүү. Уламыш боюнча Ханза-бег Июс талаасында төрөлгөн экен. Башка бир варианттарда Урюп дарыясы тараптагы Суген-хая тоосунда жарык дүйнөгө келгендиги баяндалат. Ханза-бег Ожен-бегден кийин, Орусия Түштүк Сибирди каратып алып жаткан мезгилде жашаган экен. Ал өзү тектүү жерден чыгып, бул күрөштө кызылдар уруусун жетектейт.[85] (Ал «кызылдарда падыша катары болгон»[85]). Анын уруусу орустарга моюн сунгандан соң, көбөйгөн оор салыкка нараазы болуп, көтөрүлүш чыгарган элди жетектейт. Шарыпов районундагы Усть-Парная кыштагынын жанындагы Каиш (Хайыс таг) тоосунун жанында Томск воеводасы менен жекеме-жеке чыгып, анын желкесинен кайыш алган имиш.

Ханза-бег мыкты жигиттерден кол топтоп, жоонун тынчын алып, кол сала баштайт. Анын эң жакын, ишенимдүү жолдоштору Хагдыгас менен Тикчегес (башка бир варианттарда: Хатхынах жана Кегдегей; Хангаях жана Тингейек) болгон. Тынчы жок жерге томскилик воевода каршы аскер жөнөтөт. Ханза-бег казак-орустар менен Урюп дарыясынын жанынан беттешет. Анын жармач куралданган жоокерлери мыкты куралы бар казак-орустарга туруштук бере албайт. Ханза-бег аскерлеринин калдыгы менен Тегир-Көл тарапка чегинип, Свалик (Свеелік) тоосуна келет. Бул жерден да жеңилип, Томь дарыясынан жогору карай Кузнецк тайгасына чегинет. Ушул аймактагы Кизел-Тасхыл тоосунда дары булак, ага жанаша жайгашкан Киргилик-тасхыл тоосунда дары-чөптөр бар экен. Ханза-бег дары булак жана чөптөр менен согушта алган жаратын дарылагандыгы баяндалат. Андан соң, Ханза-бег Сыр тайгасындагы Хазоях тоосуна жашынып, түнкүсүн орус аскерлерине кол салып, талкалайт. Бул орус бийликтерин жаңы кошумча чараларды көрүүгө түртөт. Томскилик воевода Ханза-бегдин жолдошторун (айрым варианттарда орус жолдошу Ошаровду) сатып алып, ага арак берип мас кылып туруп, колго түшүрүүгө көрсөтмө беришет. Анын саткын жолдоштору макул болушат. Аракты көп ичкен Ханза-беп «Түн ортосунда туулган жумуртка эртең менен тез учкан кушка айлансын! Түмөндүн башчысы Ханза-бег түнкү желмогузга айлансын!» — деп ырдайт.

Эс учун билбей, уктап калганда Ханза-бегтин колу-бутун байлап, салга жүктөп, Томскиге (айрым варианттарда Красноярскиге) алып келишет. Ханза-бег эсине келип кайгылуу ырдайт экен: «Кимдин токулган атка мингиси келбесин? Кимдин мас болгон эрди туткундагысы келбесин? Тизгиндүү атка кимдин мингиси келбесин? Эс-учунан айрылган мас эрди ким байлап албасын?»

Салга олтургузуп алынып келинген Ханза-бегти воевода түрмөгө салат. Ханза-бег абакта олтуруп ыр чыгарыптыр: «Орус ханы жасаган кара боз үйдүн түндүгү чуштугуй экен! Ак хан тарабынан курулган таш абактын шыбы боз үйдүн түндүгүн элестетет экен!»

Акырында Ханза бегти кабыргасынан шиш илгичке асып, өлтүрүшөт. Кабыргасынан илинген Ханза-беп «Ак хандын колу катуу экен! Ал омурткамды сыздатты! Казак-орустун темир шиши кабыргамды тешип, жанымды сыздатты!» — деп ырдаптыр.

Ханза-бегтин өлүмүн көп сандаган казак-орустар сонуркап көргөнү келишет. Воеводанын уулу Ханза-бегке өтө жакындап басып келгенде, Ханза-бег башын ийип, анын жакасындагы коло түймөсүн тиштеп үзүп алып, ошол түймө менен воеводанын баласынын башына үйлөп жибергенде, ал анын башын тешип кетет экен. Ошондо Ханза-беп «Аркы дүйнөгө барганда башыма жаздык болорсуң! Аркы дүйнөдө мен төшөнчү төшөк болорсуң!» — деп ырдайт. Денесинин ооруганына чыдабай, өлөр алдында: «Чаты жок дарыя акпайт, тадар элинде эми башчы болбойт! Дарак кабыксыз өспөйт, тадар элинде мындан ары хан болбойт!» — деп айткан экен. Анын сөөгү ошол иймек темирде кузгундар чокуп жеп кеткиче, үч күн асылып турган дешет.

Ханза-бег өлгөндөн соң орус бийликтери хакастарды орус падышасына ант берүүгө мажбур кылышат. Бул «саамалыкка» воевода өзү катышып, мылтыктын найзасына нанды сайып туруп: «Эгер Ак хандан башка хан жөнүндө ойлосом, анда ушул найзага сайылып өлөйүн!» — дедиртип, найзанын учундагы нанды тиштетип, ант алган экен.[88]

Азыркы учурда бир да санжырачы бул маалыматты толук биле бербейт. Хакастар учурда негизинен Ханза-бегтин салга байланып, жазага алынып кетип жаткан ырын гана жакшы билишет.

Ханза бегтин (Канза-Пий) тарыхый ырлары бачаттык, томдук телеуттарда жана төмөнкү мрасстык шорлордо да белгилүү[89]. Ал бардык жерде орус бийликтеринен жергиликтүү калкты коргогон баатыр катары айтылат. Бул маселеде фольклордук каарман Саян-Алтайдын элдеринде болуп өткөн тарыхый окуяларды чагылдырат. Бул образдын тарыхый прототиби азыркы учурга чейин тактала элек. Ханза-бег жалпыланган каармандын образыбы же чыныгы болгон кишиби, белгисиз.[90]

Телеуттарды изилдеп келген таанымал окумуштуу А. П. Уманский Ханза-бийден Манзу Бойдонов деген жунгар салык жыйноочусун көрөт. Бул салыкчы 1718—1720-жж. Кондом жана Мрасс волостторунан өтө мыкаачылык менен алым чогултуп алган. А. П. Уманскийдин божомолу этнограф ДФунк тарабынан да колдоого алынган: «Канза-Пийдин ролуна моңгол тайшасы Манзу Бойдонов көбүрөөк дал келет».[91]

Биздин пикирибизде мындай тыянакка толук макул болууга негиз жок. Мында айтылган Манза деген адам ысмы Ханза сөзү менен такыр дал келбейт. Мындан сырткары, Ханза-бег жөнүндө уламыш кеңири тараган Хакасиянын түндүгүндө жогоруда аталган салык жыйноочу дегеле болгон эмес. Алтай элинин тарыхый этнографиясын иликтөө көрсөткөндөй Манзу (Манжи) Бойдондун уулу, Сакылдын небереси, Куланын (Куладай) чөбөрөсү болгон, ал XVII к. башы ченде Эртиш тарапта жашаган деген пикир басымдуулук кылат. Бул жерлер аркылуу ойрот хандарынын чеги өтүп, анда чорос уруусунун ээлиги жайгашкан. Князь Манзу Бойдоновдун адамдары XVIII к. орто ченindеги трагедиялуу окуялардан кийин, тодош чайзанынын отогуна киришип, манди-тодош уругун түзүшкөн.

ХакНИИЯЛИнин кол жазмалар фондунда Ханза-бегдин укумтукуму жөнүндө, шуш уругуна кирген Кучелаевдерди таптык[92]. Чындыгында эле, 1705-1708-жж. кызылдарда орус айылдарына жортуул жасаган шуй татарлары Канзачак Уханаков жана Кучелай Тайбукиндер жетектеген кошуун болгон. Орус документтеринде Канзачактын ысмы 1703-ж. жунгар сүргүнүнөн кийин угула баштайт. Канзачак өзүнүн уруулаштары — «шуштарлар» менен Жунгариядагы Эмель дарыясы тарапка көчүрүлгөн. Анын айтуусу боюнча: «Үргүдөгү контайшыдан эки миң калмак келип, кыргыз адамдарын жана шуй татарларын бала-бакыралары менен топтоп Эртиш дарыясына жакындаганда казак ордолору кол салып, кыргыздардын эркектеринин көпчүлүгүн өлтүрүшүп, аялбалдарын туткундашты. Канзачач тирүү калган отуздай киши менен Кыргыз жергесине кайра кайткан эле. Ини дарыясынын жогорку агымына (Телеут жери) жакындап келишкенде эки жүздөй казак-орустар Канзачак жана анын адамдарына кол салышкан. Бул беттешүүдө жыйырмадай кыргыз курман болуп, Канзачак жана Сураска Игереков тогуз адам менен Томск тарапка качышкан. Чулум дарыясы тарапка оогондор Кыргыз жергесинен эч кимди таба алышпай, Кызыл жерине келишти да, жергиликтүү калктын кыздарына үйлөнүшүп, туруп калышты».[93] Канзачак менен Кучелай кайтып келишкенден кийин Томскиге орус бийликтерине кызмат кылууга келишип, бир жылдай ошол жерде туруп калышат.

1705-ж. Канзачак Уханаков, Кучелай Тайбукиндер кыргыз Шерлучак Кучелаев менен бирге Томскиден Кыргыз жергесине кайрадан качышкан эле. Андан соң, орус документтери: «Канзачак жана Кучелайко адамдары менен Чулум тарапка жүрүш жасашып, Томскиден Ачинск чыңдоосуна салык жыйноого барган И. Ларионов жана анын адамдарына кол салышып, алардын курсактарын жарып өлтүрүшүп, мүлктөрүн олжолоп алып кетишкен» деп жазат.[94]

1706-ж. Канзачак жана Кучелай «жолдоштору жана кыргыз адамдары менен Томск уездиндеги Бурнашев кыштагына согуш менен келишип, 12 орус жана башка адамдарды өлтүрүп кетишти».[95]

Ошол эле жылы Канзачак «80 ге жакын кыргыз адамдары менен Ачин чыңдоосуна бир жылдык убакыт менен кызматка жиберилген 3 адамды мыкаачылык менен көкүрөктөрүн жарып өлтүрүшүп, салык төлөгөн адамдардын көбүн даракка байлап өлөрчө сабашкан, балдарын энелеринен ажыратып, аёосуз кордошкон, мал-мүлкүн талап-тоноп, олжо катары алып кетишкен эле. Ошол эле Канзачачко жүздөй кыргыз менен келип, казак-орус Сава Завьяловду аялы, бала-бакырасы менен өлтүрүшүп, үйүн өрттөп жиберишкен».[96]

1707-ж. жай айларында приказчик П. Петров падышанын буйругу менен «Ачинск чыңдоосунан Аргута шуст татарлары Кучелайко жана Канзачакты адамдары менен бирге кармап келүү үчүн куралдуу он кишини жиберген».[97] Беш күн өткөндөн соң Канзачак кармалып Ачинскиге алынып келинген. Аны менен кошо «кыргыз Шурлучак жана башка беш кыргыз баласы бар эле». 1707-ж. 24-июнунда Канзачак, Кучелай жана Шурлучактарды Ачинскиден Томскиге алып келишкен.

1707-ж 3-сентябрында «Томск жеринде кылмыш кылгандыгы үчүн, аймактагы башка салык төлөгөн адамдарга сабак болсун үчүн шуст татарларын Кучелайка, Канзачак жана кыргыздын баласы Шерлучачты падышанын өкүмү менен өлүм жазасына тартышты.»[98] Архивдик жана фольклордук маалыматтардын негизинде Ханзачак Уханаковду уламынгга баяндалган Ханза-бег менен жалпы кароого негиз бар. Анын Канза (Ханза — канжа) деген

атына орус жазуусунун ошол учурдагы эркелетип-кичирейтип айтылчу «чак» деген сөз жасоочу мүчө жалганып айтылган. Канза — чактын хакаскызылдардын «шустар» уругуна кирген деген маалыматы фольклордун баяны менен дал келет. Анын Кучелай аттуу чоросу шуштар (шуй) уругуна кирген Кучелаевдердин түпкү бабасы болуусу мүмкүн.

1703-ж. Канзачак Хонгорайдын башка калкы менен бирге Жунгарияга сүрүлгөн. Сүргүндөн кайтып келишкендер шорлор менен телеуттардын ичинде туруп калган. Ал эми Сурас Игереков деген чоросу да телеуттардын жерине кайтып келген эле. Жогорудагы маалыматтардан улам Ханза-бегтин Томь өрөөнүнүн элинин эсинде кандайча сакталып калганын байкоого болот. Телеуттарда сакталып келген анын өлүм жазасы алдындагы ырынан жергиликтүү калктын Ханза-бегтин өлүмүн көргөнүн болжолдоого болот."

Канзачак менен казак-орустардын ортосундагы куралдуу кагылышуулар Чулум өрөөнүндө же Июс жеринде болуп өткөн. Азыркы учурда Үрүп, Парная дарыяларынын жана Теңир көлдүн (Типркол) айланасындагы Каиш (Хайыс-Таг), Ааскан (Атхыласхан-Таг), Свалик (Свеесліг), Чирилген деген тоолордун аттары Ханза-бегтин согушкан жерлерин чагылдырат. Канзачак Арга деген жерде колго түшкөн эле. Июс дарыясынын жогору жагындагы кызылдар жашаган жер хакастарда ушундайча аталат.[100] Жыйынтыктаганда, Канзачакты өлүм жазасына тартуу фольклордогу Ханза-бегтин воевода тарабынан темир илгичке кабыргасы менен асылганы жөнүндөгү маалыматтар менен дал келерин белгилегибиз келет.

Ханза-бегтин ысмы хакастардын арасыда ушул күнү да жашап келет. Хакасиянын аймагында дарылык касиети бар «Ханзапиг мөні су» деген булактар кездешет. Маселен, Томь дарыясынын жогорку агымындагы Кизел-Тасхыл тоосундагы булак ушундайча аталары белгилүү. Таңмалык дарыясында «Ханза-пиг атын сугарчаг хара суг» — «Ханза-бег атын сугарган суу» аттуу булак бар. «Талаа адырашманы» деген дары чөптү «Ханза-пиг оды» дешип, кесилген жараларды дарылоого пайдаланышат. Аксакалдар: «Улуг астан ас полбасын» — улуу тамактан өткөн не бар, «эгер орус менен дос болсоң, ага сырыңды алдырба, жаныңа болот кылыч ала жүргүн» деген Ханза-бегтин айткан сөздөрүн учкул кеп катары айтышат. Таң каларлык нерсе, бул учкул сөз теңир-тоолук кыргыздарда да айтылат экен. Маселен, «орус менен дос болсоң, ай балтаңды ала жат...!» Болжолу, бул учкул сөз башка түрк элдерине да таралып, эзелки мезгилдерге таандык болуп, орус элине каршы эмес, жалпы эле сырткы жоого каршы дайыма сак болууну эскертчү сөз окшойт.

Ханза-бег жөнүндөгү уламыштарда хакастардагы канга — кан деп өч алуу салттары жөнүндөгү фактылар сакталып келет. Бул төмөнкү сөздөрдөн да байкалат: «Тиги дүйнөдө частанган частыгым, төзенген төзегім бол». Мындай кан кууп өч алуу салты Түштүк Сибирдин башка түрк элдеринде да сакталып келген. Бул мисалды якуттардан да байкоого болот.[101] Феодалдык мыкчегерлерде өз жоосун мазактап-кордоо максатында эч нерседен шек албаган атаандаштарын өлтүрүлгөн жаш балдардын этинен тамак жасап беришкен мисалдар да кездешет (мис. Таар-бег).

Бул фольклордук чыгармада ант же шерт берүүнүн түрлөрү да сакталып калган. Мындай шерт берүү XVIII—XIX кк. хакастардан байкоого болот. Сот учурунда «шерт берип жаткан адамга кылычтын учуна сайылган нанды жегизишкен».[102] Мындай ант берүү куралдын жазалоочу күчүн билгизип, шертиңди бузсаң, кылычтан өлөсүң дегенди түшүндүргөн. XVII к. кыргыз жергесинде «итти өлтүрүп, анын канын ичкен» шерттин түрү болгон. Мындан

кыргыздардын иттин колдоочу касиетин барктаганын билүүгө болот деген божомол айтууга негиз бар. Маселен, б.з.ч. 49-ж. хуннулар Кытай менен антташкан келишимди жарыялоо үчүн ак боз атты курмандыкка чалышып, анын канын шарап менен аралаштырышып, юечжилердин падышасынын баш сөөгүнөн жасалган аякка куюп ичишкен.[104]

Ханза-бег жөнүндөгү уламыштарды изилдөөнүн негизинде биз тараптан Хакас-Минусин аймагынын Орусияга каратылышынын доорунда жашап, 1707-ж. Томскиде өлүм жазасына өкүм кылынган инсандын фольклордук образынын тарыхый прототибин көрө алдык деген жыйынтыкка келүүгө болот.

## 2.4. Ойрот башкаруучулары жөнүндө баяндар (XVIII к.)

Жунгар хандыгы (1635-1758-жж.) Сенге-тайшинин тушунда 1667 -ж. Алтын-хан Лоужанды жеңгенден кийин Саян-Алтайды, анын ичинде Хонгорайды өздөрүнүн вассалдары катары эсептешкен. Ойрот башкаруучулары XVII к. баш чендеринен 1635-ж. өздөрүнүн саясый абалын оңдоп алганга чейин кыргыз бектерине тең абалда мамиле жасашып, Хонгорайдын чайзангдары менен куда-сөөк болуп мамиле күтүп турушкан. Маселен, князь Көчебай Батараев Жунгар хандыгын негиздеген Батыр контайшинин атасы Карагулунун карындашына үйлөнгөн.

XVII к. экинчи жарымынан тартып, Хонгорайдын саясый абалы кескин өзгөрүп, кыргыз башкаруучулары жунгар хандарынан көз каранды абалда калышкандыктан өз улустарын башкаруу үчүн «ээлик» грамоталарын ала башташкан эле.[105] Согуш мезгили келгенде кыргыздар аскер берүүгө тийиш болушкан. Бирок, ошол эле учурда ойроттор кыргыздарга Орусиянын Түштүк Сибирге жылуусуна каршы күрөшүнө көмөк берип турушчу.

1756-1757-жж. Жунгар хандыгын Кытайдын Цинь династиясы талкалагандан соң, ойроттордун айрым бөлүктөрүнүн Хакас-Минусин аймагына ооп келишин хакас этникалык топторунда кеңири таралган Шуну-батыр жана Амур-Сана жөнүндөгү уламыштар маалымдай алат. Качиндерде ойрот башкаруучулары жөнүндөгү уламыштар Амыр-Саран, Амыр-Сарыг, Албын-Сана, Абыр-Сарам түрүндө айтылат. Сагай жана белтирлерде Хан-Суна, Суну-Матыр, Ир-Сулан, Алтын-Сора, Алып-Сора деген аталыштар менен белгилүү. Кызылдардын фольклордук чыгармаларында аларды Халдама жана Амыр-Сана деп аташат.[106]

Баяндарда Хонтайжы (Хумтайчы, Кундейч1) деген жалпылагыч ат менен маалым болгон акыркы ойрот башкаруучусунун баатыр уулунун кайгылуу тагдыры айтылат.

Ойрот элинин башкаруучусунун эки аялдан төрөлгөн эки уулу болот. Хан биринчиси менен ажырашып кеткени айтылат. Улуу баласын Суна (Амыр-Сана), экинчи аялынан төрөлгөн кичүү уулун Халдама деп аташчу. Хонтайжынын туруктуу аскерлерин Ах-Сагал, Хатыг-Темир, Киндирек деген көрүнүктүү аскер башчылары, ал эми тандалма аскер кошуунун анын жети күйөө баласы жетектөөчү экен.

Бир жолу Саян-Алтайдын тынч жашап, мал баккан элдерине Алтай тайгасынан жырткычтардын падышасы — алабарс (жолборс) коркунуч туудура баштайт. Суна көзгө атар мерген, абдан күчтүү, тайманбас жоокер болгон экен. Ал тайгадагы жырткычтын артынан түшүп, өзүнүн алты курамдуу жаасы менен атып өлтүрөт. Хонтайжы тарабынан жиберилген атайын куралдуу топ атылган жебе боюнча жолборсту кимдин атып өлтүргөнүн тактап чыгышат. Ойроттордун жетекчиси өзүнүн кийинки тагдыры, тактысы жөнүндө ойлонуп, токол аялы

менен кичүү уулу Халдаманын түрткүсү менен Сунаны орго таштаттырып салат. Суна көптөгөн жылдар бою өмүрүн сыз ордо өткөрөт. Жакындарынын ичинен бир гана энеси жашыруун түрдө тамак ташып келип турган экен. Бул баянда тактымды тартып алат деп, өз балдарын өлтүргөн тирандар жөнүндө баяндалат.

Хонтайжы жылына Кытайдан белек-бечкек алып турчу. Күндөрдүн биринде Кытайдан бир топ элчилер белек-бечкектин ордуна жети ат араң тарткан арабага жүктөлгөн арбалет алып келишет экен. Кытай богдыханы ойроттордун алып жаткан белектерге татыктуу эл экендигин текшерип көргүсү келиптир. Эрежеге ылайык, зор арбалеттин кайышын тогузунчу тээкке (тикпе) чейин тартып туруп, коё берип атуу керек экен. Бул талап аткарылбаса богдыхан кол салып, талап-тоноп алам деп коркутуптур. Хонтайжынын айланасындагылар, көрүнүктүү аскер башчылар да арбалеттин жибин тарта албай коюшат. Ошондо алп Суна эстерине келип, аны ордон алып келишкенде, баатыр эч кимдин күчү жетпеген арбалеттин кайышын тогузунчу тээкке чейин тартып туруп, атып жиберет. Ойлогондору аткарылбаган кытай элчилери аргасыз кайра кетишкен дешет.

Арадан бир аз убакыт өткөндө хонтайжы ооруп, көзү өтүп кетет. Ойроттордун арасында тактынын ээси үчүн күрөш башталат. Чоң курултайда ойрот княздары Халдаманы колдоп, ажырашкан аялдан туулган бала дешип Сунадан баш тартышат. Халдама бийликке келгенден соң, Суна үчүн жаңы куугунтуктоолор башталган эле. Ал өзүнө жакын нөөкөрлөрү менен Алтай тарапка ооп, кийинчерээк орус падышасына кызмат кылууга өтөт.

Ушул эле жылдары Ойрот жерине кытай аскерлери кол салып кирет. Сансыз кытай армиясы Халдаманын аскерлерин кысып кирет, көрүнүктүү аскер башчысы Ах-Сагал согушта курман болот. Хатыг-Тимир жана Киндирек деген аскер башчылары туткунга түшүп калышкан болучу. Туткунга түшкөн ойротторду кытайлар кул катарында пайдаланып калышкан. Хатыг-Тимир жана Киндирек качып чыгууга аракет кылышканда, куугунчулар аларды кылычтап салышат. Капысынан соо калып, оор жарадар болгон Киндирек Кузнецк чебине араң жетет.

Согушта жеңилип калган Халдама да Орусияга кире качып, баш калкалайт. Ал Омскиде чечектен ооруп өлөт экен. Арасында чачын куу баскан, оор жарааттардын издери бар Киндирек ж.б. ойроттор Абакан өрөөнүнө баш калкалашат. Алар кайырчылык менен күн көрүшкөнүн, Ойрот мамлекетинин кулашын Киндиректин урпактарынан болгон Канка Чудагашев комуздун коштоосунда көмөкөй ыры менен баяндап берчү .[108]

Биз тараптан жыйналып, маалым болгон варианттардын жана бизге чейинки изилдөөчүлөрдүн маалыматтарында дастандардын сюжет курамына ар түркүн мифтик жана жомок мотивдери кирип калган. Ойрот жергесиндеги болгон окуялардын баары Хакасияга жылат. Сунуну жети жашында эле жасаган эрдиктери үчүн далы сөөгүндөгү кемирчектерин кесип, орго ташташат. Түрк-моңгол элдеринде өзүнүн душмандарын өлтүрбөй, бирок алсыздандырып койгон ушундай салт кеңири тараган болгон. Моңголия тараптан аткарууга таптакыр мүмкүн эмес, өзгөчө айлакерликти талап кылган талаптар менен элчиликтер келип турушкан; маселен, көмүскө жерде турган канаттуулардын кайсынысы карга (кузгун) кайсынысы сагызган (саасхан) экенин айтуу керек болгон.

Амыр-Сана Москвага барганда камчысынын сабы менен падыша-коңгуроону көтөргөн имиш. Ошол эле жерде падыша Петр I (Поот-хан) менен жолугат.

Ошондо Ак-хан хакас ханынын (Тадар-ханы) жерин көрмөкчү болгон имиш. Аларга жолдо ак сакалдуу абышка жолугуп, бир куржунду көрсөтүп, көтөргүн деп суранат. Петр I көтөрө албай койгондо, Амыр-сана куржунду шап көтөрүп, атка артып койгон экен. Ак сакал абышка теңирдин өзү экен, Амыр-Санага кайрылып: «Хакас ханы дүйнөдөгү эң күчтүү киши экен, анткени мен куржунга жер шарынын жарым топурагын салып койгон болчумун» дегенде, Амыр-Сана каткырып күлүп: «Мен эгер жердин туткасы болгондо, аны жаргылчактын ташындай айлантмакмын» — деп кесир сүйлөйт экен. «Сен адам көтөрө алгыс оор кесир сөз (улуг чох) сүйлөп койдуң, ушунуң үчүн жооп бересиң!» — деп ак сакал абышка көздөн кайым болот.

Орус падышасы менен хакас ханы андан ары жөнөшөт. Алар Абакандын жогору агымындагы Хан-сын тоосунун чокусунан аскага оюлуп жасалган табытты көрүп калышат. Амыр-Сана ага чыгып барып, табыттын ичине жатып көрөйүн дегенде, табыттын капкагы капыстан шарт жабылып, бекилип, ал темир чынжыр менен чырмалып калыптыр. Ошондон бери хакастардын ханы тоонун кырындагы табытта (Хан-сыны) жатат имиш. Ал эми хакас эли бул окуядан соң, Ак падышага моюн сунуп калыптыр.[109] Кызыл варианты боюнча Амыр-Сана Ак-Июс өрөөнүндө азыр да турган таш балбалга айланып («оол обаа») калыптыр.[120] Акыр заман келгенде хакас ханы өз ордунан туруп келип, Хонгорайдын мурдагы кубатын калыбына келтирет имиш.

Шорлор менен бирюсиндер ойрот ханы Шунунун мезгилинде кыргыздарды Абакандан Жунгарияга сүргөнүн эскеришет.[110] Алар ошол учурда Сагай түздүгүн жайлашчу экен. Кыргыздар менен ойроттор тоолуу-токойлуу жерде жашашкан элдерден салык (албан) жыйнашчу. Тоо өрөөнүндөгү Кобырза дарыясы аккан жерде Шулбай деген жетектеген хобый уругу жашап турган болот.

Күндөрдүн биринде кыргыз ханы салык жыйнаганы келсе, Шулбай өз уруулаштарына аң терилерди көрсөтпөй каттыртып коет. Каарданган кыргыздар бул элди аябагандай жазалагандыгы баяндалат. Бирөөнүн колу менен өч алуу максатында Шулбай ойрот ханы Шунуга алып келген катында, салык жыйнаган кыргыздардан кутулуу керектигин билдирип кайрылат. Шуну катты окугандан соң, Хонгорайга саны анчалык көп эмес аскер жиберет. Кыргыздар жоону Аскиз өрөөнүндө тосуп чыгышып, толук талкалап салышкан экен. Бул окуядан соң, Шуну жортуулду өзү башкарып, кыргыздарды баш ийдирип, Жунгарияга карай сүрөт. Сүрүлгөн эл Шориядагы Кобырза дарыясынын жээги менен жүрүп олтурушат. Бул жер азыр да «Хыргыс кошкен хол» деп аталаары маалым. Кыргыздар сүрүлөөр алды Шулбайга акыр замандан соң кайра келишип анын сазайын беришерин эскертишкен экен.[111]

Шуну жана Амур-Сана жөнүндөгү баяндардын мазмундаш варианттары, XVIII к. биринчи жарымындагы окуялар Саян Алтайдын бардык элдерине гана эмес, аларга кошуна турушкан буряттарда да белгилүү. Фольклордук чыгармалар Шуну жана Амур-Сана тарыхый прототиптерин бир образга айландырып койгон. Чындыгында, бул эки инсан эки башка тарыхый доорлордо жашашкан.

Шуну же Лоузан-Шоно (1698-1735-жж.) жунгар ханы Цэван Рабдандын уулу, калмак ханы Аюкенин Сетержаб деген кызынан төрөлгөн. Анын башка энеден туулган аталаш бир тууганы Галдан-Цэрен (хакасча — Халдама) болгон. Алардын атасы Цэван-Рабдан тарыхый баяндарда Хонтайжы деп аталган. Ушул хандын тушунда кыргыздар Жунгарияга сүрүлгөн болучу.

Булактарда: «Галдан-Церен Шунуй менен такты үчүн болгон күрөштө атасына Шунуну жамандап, жалган ушактарды айтып, экөөнү душман кылып коёт.

Ошондо Цеван Рабдан Шунуну өлтүрмөк да болгон экен».[112] 1727-ж. Церан-Рабдан дүйнөдөн кайткан соң, Галдан-Цэрен бийликке келет, Шуну болсо Орусияга, Волга тарапка качууга аргасыз болот. Цинь империясы Жунгар хандыгын баш ийдирүүгө аракет кыла баштайт. Ошондуктан 1731-ж. кытай элчилери Волгага атайын келишип, Шунуну «Галдан-Цэрен менен согушууга тукурушуп, анын тактысын берүүгө убада беришет».[113] Кытай элчилеринин Хонтайжыга келип, аткара алгыс талаптарды коюшу чыныгы болгон тарыхый окуяларды чагылдырат.

Башка бир тарыхый инсан Амур-Сана (1722—1757-жж.) Ойрот мамлекетинин көз каранды эместиги үчүн күрөшүп, ал өлгөндөн соң, Жунгар хандыгы өз жашоосун токтоткон. Ал акыркы ойрот ханы Давацинин аталаш иниси, Галдан-Цэрендин небере иниси болгон экен.[114] 1754-ж хандык тактынын мураскорлорунун арасында күрөш башталганда Амур-Сана Давациге каршы көтөрүлүп, Алтай аймагын энчиге берүүнү талап кылат. Жеңилгенден соң, Кытайга качууга аргасыз болот. Кытай императору Хун-ли Амур-Сананы колдоп, ага биринчи катардагы князь титулун ыйгарып, ойротторго жетекчи кылып дайындоону ойлойт. Бирок, Амур-Сана кытай букаралыгынан баш тартып, 1755-ж. Жунгарияга келип, көтөрүлүштү жетектеген. 1756-ж. башында Давацы өлгөндөн кийин, Амур-Сана хан деп жарыяланат. Бирок, Хун-ли жарым миллиондон ашуун аскерлерди алсырап калган Жунгар хандыгына каршы жөнөткөндө Амур-Сана Орусиянын аймагына жашынууга аргасыз болот. Орус бийликтери аны Тоболь шаарына жөнөтүшөт, Амур-Сана 1757-ж. 21-сентябрда чечектен өлөт.[115]

Белгилүү ойрот башкаруучусу, ошентип, Саян-Алтай элдеринин улуттук баатырына айланып калат, анткени, бул аймак кандайдыр бир деңгээлде Жунгар хандыгынын кайгылуу тагдырына байланышкан тарыхый окуяларга катышы бар эле. Амур-Сананын образы алтайлыктар менен хакастардын эсинде куткаруучу катары жашап келет. Хакастар аны «Тадар-ханы» деп аташчу. Бул дастандардын соңунда бурханизмдин башкы идеяларынан болгон легендарлуу баатырдын кайтып келиши жөнүндөгү ойлор айтылат. Белтирлердин мифкалык жетекчиси Хан-Сулу элдин эсинде сакталып келген ойрот башкаруучусу Шуну менен жалпылыгы болушу толук мүмкүн.

Фольклордук чыгармаларда хакас элинин психологиясын чагылдырган кызыктуу мисалдар кездешет. Амур-Сана жөнүндөгү дастанда Хатыг-Тимир деген аскер башчысы бир тууганы Киндиректи аман сактап калуу үчүн, өз баласын аттан оодарып салат, анткени, аялды алууга, баланы табууга болорун, бир тууганды табуу мүмкүн эмес экендиги айтылат (хат чолда, пала пилде — катын жолдо, бала белде). Эрлердин психологиясы ушундай болгон.

Хакасия Орусияга кошулар алдында Ортолук Эне-Сай өрөөнү ойрот ээликтеринин бир бөлүгү болгон, анткени, кыргыз бектери жерге ээлик кылууга укук грамоталарын ойрот хандарынан алып турушкан. Хакас фольклору ойротторду жана алардын башчыларын өзүнүн тарыхый инсандары катары сүрөттөйт. Ошону менен бирге, хакас фольклору Хакасиянын калкынын ойроттордун баскынчылыгы менен Жунгарияга сүрүлүшүн баяндап келет.

## 2.5. XVIII—XIX кк. хакас тарыхый персонаждары

Хакасия Орусиянын курамына кошулгандан соң, хакас элинин турмушу узакка созулган согуштардан тынчтык нукка өтө баштайт. Ушул мезгилде калк карапайым адамдардын трагедиялуу тагдырларын, башчылардын турмушун,

адамдардын турмушундагы урунттуу окуяларды ж.б. чагылдырган элдик оозеки чыгармаларды «хара-чоохторду» жаратат.

Каптаган улуу тумоолордон алсыраган Сора деген фольклордук каарман кайгылуу тагдырга туш болот.[116] Эне-Сайдын аркы жээгиндеги Амыл дарыясын бойлоп жаш башлык (башчы) Хайир жетектеген хайдын деген анчалык чоң эмес уруу жашай турган. Хайдындар оокаттуу адамдар болушкан, жууркан-төшөгүн кишинин терилеринен жасашчу экен.

Күндөрдүн биринде салга түшүп Абакан чыңдоосуна келе жатышкан бул уруктун өкүлдөрү Оглахты тоосунан Эне-Сайга суу ичкени түшүп келе жаткан баатырлар минчү ак боз атты көрүп калышат. Бул Тулжубай баатырдын үйүрлөрүнүн сактоочусу — асмандагы ызыхы эле. Хайдындар ыйык аргымакты аңдышып, атып алышат. Жасаган акылсыз иштери үчүн бул урууга каргыш тийип, кара чечек (харан) тумоосу каптайт.

Хайдындар тумоодон кырыла баштайт. Хайир аялы экөө тең каза табышат. Хайирдин атасы неберелерин бул кырсыктан сактамакчы болуп, аттарын токуп, небере уул-кызын тайгага алып кетип, жер үйдө туруп калышат. Бирок, шум ажал абышканы да кууп жеткен экен. Арадан көп убакыт өтпөй кыз да чарчап калат. Ажалдан Хайирдин уулу гана өлгөн эжесинин койнуна жашынып, аман калат. Ушул учурда Амыл тайгасында Санзар деген мерген аң уулап жүрүптүр. Ал теги жагынан Койбал аймагындагы Пырас деген аралдан (Эне-Сай дарыясы) эле. Санзар балага жолугуп калып, өз үйүнө эрчитип келет. Баланын шамдагай, чапчаң мүнөзүнө карап Сора деп ат коюшат.[117] Соранын бактылуу балалыгы Санзар тирүү мезгилде өттү. Өгөй атасы көз жумгандан кийин Сораны кысымга ала башташканда, Санзардын кичүү кызы менен Хайдын жерине качууну чечет. Ал өзүн мээримдүү тосуп алышкан туугандарынын айылын табат. Бактылуу Сора чарба күтүп, жаш аялы менен турмуш-тиричилигин өткөрө баштайт. Арадан убакыт өтүп Казыр жана Кизир деген эки уулду болушат.

Күндөрдүн биринде Сора Амыл тайгасында аң уулап жүрүп, эжеси менен чоң атасы ажал табышкан жерге барууну чечет. Ал мурда болуп өткөн окуяны туйганы менен жер үйгө кирип түнөмөкчү болуптур. Натыйжада Сорага оору жугуп, ошол жерден каза табат. Соранын аялына суук кабар жеткенде, жесир калган аял өз балдары менен төркүнү жашаган Койбалга кетүүнү чечет. Балдарын атка мингизип, Амыл дарыясынын чатындагы кечүүгө келгенде аттары мүдүрүлүп, балдары менен сууга чөгүп өлүшөт. Ошол окуядан улам, дарыяга кошулган эки суу Казыр менен Кизирдин ысымдарын алып жүрүшөт.

«Сора» жөнүндөгү баян XVIII к орто чендериндеги окуяларды, тагыраак айтканда, чечек оорусунан Эне-Сайдын оң өйүзүндө жашаган койбалдардын матор, хайдын урууларынын бир бөлүгү кырылып калгандыгын чагылдырат.[118] Казыр жана Кизир жөнүндөгү баяндын келип чыгышы бир кыйла эртерээк мезгилдерге таандык.

XVIII к. орто чендеринде Качин аймагын Ак Июс дарыясы тараптагы Хубачар айылында туруучу Паган-бег Көбежиков башкарган. Ал учурларда Сибирь аймагынын административдик борбору Тобольск (Тобыл-Тура) шаарында жайгашып, өз мезгилинде хакас бектери жыйналган салыкты алып барып турушчу. Сибирдин губернатору болуп Чигирин дайындалган. Ал ичти шишитип жиберчү ооруга чалдыккан экен. Ал эми Паган-бег өзүнүн орой кыял-жоругу менен белгилүү болгон. Кошуна жайгашкан Койбал аймагында жылкы тийүү аябай күч алып, бул көрүнүш кадыресе баатырдык, азаматтык катары кабыл

алынган. Бир жолу койбалдык жылкы уурулар кармалганда аларды өлүм жазасына өкүм кылууга буйруйт. Койбалдардан Тобольскиге жашыруун арыз жөнөтүшөт. Губернатор мындай кабарды алар замат Паган-бегди өзүнө чакыртат. Паган-бег үйүрлөрүнүн ичинен кырк кара темгилдүү ак боз жылкыларды бөлүп алып, нөөкөрлөрү менен Тобольскиге жөнөйт. Бул жолугушууда Паган-бег губернаторго (хазын) Койбал жергесиндеги күч алган уурулук жөнүндө баяндап берип, андан соң аргымактарын тартуу кылган экен.

Кабыл алуу учурунда Паган-бег сибирдик губернатордун табы жок экенин байкап, өзүнүн табыптык кызматын сунуш этет. Макулдугун алган соң, Паган-бег өз букараларына бээнин сүтүнөн кымыз жасатып, андан сүт арагын (хымыс арагазы) жасатат. Губернаторго эки ай бою күнүнө эки ирет жез аяк менен тартылган кымыз арагынан берип турган дейт. Губернатор ооруудан айыгып чыгат. Кубанган губернатор Чигирин Паган-бегке ысымы жазылган кылыч тартуулоо менен бирге, Качин аймагына ээлик кылууга, ууруларга жаза колдонууга уруксат кагаздарын ыйгарган экен. Орус бийликтеринен колдоо алган Паган-бег карапайым элди аёосуз жазалап, жыйналган алымдын бир бөлүгүн кымтып ала турган болот. Ак Июстун жогорку агымы тарабындагы анын аң уулоочу кенен жерлери азыр да «Паган карызы» деп аталат. Анткени, бул аймакта аңчылык кылган мергенчилер жана жергиликтүү калк Паган-бегке аң-терилеринин жарымын берүүгө милдеттүү болушкан. Колунда жок көптөгөн адамдар эсирген башлыкка жылдар бою кызмат кылышчу. Акырында Паган-бегтин эзүүсүнө чыдай алышпай, жардыланган малчылар кара шаманды чакырышып, анын дубалоосу менен Качин аймагынын башчысынан кутулушкан экен.

Паган-бег өлгөндөн соң, бийлик анын уулу Бориске өтөт. Андан соң Качин аймагынын башчылыгына, Паган-бегдин небереси болгон Палтан келген. Андан соң, Палтандын ортоңку уулу — Апчай, кийинчерээк бул тизгинди Прок алган.

Кобежиковдордун тукумдары сансыз байлыктарга ээ эле. Алар малын алтын кумга сатышчу, Хомдычул жана Хызылчул дарыяларына тегирмендерди курушкан, Шира көлүнүн жээгине эс алуу үйлөрүн салышкан экен. Бирок, XIX к. чайзандардын курултайында калкты ашыкча эзүүгө алышкандыктары үчүн Кобежиковдор эл башкаруудан четтетилишкен. Алардын тукумдарынан кийин бектикке эч ким шайланган эмес. Бирок, Совет бийлиги орногонго чейин Кобежиковдордо губернатор Чигирин тартуу кылган ысмы жазылып берилген кылыч жана укук грамотасы сакталып кала берген.[119]

Паган-бег жөнүндө эл баяндаган хара-чоохтор негизинен XVIII к. экинчи, XIX к. биринчи жарымындагы окуяларды камтыйт. Чындыгында эле, 1760—1770-жж. Тобольскиде хакас бектеринин арыздарын сибирдик губернатор Денис Иванович Чичерин караган экен.[120] Кымыз менен дарылоо жөнүндөгү маалымат сүт азыктарынын жашоо турмуштагы маанисин жана хакастардын көчмөн маданиятын чагылдырары шексиз. XIX к. сүт азыктарынын ичинен айран үстөмдүк кыла башташы, хакастардын жарым отурукташууга өтүшүн, бодо малдын көбөйүшүн аныктаган. Хакастарда араканы (кымыздан тартылган арак) дарылык багытта колдонуу маданияты кеңири тараган. Салттуу шарап ичимдиктеринен четтеп кетүү, азыркы учурдагы таралган аракечтикти хакастар бабалардын каада-салтын сактабагындыктары үчүн тоо духтарынын жазалоосу катары түшүнүшөт.

Апун Картин деген бай жана анын урук-тукумунун санжырасы жөнүндөгү аңгемелер хакас этносунун калыптанышынын татаал процессин көз алдыбызга

келтирет. Байыркы мезгилдерде Абакан суусу Ах-Сабага деп аталып жүргөн учурда анын жээгинде кыргыз элин башкарган Алтын-Толай деген бек жашаптыр. Күндөрдүн биринде Абакан өрөөнүнө Ойрот ханынын аскерлери капысынан каптап, кыргыз элин туткундап, сүрүп кетишет экен. Жашы улгайып калган Алтын-Толай бек өз уулу Алтын-Алгай менен бөтөн эл, бөтөн жерге аргасыз туруп калышыптыр. Туткундагы ата-бала ойрот байы Ибелдиктин чарбасында уй багып, кой кайтарууга аргасыз болушат. Ибелдик байдын жалгыз Суру аттуу сулуу кызы келишимдүү Алгайды жактырып калат. Өз ара макулдашып, Хонгорайга качып кетишет. Суру атасы Ибелдиктин алтын менен күмүшүнөн да алууну унуткан эмес экен. Абакан өрөөнүнө келишкен соң, Алтын-Алгай Ташеба дарыясынын куймасына жакын жерде туруп калышат. Алар Харты жана Баин деген эки уулдуу болушат. Бул балдардан Ойрот мамлекетинен чыккан ойрат-хыргыс уругундагы Картин жана Баиновдордун тукумдары тарайт. Ойрот жеңип алууларынан кийин Абакан түздүгүндө мурдагы кыргыздардын бир аз гана бөлүгү калган экен.

Бир жолу Харты менен Баин Абаканда балык уулап жүрүшүп, кайыңдан жасалган кайыкта сүзүп келе жаткан жаш баланы көрүп калышат. Алтын-Алгай бул баланы асырап алып, атын Аршан деп койот. Аршандан Алгайдын урматына аталып калган алгай-хыргыс уругундагы Аршановдордун тукуму тарайт.

Харты атасынан энчи катары бир үйүр жылкы алат. Күндөрдүн биринде башына куржунду жазданып, түнкү асманды тиктеп жатып калат. Ай толуп турган чак эле. Капысынан асманда жаркырак пайда болот. Хакас ишенимдери боюнча мындай кубулуш болгондо тилек кылуу керек болучу. Харты шашылгандан: «Мен жетинчи тукумума чейин бай болсом» — деп тилек кылат. Ушул окуядан кийин Картин Хонгорайдын эң бай адамдарынан болуп калыптыр.

Хартыдан Хылга Картин, андан Мунаш төрөлөт. Мунаштан Чирке туулат. 1822-ж. Качин талаа думасы уюштурулганда Чирке Картин анын негиздөөчүсү болгон. Ал падышанын атчан аскерлерине 100 кула аргымакты тартуу кылган экен. Бул тартуу үчүн падыша Александр Чиркеге өзүнүн үстүндөгү кафтанын чечип берген дешет. Чиркенин алты уулу болгон: Куске, Пага, Патха, Силбен, Чобан жана кенжеси Хароол. Хароолдун Соркай аттуу уулу болгон. Соркайдан — Петр, Петрдан Апун (Афанасий Петрович) туулат. Хартанын жетинчи тукуму болгон Апун бай бабаларынын байлыгын чачып жок кылган дейт. Элдин айтканына караганда, Картиндердин байлыгы бир миллион падыша рублин түзгөн. Апун Картин байлыгын күнүмдүк жан жыргатууга чачып: «Картиндердин байлыгы түгөнгүчө Ташебадагы кум эртерээк түтөнөт» — деп мактанчу экен.

Апун дасторкон үстүндө өзүн-өзү мактаган ырларды жакшы көрүп, аны кедей Кыто Добров деген аткарчу. Бир жолу Кыто Добров ырдоодон баш тартканда, бай аны атып салат. Апунду Минусин түрмөсүнө камашканда, абактагы кылмышкерлер аны өлтүрүп коюшат экен. Апун өлгөндөн кийин, Картиндердин байлыгы да кумга сиңген суудай жок болот. Анын Сендре деген уулу кедей абалында калгандыгы айтылат.[121] Хакастардын ишенимдери боюнча Харты өз тукумдарынын тагдырын чектеп койгон, эгерде ай жаңырган учурда жети тукумга гана чейин эмес, көбүрөөк тилек кылганда Картиндер азыр да бакыбат жашамак имиш.

Хакастын тарыхый баяндары белгилегенге караганда Кызыл талаа думасынын башчысы (беги) Крис Ботонаков деген болгон. Кристин мүлкү жылкы тийип уурулук кылган атасы Тыбый Ботонаковдун байлыгынан куралган экен. Тыбыйды жабыр тарткан адамдар уурулук кылып жаткан жерден өлтүрүшөт.

Крис Кызыл талаа думасына кызматка келгенде орус бийликтеринен өзүнүн тегин жашыруу максатында өз кайын-журту Улчугачевдердин фамилиясына өтөт.

Крис бай Ак Июс дарыясынын жээгинде жайгашкан айылда турчу. Кызыл талаа думасынын борбору ал учурда Кара Июстагы Тагдагы-аал деген жерде жайгашкан. Бир жолу Крис думанын борборуна аттанат. Жол жүрүп келе жатып, Онло тоосунун тектиринен айтылуу чайзан Силиг-оолдун аялы каткан алтынды таап алат. Байыган Крис өзүнүн жылкысынын санын токсон үйүргө жеткирет экен. Бир жолу Хонгорайдын талааларын сансыз келемиштер (сал куске агыны) каптап кетет. Жайнаган кемиргичтер чабылган бычандарды, чөптөрдү тамырынан бери жеп салышат. Өсүмдүксүз калган өрөөн чөлгө айлануу коркунучу туулат. Жемсиз-отсуз калган төрт түлүк мал кырыла баштайт. Крис байдын мүлкүнүн негизин түзгөн жылкылар кыш мезгилинде отсуз калып, кырылып калат. Крис Ботанаковдун бакубат турмушу ушундайча кайгылуу аяктаган.

XIX к. Хакас-Минусин крайын чычкан, келемиштердин чабуулу бир нече ирет солкулдаткан экен. Мындан хакас малчылары чоң зыян тартышканын бай Крис Ботанаков жөнүндөгү хара-чоох ырастайт. Григорий (Крис Гриша дегенден келип чыгат) Улчугачев Кызыл талаа думасын негиздөөчүсүнүн бир тууганы катары жазма булактарда чагылдырылат.

1855-ж. Качин думасы ири байлардын чыр-чатагынан Усть-Абакан жана Усть-Фыркаль управаларына бөлүнүп кетишкен. Хара-чоохтордун маалыматтарына караганда Усть-Фыркаль управасын Точак Конгаров башкарып калат.[122] Хакас каада-салттары боюнча бектик кызматка кырк жаштан өткөн, турмуштук тажрыйбасы бар кишилер коюлган. Хакас башлыктары мамлекеттик салыктан - албандан бошотулган.

Бирок, бек Точак Конгаров өтө ач көз киши болгон дешет. Ар бир эркек башынан ашыкча бир рублден албан жыйнап алчу. Кары-картаңдар жана оорулуулар салыктан бошотулгандыгына карабастан, аларды ошол албандын жарымын төлөөгө мажбур кылгандыгы айтылат.

Сакталып келген элдик салттын негизинде хакастардын ичинде тайаке-жээндердин ортосундагы кыз алып, кыз берүү салты (тайылыг — чеенш г) кеңири тараган. Бирок, бул салт орус чиркөөсү тарабынан күнөө болору эскертилип турчу. Точак бай мындай үй-бүлөлөрдү өзүнө чакырып, коркутуп-үркүтүү жолу менен мал-мүлкүн алып турган. Баш ийбегендерди Точак сотко (чаргы) чакырып, күнөөлүүлөргө 25тен 75 ке чейин балак урдурган. Управада бул жазалоону ишке ашыруучу атайын кызматтагы адам болгон. Жазалоодон жабыр тарткан адамдардын желкесиндеги териси шылынып түшчү. Жазалоодон кийин эркектер чанач сыңары шишип, орукчал адамдарга айланып калышчу.

Точактын каардуу башкаруусу Краснояр дагы орус бийликтерине белгилүү болуп калат. Губерниядан чыр-чатакты текшерүүгө келген орус чиновнигине белек бербей койгон сараң Точак кызматынан кол жууп калат. 1864-ж. Усть-Фыркаль управасы борбору Абакан эсептелген Усть-Абакан управасына кошулган эле. Ошол учурдан бери Точак менен анын тукумдарынан башлыктык кызматка эч ким шайланган эмес.

XIX к. Хакасиянын аймагына сүргүнгө айдалган поляктар, зыряндар, кавказдыктар келишип, алардын айрым тукумдары хакас этносунун курамына жуурулушат. Алардын ичинде Хакасияга каракчылык кылмышы үчүн сүргүнгө

айдалган азербайжан Гасанбег-оглыдан «хара черкес» уругу таркайт. Гасан-бег соода жана жылкы уурдоо менен кесиптенген. Жаз айында хакастардын Жаңы жылында (Чыл пазы) малчыларга насыяга жибек кездеме менен жасалгаларды таркатып, күзүндө Айран-солындызы тоюнда карызды мал түрүндө алуучу. Бир шурунун наркы бир өгүзгө барабар эле. Хакас сөйкөлөрү үчүн алты шуру талап кылынуучу. Мындай жасалга сулуу кыз-келиндерди суктандырчу. Бирок, Гасанбегдин бул ишкердик аракети толук аягына чыкпай калган болучу. Аны хакастар жылкы уурдагандыгы үчүн өлтүрүп салышкан.

Гасан-бег Койбал түздүгүндө жашап, бир нече койбал аялдарына үйлөнгөн. Андан бир уул, эки кыз төрөлөт. Гасан-бег өлгөндөн кийин анын балдары хакастардын ичинде чоңоюшуп, Казымбековдор деген фамилия алышып, «черкес» уругуна негиз салышкан.

Хакастарда мындан сырткары, качкын Хучас жөнүндөгү баяндар (хара-чоох) кеңири тараган. Ак хан бийлигинин тушунда хакастарды орус армиясына кызматка алышчу эмес; анткени, талаа турмушуна көнүшкөн, орус тилин билбеген хакастар камыр тамактарды жешчү эмес. Бирок, Николай I нин падышачылыгы учурунда Хакас-Минусин аймагынын оокаттуу дыйкандары өздөрүнүн аскерге милдеттүү балдарынын ордуна хакас кедейлерин жалдай башташкан эле.

Абакан өрөөнүндөгү Үзүм деген жерде Хучас Итпалинов аттуу кедей жашоочу. Жыл бою байларга жалданып иштегендигине карабастан, карыздан башы чыкчу эмес экен. Тагдырдын кайгылуу соккусунан 300 рубль карызы үчүн жергиликтүү бай орус дыйканынын баласы үчүн аскерге чакырылат. Бай Хучас үчүн жылдык салыкты төлөөгө милдеткерликти алат. Аскер турмушу анчейин деле таттуу эмес эле. Эркин жашап көнгөн Хучас казармалык турмуштан тажап качып кетет. Аскер дезертири (качкын) болгон Хучас өз айылына келе алмак эмес. Бирок киндик каны тамган жерди таштап кете албаган Хучас Саар-таг тоосуна «Хучас уген тас» деп аталып калган чыңдоо курат.

Хучас байлардын бийлигине каршы чыгат. Ал чайзандар тарабынан жыйналган салыкты тартып алып, кедейлерге таратып бере баштайт. Ошону менен бирге, Хучас белгилүү жылкы уурдоочу катары да даңкы чыгат. Хучас байлардын жылкы үйүрлөрүн Кузнецк Ала-Тоосундагы тайгага, Томь жана Ак Июс дарыяларынын баш жактарындагы чытырман токойлорго айдап качат. Ушул аймактардагы Тиренсуг дарыясынын жанында Хучас уурдалган малга жаңыдан эн тамга басып, андан ары сагайлардын ууручары менен биргеликте Кызыл тарапка ашып түшүшүп, сатып жиберчү экен. Хакас байлары Хучастан арылууну чечишет. Бирок аны кармай албай эстери оойт. Эл оозунда Хучастын шыйрагы узун, тизесиндеги томугу чоң, ошондуктан ал жакшы чуркап куугундан кутулуп кетчү деген аңыз кеп айтылат. Куугун учурунда Хучас Абакан дарыясына бат жетип, сууга кирип, камыштын жардамы менен суу астында дем алып, кутулуп кетчү экен.

Бир жолу башлыктар «Хучас-уген-тасты» курчап, Хучасты колго түшүрүп алышат. Сагай талаа думасынын беги Хучаска 50 балак уруу менен жазалоо жөнүндө өкүм чыгарат. Мындан сырткары, чуркай албасын деп анын тамандарын кесип, жылкынын майда кылын салып тигип коюшат. Бирок, Хучас түрмөнүн курчалган бийик дубалын ашып түшүп, алыскы Асхыл-тайгага барып жашынат. Асхыл-тайгада Хучастын издери азыр да бар деген аңыз кептер айтылат.[124]

Хучас 1860-1870-жж. элдик өч алуучу катары атагы чыккан. Аскерден качкан Хучас өзүнүн аракеттери менен хакас айылдарынын байларына бүлүк салган.

Анда жаратылыш тартуулаган кара күч бар эле. Сүрөтчү Д. Каратанов Хучас жөнүндө: «Анын жүзүнөн... акыл-эси, дене күчү жана ички руханий кубаты сезилип турат. Бүркүттөр гана ушундайча тиктейт. Аны артыкча баалабай эле бүркүткө салыштырууга болот» деп эскерген.[125] 1862-ж. Хучас кармалып, каторгалык жумушка жөнөтүлгөн. Ал жерден да качат. 1867 -ж. Сагай думасында камакка алынганы, бирок, 1872-ж. эркиндикке чыгып, кайрадан байларды тоногондугу маалым. Качкын Хучастын атагын алыстан уккан белгилүү сүрөтчү В.И. Суриков Аскизге атайын келип, элдик өч алуучунун сүрөтүн тартып кеткен экен.

Хакастар калк арасында көбүнчө Пора деген ат менен белгилүү болгон окумуштуу, профессор Николай Федорович Катанов (1864—1922-жж.) жөнүндө өтө сыймыктануу менен айтышат, Анын Аскизде болочоктогу өтө бай Аппах Асочаков менен бирге өткөргөн окуучулук күндөрү жөнүндө кызыктуу маалыматтарды угууга болот. Пора өз аялын атасынын бир тууганы Ефим Катановдун колунан алган. Хакас талааларында соодагерлердин кербенине каракчылар кол салганда аман калган орус кызын Ефим Катанов багып чоңойтот. «Хара-чоохтордогу» маалыматтарга караганда Пора Катанов казандык татарлардын таасири астында хакастарга «тадар» деген атты ыйгарган деп айтылат.

Бир жолу Пора алыскы Казан шаарынан туугандарыныкына мейманчылаганы келип калат. Аны генералдык формада көргөн хакастар орус тилинде баарлашмакчы болуп калышат. Бирок, хакастар орус тилин начар билишкендиктен сөздөрдү чаташтырып сүйлөй албай калышканда, Пора хакастын таза тилинде сөздү бурмалабай, өз тилиңерди урматтагыла деген экен.

Пора хакас айылдарын аралап жүрүп, элдик өзгөчө күлкүлүү, чымчыма какшыкты — «чалчыхты» укмакчы болуп калат. Аны Усть-Чуль деген айылдагы жаш келиндин үйүнө чакырышат: «Менин алдыма алтын жаланган кийимиң менен олтуруп алып, падышанын берген кемсели менен таң калдыргың келип турабы. Сен оболу менин жорго атыма алдагы кийимиң менен олтуруп көрчү, андан соң сени менен сүйлөшөйүн» деп айтыптыр. Пора чыныгы элдик «чалчыхты» угуп жыргаган экен.[126]

Хакас тарыхынын Орусиянын курамындагы мезгили «харачоох» деп аталган элдик баяндар менен маалым. Бул фольклордук чыгармаларда элдик заң-мыйзамдардын (талаа мыйзамдары) түрлөрү, элдин күндөлүк жашоо-турмушу, орус административдик башкаруу органдарындагы кызмат ж.б. сүрөттөлөт. Жалпысынан алганда, «Хара-чоох» баяндары толук кандуу түрдө калыптана алган эмес, алар көбүнчө локалдык мүнөзгө ээ. Эл андан улуттук баатырларды бөлүп ала элек. Хара-чоохтордун курамында башка түрк элдеринин легендалары менен санжыраларына таандык эзелки сюжеттер да кездешет. Качкындарды аёосуз жазалоо (таманын кесип, кыл салып тигип коюу) башкыр фольклорунда да белгилүү. Муну Амур-Сана жөнүндөгү дастанда баяндалган туткундардын далысын кесүү салтына салыштырууга болот. Муну кыргыздар да туткундардын күчүн алып, алсыратуу максатында колдонушкандыгы маалым[127]

# ТАРЫХ

## III бап.

# КЫРГЫЗДАР МОҢГОЛ-ЖУНГАР БАСЫП АЛУУЛАРЫ МЕЗГИЛИНДЕ (XIII—XVIII КК.)

## 3.1. Саян-Алтайды моңголдордун басып алуусу. Кыргыздар Моңгол империясынын курамында

XIII к. башында кыргыз мамлекети жалпы жонунан бир «ээликке» кирген, бирок иш жүзүндө бири-бирине көз каранды эмес эки улуска бөлүнүп калган. «Кыргыз жана Кэм-кэмжиут — бири-бирине жанаша турган эки аймак, алар бир мамлекетти түзөт. Кэм-кэмжиут — чоң дарыя, ал бир жагынан моңголдордун (Могулстан) ээликтери менен, экинчи жагынан тайжиут уруулары жайгашкан Селенге дарыясы менен чектешет; ээликтин бир тарабы суусу мол Ангара-мурен менен чектешип, Ибир-Сибир аймактарынын жерлерине барып такалат. Кэм-кэмжиуттун бир тарабында найман уруулары жердеген тоо-түздүк аймактары жатат. Насили моңгол урууларынан болгон кори, баргу, тумат менен байаут уруулары Баргркин-Токум жана ага чектеш жерлерди мекендешет. Бул аймактарда шаарлар жана кыштактар арбын кездешет, көп сандаган көчмөн уруулар бар».[1] Кэм-кэмжиут аймагынын аталышы Кем (Жогорку Эне-Сай) жана Кемчик дарыяларынын атынан келип чыгып, географиялык жактан азыркы Туванын аймагына дал келет. Ал наймандар мекендеген Моңгол Алтайы, тумат, баргут, байаут уруулары жайгашкан Чыгыш Саяндар (Баргркин-Токум) жана Селенга дарыясынын жогорку агымдары менен чектешет. «Кыргыз» улусу Минусин ойдуңун ээлеген. Бул аймак аркылуу «Кэм-кэмжиут» (Эне-Сай) деген чоң дарыя, «Анкара-мурен» (Ангара) дарыясы менен биригип, «Ибир-Сибир» аймактарына (Тайгалуу Сибирь аймагы) жетет. Андан чыгышыраакта кори (курыкан) уруулары жашай турган.

Биздин замандын ХШ-XIV кк. эне-сайлык кыргыздардын археологиялык эстеликтери ошол доордогу кыргыздар жашаган аймак менен толук дал келет. Моңгол мезгилиндеги кыргыз көрүстөндөрүнүн басымдуу бөлүгү Минусин ойдуңунда (Кыргыз жеринде) жайгашкан; Кий дарыясынын өрөөнүндө (Ибир-Сибирдин тайгалуу чет-жакасында) да ушул мезгилге таандык кыргыз эстеликтери табылган. Б.з. XIII—XIV кк. Тувада кыргыз маданиятынын үлгүлөрү көп санда кездешпейт. Алтайдан моңгол дооруна таандык кыргыз эстеликтерин жолуктура алган жокпуз. Изилдөөчү С. Г. Кляшторный тарабынан болжолдонгон Алтайдагы XIII к. өзгөчө «Кыргыз улусу» болгон деген пикир колдогу болгон булактар тарабынан ырасталган жок. Ошондуктан бул аймакка «Кыргыз облусун» жайгаштыруу чындыкка коошпойт.

«Кыргыз жана кем-кэмжиут» улустарынын ар биринин өз башкаруучусу болгон. «Улус башчыларынын (ар биринин) өз ысымдары башка болгону менен — «инал» деген наамды алып жүрүшкөн, ушул эле аймактардагы урмат-сыйга ээ болгон уруунун аты — «иди» болгон. Улустун башчысы.... (жазылбай калган).

Экинчи улус — Еди-Орун деп аталат. Анын башчысын Урус-инал деп аташат».[2] Эки аймактын тең иналдары ушул аталган «иди» уругунан чыгышкан. «Кошуна жайгашкан» эки улустун бир «ээликке» кирүүсү күчтөн тайып, жонунан гана сакталып турган кагандын бийлиги менен бирге, жер-жерлердеги чыныгы бийлик иналдардын (мураскорлордун) колунда болгондугун чагылдырат.

Моңгол элчилеринин «кыргыз эмирлерине жана башкаруучуларына» барчу жолду сүрөттөп жазгандарына караганда, Еди-Орун аймагы Минусин ойдуңунда жайгашкан болсо керек. «Алар адегенде... (жазылбай калган) бир аймакка келишти. Андан соң, башка аймакка сапар тартышып, Урус-инал деген башкаруучусу бар Еди-Орун аттуу аймакка келишти».[3] Кыргыз ээликтеринин чектери Ангара дарыясына чейин жеткен. «Ошол дарыя (Анкара) Кикас деп аталган шаардын жанынан агып өтөт, Кем дарыясы менен биригет. Ошол шаар кыргыздардын чегинде жайгашкан».[4]

XII к. аягында — XIII к баш чендеринде моңголдор наймандарды талкалоо менен, Батыш Моңголия жана Жунгариянын түрк жана моңгол урууларын баш ийдирүүнү аякташат. Согушта жеңилген найман ханы Буюрук «кыргыз жеринде жайгашкан Кэм-кэмжиутка качып барды».[5]

Темужин жеңип алынган урууларды башкарууга Хорчини дайындап, ага буйрук берет: «Түмөн башчы болуп, батыш өлкөлөрү Алтын тоолорго чейин башкаргын». Хорчинин ээлигине токой элдери да берилген болучу. Каган: «Хорчи үч миң баарындарга гана ээлик кылбай, Тахай жана Ашых миң башчылары менен бирге саны түмөнгө чейин жетчү адаркин, чинос, төлөс, теленгуттарды башкарсын. Ал Эртиш дарыясына чейинки аймактарда эркин көчүп жүрө берсин, ошону менен бирге токой элдерине да өз көңүлүн бурсун. Хорчинин макулдугусуз токой элдери бир жерден экинчи бир жерге жылууга акылары жок. Өз алдынча көчүп-конуп жүрүү жөнүндө сөз болуусу мүмкүн эмес».[6]

1206-ж. өткөн бүткүл моңголдук курултайда Темужин улуу каган болуп шайланып, Чыңгыз-хан деген наам алган. Ошол курултайда «бүткүл дүйнөнүн элдерин моюн сундуруу» ниети билдиртет. Кыргыздар курамына кирген «токой элдерин» багындырууга Чыңгыз-хандын улуу уулу Жучу аттанган. 1207-ж. «койон жылында Чжочи Оң канаттагы аскерлер менен токой элдерин багындырууга жөнөтүлгөн. Анын жол көрсөтүүчүсү Буха болгон... Ойрот, бурят, бархун, урсут, хабханас, ханхас жана тубастарды баш ийдиргенден соң, Чжочи түмөн-кыргыздарга каршы аттанды. Ошондо Чжочиге кыргыздын Еди, Инал, Алдиер, Өлөбек-дигин деген нойондору келишти. Алар каганга баш ийгендиктин белгиси катары ак шумкарларды, ак боз аттарды, ак булгун, кундуз терилерин тартуу кылышты. Чжочи моңгол бийлигине токой элдерин баш ийдиргенден соң, биз тарапка шибир, баит, тухас, тенлек, төөлөс, тас, бачжиги урууларын да каратты. Ал өзү менен бирге кыргыздын түмөн башы, миң башы нойондорун, токой элдеринин нойондорун алып, Чыңгыз-ханга өздөрү алып келген ак боз ат, ак шумкар, ак киш терилерин тартуу кылуу менен бирге, моюн сунгандыктарын билдирүүнү буйруду».[7] Кыргыз бектери наймандардын жана башка кошуна уруулардын кайгылуу тагдырын көрүшүп, урушсуз баш ийип беришкен эле. Жучунун өргөөсүнө, андан Чыңгыз ханга өтө бай тартуулары менен кыргыздын нойон түмөн башчылары, миң башчылары, алардын ичинде бир аймактын башкаруучу иналы жана башка майда бектери келишип, «өздөрүнүн моюн сунгандыктарын билдиришти». Башка бир маалыматтарда Чыңгызхан ошол эле жылы кыргыздарга өз элчилерин жөнөтөт. «Чыңгызхан өзүнүн Алтан жана Букра деген элчилери аркылуу бул эки башкаруучудан баш ийүүнү талап кылды. Алар

(кыргыздар) элчиликке жооп иретинде өздөрүнүн үч эмири Урут-Утужу, Элик-Тимур жана Аткиракты кичүүсү улуусун сыйлагандыктын белгисин билдирген ак шумкарлар менен кошо жөнөтүштү».[8] Моңголдорго согушсуз баш ийип беришкен кыргыз бектери өз жергесин бир аз убакытка кан төгүүдөн куткарышкан эле. Бирок, «баш ийип берүүнүн негизги талабы» моңгол армиясына аскер берүү милдети, б.а. «кан салыгы» болгон.

Моңголдордо кыргыз жоокерлеринин күчүн пайдалануунун зарылдыгы XIII к. 20-ж, келип чыкты. 1217-ж. «кыргыздардын чегине жакын жашаган согушчан жана тынчы жок» туматтар көтөрүлүш чыгарышкан. Чыңгыз-хан «баарин уруусунан чыккан Наянойонго (ошол жакка) аттанууга буйрук берди. (Анын) ооруп жаткандыгын билдиришти. (Ошондо) ал Борагул-нойонду жөнөткөн эле». Моңголдор «чоң согуш ачышып туматтарды баш ийдиришти». Бирок, бул согушта Барагул-нойон курман болот. Туматтар өтө кекчил жана тынчы жок эл болушкандыктан моңголдор алардын көпчүлүгүн кырып салышты».[9] Хушин уруусунан чыккан түмөн башчы Борагул-нойон моңгол аскерлеринин «оң канатынын башкы эмири болгон». Чыңгыз-хан өзү кадырлап, сыйлаган Борагулнойондун өлүмүн укканда: «Борагулдун өлүшү мүмкүн эмес, мындай болбойт, мен анын өлүмүнө ишенбеймин» — деген экен.[10] Мындай барктуу аскер башчысынын өлүмү моңгол аскерлери үчүн чоң сокку эле. Ошондуктан, Борагул өлгөндөн кийин туматтарга каршы Дорбо Докшин-нойон жетектеген жаңы аскерлер жөнөтүлөт. Ал «жоокерлерине балта, кескич, араа ж.б. куралдарды таратып... өгүздөрдүн изи менен токойду кыйып, жол салууга буйрук берди. Алар жол салып тоо башына чыгышып, бейкапар жатышкан туматтарды басып алышты».[11] Туткунга түшкөн жүз үй-бүлө тумат Борагул-нойондун бүлөсүнө кулдукка берилген. Бирок, туматтардын күчү али майтарыла элек болучу. Кийинки, 1218-ж. «...барс жылында Баргужин-Токум менен Байлуктагы туматтардын бир уруусу көтөрүлүш чыгарганда, алар (моңголдор) көтөрүлүштү басуу үчүн туматтарга жакын жашаган кыргыздардан аскер (черик) сураштты; кыргыздар буга каршы көтөрүлүш чыгарышты».[12] Болжолу, туматтардын козголоңу кыргыздарды да шыктандырган болуу керек. «Чыңгыз-хан аларга Жочи башында турган аскерлерин жөнөттү. Алардын (кыргыздардын) жетекчиси Курлун эле; (моңголдордо эмир деп аталат) Ноко алдыңкы аскерлери менен аларга каршы аттанды; Ал кыргыздарды чегинүүгө мажбур кылып, сегизинчи дарыядан кайтып келди». Курлун башында турган кыргыздар моңголдор Саян-Алтайдагы үстөмдүгү үчүн эң коркунучтуу күч эле. Ошондуктан, кыргыздарга каршы моңголдордун башкы күчтөрү жөнөтүлгөн болучу. «Жочи жакындап келгенде Кэм-кэмжиуттун музу тоңуп калган экен. Ал муз болуп тоңгон дарыядан өтүп, кыргыздарды баш ийдирип, кайтып келди».[13] Минусин ойдуңуна жасаган чабуулунда Жучу кыргыздар менен катар, кыштымдарды да баш ийдирген, «Кянь суусунан төмөн карай ... бурулушту. Кэргис, ханхас, телян, кэшдим, хоин жана ирган деген уруктар баш ийдирилди». Бул жүрүштө «кайра кайткан» Жучу «кыргыздардан бир айлык жолдогу аралыкта жашаган уруулар (урасут, теленгут, куштеми) жашаган аймактарды басып өтүп», ал «бул уруктарды да моюн сундурду».[14] Мындан моңголдордун согуш менен Тува, Минусин ойдуңун, Тоолуу жана Моңгол Алтайын басып өтүшүп, «токой элдерин» баш ийдирүүгө бир ай жумшагандыгын көрүүгө болот. Бул жүрүштүн жыйынтыгында Минусин ойдуңу каңгырап ээн калды. Кыргыз калкынын бир бөлүгү курман болуп, экинчи бөлүгү туткундалып кеткен, дагы бир бөлүгү алыскы токойлуу-тоолуу аймактарга баш калкалашып, калгандары болсо адам

колу жеткис түндүк аймактарга журт которууга аргасыз болушту. Моңгол доорундагы кыргыз маданиятынын үлгүлөрүнүн таралуусу жана анын салыштырма салмагы «сууктэр» доорундагы эстеликтерден аздык кылат. Ошол эле учурда кыргыздар жашаган түндүк аймактарынын чектеринде, Чулум дарыясынын бассейнинде кыргыз көрүстөндөрүнүн арбын кездешиши, көчмөн кыргыздардын түндүктөгү токойлуу түздүктөрдү өздөштүрө башташын аныктайт. Кыргыздар зор жоготууларга учурагандыгына карабастан, өздөрүнүн негизги жашаган аймактарында кала беришкен жана моңгол хандары дайындаган бектер тарабынан башкарылган. Эне-сайлык кыргыздардын маданиятынын өз алдынчалыгы өнүгө берген. Саян-Алтай, кыргыздар жашаган аймактар Жучу-ханга «улус жана журт» катары берилген. Бул аймактар Моңгол империясынын түндүк-батыш чектери болуп калган эле. 1226-ж. Жучу-хан өлгөндөн кийин, бул жерлер улуу ханга, Чынгызхандын кенже уулу Тулуй-хандын энчисине тийген. 1229-ж. такка олтурган улуу каган Угэдэй баш ийген урууларды «тынчтандыруу» максатында меркиттер менен кыргыздардын тектүү кыздарына үйлөнгөн, бул жергиликтүү башкаруучулар менен түзүлгөн династиялык келишим эле. Угэдэйдин төртүнчү «башкы аялы» кыргыз «цзилицзиси-хутени» Жачин болгон. Бирок кыргыз жерлериндеги чыныгы бийлик тизгини керейлерден чыккан Тулуйхандын жесири Соркуктани-бегинин колунда эле. Ал Ангара жана Эне-Сайдан төмөн карай Алафхия, Адутан, Мангу, жана Балаурнан тарапка аскер жөнөткөн. «Соркуктани-беги үч эмирди: карчукур уругунан Тунликти, кара-тут уругунан Бахжуну уругунан Мункур-Хитнаны миң адамды кошуп, кайык менен жөнөттү. Алар Жээкке (өлкөнүн ичинен) көп күмүш алып чыгышты. Бирок, баарын кайыктарга батыра алышкан жок. Бул аскерлерден болгону 300 адам гана кайтып келди, калгандары сыздан, бөтөн жердин аба-ырайынын таасиринен улам курман болушту. Үч эмир аман-эсен кайтып келишип, узак жашашты».[15] Күмүш үчүн жиберилген аскерлер Батыш Сибирдин саздуу аймактарына жөнөтүлүүсү ыктымал; ошол учурдагы обдук угрлардын сыйынчу жерлеринде сырттан алынып келинген көптөгөн күмүш идиштер топтолгондугу айтылат. 1241-ж. улуу каган Угэдэй көз жумгандан кийин, Гуюк-хан улуу каган болуп калат. 1251-ж. улуу кагандын тактысына Соркуктани-бегинин уулу Мункэ-хан олтурат. Ал Буха-нойонду «эки түмөн аскери менен кыргыздарга жана кэм-кэмжиутка» болжолдуу толкундоолорду болтурбоо үчүн жөнөткөн. Кыргыздар турган аймакта моңгол аскер бөлүктөрү болгон эмес, алар өз жетекчилери (хандары, бектери) тарабынан башкарылып турган. 1252 –ж. Соркуктани-беги көз жумгандан кийин, Саян-Алтай анын уулу Ариг-Буганын ээлигине баш ийип калат. «Анын жайлоосу Алтайда, кыштоосу Теке жана Кыргызда жайгашкан эле. Алардын ортолугунда үч күндүк жол жатат».[16] Минусин ойдуңунда кыштаган Ариг-Буганын ордосу кыргыздардын жашаган жерлерин кысымга алуусу керек эле. 1260-ж. Мункэ-хан өлгөндөн кийин Ариг-Буга моңгол империясынын борбору Каракорумда улуу каган деп жарыяланган. Кытайдагы моңгол аскерлерин жетектеген бир тууганы Хубилай Ариг-Буганын бийлигин таанығысы келбей, аскерлерин ага каршы жөнөтөт. Ариг-Буганын аскерлери жеңилип калат. «Ариг-Буга жана анын аскерлери качышып, кыргыз жерине кайтып келишти». Ал жерде «жеңилгендигине ызаланган Ариг-Буга туткундарды кырып салып, кыргыз жерине бекемделип туруп калды». Жаңы аскер жыйнаган Ариг-Буга Тангут жерине аларды жиберип, анда да жеңилип калды, «аскерлердин калгандары качып-тозуп, кыргыздар чегинде турган Ариг-Буга менен биригишти...

Коркковндугунан акылын жоготкон Ариг-Буга чарчап чаалыккан, ачка аскерлери менен Кэм-Кэмжиуттагы дарыянын чегине келип..., кагандын келишинен корккондугунан (ага) элчи жиберип, кечирим сурады».[17] Баш ийген уруулардын адам ресурстарын түгөткөн Ариг-Буга согушту уттуруп койгондугуна ынанып, 1264-ж. Хубилайдын колуна түшүп берет. Ариг-Буганын башкарган мезгили, Минусин ойдуңунда жана Тувада моңгол аскерлеринин туруп калышы, ич-ара согуштарга жергиликтүү элден аскерлерди алуу, «кыргыз жергесине бекем орношуп калуу» үчүн келген «чарчап-чаалыккан жана ачка калган аскерлердин» чегинүүсү, кыргыздардын экономикалык жана саясый абалына терс таасирин тийгизди. Кыргыздар Саян-Алтайдагы үстөмөн этнос болуудан калып, бул орунду моңголдор ээлеп алышты. Ариг-Буга жеңилгенден соң, кыргыз жерлери Юань империясынын карамагына өтөт. Алар борбору Каракорум болгон Лин-бэй провинциясынын курамына кирет. Кыргыз жерлери бир нече административдик бирдиктерге бөлүнүп калат. Алар: Туванын талаа аймактарындагы Кяньчжоу жана Иланьчжоу, Минусин ойдуңундагы түмөн Кыргыз жерлери эле. Алыскы токойлуу-тоолуу аймактардагы Ханьхэна, Усы, Анкэла жерлери өзгөчө аймактар катары эсептелген. «Юань династиясы келгенден соң бул элди (цзилицзиси) тогуз миң түтүнгө бөлүп коюшту»[18]. Бул фактылардын негизинде кыргыз нойонунун кол алдында тогуз миң жоокер болгондугун билүүгө болот. Монгол империясында миң башылар алтын жалатылган күмүш күбөлүгүн — пайзаны алып жүрүшкөн. 1846-ж. Хакас-Минусин ойдуңунан моңголдун алтын тамгалары түшүрүлгөн эки күмүш пайза табылган.[19] Бул табылгалар кыргыздардын моңголдорго көз каранды болгондугун, кыргыздарды башкаруу үчүн моңголдор миң башыларды койгондугун байкоого болот. Кыргыздар Жучу-ханга вассалдык көз карандылыктан, Ариг-Буганын мезгилиндеги кыштоо менен камсыз кылуу жана аскерге милдеткерликтен айырмаланып, Хубилайдын тушунда туруктуу административдик башкаруу систелласына баш ийип калышат. 1270-ж. Юань императору Хубилай Саян-Алтайдын бир катар аймактарына «алыскы жерлерди биротоло тынчтандыруу үчүн» теги кытай Аю Хао-лини акимдикке дайындайт. Бирок, Ариг-Буга жеңилгенден кийин деле Хубилайга моңгол төбөлдөрүнүн бир бөлүгү каршы болучу. 1269-ж. Таласта болуп өткөн моңгол төбөлдөрүнүн курултайында Ариг-Буганын союздашы Хайдуну хан деп жарыялашат. Моңгол хан өргөөсүнө келген моңгол эмирлери менен ханзаадалары Хайдуга келип баш ийип жатышты: «Буга чейин бизди Борак-ака башкарчу, эми биздин ханыбыз Кайду-ака болсун деп жатышты».[20] Хайду Саян-Алтай жана Моңголиядагы жерлерге ээлик кылууга аракет кылды. 1273-ж. Хайдунун бийлигин жактаган кыргыздар Юань акимине каршы көтөрүлүш чыгарышты. «Түндүктөгү бектер козголоң чыгарышып, Хао-ли аз жерден өлбөй тирүү калган. Алардын аскер башчысы Хао-ли калкка калыс мамиле жасагандыгы үчүн аны бошотуп жиберген.» 1276-ж. Моңголияга Хайду-хандын аскерлери чоң жүрүш жасашкан эле. Кыргыз беги Юань акимине ачык каршы чыга албай, айлакерлик кыла баштайт. 1279-ж. кыргыз беги Лю Хао-ли менен сүйлөшүүлөр жүргүзөт. Ал: «Император мага ишенгиси келбегендиктен бүгүнкү кырдаал келип чыкты» — дегенде, Хао-ли: «Эгер император сизге ишенбесе, сизди сарайга чакыргандан соң, кайра артка жөнөтмөк эмес?» — деп жооп берет. 1280-ж. Лю Хао-ли жергиликтүү калктан коркунуч болорун сезип, «өзүнүн көп сандаган кишилерин алып, аскерлердин келишин коктуда күтүп жатты». Бирок жардам келбей «козголоң чыгарган бектин аскерлери (аны) жеңип алды». Татаал абалда калган Лю Хао-ли кар баскан тоолор аркылуу «Алтай тоо кыркаларына чегинген эле».

Мындай оор абалда калган юань акими кооз кийим-кече берип, козголоң чыгарган бектин миң башысын сатып алып, «Теби-Шанга кокту жолдор менен миң кишини Жетектеп өтүп кетти» жана ал Кытайга аман-эсен жетип барды. Кыргыздардын Хайдунун тарабына өтүшүнүн себептеринин бири — кыргыздарды империя тарабынан өлкөнүн туш тарабына аскер айылдары кылып көчүрүп жиберүүсү, этностун башка элдерге жуурулуп кетүү коркунучу себеп болуусу мүмкүн. Аскер айылдарындагы абал өтө оор болгон, «1283-ж. Туле-Тудагы жашаган оокаттуу кишилерге берилчү 600 баш бодо малды кедей кыргыздарга таркатып берүүгө буйрук берилген».[21]

1286-ж. Хайду-хан Моңголияга чоң жортуул уюштурганда кыргыздар анын бийлиги астында калат. Тук-Темир нойон «кыргыздарга жортуул жасаарда», алар Хайдуга баш ийип калышкан болучу.

Хайдунун ийгиликтери Юань имериясындагы ички карама-каршылыктарды пайда кылды. 1287-ж. Хубилайга каршы Манжуриянын акими Наян козголоң чыгарды. Козголоңду басуу үчүн Борбордук Моңголиядан кыргыздардан куралган аскерлер жиберилген эле. Мунун алдында, «1289-ж. Хэлиндеги жашаган кыргыздардын үй-бүлөлөрүнүн жашоо шартын текшерип чыгышкандан соң, абалы начар үй-бүлөлөргө жардам берилди, андан соң, Хэлиндеги турган циэрцистердин (кыргыздардын) аскерлерин кыпчак Тутуха жетектеп, Наяндын козголоңун баскан. Наяндын козголоңу басылгандан кийин, «өз ыктыяры менен туткунга түшүп берген кыпчак жана канглылар Тутухага берилген. 10 миң түтүндөн турган Халаду департаменти негизделген. Өтө кеңири аймактарга чачыраган кыпчак айылдары жана Аньсинин бардык уруулары менен вандары Тутуханын башкаруусуна баш ийдирилди». 1292-ж. анын аскерлери Хайдуга каршы жөнөтүлгөн эле. «1292-ж. Тутуха Алтай тоолорундагы жерлерди талап-тоноду... Артка кайтканда Хэлинге (Каракорумга) кайрыла кеткен. Ушул жерден ал кыргыздарга (цзилицзиси) ээлик кылууга буйрук алды. 1293-ж. жаз айларында анын аскерлери Цяньхэ дарыясынын жээгине чыгып, муздун үстү менен бир канча күндөр жол жүргөндө гана алардын (кыргыздардын) чегине жетишти. (Тутуханын армиясы) бул беш уруулуу элди ээлеп, кайтаруу үчүн моңгол аскерлерин жайгаштырды. Тутуха жетишкен ийгиликтерди билдиргенде, анын кызмат даражасы жогорулатылды... Хайду кыргыздарды куткаруу максатында Цяньхэ (Эне-Сай) дарыясы тарапка аскер жөнөтөт. Тутуха бул аскерди талкалап, аскер башчысы Хайду Болочаны туткунга алды»[22] Кыргыз жерлери Юань империясына кайрадан баш ийдирилген болучу. Кыргыздардын бир бөлүгү Минусин ойдуңунан жана Тувадан Манжурияга козголоңчу Наян нойондун ээлигине көчүрүлгөн эле. 1293-ж. бул жерлерге «усухань, ханас, цзилицзиси (кыргыздар) Урууларынын өкүлдөрү көчүрүлгөн». Хубилайдын атайын буйругу менен кыргыздар жана башка уруулар аскер айылдары катары жаңы негизделген Чжаочжоу шаарына отурукташтырылган. 1293-ж. ага (Хара-батарга) кайрылып, император Ши-цзу (Хубилай) мындай деп айтты: «Наянга таандык бул байыркы жерлер Абалху деп аталат жана балык берип турушат. Азыр мен ал жерге шаар тургузуп, анда үч уруу элди жайгаштырдым. Алар юаньсухань, ханастар жана цзилицзистер (кыргыздар). Бул шаар Чжаочжоу деп аталып калды. Сен ошол жакка жөнөп, сюаньвэйщинин (аймактык башкаруучу) кызматын алгын». Кыргыздардын башка бир бөлүгү «Хэсыхэ жерине», Манжуриянын дагы бир башка аймагына жайгаштырылган. «1293-ж. Ши-цзу (Хубилай) Хэсыхэ жерине аскер айылдары катары чжирхэхусотайлык цирциздердин (кыргыздардын) 700 үй-бүлөсүн отурукташтырган».[23] Бул

аракеттер козголоң чыгарган урууларды бөтөн этностук чөйрөлөргө көчүрүп, алсыратуу жана алардын үстүнөн көзөмөл кылуу үчүн жасалган чаралар эле. Бул чаралар император Хубилай өлгөндөн кийин да аткарыла берген. Император Тэмур башкарган тушта, «1295-жылы Цзиньшань (Алтай) аймагында жашаган кыргыздар Шаньдун аймагына көчүрүлүп, аларга эгин талааларын, урук жана бодо мал бөлүп беришти».[24] Бул көчүрүүлөр Эне-Сайдагы кыргыз этносуна аябагандай зор зыян алып келди. Алардын саны өтө азайып, чогуу жашаган жерлери кескин кыскарып кеткен. Ортолук Эне-Сайдын түпкүлүктүү калкынын салыштырма саны азайган эле. Бош калган жерлерге моңголдордун кереит, ордут, тумат уруулары көчүрүлүп келген. Кыргыз өлкөсүнө Кытайдан кол өнөрчүлөр алынып келинген. Моңгол бийлиги кыргыздарга каршы күрөшүүдө жогорудагы күчтөргө таянууга умтулса керек. Айрым эстеликтер кыргыздар көчүрүлгөн жерлерден да табылганы маалым. Борбордук Моңголиядагы Каракорумдун айланасынан сөөктү өрттөп көмгөн кыргыз көрүстөндөрү табылган.

Юань императору Тэмур (1295—1307-жж.) башкарып турган мезгилде кыргыз жерлери аким Камала ээлик кылган Лин-бей провинциясына кирген: «Ал Каракорум, Онон, Керулен, Кемкемжиут, Селенга, Баялык, андан кыргыздардын чегине, Чыңгызхандын улуу коругу аталган Бурхан-Халдунга чейинки аймактарды башкарат».[25]

Кыргыздардын бир бөлүгү көчүрүлгөн Саян-Алтайдын аймактарына моңголдор башка этникалык топтордун өкүлдөрүнөн аскер айылдарын негиздешкен. XIII к. чегинде мындай айылдар Тувада, болжолу Минусин ойдуңунда да уюштурулган. Бул жерлерге моңголдорду, уйгурларды, ошондой эле кытайларды да отурукташтырышкан. Мындай аскер айымары XIV к. баш чендеринде император Тэмур көз жумуп, анын ордуна Хулуг-хан (1308—1322-жж.) олтурган мезгилде да уюштурула берген. Ошол мезгилдерде энесайлык кыргыздардын жери Юань империясынын курамында кала берген.

XIV к. аягында Юань империясынын кулашы менен Саян-Алтайдагы административдик башкаруу систелласы жана аскер айылдары өз жашоосун токтотууга тийиш болгон. Өз башкаруучулары бар кыргыз жерлери эми ойротторго көз каранды абалда калып, ойрот жана халхас (моңгол) хандарынын өз ара атаандашкан аренасына айлана баштайт.

## 3.2. «Хонгорай» этносаясый бирикмесинин түзүлүшү

Саян-Алтай, Моңголия курамына кирген Юань империясы ич ара чыр-чатактардан кулап, кыргыздардын үстүнөн болгон бийлиги жоюлат. Кыргыздар бул түзүлгөн кырдаалда өз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн аракеттене баштайт. Кыргыздар XIV к. аяк чендеринде чыгыш моңголдорго каршы күрөшүүдө түзүлгөн ойроттор менен биргелешкен союзда башкы абалды ээлешкен. Ойрот федерациясындагы кыргыз түмөнүнүн жетекчиси Угечи-кашка 1399-ж. өзүнүн ээлигине жаңы расмий аталыш берүүгө аракеттенген.[1] X\/-XУ1 кк. чегинде Ортолук Эне-Сайда моңголдордун амири менен туруп калышкан уруулар (тумат, урдут, керейлер ж.б.) да кыргыздар жетектеген «Хонгор» же «Хонгорай» деген этносаясый бирикменин курамына кирүүсү ыктымал. Мындай тыянакка келүүгө бир топ санда учураган жазма булактар, биринчи кезекте, XVII—XVIII кк. жазуу документтери мисал боло алат.[2] Ошону менен бирге, Туштук Сибирь элдеринин бай фольклордук мурастары Хакас-Минусин аймагынын эски аталышы «Хонгорай» экендигин баяндайт. Хакас тилиндеги үндүү тыбыштардын

кыскарып калышынан улам, бул тарыхый ат «Хоорай» деп аталып калган.[3] Бул ат баатырдык эпостордо, тарыхый санжыраларда жана поэтикалык тилде кеңири колдонулган.

Биздин пикирибизди колдогон, таанымал түркolog Б. И. Татаринцевдин пикири боюнча Хонгорай (Конгурай) сөзү Минусин ойдуңунун тоолуу-талаалуу аймактарынын географиялык аталышын аныктайт. Кыргыз мамлекетинин соңку орто кылымдардагы кайра жаралып жаткан доорунда «Хонгорай» деген ат менен бир аймакта жашаган, теги түркүн этникалык топтордун биригүүсүнүн саясый туусу болуп калды. Элдин мындай түрдөгү биригүүсү жергиликтүү элдин тилинде «толай» (толы, торо) — этносаясый биримдик дегенди аныктап калды. «Толай» термини «Хоорай» (Толай Хоорай) аталышы менен дайыма биргеликте колдонулган.

Кыргыздардын «Хонгорай» этносаясый бирикмесиндеги ээлеген орду өтө зор болгондугун XVII к. орус документтеринде Хакас-Минусин аймагы «Кыргыз жери» деген ат алгандыгы далилдеп турат. Айрым кошуна жашаган элдер, маселен, шорлор Хакасияны «Хыррыс-Хоорай» деп кош ат менен аташкан. Кыргыз маданиятынын мураскорлору болгон хакастар тарыхый санжыраларда баяндалган «хоорайларды» кыргыздар менен жалпылыкта карашкан. Маселен, «Хыргыс чаазы» деген уламышта мындайча айтылат: «Хыргыстың тогыс муң толай хоорай чоны — Хоорайдын тогуз миң сандуу Кыргыз союзу».[4] Мындан сырткары, хакас санжыраларында «тогуз миң Хоорай союзу» «тубён Хоорай» деп да баяндалары маалым. Фольклордун маалыматтары XIII к. тарыхый окуялар менен дал келет, анткени, моңголдор Саян-Алтайды каратып алгандан кийин, бул аймакта түмөн кыргыз аскердик-башкаруу бирдиги негизделген болучу. «Юаньши» жылнаамасы: «Юань династиясынын бийлиги орногондон кийин, бул элди (цзилицзиси) тогуз миң түтүнгө бөлүштү» — деп жазат.[5] Жогорудагы жазма булактардын, элдик оозеки чыгармалардын маалыматтарынын негизинде кыргыздар XIII к. аягы — XIV к. баш чендеринде өз алдынча түмөндүктү түзүп, моңгол армиясы үчүн тогуз миң жоокер берип турган деген жыйынтыкка келүүгө болот. Дал ушул мезгилди «Хонгорай» этносаясый бирикмесинин түзүлүү мезгили катары кабыл алууга негиз бар.

Хонгорай деген ат орус жазма булактарында биринчи жолу XVII к. орто ченинде эскериле баштайт. 1666-ж. Краснояр воеводасы Алтын-хандын элчилери «Узан жана анын жан-жөөкөрлөрүнөн» Еренак Ишеев жөнүндө маалымат сураганда алар: «биз кыргыз Еренакты билебиз, ал Конгурайда Кыргызда көчүп-конуп жүрөт, салыкты биздин улуу падышабызга жана Лаузан тайшиге төлөйт» деп айтышкан.[6] Бул булактан «кыргыздар» деген орус түшүнүгү менен түрк-моңгол тилдериндеги «Конгурай» (Хонгорай) сөзүнүн маанилеш экендигин байкоого болот.

Көпчүлүк элдер жана өлкөлөр кошуна жашаган элдерден өз энчилүү атына такыр дал келбеген аттар менен белгилүү болушкан. Маселен, Кыргызстан XVII к. орус булактарында «Бурут жергеси» деген ат менен белгилүү, анткени, жунгарлар теңир-тоолук кыргыздарды «бурут» деп аташканы маалым[7] Тескерисинче, Жунгария орус булактарында «Калмак жергеси» деген ат менен белгилүү болгон; өздөрүн «ойротторбуз» деген жунгарлар «кара калмактар» деп аталышкан.

Хонгорай аты орустун дипломатиялык тилинде манжүр жана моңгол тилдеринен которулган каттарда колдонулган. Маселен, 1707-ж. Цинь өкмөтүнүн билдирүүсү боюнча орус адамдары «Зенгорияга жакын жерде жайгашкан

Хонгорай деген жерге Абакан чыңдоосун куруштту. Ошол Хонгорай капчыгайында бизге салык төлөгөн кыргыздар менен урянхайлар жашайт».[8]

Бул энчилүү аттын туруктуу айтылышын бизге азыр анчалык түшүнүктүү болбой жаткан, тарыхый фольклордо баяндалган аталыштардан да байкоого болот. Маселен: Тиле Хоорай, Тӱктiг Хсюрай, Ал Хоорай, Тағ Хоорай, Чазы Хоорай, Хамых Хоорай ж.б.

Хонгорай этносаясый бирикмеси коомдук институттардын формалары толук өнүкпөгөн алгачкы мамлекеттик түзүлүш болсо керек. Белгилүү тарыхчы Н. Козьмин XVII к. кыргыздардын бирикмесин «ыдырап, кулап бараткан мамлекет» катары эсептеген. С. В. Бахрушин кыргыздарда мамлекеттүүлүк болгон эмес, анда патриархалдык-уруулук мамилелер гана үстөмдүк кылган деген башка көз караштты айтат. «Эне-Сайлык кыргыздарда патриархалдык-уруулук мамилелердин калдыктары үстөмдүк кылып турган мезгилде, — деп жазат ал, — мамлекеттик түзүлүштүн белгилери болгон деп айтуу мүмкүн эмес. Бирок, күч-кубаттуу мамлекеттер менен кошуна болуу аларды кыйын абалга койгон, ошондуктан түзүлгөн кырдаал Кыргыз жеринде өз алдынча жашаган уруулардын ич ара байланыштарын бекемдөөгө таасирин тийгизген».[8] Ошону менен бирге, автор «Кыргыз жери» «саясый бир бүтүндүктү түзүп», Орусия менен болгон тышкы саясатында көз каранды эмес болгондугун танбайт. XVII к. баш чендеринде орус элчилери «Кыргыз жеринин» башкаруучусун «кирбиц падышасы» деп аташып, анын суверендүүлүгүн таанышкан.[9] Кыргыздар орус кызмат адамдарына: «ар бир эл (уруу) өз жеринин ээси, бул жерге моңгол падышасы, ханзаадасы, моңгол жана калмак тайшилери согуш менен келишкен жок, аскерлерин да көрө алган жокпуз» — деп жооп беришкен.[10]

Географиялык жактан алганда Хонгорай же «Кыргыз жери» азыркы Хакас-Минусин аймагы менен дал келет. Орто кылымдардагы кыргыздардын үстөмдүгүн Саян-Алтайдын топонимикалык аталыштары да ырастап келет. Ушул маалыматтардын негизинде кыргыздардын мурдагы этникалык чегин сүрөттөп тактоого болот; алар: түштүк-батыштан — Абакандын жогорку агымындагы Кыргыз (Хыргыс-сур) дарыясы, түштүктөн — Батыш Саяндардагы Кургусук (Хыргыс-сур) дарыясы, чыгыштан — Чулум дарыясынын өрөөнүндөгү Кургусул (Хыргыс-чул) дарыясы жана түндүк-батыштан Томь дарыясынын өрөөнүндөгү Киргизка (Хыррыс-чул) дарыясы.[11]

Юань династиясынын жылнаамасында Кыргыз жериндеги дарыялар тууралуу төмөнкү маалыматтар айтылат: «Цяньхэ дарыясы (Кем — Енисей — В. Б.) алардын жери аркылуу түндүк-батыш тарапты көздөй агат, мындан сырткары, түштүк-батышта Апу (Абыран=Абакан — В. Б.) деген дарыя бар, ал эми түндүк-чыгышында Юсюй (Упсу=Упса же Туба В. Б.) дарыясы... Бул суулардын баары тең Цянь дарыясына кошулуп, Анкэла (Ангара — В. Б.) дарыясына агат, ал андан ары түндүктөгү деңизге куят».[12] Төрт кылым өткөндөн соң, бул маалыматтарды орус булактары да ырастаган: «... Енисей дарыясы Кыргыз жери аркылуу агат: ал эми Енисейдин аркы жагындагы Абакан жана Уйбат дарыяларын жээктеп, ошол эле Енисейдин бойлорунда көп сандаган кыргыз... адамдары, ал эми Енисейдин берки өйүзүндө жана Упса дарыясы тарапта тубалар деп аталган кыргыздар турушат...»[13]

Саян-Алтайдын тарыхый топонимикасы абройлуу изилдөөчүлөрдүн Ортолук Эне-Сайдагы байыркы мезгилдеги мамлекет «Кыргыз» деп аталган деген пикирлерин тастыктайт. Ал аймактарда «хягас» же «хакас» деген топонимдин

таптакыр болбогону «Хакасия» деген терминдин сырттан келип киргендигин дагы бир ирет айкындайт.

XVII к. Хонгорайдын түштүк чектериндеги Батыш-Саян («Саян ташы») деп белгиленген тоолордо Алтын-хандын букаралары көчүп жүрүшчү. Ороним хонгор термини «Саянды» билгизет, ал «Тува тоолору» дегенди түшүндүрүп, бул тоолор кошуна турган эки элдин этникалык чек арасын аныктаган. Байыркы түрк эстеликтеринде жана X—XI кк. арап-перс жазма булактарында Саяндар «Көгмен» деген ат менен белгилүү болгон. Бул топонимдин формасы айрым өзгөрүүлөргө учурап, биздин мезгилге келип жетти. Тувадан Хакасияга келген байыркы жолдо (Аны дарыясы боюнча), Жебаш дарыясынын жогорку агымында орустар Копены деп атаган «Көйпен-Тасхыл» деген мөңгүлүү бийик чоку бар. Элдин эсинде сакталып келген байыркы түрк доорундагы Койпен топоними хакастардын Саян-Алтайдын эзелки жашоочуларынын мураскорлору экендигин аныктайт.

Хонгорайдын түндүктөгү чек арасы жергиликтүү тилде «үүс» (Июс) деп аталган жер Чулум дарыясынын ортоңку агымы ченден өтөт. Гидроним байыркы түрк тилиндеги «үгүз» дарыя дегенди аныктайт. XVII к. ичинде Кыргыз жеринин түндүктөгү чектери түштүктөгү Яя жана Кия дарыяларынан Кара Июска чейин, Мелет жана Краснояр чыңдоолорунан Огур дарыясына чейин жылган болучу.[13]

Административдик жактан Хонгорай төрт улуска жана ага тийиштүү кыштым капчыгайларына бөлүнгөн. Кыргыз жеринин түндүгүндө Июс жана Типр-Көл (Божье озеро) өрөөндөрүндө Алтысар улусу жайгашкан. Бул аталыш хонгор тилинде «алгынзархы» — түндүк дегенди билдирет. Орус документтеринде алтысарлыктар (алтынсары) Эне-Сайдын төмөнкү агымында жашаган «төмөнкү кыргыздар» деп аталышкан. Моңгол жеңип алууларынан баштап, Кыргыз жериндеги саясый борбор Абакан өрөөнүнөн түндүккө көчкөн эле. Ак жана Кара Июс дарыяларынын ортолугундагы жерлерде тектүү бектердин өргөөлөрү жайгашкан. Ошондон улам, алтысарлыктар «Чоң кыргыздар» деген экинчи атка да ээ болушкан. Кыргыз улустары бектердин тукумдарына кирген айылдардан жана курамына карапайым калк кирген аймактардан турган. Жазуу булактары төмөнкү аймактарды эскерет: Кызыл, Камлар, Шуй, Ачин, Ыгин. Алтысар бектеринин кыштым капчыгайлары Чулум, Кия, Томь дарыяларынын өрөөндөрүндө, Кузнецк Ала-Тоосунун түндүк тарабындагы тоо кыркаларына чейин созулуп жатчу.

Исар (Езер, Жесар, Елисар) улусуна Хонгорайдын географиялык так ортолугунда, Эне-Сай, андан Абакан дарыясынын чаты, андан Огур дарыясына чейинки жерлер кирген. Бул аталыш хонгордун «іссархы» — ичкерки (мүмкүн «іскеркі» — чыгыштагы ?) сөзүн аныктайт. Улустун негизги калкын «керейлер» жана «езерлер» түзгөндүктөн, орус документтеринде бул жер Езер же Кереит деп да аталып келген. Исарлардын бектери жашаган жерлери Ерба жана Абакан дарыялары кошулуп аккан жерлеринде жайгашкан. Езер аймактарынын ичинен Туба дарыясынын өрөөнү боюнча Камасин, Качин, Арин, Ястин, Хайтон (Кандынов), Сыда дарыясынын — Сый, Мана дарыясынын бою — Кашин жерлери болгон.[15] Мындан сырткары, алардын кыштым капчыгайлары Эне-Сай дарыясынан төмөн карай, Убей, Мана, Кача ж.б. дарыяларды камтыган.

Алтыр (Олтыр) улусу Абакандын сол жээгинен, Уйбат жана Таштып дарыяларынын ортолугунда орун алган. Бул улус түштүккө карай Эне-Сайдын жогорку агымындагы аймактарды камтыган. Ошондон улам, бул улустун жашоочуларын орус документтери «Жогорку кыргыздар» деп аташкан. Энчилүү

аттын келип чыгышы табышмактуу бойдон калууда. Бул аттын баштапкы мааниси этноним менен байланышы болуусу мүмкүн, анткени, Жунгарияга сүрүлгөн Алтысарлык кыргыздардын курамында «ортыр» аттуу урук болгон.[16]

Алтыр улусунун чегине Сагай, Четибур, Сарыглар, Ичеги, Белтир, Табан, Саян, Чыстар, Иргит, Хапхына ж.б. аймактар кирген.

«Кыштым жерлери» катары Томь, Мрассу, Кондом дарыяларынын өрөөндөрүндөгү Кузнецк Ала-Тоосунун токойлуу-тоолуу өрөөндөрү, Түндүк Алтайдан Телец көлүнө чейинки аймактар кирген.

Туба улусу Эне-Сайдын бүткүл оң өйүзүн, Саяндардан Сыда дарыясына чейин, Абакандын оң өйүзүндөгү талаалар кирген. Улустун борбору Упса (Упсу) дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан; орустар кийинчерээк бул жерди көп сандуу тубалардын атынан Туба деп атап калышкан. «Модар» аттуу башка бир ири уруу Саян тоо этектерин байырлачу. Айрым этникалык өзгөчөлүктөргө карабастан, модарлар жана тубалар кыргыз катары эсептелишип, «бир урукту, бир урууну түзүшкөн».

Туба улусунун курамына төмөнкү аймактар кирген: Байкот, Коль, Уштер, Каменно-Мотор же Койбал, Ярин, Бохтин, Алыт, Бугус, Алахам, Корнасхам, Бугачев.[17] Сол жээктеги үч улус (төмөнкү, жогорку, ичкерки) географиялык багыттарды аныктап, Хонгорайдын территориялык-экономикалык байланыштарынын көрсөткүчү катары кызмат кылган. Мындай түрдөгү аймактык-административдик бөлүнүү Кыргыз мамлекетинин тушунда да болуусу мүмкүн; анткени, IX к. «хягас падышасынын» (кыргыз ханы) башкаруусу үч жардамчы министр-беги аркылуу жүргүзүлгөн, ал эми, XIII к кыргыздардын башында үч эмир турган.[18]

Ошентип, Ортолук Эне-Сай өрөөнүндө XIV к. аягындагы Моңгол империясынын кулаган доорун камтыган орто кылымдар доорунан XVIII к. баш чендеринде Орусияга каратылганга чейинки мезгил Хонгорайдын тарыхый этносаясый өнүгүүсү менен байланышкан.

## 3.3. Чарбасынын жана маданиятынын өзгөчөлүктөрү

Кыргыздардын чарбасынын негизин жергиликтүү табигый шарттарга ылайыкташкан жарым көчмөн мал чарбачылыгы түзгөн. Ортолук Эне-Сайдагы чарба жүргүзүүнүн мал чарбачылык багыты орто кылымдар мезгилинде эле калыптанган. 1253-ж. В. Рубрук «моңгомордон түндүк тарапта бир да шаар жок, ал жакта мал багуу менен кесиптенген Керкис (кыргыз — В. Б.) деген эл жашайт» деп кабар берген.[1]

Минусин ойдуңу Сибирдин эң байыркы мал чарбачылыгынын очогу болгон. Байлыктын негизин жылкылар, бодо мал, койлор түзгөн. 1667-ж. Алтын-хан Лоужан алтырлык кыргыздардан «алты миң жылкы, бодо мал, койлорун айдап кеткен».[2] 1689-ж. жунгар ханы Галдан Бошохту Кыргыз жеринен салык катары 20 миңдей баш мал алган.[3]

Жергиликтүү жылкы тукуму «кыргыз талаа» жылкылары деп аталган. Үйүрлөр жыл бою тоолуу-талаалуу жерлерде багылчу. Жылкы мингич жаныбар жана согум катары пайдаланылган. XVII к. экинчи жарымындагы орус документтеринде Галдан Бошокту-хандын жунгарлары «өгүз минишет, ал эми кыргыздар болсо атты пайдаланышат» деген маалыматтар бар.[4] XIX к. Батыш Туванын калкы өгүздөрдү мингич катары пайдаланышкан. Алардан айырмаланып «кыргыздар, алтырлар, тубалыктар жана моторлор, точи жана саяндар, моңголдор жана буряттар баары тең түгөл... жылкы минишет»[5]

Малчылардын тамак-ашында жылкы эти кеңири пайдаланылган. XVII к. 80-ж. Абакан өрөөнүнө атайын жайгаштырылган жунгар аскерий кошууну «кыргыз улустарындагы кыргыздардан тартып алынган эки миң жылкыны жеп коюшкан».[6]

Унаа аттар кыш мезгилинде аркандалып, байланып — «оргенде» турчу. Күз айларында айылдын жанына казыктар кагылчу. Бир жылкы үчүн эки аркан аралыктагы 40 казык кагылган. Кыш мезгилинде бул казыктарга колдо кармалган жылкылар байланып турчу. Хонгорайдын талаа аймагында төө багуу менен кесиптенишкен. Төөлөр алыска көчүү учурунда, жүк ташуу үчүн пайдаланылган. 1641-ж. Я. Тухачевскийдин Кыргыз жерине уюштурулган жоортуулунда Алтысар жана Исар улустарынан 158 төө олжого түшкөн. 1703-ж. жунгар сүргүнүндө төөлөрдүн көпчүлүгү калктын негизги бөлүгү менен кошо айдалып кетүүсү ыктымал.

Минусин ойдуңунун жарым кургакчыл талаа шартындагы мал чарбачылыгынын өнүгүшү сезондук жайыттарга көчүп-конуп жүрүү менен байланышкан. XVII к. орус документтери: «Кыргыз жериндегилер көчмөн калк, алар боз үйлөрдө турушат, тон кийишет, тамагына балыкты да пайдаланышат, аңчылык кылышат, жаа менен согушушат, ... жылкы, кой жана бодо мал абдан көп, эгин айдашпайт» — деп кабар беришет.[8] Хонгорайдын мал багуучулары жылдын мезгилдерине карата жайытты төрт ирет алмаштырышкан. «Кыргыздар тынбай көчүп жүрүшөт, — деп жазылган орус документтеринде, — кыш мезгилинде... Енисей жана анын аралдарында кыштап чыгышат».[9]

Жайыттарга көчүү мурда аныкталган жолдор менен жүргүзүлгөн. Көч мезгилинде үй мүлкүн атка же өгүзгө жүктөшкөн. Маселен, боз үйдүн мүлкү үч жылкыга жүктөлгөн.

Хонгорайдын талаалуу жерлеринде дөңгөлөктүү арабалар да колдонулган. Орус булактары бир канча ирет «кыргыз чийне арабалары» жөнүндө кабар беришет. Маселен, 1638-ж. Алтын-ханга жөнөтүлгөн В. Старковдун элчилиги: кыргыз арабаларынын жардамы менен Абакан дарыясына өтө кыйынчылык менен көтөрүлдүк, жарым жолду жөө бастык, анткени, бизде араба аз эле...»

Кыргыздар кышка чөп даярдашчу эмес. 1684-ж орус булактары: «алардын жайыттарында кар аябай аз түшкөндүктөн, кышка чөп даярдашпайт» — деп жазат.[10]

Кыргыздар боз үйлөрдө — «ибдерде» жашаган. Маселен, Улагач бек менен болгон согушта 1704-ж. орустар «түркүн буюмдары менен жасалгалуу боз үйдү колго түшүрүшкөн».[11]

Хонгорайдын талаа аймактарында жамааттык аң уулоо — «аб» деп аталган. Ага айылдын бүт калкы катышчу. Буга байланыштуу келип чыккан хакас макалдары сакталып келет: «Аал кӱннiң абы пiр, аал-хончыхтың хобы пiр» — «Айылдын жалпы жамааттык аңы бар, кошуналардын бирдей ушагы бар». XVIII к. жамааттык аң уулоо Г. Ф. Миллер тарабынан терең талданып жазылган. Ал арасында аялдар менен балдар болгон 300-400 адам аттанышып талаага аңга чыккандыгын көргөн. «Алар алгач, бири экинчисинен аралыгы 100 кадам катарды түзүшкөн. Андан соң, эки канат акырындык менен бири-бирине жакындай баштайт. Атчандардын катары алдыга карай жылганда зор айлана пайда болот. Аң уулоого чыккан жамаат тарабынан шайланган башкаруучу баарынан алдыда жүрөт. Анын оң жана сол канаттагы элди башкаруу үчүн эки жардамчысы болгон... Эки канат биригер замат, аңчылар тарабынан кыйкырык, чуру-чуулар чыккан. Ошондо болжолдуу кармалчу аң чочуп кача баштайт...

Аңчылардын башчысы бир нече мыкты мергенчилер менен ортого чыгып, жапайы жаныбарларды ата башташкан... Айрым учурда аң уулоонун айланасын бир, кээ бир учурда эки ирет курчашкан. Бир жолку аң уулоо жүрүшүндө, айланып курчоо үчүн 10 чакырымга чейин жол жүрүшкөн. Атылып алынган аң бир жерге жыйналып, ортодо тең бөлүнүп алынган».[12] Жамааттык аң уулоодо байыркы жамааттык мамилелер сакталып калган. Мындай түрдөгү аң уулоо орто кылымдардагы Хакасияда өтө кеңири таралган. Маселен, Алтын-ханга жөнөтүлгөн орус элчиси С. Грек мындайча белгилеген: «Декабрдын жыйырмасында Алтыр улусу жайгашкан Уйбат дарыясына келдик, бирок андагы элдин баары тең аң уулоого чыгып кетишкен экен...»[13] Аң уулоо абдан татаал болуп, көп күчтү, эмгекти талап кылган. Бекер жеринен жергиликтүү калк: «аялдын күчүн бала, эркектин күчүн тайга алат» деген макалды айтышпас чыгар.

Татаал сугат системалары менен байланышкан соко менен жер айдоо Кыргыз каганатынын дооруна таандык. Эски сугат канал курулуштары азыр да «хыргыс арыглары» деп аталат. Орто кылымдардын соңку мезгилдериндеги орус булактары Хонгорайда «эгин талааларынын» болгондугун кабарлайт. Ал жерлерге тоолуу-токойлуу аймактарда жайгашып, таруу жана кырлык (таруунун бир түрү) себилген.[14] Жер иштетүүнүн негизги куралы катары кетмен сымал «абыл» колдонулган. Абылды шор темир усталары жасаган. Абыл менен тоо жана дөңсөөлөрдүн күнгөй тараптары иштетилген. Бул эгин талаалары сууну талап кылган эмес, анткени, мөңгүнүн эриген суусу нымдуулукту камсыз кылып турчу.

Кыргыздар тамак-ашында жапайы өскөн жер-жемиштерди жана жегенге жарамдуу өсүмдүк тамырларын кеңири пайдаланышкан. Жай айларынын баш чендеринде аялдар менен жаш балдар кандык жана сарананы жыйнаганга чыгышчу. Аны кыргыз кыштымдары тарабынан атайын жасалган «озоп» деген курал менен казып алыша турган. Бир үй-бүлөгө беш капка чейин кандык жана сарана даярдашып, жууп-тазалагандан кийин кургатып, таңгактап салышкан. Кургатылган тамырларды жаргылчакка тартышып, анын унунан ботко даярдап, нан жасашчу. 1660-ж. орус элчиси С. Грек: «Кыргыздарда, Тубада, Керейлерде, Алтырда көп туруп калууга туура келди, жергиликтүү элден мал, кой, сүт, шак, тартылган ун, сарана жана кандыкты, ж.б. өсүмдүк тамырларын кымбат баага сатып алууга аргасыз болдук».[15]

Хонгорайдын тоолуу-токойлуу аймактарынын жашоочулары темир кенин казып алышып, чебер темир эритүүчүлөр катары атагы чыккан. «Хура» деп аталган анчалык чоң эмес темир эритчү мештер кышында жашоочу үйлөрдүн ичине орнотулган. Темир кенин соку менен майдалап, бир аздап көмүр аралаштырып, мештин төбөсүндөгү тешиктен салышкан. Эки көөрүк менен үйлөп, мештеги жогорку температураны камсыз кылышкан. Бир жолку эритүүдөн 1,5 кг. темир алышчу. Темир усталар бычак, кылыч, жебе учтарын, туулга жана малга эн салуучу тамгаларды басышкан. Өзгөчө көкүрөктү тосуучу калкандар-куяктар баалуу болгон. 1657-ж. Алтын-хан Лоужан-тайша кыргыздарга жана алардын Кондом волостундагы кыштымдарына «Лоуясанга 1000 куяк, ал эми Мрасстын жашоочуларына 1000 куяк» жасатууга буйрук берген.[16]

Кыргыз зергерлеринин жасаган буюмдарынын атагы алыска кеткен. Күмүш буюмдарын жасаган зергерлер сөйкө, билерик, оттук, ээр токум жасалгаларын ж.б.у.с. буюмдарын даярдашкан. XVII к. орус документтери «кыргыздарда, туба, алтыр, кереит жерлеринде... зергерлер кытай күмүшүнөн жүгөн жасалгаларын

даярдашат жана темирге күмүш чегеришет, түрлүү буюмдар аябагандай көп» — деп жазышат.[17]

Хонгорай Моңголия, Кытай, Сибирь хандыгы жана Орто Азия менен тыгыз соода-сатык иштерин жүргүзүп турган. Кытайдан (Ортолук Эне-Сайдан Кытайга чейин төрт айлык жол болгон) жибек кездемелери, фарфор идиштери, сыр идиш-аяктары жана башка товарлар келип турган. Хонгорайда бухаралык, кытай жана түрк соодагерлери жашаган. Кыргыздар Азиянын базарына аң тери, мускус, курал-жарактарды, темир буюмдарды ж.б. чыгарып турушкан.

Тектүү кыргыздар сырттан келген сабаттуу будда монахтарынан, ошондой эле, Моңголияда жана Жунгарияда билим алышкан. Белгилүү бек Еренак Ишеев Жунгариядан билим алгандыгы маалым. 1884-ж. ал Красноярга «калмак тилинде жазылган» кат жөнөткөн.[18] Изилдөөчүлөргө анын үч каты, ошонун ичинен, моңгол тилинде орус падышасына жазган каты белгилүү.

Диний түшүнүктөрү жагынан кыргыздар бүткүл орто кылымдар бою шаманчылыка ишенген бойдон калышкан. Алар кайтыш болгон адамдарын өрттөө салтын колдоно беришкен. Маселен, 1662-ж орустар менен болгон согуштан соң, кыргыздардын «жоокерлери чегинип жатышып, курман болгон жоокерлерин өрттөшкөн».[19]

XVII к. Хонгорайга Алтын-хандардын жана жунгар хунтайжыларынын таасири астында буддизм көбүрөөк кире баштаган эле. Маселен, 1633-ж. Дайн Мерген Ланза деген «Тангут жеринен келген лаба (лама)» Алтын-хандардын тапшыруусу боюнча Хакасияга келген. Ал Алтын-хандардан Хонгор жергесине өзүн «диний ишмер» катары дайындоону өтүнгөн.[20] Еренактын жана анын мураскору Шорло Мергендин тушунда Хакасияга Жунгар хандыгынан «калмак ламалары» тез-тез келе баштаган.[21] Туба дарыясынын боюнда жайгашкан Шалаболин жазуусунда Атактуу хан Галдан Бошоктунун тапшыруусу боюнча жергиликтүү бек менен будда ламасынын ортосунда моңгол тилинде түзүлгөн келишимдин тексти бар.[22] Хонгор бектери Хакасияда будда динин таратууга багыт алышкан болуу керек. Алардын бири «Номчы», б.а. ыйык жазуунун билерманы деген ат алып жү-ргөн.

Алгачкы будда храмдарынын, кумирен жана субургандардын курулган мезгили XVII к. таандык болуусу ыктымал. Субургандардын бири Уйбат жана Кискач дарыяларынын жогорку агымы тарабында болгон, ал 1986-ж. археолог Я. И. Сунчугашев тарабынан казылган.[23] Ал жерден эки будда статуэткасы, субургандын пайташынан 150 м. түндүгүрөөктө аскага чегилип жасалган оюкта будда белги-символдору чийилген сыйынуучу жай табылган. Бул жерлер хакастарда бүгүнкү күнү да «суурган» — субурган деп аталып келет.

Минусин ойдуңунан 20 дан ашуун будда статуэткалары табылып, алардын баары Минусин аймактык музейинде сакталып турат.[24] Алар мармардан, колодон жасалган. Будда статуэткаларынын көпчүлүгү XVIII к. чейин жасалып, Тибет тараптан алынып келинген. Бул фактылар Хакасияга буддизмдин соңку орто кылымдарда келип жайылышын айкындап турат. Буддизм хакастардын арасында бурханизмдин пайда болуп, калыптанышына таасирин тийгизген.

## 3.4. Хонгорайдын коомдук түзүлүшү

Хонгорайдын бардык улустары бирдиктүү саясый мейкиндикти түзүшкөн жана салык төлөөчү калкы менен бирге «Кыргыз ээлигиндеги жерлер» деп аталган.

Хонгорай коомунда патриархалдык-уруулук мамилелер менен бирге, таптык жиктелүү мүнөздүү көрүнүш болгон. Башкаруучу өкүлдөрдүн катмарына

чайзандар, жакшылар (орус документтеринде «мыкты адамдар»), ал эми эзилүүчү таптын өкүлдөрүн харачтар, карапайым калк (орус документтеринде «кара адамдар») түзгөн. Харачтар кыргыз улустарынын эмгекчил калкын түзүшкөн. Кеңири мааниде алганда, харачтарга токойлуу-тоолуу капчыгайларда жашаган кыштымдар (кистимдер) да киришкен. Кыштымдар өз кожоюндарына салык төлөө менен бирге, айрым учурларда этникалык эзүүлөргө да дуушар болушкан. Чайзандар көп сандаган төрт түлүккө ээлик кылып, көп сандуу көз каранды элдин башкаруучулары болушкан. Адамдын социалдык абалы анын уругунун коомдогу ээлеген ордуна карата аныкталган. Хонгорайдын калкы эки катмарга бөлүнүп, биринчи катмары «хасха сөөк» ак сөөктөр деп аталып, буга кыргыздар да киришкен, экинчи катмары «пора сөөк» — боз сөөктөр — деп аталып, буга эзилүүчү тап, кыштымдар менен харачтардын баары кирген.[1]

Тарыхый адабияттарда эки жүз жылдан бери «эне-сайлык кыргыздар деген кимдер болгон» деген талаш-тартыштар жашап келет. ХУШ-Х1Х кк. Г. Миллер, И. Фишер, И. Георги, В. Ватин ж.б. тарыхчылар кыргыздарды «азыркы минусиндик жергиликтүү элдерден этнографиялык жактан айырмаланган, Минусин ойдуңунан орустар келгенден соң ооп кетишкен» өзгөчө эл катары карашат. («Бурут деген ат менен белгилүү», «орустардын кысымы менен жунгарларга кетишкен»).[2]

И. П. Кузнецов-Красноярский мындай көз карашка макул болбой, кыргыз деген ат «кокусунан эле» казак-орустар тарабынан жергиликтүү элге берилген» деп айтат; ошону менен бирге, кыргыздардын Эне-Сай түздүгүнөн кетүүсүн танууга аракет жасаган.[3] Азыркы изилдөөчүлөрдө бул маселе боюнча бирдиктүү көз караш калыптана элек. Л. П. Потапов эне-сайлык кыргыздарды «анчалык чоң эмес түрк тилдүү топ» деп атаса, Л. Р. Кызласов болсо, «байыркы хан уруусу» катары карайт.[4]

Этникалык мүнөздөөлөр так берилбей калган XVII к. орус документтери боюнча «кыргыз тегине» төмөнкүлөр киришкен: Июс дарыясынын боюнда жашаган алтысар менен туматтар; Туба дарыясынын боюнда жана анын куймаларында жашаган тубалар; Эне-Сай өрөөнүн байырлаган езерлер (жесары); Абакан дарыясы боюнда байырлаган кереиттер, урдут, алтыр жана кезегеттер. Бул маалыматтардан кыргыздардын элитардуу «бектер уругу» болбогондугун байкоого болот. Бул көз карашты алгач, Н. Козьмин айткан.[5] Кыргыздардын ичинен «бектер», «жакшылар», «кызмат адамдары», «улустук адамдар» болушу алардын социалдык-таптык жиктелүүсүн аныктайт. Моңгол доорунда кыргыздардын уруулук курамы өзгөрүүлөргө учурап, бул аймактын түрктөрүнүн курамына бир топ сандагы моңгол элементтери кирген. Маселен, керейлер, урдут (меркит) жана туматтар Эне-Сайда Чыңгыз-хандын XIII к. өзүнө каршы чыккан Борбор Азиянын моңгол тилдүү урууларын талкалагандан соң пайда болушту.[6] Алар өздөрүн Хонгорай этносаясый бирикмеси түзүлгөндөн кийин гана кыргыздарбыз дей башташкан. Ушул эле доордо Тувадан Абакан өрөөнүнө каканас (хапхына) жана чик (хчеге) сыяктуу байыркы түрк дооруна таандык уруулар көчүп келишкен.

XV—XVII кк. кыргыздар өз алдынча этнос болушканбы? Ушундайча өзүн-өзү атоо болгонбу? Бул маселеге кыргыз маданиятынын мураскорлору болгон азыркы хакастардын тарыхый фольклору кандайдыр бир деңгээлде жооп берет. Санжыралар боюнча бул жерде жашаган «тадарларга» (б.а. хакастарга) чейинки калк «хоорай» деп аталган.[7] Бул аталыш кыргыздардын гана эмес, алардын кыштымдарынын да энчилүү аты болгон. Маселен, мотор аймагындагы кыргыз

кыштымдары «хонгорлук моторлор» деп аталышкан.[8] Тактап айтканда, кыргыздар менен кыштымдар Хонгорайдын бирдиктүү калкын түзүшкөн, ал эми этноним болсо алардын Ортолук Эне-Сай өрөөнүндөгү түздүктөрү менен өз ара байланышкан. Орус булактарындагы маалыматтарда хонгордук кыргыздар өз алдынча этникалык жалпылык болгон эмес, хакасча «хасха сөөк» (ак сөөк) деп аталган ак сөөктөрдүн тобу гана болушкан.

XVII к. баш чендериндеги Хонгорайдын ордо шаары жана саясый борбору Кара жана Ак Июс дарыяларынын ортолугундагы «ак таштуу кыргыз шаарчасында» жайгашкан.

Мамлекеттик маанилүү маселелерди чечүү үчүн Хонгорайдын төрт улусунун өкүлдөрү катышкан жыйын (хурал) өтүп турган. Маселен, 1627-ж. болуп өткөн жыйында 700 өкүл катышкан (анын ичинен 300ү кыргыз өкүлү). Бул жыйындарда чечүүчү добуштар кыргыз бектерине таандык болгон. Алар «биргелешип, кеңешип, ар кандай маанилүү маселелерди чечишкен».[9] Бул жыйында «Кыргыз жерин» башкарууда жогорку бийлик эң «мыкты» деп саналган бекке тапшырылган. XVII к. башында «Немек башкы бек болгон, Кыргыз жери ага чейин анын атасы тарабынан башкарылган». 1630—1640-жж. Номчы «мыкты» бек болуп калган, анын ордун уулу Кочебай ээлеген. Орустар менен түзүлгөн тынчтык келишимде Кочебай эң улуу жана урматтуу бек катары «улустук адамдар үчүн, балдар, бир туугандар үчүн, урук, уруу, улус, бүткүл Кыргыз жергеси үчүн Кыргыз жергесинин кеңешинин атынан шерт берген».[10] «Бүткүл Кыргыз жеринин Кеңешинин» болушу ошол учурдагы Хонгорайдын саясый биримдигин аныктаган; феодалдык бытырандылык мезгилинде жогорку бек мындай саясый бийликке ээ болгон эмес.

«Кыргыз жерин» башкаруу үчүн чайзандар, болжолу, моңголдордон кабыл алынган административдик башкаруу аппаратын кармап турушкан. Кызматкерлер «тузумер» деген моңгол наамын алып жүрүшкөн. Соттордун милдетин — укук мыйзамын сактоочулардын өзгөчө кастасы — «яргучилер» аткарышкан. Жогорку Соттун милдетин Жогорку бектин өргөөсүндө орун алган «Казыр Яргучи» Каардуу сот аткарчу. Тарыхчы Н. Козьминдин Кыргыз жеринин жогорку соту «ожо» деген наам алып жүргөн деген божомолу XVIII к. жашап өткөн езерлик сот Боти-ожонун атына байланыштуу айтылса керек. Болжолу, жогорудагы энчилүү ысымдын экинчи компоненти — «ажа» (ача), б.а. ага, байке деген маанини билдирген. Эне-Сай кыргыздарынын XVII к. чегиндеги социалдык-таптык түзүлүшүн кунт коюп караганда, бир да документтен жогорудагыдай наамды кездештире алган жокпуз. Бул наам хакастардын тарыхый санжырасында да учурабайт.[11] Белгилүү «ажо» деген наам Хягас мамлекетинин башкаруучусунун наамы болсо, анда ал, хягас этноними сыяктуу эле кытай булактарында абдан бурмаланган көрүнөт. Мындан Л. Р. Кызласовдун Боти-ажо деген бир гана ысымга негизденип, бул «байыркы хакастардын» коомдук түзүлүшүнүн өзгөрүлбөй сакталып келишин аныктайт деген суу кечпеген тыянагы чындыктан таптакыр алыс.

Бектин буйруктарын жана мамлекеттик салыктарды жыйноо иштерин «чазоолдор» (жасоолдор) аткарышкан. Ар бир чазоолдун карамагына 40 тан түтүн бөлүнүп берилген. Жыйналган салыкты жана аскерге каттоо иштеринде бир, он, жүз, беш жүз, миң деген сандарды аныктаган тактайча белгилер колдонулган.[12] Мындай системадагы саноо Түштүк Сибирдин башка элдеринде да колдонулган жана анын келип чыгышы байыркы түрк дооруна таандык. «Талап кылынган адамдардын, жылкынын, салыктын жана малдын санын

жыгачка оюлуп түшүрүлгөн белгилер менен аныкташат» деп жазат кытай жылнаамасы.

Жунгар бийлигинин тушунда салыкты жыйноо жогорку деңгээлде уюштурулган. Иш кагаздарын жүргүзүүдө атайын китепчелерди пайдалана баштаган. Кыргыздар өз кыштымдарын орус бийликтерине берүүгө акысыз болушкан, анткени, «алар тайша Бошокту-хандын китебине катталып калышкан.»[13] Улустардын башында турган кыргыз башкаруучулары байыркы түрк дооруна таандык болгон «бег» деген наамды алып жүрүшкөн. Алардын ар биринин өз асабасы, буйрук жана келишимдерди күбөлөндүргөн тамга-мөөрлөрү болгон. XVII к. экинчи жарымынан тартып, кыргыздар жунгарлардын таасири менен моңгол наамдарын кабыл алышты. Езерлик бектин аты Шорло Мерген-тайжи болуп калды. Ушундай эле наамды алтыр беги Таин-Ирка да алып жүрчү. Таин-Ирканын уулун Тангут Батур-тайжи деп аташчу. Таин-Ирканын Конгош деген бир тууганынын Яйзан-Бахши деген аты анын жогорку билими бар экендигин аныктаган болуу керек. «Бахши» термини окутуучуга (мугалимге) карата колдонулган. Кыргыз бектеринин ичинен жунгар ханына өзгөчө сиңирген кызматы үчүн салыктан бошотулгандары болгон. Алар «тархан» деген наам алып жүрүшчү. Кыргыз жеринен бул наамга алтыр беги Маши Тархан жана алтырлык Коңгор Тархан Яйзан татыктуу болушкан.[14]

Орус документтериндеги «мыкты адамдар» деген бек тукумунун өкүлдөрү өз ысымдарына «кашка» жана «мерген» деген ардак наамдарды кошуп алышчу. Маселен, Барчык Магнай кашка, Алтын кашка, Матыр Магнай кашка, Курбан кашка, Айкан Юрукту кашка, Иченей мерген ж.б.

Кыргыз бектеринин саны анчалык көп болгон эмес. Хонгорайдың төрт улусунда алардын саны 50—100 дөн 500 гө чейин жеткен. Алардын баары тең тууган-туушкандык мамилелерде болушкан. Кыргыз бектери XVII к. баш чендеринде эле ойрот башкаруучулары менен өздөрүн тең абалда сезишип, куда-сөөк болушкан. Алтысар беги Кочебай Батараев Жунгар хандыгынын негиздөөчүсү Карагула-тайшинин бир тууган карындашы Абахайга үйлөнгөн. 1635-ж. түзүлгөн Жунгар хандыгынын биринчи башкаруучусу, Карагула-тайшинин уулу Баатыр-контайша өз кезегинде Кочебайдын кайын иниси, ал эми Кочебайдын уулу Табун болсо Баатыр Контайшанын жээни болуп калган.[15] Борбордук Азиядагы күч-кубаттуу хандар менен куда-сөөк болуу кыргыздардын Түштүк Сибирдеги абалын бекемдеген.

Ар бир бектин жана анын тукумунун мүчөлөрүнүн аскердик милдеткерликтери бар «улустук адамдары» болгон. Чайзандар көп сандаган букараларга ээ болушкан. Алардын чарбасында орус документтеринде «холоп» деп аталган малчылар, «хулдар» жумуш аткарышкан. Алар, негизинен, карызга баткан кедей-кембагалдар эле. Кулдун өз кожоюна жасаган кызмат милдеткерлиги фольклордун маалыматтары боюнча тиги дүйнөдө да сакталган. Тарыхый санжыраларда кулдарды өз кожоюну менен бирге көмгөн учурлар баяндалат. Чайзандар тууган-туушкандары жана улустук адамдары менен бирге көчүп-конуп жүрүшкөн. Аймактар менен улустардын ортолугунда даана такталган чек ара болгон эмес Согуш коркунучу пайда болгон мезгилде чайзандар өз улусу менен Хонгорайдын ылайыктуу жерлеринде көчүп жүрүүгө укуктуу болушкан. Маселен, Алтысар беги Еренак орустардын кол салуусунан кооптонуп, «өз улусунун адамдары менен Абакандын аркы бетине, ал эми исар, алтыр жана тубалар Абакандын сол жээгине көчүп өтүшкөн».[16]

Бектер башкарган аймактардын адамдарынын саны бирдей болгон эмес. Шанды Сенчикеневде 22 улус адамы, алтыр беш Таин-Иркеде «улус адамдары 400 дөй адамга жеткен». XVII к. аягында Абакан жана Июс дарыяларынын өрөөндөрүндөгү жайыттарда кыргыздардын улус адамдары кыштымдарды кошкондо 3 миңден ашуун адамды түзгөн.[18] Болжолу, бул жерде эркектердин саны айтылып жатса керек. Аялдарды жана балдарды кошкондо (5 коэффициент менен эсептегенде) алардын саны 15 миңди түзгөн.

Бек бийлигинин таянычын аскер кошуундары — «хозондор» түзгөн. Хакас фольклорунун маалыматтары боюнча ар бир бек 40 чоро (баатыр) кармаган. Алар аскердик тектүү катмарды түзүшүп, орус документтеринде «кызмат адамдары» катары баяндалган. XVII к. баш чендеринде «кыргыздардын кызмат адамдарынын саны көп эмес, саны 150 гө жеткен».[19] Бул баатырлар өз ысымдарына «баатыр» (матыр) же моңголдун «кошеучи» (хозончи) — кошуунчу деген наамдарын кошуп айтышчу. Маселен, Керсо баатыр, Дун Ирка Матур, Бар кошеучи ж.б. Согуш учурунда алар элдик кошуундардан, «улустук адамдардан», кыштымдардан куралган өз алдынча атайын кошуундарды жетектеп чыгышчу. Карапайым калк аскерге милдеттүү болушкан, ошондон улам, салык төлөгөндөрдү «окчу» деп атап коюша турган. XVII к. Хонгорай 600 дөн 1000 ге чейин туруктуу аскерге ээ болгон. Маселен, 1698-ж. Алтысар, Исар, Алтыр улустарынын бектери орустарга Каштак чыңдоосун курууга тыюу салууну чечишет. Ушул себептен, бек Улагач Кашка «Каштактагы күмүш кендеринде миң жоокер менен турду, ал эми Кыргыз жеринде да миң аскер бар эле.»[20]

Түштүк Сибирдин элдеринин ичинен кыргыздар өзгөчө жоокердик мүнөзү менен бөлүнүп турушкан. Орус кызмат адамдары «саны 1000 дей болгон кыргыздардан дайыма коркунуч келип турат...» — деп белгилешкен.[21]

Кыргыздардагы аскер иши жана анын өнүгүүсү Алтын хандар жана Жунгар хандыгынын деңгээлинен төмөн болгон эмес. Чабуул коюунун жана коргонуунун өзгөчө тактикалары колдонулган. Аскерлердин негизин атчан жоокерлер түзгөн. XVII к. Хонгорайдын атчан аскерлери 1000 кишиден турган: «найза жана куяк менен куралданган 400 адамды саадак жана союлдар менен куралданган адамдар коштоп жүрөт...».[22] XVII к. Хонгорайда ок атуучу куралдар белгилүү болгон жана аны жунгар, орустардан сатып алып турушкан. Жазуу булактары Еренактын кыргыз жоокерлери салгылашуу учурунда «замбиректерди, мушкеттерди, бир атар чып этмелерди, жааларды колдонгондугун белгилешет...[23]

Сепилдерге жана орус чыңдоолоруна чабуул коюуда кыргыздар «калкандар менен согушка киришкен». Жоонун кол салуусун алдын ала болтурбоо үчүн Хонгорайдын тоо аймактарына аскердик коргонуу чыңдоолорун курушкан. Сепил курулуштарынын тизмеги жабык фортификациялык системаны түзүп, ар бир курулуштун бири-экинчисине көрүнүп турчу. Хакасия боюнча жогорудагыдай курулуштардын саны жүзгө жетип, хакасча — «сівее» деп аталган.

Баатырлардын колдоосу менен кыргыз бектери улус адамдарынын үстүнөн көзөмөл жүргүзүп, кыштымдарды баш ийдирип кармап турушкан.

Саян-Алтайдын капчыгайлары жана кыргыз улустарынын алыскы тоолуу-токойлуу аймактарындагы кыштымдар Хонгорайдын эзилүүчү табын түзүшкөн. Кыштымдар институту Кыргыз каганатынын мезгилинде эле пайда болгон. Көз каранды уруулар жана жогорку абалды ээлеген кыргыздар тарабынан социалдык-этникалык эзүүлөргө дуушар болушкандар кыштымдарды түзүшкөн. Орус документтери кыштымдарды салык төлөгөн кара таман калк, «табигый кулдар» же жөнөкөй эле «салык төлөгөн адамдар», кыргыздарды алар

«орус крепостной дыйкандарынын ордунда болгон» деп жазышкан.[24] Орус булактарында кыргыздар жана кыштымдар даана бөлүнүп көрсөтүлгөн. Минусин ойдуңунан сырткары жайгашкан кыштым аймактары XVII к. баш чендеринде эки тарапка, анын ичинен Орусияга да салык төлөй башташкан эле. Бирок, Хонгорайдагы улустарга таандык кыштымдар кыргыздар тарабынан катуу көзөмөлгө алынышкан. Мындан сырткары, XVII к. кыргыз кыштымдарына бүгүнкү тувалардагы ооржак, тожу, кужугет урууларына кирген орчук (урчюк), кучугут, точилер да киришкен. Орустун качкындары да кыргыз кыштымдары болуп калышкан учурлар кездешет. 1685-ж. орустун чарба кызматкери Сенька Черкашин «кыргыздарга качып, езерлердеги Кулчактын карамагында жашап, ошол Кулчакка салык төлөгөн».[25]

Киштымдар кыргыздарга түбөлүк карыз деп эсептелишкен. Жут, ачарчылык болгон жылдары алар Кыргыз жерине келишип, кийим-кече, мал, үй буюмдарын алып турушкан. Киштымдар кыргыздарга алымды натуралай түрдө төлөөгө милдеттүү болушкан. Киш аң терилери төлөм катары эсептелчү. Талаа мыйзамы боюнча кыштымдардан беш киш териси же анын наркындагы салык алынган. Айрым учурларда салык темир жасалгалары, курал-жарак жана тамак-аш азыктары түрүндө да алынчу.

Салыкты жыйноодо «аманат» — барымта системасы пайдаланылган. Киштымдар салыкты төлөөгө кудурети жетпей калса, барымта катары анын аял-балдары алынчу. Киштымдар салык төлөөдөн баш тартышып, козголоң чыгарышкан учурда, бектер башка улус бектерине аскер жардамын сурап кайрылышкан.

Киштымдар өздөрү жашаган капчыгайларда жана аймактарда өз башчылыктарына жана аң уулоочу жайларга ээ болушкан. Хонгорайдын кыштым капчыгайларына көз арткандарга, кыргыздар согуштук жүрүштөр менен айбат көрсөтүшкөн. Мындай аскердик кагылышуулар Исардагы (камасин, качин, ариндер), Алтыр (Кондом дарыя бою) улусуна ээлик кылууга көз артышкан телеут жана бурят княздары менен болуп турчу. Талаш аймактарга Орусия менен чектешкен жерлер да кирген. Кыргыздар бул согуштук кагылышууларда өздөрүнө көз каранды болгон салык төлөөчүлөргө ээлик кылууну сактап кала беришкен. Маселен, XVIII к. баш чендеринде алар Томскилик воеводага Чулум дарыясына жакын турган кыштымдардан 11 жылда жыйналып алынган (1691 — 1702-жж.) 11 миң 400 киш терисин кайтарып берүүнү талап кылышкан. Орус бийликтери өз кезинде кыргыздар ошол эле кыштымдардан талап-тоноо жолу менен 2000 киш, 100 түлкү, 100 суусар, 5000 арс, 20 000 тыйын чычкан терилерин алышканын билдиришкен.[26]

Улустарды жетектеген кыргыз бектери 500 дөн 1000 ге чейин кыштымдарга ээлик кылышкан. Маселен, алтыр беги Талай «Мрассу жана Кондом дарыяларынын аймактарында 1000 дей салык төлөөчүгө», исардык улус тайшиси Иченей-Мергендин «Мугал жериндеги кыштымдарынын саны 500 гө жеткен».[27] Ээлеген абалы анчалык чоң эмес кыргыз бектери «кырктан ашуун салык төлөөчү адамдары жана аң уулоочу аймактары болгон». 1701-ж. орус документтеринде «кыргыз бектеринин жалпы саны 300, салык төлөгөн кара таман эл, кыргыздарда кыштым деп аталган эркектердин саны 1000 ге жетет».[28] Чындыгында, кыштымдардын так саны жогорудагы аталган маалыматтан көп болгон. Эгерде, кыргыз бектери жана чайзандарынын саны 100 деп эсептелсе, алардын артында 6 миң кыштым, үй-бүлөлөрү менен кошуп эсептегенде 30 миң адамды (5 коэффициенти менен алганда) түзгөн.

XVII к. баш чендеринде моңгол жана манжур тилдеринен которулган дипломатиялык документтердин жыйнагында Түштүк Сибирдин көпчүлүк уруулары «урянхай» деген ат менен белгилүү боло баштаган. Маселен, Кыргыздарды жунгарлар сүргөн мезгилде Эне-Сай өрөөнүндө төрт аймак «кыргыз урянхайлары»: «арахащ, застук, хайгин, модор»,[29] Исар улусуна ариндер (аара), качиндер (хааш), кайдиндер (хайдын), ястиндер (частых), моторлор (модар) калган. Ошол эле жылы Абакан өрөөнүндө Орусия букаралыгына Кыргыз жеринин 12 урянхай аймактары кириште: ТомСагай, Уюс-Сагай, Иргит, Четубур, Сарыглар (2 аймак), Ичег, Табан, Белтир, Саин, Хапхына жана Чыстар.[30] Айрым документтерде аталган аймактар «кыргыз тукумундагы» деп эсептелген, анткени алар Кыргыз жеринин Алтыр улусунун курамына киришкен. 1704-ж. Кузнецк Ала-Тоосунун тоолуу-токойлуу жерлеринде «урянхай аймактарынын» миң түтүнү жайгашкан. Алардын арасынан бүгүнкү сагайлардын этникалык топторунун көпчүлүк бөлүгүн түзүшкөн төмөнкү этнонимдер кездешет. бюрюс, хобый, хызыл-хая, туран, кижин, харга, тайас, халар ж.б. 1708-ж. жазылган жунгар документинде эскерилген: «Хонгорайда белгилүү болгон «киргис, уранхай, моторлор» көчүп-конуп жүрүшөт» — деп жазылганын [31] «кыргыз уранхай-моторлору» катары түшүнүү зарыл.

Ушундан улам, жогоруда айтылган «урянхай» деген моңгол манжур термини кыргыздардагы «кыштым», вассалдык уруулар, салык төлөөчүлөр деген сөзгө маанилеш болгон. Буга Еренак бектин моңгол тилинде жазылган катындагы «урянхай» сөзү орус тилине «салык төлөөчүлөр» деп которулушу мисал боло алат.[32]

XIX к. «Урянхай» деген аталыш Тува жерин аныктап калган: бул жердин калкы байыркы түрк доорунда кыргыздарга көз каранды абалда болушкан (Кешдемдин алты аймагы), ал эми моңгол басып алууларынан кийин ошол эле моңголдорго «салык төлөөчүлөр» болуп калышкан. XVII к. орто чендеринде В. Рубрук моңголдордон түндүгүрөөктө, кыргыздарга жакын «оренгай» аттуу эл жашайт деп жазат.[33]

Хонгорайдын ири мал чарбаларында согуш туткундарынын эмгектери пайдаланылган. 1685-ж. алтыр беги Таин-Ирка жунгар ханынын өргөөсүндө бир жылдай туруп калганда, Кыргыз жерине (Брут жери) жасалган аскердик жүрүштөн соң, «кыргыз беги Таин-Иркага 70 тен ашуун бурут жеринин туткундары белекке берилген».[34] Болжолу, ошол туткундардан хакастардагы «пурут» уруусу келип чыгат.

Хонгорайда жана патриархалдык-феодалдык уклад үхтөмдүк кылган, аскердик-административдик башкаруусу бар салык системасы жөнгө салынган бийликтин коомдук институттары жашап
турган. Калктын өзгөчө элитардуу катмарын кыргыз бектери түзгөн, алардын байлыгы кыштымдар менен харачтардын эмгегинен куралган. Алардын бийлиги баатырлардын өзгөчө катмары тарабынан корголуп турган.

Өндүрүш каражаттарына ээ болгон кыштымдар экономикалык жана экономикалык эмес ыкмалар менен эзүүгө тушугушкан эле. Салык аркылуу алар (кыштымдар) өндүргөн кошумча продуктуларынын баары тең тартылып алынып, күнүмдүк тамак-ашка жетчү бөлүгү гана калтырылган. Жалпысынан алганда, карызга чөгөрүлгөн кыштым институту өзгөчө примитивдүү эзүүнүн түрү болуу менен, маңызы жагынан эртерээктеги феодалдык мамилелерге жакын болгон. Ички иштеринде кыргыздардын көз каранды эместикти сактап калышы, аларда өзгөчө бир мамлекеттүүлүктүн болгондугун аныктайт.

## 3.5. Хонгорайдын Моңголия жана Жунгария менен өз ара мамилеси

XVI-XVII кк. Түндүк Азияда өтө ири саясый окуялар болуп өттү. 1581-1590-жж. казак-орустардын Сибирь хандыгын жеңип алуусу менен Сибирь аймагы Орус мамлекетине каратыла баштаган эле. Борбор Азияда Алтын-хандардын феодалдык түзүлүшү жана Жунгария пайда болду. Эне-сайлык кыргыздар аталган мамлекеттердин ортолугунда калган эле. XVII к. бою Хонгорай тарабынан өзүнүн көз каранды эместиги үчүн жана кыштымдар жашаган аймактарда өз бийлигин кармап туруу үчүн активдүү күрөш жүрдү.

XVI к. 80-ж. Моңголиядагы Дзасакту-хандык ээлигинен бөлүнүп чыккан Алтын-хандардын мамлекети пайда болду Анын негиздөөчүсү Шолой (Кун Канчей) Убаши (1567—1627-жж.) теги жагынан чынгызилер тукумунан чыккан, белгилүү моңгол башкаруучусу Даян-хандын (Бату-Мункэ) небереси болгон. Алтын-хандардын ордосу Убсу-Нур көлүнүн жанында жайгашкан. Алардын ээлигине Түндүк-Моңголиянын жана Туванын аймактары кирген. XVII к. башында (1627-ж. кийин) бийликке Шолой-Убашинин уулу Омбо-Эрдени же Ирден-тайша (1630—1657-яок.) келет. 1659-ж. Алтын-хандардын башына 1686-ж. бийликтен четтетилген Лождан-тайша (Лувсан) келет. Анын ордуна Омбо-Эрденин Гендун-Дайчин деген башка бир уулу (1686—1697-жж) такка олтурат. 1686-ж. Алтын-хандардын мамлекети өз алдынчалыгын жоготуп, Дзасакту хандыгынын ээлигине кайрадан бириктирилет. 1697-ж. Гендун-Дайчи өлгөндөн соң, анын ордуна 1703-ж. бул аймакты башкарган уулу Санчжин-Сенге олтурат. Андан соң Түндүк Моңголияны жана Саян-Алтайды башкарууга Гендун-Дайчинин асыранды уулу Гун-Бубей (1704—1730-жж) олтурат. Анын теги халхас княздарынан чыккан. 1709-ж. Цинь императору өзүнүн буйругу менен аны Кем аймагын, ба. Эне-Сай жерлерин башкаруучу кылып дайындаган. Гун-Бубэй Түндүк Эне-Сайдын жерлерин түндүк Саяндын түндүк бөлүгү 1727-ж. Кяхта келишими боюнча Орусияга өткөн мезгилге чейин үстүртөн башкарып турган.

XVII к. биринчи он жылдыктарынан тартып, Алтын-хандар өз ээликтерин Хонгорай жана кыштым капчыгайларынын эсебинен кеңейткен. 1641-ж. Я. Тухачевский Чулумга Ачин чыңдоосун курганда, ал төрт волостту: Кызыл, Ачин, Басагар, Камлар аймактарын «салык төлөөгө» мажбур кылган, алар мурда салыкты Алтынхандарга төлөп турушкан.[1] Бул волосттор Хонгорайдын Алтысар улусуна таандык болгон.

1617-ж. Алтын-хандарга келген орус элчилери: «Салыкты Кум Канчей (б.а. Алтын-хан) саяндардан, кыргыздардан, буряттардан, мулдардан, орчиктерден, тулумандардан, терегулдардан алат экен, алардын бектери баары көчүп-конуп жүрүшөт...» — деп билдиришкен.[2]

XVII к. орто ченинде Лоджан-тайша: «Краснояр чыңдоосу тургузула элекке чейин (1628 -ж. — В. Б.) ал жерлердин кыргыз, туба жана алтырлык княздар Лоджановдордун аталарынан балдарына чейин салык төлөшөт» — деп айткан.[3]

Өз кыштымдарына ээлик кылган кыргыздар XVII к. орто чендеринен Алтын-хандарга көз каранды болуп калышкан. Кыргыздар алым төлөөчүлөр катары ар бир жаадан (жоокерден) бештен киш терисин беришкен.

1656-ж. Лоджан-Тайша орус элчилерине: «Кыргыздардагы тубалар, алтырлар, керейлер жана алардын кыштымдары биздин түбөлүк салык төлөөчүлөрүбүз...». «Кыргыз жеринин калкы көз каранды, алар (кыргыздар) бизге бир топ жылдардан бери салык төлөшөт, эгер кырдаал түзүлсө аларды кырып-жоюп, же көчүрүп кетем» — деп жарыя жасаган.[4] Арийне, Алтын-хандардын мындай

мактаныч сөздөрү чыныгы түзүлгөн абал менен шайкеш келген эмес. Кыргыз бектери көз каранды эмес болушуп, көпчүлүк учурда моңголдорго каршы согуштук жүрүш уюштурушуп турган. 1639-ж. кыргыз беги Табун Көчебаев орус бийликтерине: «Биз хандын салыгын төлөөчүлөр эмеспиз, Алтын-хандардын буйругун аткарбайбыз, ошону менен бирге томскилик воеводалардын буйругун аткарууга да такыр ниетибиз жок. Табун өз жеринде өзү воевода экендигин белгиледи».[5] 1657-ж. Лоджан-тайшинин көп жапа тарттырган чабуулуна кыргыздар жыйналышып «Алтын-хандарга каршы өздөрү жортуул жасашып, Точин жерине бүлгүн салышты».[6]

Кыргыздардын үстүнөн өз бийлигин кармап туруу үчүн Алтынхандар барымта кармоо адатын пайдаланышкан. Тектүү бектердин балдары, мисалы, алтысар чайзаны Собы Тотыкаевдин уулу Сарыткан Собин Алтын-хандардын ордосунда барымтада жүргөн." Согуштук аракеттер жүргөн убактарда Алтын-хандар кыргыздардан аскер жардамын берүүнү талап кылышкан. 1652-ж. Ирдене-контайша «кыргыз бектеринен 1000 атчан жоокерди ат жабдыгы жана куралы менен берүүнү талап кылган....».[8] Мындан сырткары, ал «кыргыздардан 1000 кой, 400 кара мал сураганда, алар Ирдене-тайшиге 1000 кой, 400 кара мал жөнөтүштү....».[9] Ошентип, кыргыздар алтын-хандарга экономикалык жана аскердик жардам берүүгө милдеттүү болушкан.

Бирок, көпчүлүк учурда моңголдорго моюн сунушпай, кыр көрсөтүп турушкан. Кыргыздардын карышкыр каардуу мүнөзү моңголдордогу каймана түрдө айтылган «харгис» (кыргыз) — каардуу, жырткыч, кектүү деген сөздөрдүн келип чыгышына алып келсе керек.

1656-ж. Алтын-хан Лоджан-тайша жунгарлардын куугунунан качып, өз нөөкөрлөрү менен Туба дарыясынын куймасына келип отурукташкан эле: ал эми Туба улусунун кыргыз бектери Кан чыңдоосуна жакын көчүп барышып, Орусиядан колдоо издей башташкан. Убакыт өтүп, алар Качин жериндеги туба уругун негиздешкен.

XVII к. орто чендеринде кыргыздар Алтын-хандардан алыстап, жаңыдан калыптанып жаткан Жунгар хандыгына ыктай башташкан. Лоджан-тайша кыргыздардан өч алмакчы болот. 1667-ж. ал Алтыр улусуна кол салат: «Лоджан жана анын адамдары алтырлык кыргыздардын 6 миң жылкы, бодо мал жана койлорун айдап кетти..., Лоджан өз аскерлери менен Абакандын аркы жээгинде туруп калды, аны менен улустук адамдар жана 500 кыргыз жоокери бар....»[10].

Жунгар ханы Сенге-тайши Алтын-хандарды Хонгорайда кууп жетти. Лоджандын колу талкаланып, өзү колго түшкөн. Бул жеңиштен жунгар ханы «Лоджандын карындашын аялдыкка алды, ал эми Сенге Лоджандын оң колун кесе чаап салууга буйрук берип, ага иттин этин жедирди. Лоджанды эки аялы менен Омонот падышасына ыйгарды; Сенге өзү менен аябай көп моңгол мүлктөрүн, хандын жакындарын кыштымдары менен 2 миңдей адамды туткундап кетти...»[11].

XVII к. аягы XVIII к. баш чендеринде Алтын-хандардын тукумдары Хонгорайга ээлик кылууга бир нече ирет аракет кылышкан.

1708-ж. 31-августта Цинь Кытайы орустарга Абакан чыңдоосун курууга каршы билдирүү жасап, аны кыйратууга талап койгон. «Хонгорай капчыгайына» ээлик кылууга Дзасахту-хандыгынын хотогойт князы Гун-Бубэй аракет жасаган. Гун-Бубей Алтын-хандардын акыркы ханы Гендун-Тайчинин жээни болгон. Гун-Бубей: «Хонгорайдын жерине менин тайакем Гендун-Тайчин ээлик кылып келген, анын улусуна кыргыздар, урянхандар (урянхайлар), моторлор кирген»

деп билдирген.[12] 1712-ж. Кытай орустардын Сибирь губернатору М. П. Гагаринге нараазылык билдирүүсүн кайталаган, 1718-ж. Абакан острогуна Гун-Бубэйдин өкүлдөрү келген.

1635-ж. батыш моңгол-ойроттору 1758-ж. чейин жашап турган «Жунгар хандыгын» негиздешет. Анын биринчи башкаруучусу чорос уруусунан чыккан Хара-Хуланын улуу уулу Баатыр-контайша болгон. Жунгариянын аймактарына чыгыштагы Саян Алтайдан батыштагы Тибетке чейинки жерлер кирген. Орус булактарынын маалыматтары боюнча 1640-ж. кыргыздардын бир бөлүгү «контайшыга салык төлөөчүлөр» болуп калышкан. Н. Я. Бичурин «кыргыздар Батор-хонь-тайцзиге салык төлөшчү, бирок ошол эле учурда кыргыздар өздөрүнүн жеңил ойлуулугу, өзүм билемдиги, өзүмчүлдүгү менен Орусияга бир нече ирет шерт беришкен, алар өздөрүнүн мындай кылык-жоругу аркылуу Орусиянын талабынын адилеттүүлүгүн ырастоого шылтоо болгон».[13]

Исар улусунун кыргыз беги Табун Көчебаевге тууганчылыгы болгон Батур-Контайша Хонгорайга өзгөчө туугандык мамиле жасаган. Ал кыргыздарды колдоого алып, Орусияга каршы туруу үчүн бир нече ирет аскер жөнөткөн. Маселен, 1640-ж. «калмактар согуш жарыялап, Томск шаарынын алдына келди, ал калмактарды кыргыз Кочебаевдин аялы Абахай айым чакырган, ал эми Контайша-Баатыр Абахай айымдын жакын иниси болот экен».[14]

Жунгариянын башкаруучусу өзүнүн ордосунда кыргыз бектеринин балдарына билим берген. Маселен, алтысар бегинин уулу Изен-тайжи Поятанды «Баатыр-контайша кичинесинен багып чоңойтту. Азыр ал Баатыр-контайшага кызмат кылат».[15] Кыргыздардын абалы Баатыр-контайшанын ордуна келген уулу Сенгетайшанын (1657—1671-жж.) учурунда оордоп кеткен эле.

XVII к. орто чендеринде Хонгорайдын саясый багыты биротоло Жунгарияга карай ооп калган болучу. Ошону менен бирге, саясый аренада алтысар улусунун беги Еренак Ишеев деген «күч-кубаты ташкындаган, акылдуу жана чечкиндүү» адам пайда болду. Тарыхчы В. Огородников «Еренак өз айланасына калган кыргыз бектерин бириктирүү, аларга бул аймакта чыныгы кожоюн ким экендигин көрсөтүүнү максат кылып койгон» — деп жазат.[16]

Түштүк Сибирди ээлеп алууга умтулган орустарга каршы Еренак жунгарлар менен бирдикте чечкиндүү аракеттерди жасаган. 1667-ж. Сенге-тайша жетектеген ойроттор Абакан өрөөнүндө жашынып калган Лоджан-тайшанын негизги күчтөрүн талкалаган.

Андан соң, 1667-ж. кыргыздар менен жунгарлардын бириккен күчтөрү Красноярскиге чабуул жасашып, орустарга оор сокку урушкан. 376 кишиден турган Краснояр гарнизону чоң жоготууларга учураган (39 адам өлгөн, 203ү жарадар, 49у туткунга түшкөн).[17] 1678-ж. кыргыздар Кан чыңдоосун басып алып, өрттөп жиберишкен. 1679-ж. Еренак бек биринчи Ачин чыңдоосун өрттөп, жок кылган.

1667-ж баштап Хонгорай Жунгарияга көз каранды абалда калган. 1669-ж. Сенге-тайша бул жерге өзүнүн өкүлүн олтургузуп, «Еренактын жана бүткүл Кыргыз жеринин үстүнөн бийлик жүргүзүүгө уруксат берген».[18] Жунгар акими Алтыр улусунда жашаган. Анын өргөөсү Ниня дарыясынын боюнда жайгашкан. Хонгорайдын саясый борбору түштүк тарапка көчкөн эле. 1669-ж. биринчи ирет дайындалган акимдин ысмы Киличин Кошиочи деген болгон. 1671-ж. аны «Ейзан Кенегей алмаштырып, бул кызматка аны Жунгариянын жаңы башкаруучусу Галдан Бошохту-хан (1671—1699-жж.) дайындаган.[19] Арадан бир жыл өткөндөн соң, 1672-ж. Кыргыз жерине Байту-хан деген аким дайындалган. 1683-ж Алтыр

улусуна келген орус элчилеринин билдиргендери боюнча «кыргыздарда Батыр-Ейзан деген калмак акими жашайт, ал баарына буйрук берүүгө укуктуу» [20] Акыркы аким Аба-зайсан Хонгорайды 1703-ж. таштап. Жунгарияга сүрүлгөн кыргыздар менен кошо кеткен. 1703-ж акимчиликтин жоюлушу Ортолук Эне-Сайдагы кыргыздардын бийлигинин кулашын аныктаган.

Хонгорайдын калкы жунгар ханына ар бир эркек башынан 5 киш аң терисин төлөөгө милдеттүү болушкан. Бул салыктардын оорчулугу кыргыз кыштымдарынын мойнуна түшкөн. Маселен, 1702-ж. езер беги Шорло Мерген өз кыштымдарынан «кыргыз бектерине бештен жана контайшага 5тен киш терисин берүүгө милдеттендирген».[21] Тапшырманы аткарбай коюу оор жазага кириптер болуу дегенди аныктаган. Маселен, кыргыздардын моңголдорго каршы согушуудан баш тарканына Галдан Бошокту-хан каарданып: «кыргызды Кытайга сатып жиберип, жерин ээн калтырам!» — деп айткан экен.[22] Белгилүү бек Еренак контайшынын талабы менен 1687-ж. 300 дөй жоокери менен Алтайга келип, моңголдор менен болгон оор согушка катышат. Телец көлүнүн жанындагы Чулушман дарыясынын боюндагы салгылашууда өзүнүн уулу Шап менен бирге курман болгон.[23] Кыргыз бектери өз жоокерлери менен аскердик кызматты аткаруу үчүн контайшинин ордосуна барып турушкан. 1685-ж. алтыр беги Даин-Эрке Галдан Бошокту-хандын ордосунда бир жыл жашаган.[24] Хонгорлордон алынуучу салыктар Жунгар хандыгы кулаганга чейин улана берген. Маселен, 1745-ж. белтирлер Кузнецк шаарына орус падышасы үчүн салык төлөп, «бир эле учурда Зенгор башкаруучусуна да салык төлөп турушкан».[25]

Жунгар ханы өз бийлигин чыңдоо максатында кыргыз бектерине жерге ээлик кылууга уруксат берген атайын грамоталарды ыйгарып турган. Маселен, 1700-ж. краснояр казактары Туба улусуна жүрүш жасашып, көпчүлүк кыргыздарды «чаап, аял, балдарын туткунга алды, ошону менен бирге, Шандычке (Шанды Сенчикеев — Туба улусунун жетекчиси — В. Б.) (Галдан) Бошокту-хан тарабынан жер ээлөөгө уруксат берилген грамотаны да олжо катары алышты».[26] Жунгар башкаруучулары Борбор Азиядагы феодалдык мамилелердин тажрыйбасын колдонушуп, тектүү адамдарга мамлекеттин алдында сиңирген кызматы үчүн «суюргал» деп аталган убактылуу ээликтерди таратып турушкан. Орус жазма булактары Хакас-Минусин аймагы Орусиянын курамына кошула элекке чейин «кыргыз татарларынын ээликтери согуш менен каратылып, акырында алар калмак жерине сүрүлүштү» — деп жазат.[27]

Хонгорай Орусияга кошулгандан кийин, бул аймак Орусия империясынын бир бөлүгү болуп калды. Саясый жактан Жунгарияга ыктаган кыргыздар тарыхый мекенинен айрылышып, ойрот отокторунун ичине сиңип кетишти.

## 3.6. Кыргыздардын Жунгарияга айдалып кетиши

Революцияга чейинки изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү XVIII к. баш чендеринде кыргыздар орустардын кысымы менен Эне-Сай түздүктөрүн калтырып, калмактарга өздөрү журт которуп кетишкен деп белгилешет.[1] XX к. тарыхчылары Хонгорайдын калкынын Жунгарияга күч менен сүрүлгөн фактысын таануу менен бирге, ошол эле учурда бул зор тарыхый окуяга баа берүүдөгү айткан пикирлери дал келбейт; мында элдин дээрлик баардыгынын сүрүлүшү жана анча көп сандуу эмес бектердин тобунун көчүп кетиши сыяктуу кайчы пикирлер айтылып келери маалым[2] Бул маанилүү маселени чечмелөөдө биз тараптан өтө кеңири тарыхый булактар иргелип, жаңы архивдик

маалыматтарды илим айлампасына киргиздик, Саян-Алтай элдеринин фольклордук материалдары да пайдаланылды.

XVIII к. баш чендеринде жунгар контайшасы Цэван Рабдан (1699—1727-жж. башкарган) Борбор Азияда түзүлүп жаткан татаал саясый кырдаалды, Кытай жана Орусия тараптан келген коркунучту эске алып, Эмель-Гол дарыясынын боюндагы өзүнүн ордосуна, Түштүк Сибирдин көчмөн калктары кыргыздарды, телеут жана мингаттарды жакын көчүрүп келүүнү чечет.

1701-ж. башында Москвага жунгар ханынын элчилери жөнөтүлөт. Өзүнүн кайрылуусунда Цэван Рабдан Жунгария менен Орусияга баш ийген букаралардын ортосунда чыр-чатактар пайда болду, «кыргыз-калмактарды (эне-сайлык кыргыздар — В. Б.) амал менен колго алып, Сибирь шаарларынын воеводалары ал жерлерге өз чыңдоолорун куруп жатышат, эгерде улуу даражалуу падыша өз адамдарын тыйбаса, мындан ары да чыр-чатактар боло берет». Жунгар ханынын кайрылуусуна жана кыргыз бектеринин агрессивдүү жортуулдарына жооп иретинде Петр I Томск, Краснояр жана Кузнецк шаарларынын воеводаларына «кыргыздарды үч шаардын күчү менен тынчтандыргыла» деп көрсөтмө берет. 1701—1702-жж. орус аскерлери кыргыздарга каршы бир нече ирет жортуул жасашкан.[4] Түзүлгөн кырдаалды көзөмөл кылуу үчүн Цэван Рабдан 1701-ж. аталаш иниси Аба-зайсанды өз кошууну менен «томскилик, кузнецкилик, красноярдык кызмат адамдарын кыргыздар менен жараштырууга жөнөткөндө, ал Аба бул буйрукту аткара алган эмес». 1702-ж. декабрь айында «контайша Кыргыз жерине өзүнүн жакын адамы Аранжаманы» орус бийликтери менен сүйлөшүүлөр жүргүзүүгө жөнөткөн. Томскилик жана красноярдык өкүлдөр менен жолугушуу Ниня дарыясына жакын турган Аба-зайсандын өргөөсүндө болуп өтөт.

Кыргыздардын Жунгарияга журт которуусунун себеби жана жагдайлары али белгисиз бойдон калууда. Сибирди изилдеген белгилүү тарыхчы Г. Ф. Миллер бул акт «мурда эле чечилген» Орусия менен Жунгариянын сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгы деп атаган.[5] Ушул эле көз карашты Гагамейстер да айтат.[6] Биз кезиктирген айрым документтер бул тыянактын чындыкка жакын экендигин тастыктайт. Краснояр канцеляриясынын иш кагаздарынын биринде Аба-зайсан менен түзүлгөн келишим эскерилет. Ал текстте «кыргыздар кол салып, каракчылык кылгандыктары, баш ийбегендиктери үчүн калмак контайшасынын ээлигине берилди, келишим боюнча Орусияга 300 салык төлөөчү берилди».[7] Жунгар ханынын акими менен түзүлгөн келишимден соң, томскилик өкүлдөр «кыргыздар дайыма козголоң чыгарып, тынчы жок жашагандыктары үчүн, баш ийбегендиктери үчүн Кыргыз жеринен Калмак жерине көчүрүлдү» алардын жеринде калган аз сандагы калкын Ейзан Або, Аранжама менен макулдашылгандай тизмелери түзүлүп жөнөтүлдү»[8]Жунгария элчиси «Аранжама Чембиль өз кишилери менен келишимге өз мөөрлөрүн басып беришти», ошондой эле «үч кыргыз улусунун тайшалары — Тангут Батур-тайша, Хорчин Унзентайша жана Шурлу-Мерген-тайшалардын мөөрлөрү басылды».

Бул маалыматтардан кыргыз бектери даярдалып жаткан акцияны мурда эле билишкенин байкоого болот жана контайша менен бүтүмгө барышкандыктан улам жунгарларга каршылык көрсөтүшкөн эмес.

1703-ж. июнь айында Цэван Рабдан өз максатын орундатуу ниетинде Хонгорайга үч чайзаны: Духар, Сандык жана Аранжама Ченбилдин жетекчилиги астында үч миң аскерин жөнөтөт.[10] Ал өз акими Аба-зайсанга кыргыз жана кыргыздардын кыштымдарын «контайшадан алыстап кетпеси үчүн» Жунгарияга

көчүрүү жөнүндө буйрук берет. Хонгорайдын эли аскерлердин көзөмөлү астында Абакан өрөөнүндөгү Аскиз дарыясынын куймасына топтолушат. Кеч киргенде ар бир айылдын калкы санактан өткөрүлүп турган. Улустук адамдарды чайзандар олтурган жайдагы «обаага» бирден санак таш таштоого мажбурлашкан. Эртең менен бул көрүнүш кайра кайталанган. Үйүлгөн «обаага» жакындап келишип, бирден таш алышып, экинчи жердеги жайга таштаттырышкан. Ушундан соң, калып калган таштардын негизинде, жашынып калгандардын санын аныкташкан. Абакан өрөөнүндөгү ондогон үйүлгөн дөбө таштар — «обаалар» 1703-жылы болуп өткөн трагедиялуу окуялардан кабар берет. Хакастарда бул дөбөлөр «хыргыс тастары» деп аталаары маалым.

Хонгорайдын сүрүлгөн эли жунгар аскерлеринин көзөмөлү астында үч жол аркылуу кетишкен: Аскиз дарыясынан Томго, андан Балыкса дарыясы аркылуу Мрассуга; Таштып дарыясынын ашууларынан Кобырза дарыясы, андан Мрассуга Матур жана Узас Аарыяларынын бийиктиктери аркылуу кеткен. Кыргыздар өздөрүнүн үй-бүлөлөрү, малы, үй-мүлктөрү менен кошо көчүшкөн.
Алардын көчтөрүнүн чубалган тизмеги 20-30 км. чейин жеткен. Үч жол тең Мрассу жана Кобырзы дарыялары аккан жерлерге барып кошулган; азыр да бул жерлерде «Хыргыс сыххан шол», «Хыргыс кошкен хол» деген жер аталыштары сакталып келет.[11] Бул жерден алардын жолу Кондом дарыясынын бойлору аркылуу Бий жана Катунь дарыяларынын кошулган жерине чейин уланган. Андан соң, кыргыздардын көчү Иртиш дарыясынын жогорку агымы тарапка уланып, Эмел дарыясынын боюна өзгөчө айылдар катары туруп калышкан. Алардын Иртиштин жогорку агымы тарабындагы айрым топторуна казактар (булактарда — буруттар) тарабынан кол салууга дуушар болушкан. Бирок, кыргыздардын негизги бөлүгү соккудан аман калып, Хонгорайдан чыккандан эки ай өткөн соң, Иртиштин аркы өйүзүндөгү контайшынын чоң өргөөсүнө жакын аймакка жайгашышат.

Такталган маалыматтар боюнча «Калмак жерине» кыргыз бектеринен алтысарлык Корчун Еренаков (Хорчун Унзен-тайша), алтырлык Тангыт Таин Иркин (Тангут Батур-тайша), исарлык Шорло Мерген-тайшалар «улустун адамдары, бала-бакырасы, мал-мүлкү менен келишти».[12] Аталган бектер жана алардын уулдары (Чайлыш Тангытов, Бото, Сонжор ж.б.) Цэван Рабдандын өргөөсүндө кызмат кыла башташкан. Жунгарияга сүрүлгөндөрдүн ичинде туба бектеринин эскерилбегени алардын Саяндан ары көчүп кетүүсүн билдириши ыктымал. Красноярдык казак-орустар келип, чалгындашып: «кыргыздар чыккынчылык кылышып, калмак контайшасына көчүп кетишти; Енисей жана Июс дарыяларын бойлоп жашагандардан эч ким калбаптыр, баарын эсептегенде туба, матор, койбалдардан 300 жаачан адам калган» — деп кабарлашкан».[13] Жунгар акими Аба-зайсан «Красноярга жакын турган, Енисей, Абакан жана Июс дарыялары тарапта көчүп жүрүшкөн кыргыздарды бала-бакырасы, малы, үй-мүлктөрү менен Калмак жерине контайшага көчүрүп кетти, алардын саны миңден ашыгыраак».[14] Биздин эсептөөлөрүбүз боюнча XVIII к. баш чендеринде Кыргыз жеринде 15—20 миңдей калк жашаган. Сүргүнгө «эркек-аял болуп, баары үч миң түтүн эл сүрүлгөн».[15] Ар бир чарбаны 5 коэффициенти менен алганда, сүрүлгөн кыргыздар жана алардын кыштымдарынын саны болжолдогондо 15—20 миң калкты түзгөн. Мындай болгондо сүргүн аябагандай чоң аймакты ээлеп, Хонгорайдын бүт калкын камтыган. Ушундай эле көз караштагы тарыхчы А. Абдыкалыков да айтат.[16]

1704-ж. Кузнецкиден Хонгорайга жөнөтүлгөн казак-орустар воевода Б. Синявинге «Кыргыз жеринде жашаган кыргыздарды, алардын кыштымдарын жашаган аймактарынан таба албадык, баарын тең, кыштымдары, бала-бакыра, мал-мүлкү менен контайша алып кетиптир» — деп кабарлашкан.[17] Арадан жыйырма жыл өткөндөн соң, 1722-ж. изилдөөчү Д. Мессершмидт Хонгорайдын ээн калган аймагы менен өтүп, алтысарлардан, езерлерден, тубалардан бирин да жолуктура алган эмес. Калктын негизги бөлүгүн сүрүп кетүү Хонгорайдын саясый түзүлүшүн бузуп, төрт кыргыз улусунун, айрым аймактардын жоюлушуна алып келген.

Жунгарияга көчүрүлгөн кыргыздар Эмель-голдогу контайшанын чоң өргөөсүнө жакын айыл болуп туруп калышкан. Алар 4 чайзан жетектеген, 4000 түтүндөн турган өзгөчө «кыргыз отогун» (Цирцзилер) түзүшкөн.[18] Кыргыздардын ичинде улустук адамдардан сырткары, киштым-шуштар, белтырлер, модарлар, ариндер жб. болушкан. Кыргыздар менен бирге телеуттардын (тэлэнгут) 4000 түтүндөн турган отогу, Тувадан келген мингат жана ооржактардын 500 түтүн эли жайгашкан.[19] Бул отоктор чорос уруусунан чыккан жунгар ханынын жеке ээликтери болуп калган.

1703-ж. окуяларга байланыштуу кыргыздардын бир бөлүгү ойроттордун кара өзгөйлүгүнөн Саяндардан ары көчүп кетүүгө мажбур болушкан. Маселен, 1708-ж. мурдагы Туба улусуна моңгол башкаруучусу Гун Бубэйдин улустук адамдары салык жыйнаганы келишкенде, алардын арасында «Абакандан качып кетишкен кыргыз татарлары да болушкан».[20] XVIII к. баш чендеринде Тувага Кыргыз жеринин булуң-бурчтарынан көчүп кетишкендер, тувалыктардын курамындагы кыргыз уруусун негиздеши ыктымал. Болжолу, Туба улусунун кыргыздарынын бир бөлүгү жунгар сүргүнүнөн аман калуу максатында Чыгыш Саяндарга көчүп өтүшүп, иркутскилик буряттардын курамына киришсе керек. Алардан Ашебагат уруусуна катталган «хан-хыргыс» — хан кыргыздар уруусу тарайт. Байкал аймактарына кыргыздардын кирүүсү Кыргыз каганатынын доорунда эле башталган. Азыркы мезгилде буряттарда эгин талааларын жана сугат каналдарын калтырып кетишкен эзелки «хыргыт» эли жөнүндө уламыштар айтылып келет. Ангара жана Иркут дарыяларынын аймактарында жашаган «хурхуд» уругу IX—X кк. эне-сайлык кыргыздардын тукумдары болуусу толук мүмкүн.

«Хонгорлордун» бир аз гана бөлүктөрү сүргүндөн аман калышкан. Таштып жана Матур дарыяларынын бойлорундагы «200 матар, 100 саян адамдары контайшага баш ийгилери келбей, кара калмактардан тоо-ташта жашынышып калышкан».[21] Болжолу, булар Туба улусундагы модарларга жана Алтыр улусундагы сайындардын курамына кирген адамдар болушкан. Жазма булактардын маалыматтарына караганда, Абакан өрөөнүндө сүргүндөн Алтыр улусундагы «урянхай аймагынын» 300 түтүнү аман калган: Уй-сага, Том-сага, Иргет, Табан, Саин, Белтер, Хапхана, Жастар, Эчик, Этберио, Сарыклар».[22] XVIII к. аталып өткөн уруктар Сагай, Белтир, Бирюсин жерлеринин курамдарына киришкен. Бекер жеринен орус документтери кыргыздар сүрүлгөндөн соң, Абаканда «мурда кыргыздар менен аралаш жашаган, кыргыздар менен чогуу аң уулоо жайлары болгон Белтир жана Сагай волостторунун салык төлөөчүлөрү жашап кала беришкенин» белгилебегендир. [23]

1703-ж. декабрда, 1704-ж. мартта жана 1705-ж. октябрда Томскиден Июска орус аскер адамдарынын бөлүктөрү жөнөтүлгөн. 1704-ж. март жана декабрында Кузнецкиден казак-орустар Кыргыз жерине согушчал талаа адамдарын

«тынчтандырып», баш ийдирүү үчүн жөнөтүлөт. 1703—1705-жж. Кыргыз жерине уюштурулган аскер жүрүштөрүндө 400 эркек өлтүрүлүп, 900 дөй аял жана балдар туткундалган.[24]

XVIII к. башында Сибирдин кул базарларында жүздөгөн кыргыздар ясыр (кул) катары сатылган. Маселен, Кузнецкиде «Кыргыз жеринен алып келинген Анна аттуу күң пайда болду, ал эки жашында кузнецкилик мурдагы атаман Федор Сорокин тарабынан туткундалган эле.»[23] 1710-ж. карата Кыргыз жеринде 9 гана кыргыз жана тубалар калган. 1703-ж. окуялардан кийин Орусия кыргыздарды мурдагы жашаган жерлерине кайтаруу жөнүндө маселени көтөрүүнү ойлоп да койгон эмес.

Сүргүндүн азап-тозогуна чыдабаган кыргыздардын айрым бөлүктөрү топ-тобу менен же жалгыздап Хонгорайга кайтып келе башташат. 1704-ж. Мрассу жана Кондом дарыяларынын аймактарында орустар менен кагылышууларда кайтып келген кыргыздардын 133ү курман болуп, 120сы туткунга түшкөн. Ошол эле, 1 704-ж. кузнецкилик казак-орустар Пызас дарыясынын аймагында (Мрассунун куймасы) жашынып жүргөн кыргыздарга «кол салышып, 78 кишини өлтүрүшүп, 95ин туткундап, 15 мылтык, 84 жаа, 150 жылкы, 110 бодо малды олжолошту».[26] Жогоруда белгиленгендей, кыргыздар менен бирге кыштымдар да сүргүнгө айдалган. 1707-ж. томдук казак-орустар Чулум дарыясынын жанынан Кучелай Табункин жана Конзачак Оханкинди туткунга алышкан. Алар 1703-ж. кыргыздар менен бирге Жунгарияга сүрүлгөн эле. Эртиштин жогорку агымында аларга казак-орустар кол салышканда 30 шуй татары артты көздөй качышкан. Алардын ичинен Хакасияга 9 гана киши аман-эсен жеткен.[27] Бүгүнкү хакастардын ичинде шуй уруусуна киришкен Кучелаевдердин тукуму бар. Тарыхчы К Г. Копкоевдин эсептөөлөрү боюнча 1704—1705-жж. орус аскер адаллдары тарабынан Жунгариядан кайтып келген 1380 кыргыз кармалган. Бул маалыматтар сүргүнгө айдалган кыргыздардын (К. Г. Копкоев жарымы деп туура эмес эсептеген) 8 %ин түзгөн.

Кайтып келе жаткан «хонгорлордун» айрым бөлүктөрү тарыхый ата журтуна жете алышпай жолдогу телеут, алтай, тува ясана Саян-Алтайдын башка урууларынын, ошондой эле Эртиштин жогорку агымындагы казактардын курамына жуурулушу ыктымал. Аталган элдердин курамында кыргыз, бурут, модор, араа, агбан (абакан), табан ж.б. уруулардын болушу бул пикирди бекемдээри ырас, 1733-ж. Контайша Галдан Церен (Цэван Рабдандын уулу) телеут жана кыргыздардын отокторун ата журттарына «кузнецкидеги ясак жерлерине, белтирге жана сагай волостторуна кайтаруу» жөнүндө чечим кабыл алат.[28] 1736-ж. орус өкмөтү түштүк алтайлыктардан «контайша кыргыздарды өз жерине кайтаруу үчүн 2 миң калмак аскери менен бирге, кыргыздарды Томск жана Кузнецк шаарларынын ортолугу менен кайтарууга чечим кабыл алынды» деген кабарын угуп, кооптоно баштаган эле».[29] Бирок, бул маалыматтар туура эмес болуп чыккан.

1756-ж. Цинь империясы Жунгарияга кол салганда, кыргыздар телеуттар менен бирге Саян-Алтайга кайтып келүүнү, орус букаралыгын кабыл алууну чечишкен. Чалгын маалыматтары боюнча Орусиянын чегине карай «төрт теленгут зайсаны, төрт кыргыз зайсаны, карапайым кыргыз жана телеуттардын 10 миң түтүнү жылган».[30] Бирок, жолдо келе жатышкандар Усть-Каменогорскиге жакындаганда Цэбдэнжаб башында турган Цин аскерлери кол салган. Эркектердин дээрлик баары өлтүрүлгөн. Маселен, кыргыз чайзаны Гурбан-кашкага баш ийген миң түтүн элден 168 гана киши аман калган.[31] 1757-ж.

алардын калдыктары кытай бийликтери тарабынан Манжуриядагы Фуюй уездине көчүрүлүп, ошол кыргыздардын тукумдары ал жерде азыр да жашап келишет. 1982-ж. фуюй кыргыздарынын саны 874 адам болгон. Алар билтир, ичиг, табан, гапхын, кыргыз, же ортыр жана сандыр деген уруктардан турат. Аталган уруктар сагай жана белтирлердин курамындагы пилтір, ічеге, табан, хапкын, хыргыс урук аталыштары менен дал келет. Этнонимиканын маалыматтары фуюй кыргыздарын Алтыр улусунун калкынын тукумдары экендигин ырастайт.

Кыргыздарды Усть-Каменогорскиде кытай армиясы талкалагандан соң, бир гана кыргыз демичи (салык жыйноочунун титулу) ата журтка аман жеткен. Жазма булактарда 1756-ж. Жунгариядан чыккан 7 миңдей качкын Түштүк Сибирдин Краснояр жана Кузнецк уезддерине жайгаштырылгандыгы баяндалат. Болжолу, бул калктын арасында сүргүнгө дуушар болгон эне-сайлык кыргыздар да болуусу ыктымал. Ошол эле учурда Хонгорайдын калкынын ичинде ойрот, паратан ж.б. жунгар тектүү уруктар пайда болгон.

Жунгарияда калып калган кыргыздар, кийинчерээк, калмак кыргыздар деп аталып калышты. Алардын көп сандуу эмес тукумдары Синьцзяндын Дурбулжен уездине кирген Эмель-Гол моңгол автономиялуу районунда жашап келишет. Моңголиянын халха моңгол аймактарында «сайн хиргис» — «ак сөөк кыргыздар» деген уруктар кездешери аныкталган. Сэцен-хан аймагында кыргыз уругу бир кошунда, Сайн Ноен-хан аймагында 10 кошунда; Дзасакту-хан аймагында — 4 кошунда жайгашкан. Түндүк-Батыш Моңголиянын мурдагы жунгар уруулары болгон дэрбэт, баят, урянхай жана мингаттардын курамында кыргыз уругу 5 ирет эскерилет. Мындан сырткары, мингат кошунунда кыргыз уругу төмөнкү топторго ажыраган: хар хиргис кара кыргыз, шар хиргис — сары кыргыз, модон хиргис токой кыргызы.[32]

Хакастардын ичинде кыргыз уругуна (сөөгүнө) кирген 50 дөн ашуун түрдүү тукумдар бар. Алардын айрымдары XVIII к. белгилүү бектер менен чайзандардын ысымдарынан башталат. Чабыновдор атактуу бек Еренактын Чагун деген уулунан тарашы мүмкүн. Курагиндер туба беги Шандынын уулу Курагиден; Тогунаевдер — Шандынын уулу Тоганайдан; Арыштаевдер алтысар беги Ороштай Сенчикеевден; Аешиндер — Еренактын жээни Аюжиден ж.б. тарашат. Мындан кыргыз ак сөөктөрүнүн бир бөлүгү сүргүндөн аман калып, кийинки хакас этносунун курамына киргендигин байкоого болот.

1703-ж. трагедиялуу окуялар Хонгорай этносаясый бирикмесинин тагдырын чечип койду. Кыргыздардын жана алардын кыштымдарынын калган аз гана бөлүгүнүн өз саясый эркиндигин, мамлекеттик түзүлүшүн сактап калууга мүмкүнчүлүктөрү жетпей калды. 1756—1758-жж. Жунгария талкалангандан соң, кыргыз отогу кытай армиясы тарабынан жок кылынып, элдин аман калган бөлүгү Калмакстандан Маюкурияга чейинки Улуу талаага чачылып кетишти.
3.7. Хонгорайдын Орусияга бириктирилиши жана кыргыз улустарындагы административдик кайра куруулар 1707-ж. Петр 1нин буйругу менен Томск, Енисейск, Краснояр жана Кузнецкилик 1000 казак-орус Кыргыз жерине басып киришип, анын так ортолугуна Абакан чыңдоосун тургузушкан. Чыңдоо Эне-Сайдын оң жээгиндеги Унюк жана Туран тоолорунун ортолугуна курулган болучу. Чыңдоо курулгандан кийин казак-орус аскер бөлүктөрү улустарга «кыргыздардын аскер адамдарын» туткундап келүүгө жөнөтүлүп турган. 1707-ж. 30-августта чыңдоого 20 жасоолду жана Туба улусунун мыкты адамдарын жыйышкан. Алар 8 аймактын өкүлдөрү болушкан: Большебайкотовский,

Малобайкотовский, Яржи, Богожи, Койбал, Ургун, Шипов жана Кояк аймактарында 280 адам болгон.[1] (Саналган уруктар кыргыз кыштымдары болушкан). Жасоолдор Ак ханга (падышага) «түбөлүк моюн сунууга, жаңы курулган чыңдоого жылына киши башынан 6 киш терисин алып келип турууга тийиш болушту».[2] Анык болсун үчүн Абакан чыңдоосуна Ургун жана Яржин аймактарынан эки аманат калтырып кетишкен.

1708-ж. 31-августта Кытай орустарга тургузулган Абакан чыңдоосу үчүн нааразылык билдирип, аны жок кылууну талап кылышат. «Хонгорай капчыгайына» ээлик кылууга Дзасактухан жеринин моңгол князы Гун Бубэй аракет кылган эле. Ал: «Хонгорайдагы жерге эзелтеден менин тайакем Гендун Дайчин (1686-ж. Алтын-хандар тарабынан дайындалган В. Б.) ээлик кылган, анын улусунда кыргыз, уранхан, моторлор көчүп жүрүшчү» — деп билдирүү жасаган.[3] Бирок сибирдик бийликтер амалкөйлүк менен: «бул жерлер кыргыздарга таандык болуп келген, Цаган Араптан аларды көчүрүп кеткен. Цаган Араптан менен биргеликте кароолдорду койдук, богдыхандын жери шаар курууга ылайыксыз» — деп жооп кайтарышкан.[4] Орус өкмөтү моңгол феодалдарынын талабын негизсиз деп эсептешкен, Хонгорай жери «кыргыз бектеринин ээлигинде болгон, алар өз эли менен мурда эле Орусия державасынын букаралыгын алышкан». Жунгар башкаруучулары карама-каршы пикирде болушуп, «кыргыздарды көп эмес убакыт мурда өзүбүзгө кабыл алдык, ошондуктан алардын жерине ээлик кылууга биздин акыбыз бар» — деп эсептешкен.[5] Контайша өз букаралары деп эсептеген кыргыздарды көчүрүп кетип, калган кыштымдарга да ээлик кылгысы келгендиги көрүнүп турат. Ал эми моңгол феодалдары Хонгорайды таптакыр бергилери келген эмес. 1727-ж. чейин жунгар жана моңгол феодалдары кыштымдардан киши башына беш киш терисин салык катары жыйнап ала беришкен. Орус салык жыйноочулары кыштымдардан бирден алтыга чейин киш терисин алып турушкан. Хонгорайдын арасы суюлган калкы өтө оор абалда калган эле. Туба жана Алтыр улустарынын айрым уруктары моңгол феодалы Гун Бубэйдин кысымы менен Саяндан ары көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Бул чечимге чокундуруу коркунучу да себепкер болгон. 1705-1726-жж. аралыгында мурдагы Туба улусунан Саяндан ары 140 салык төлөөчү кеткен. Алар Кемчик, Улуг-Хем, Бий-Хем жана Косогол тарапка келип отурукташышкан.[6] XIX к. баш чендерине чейин Моңголиянын Дзасактухан аймагындагы кошундарда «мудар», б.а. мотор, «харнад» (хурнад), б.а. карнасхам уруктары жашап турушкан. Туба улусунан көчүп келишкен тубалар менен кыштымдар XVIII к. Туванын калкынын арасында кеңири тараган «туба» этнонимин алып келүүлөрү мүмкүн. Мындай көз караштты мурда Г. Е. Грумм-Гржимайло менен С. И. Вайнштейндер да айтышыптыр.

1716-ж. Петр I нин буйругу боюнча Орусиянын Хонгорайдагы абалын чыңдоо максатында Саян тоосунун этегине орус чыңдоосун тургузууга чечим кабыл алынат. 1718-ж. күз айында чыңдоо Эне-Сайдын оң жээгине, Абакан чыңдоосунан 120 чакырым жогору тарапка тургузулган.[7] Саян чыңдоосу (Соян-тура) Моңголия менен байланыштырчу башкы жолду жаап салган.

1727-ж. 20-августта Кяхтадан 20 чакырым алыстыктагы Бура дарыясында Орусия менен Кытайдын ортосунда сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында чек ара трактаты боюнча келишим түзүлөт. Территорияны бөлүштүрүү Саяндар аркылуу өтүп, Абакандын жогорку бийиктиктеринен Жунгар ээликтерине чейин созулган. Саяндардан түндүктөгү бардык жерлер жана андагы жашаган элдер Орусига, түштүк тараптары Кытайга өткөн.[8] Хонгорайдын бардык аймаю-ары боюнча 5

чек ара белгиси орнотулган: Тенгис дарыясынын жогорку агымындагы Ыргах-Таргах тоосундагы ашууга; Бедий-хем дарыясынын жогорку агымындагы Торос-Дабага (Тораасхыр) тоосундагы ашууга; Уса дарыясынын жогорку агымындагы Кынземеде кырына; Уса дарыясы боюндагы Хоин-Дабага (Койарт) ашуусуна; Кем-Кемчик-Бом деген жердеги Хан-Тегир дарыясы аккан Шабин-Дабага (Сабына) ашуусуна орнотулган. Мамлекеттик чек араны кайтаруу «салык төлөөчүлөргө» — койбал, сагай жана белтирлерге жүктөлгөн. Төрт чек ара белгиси красноярдык кызмат адамы А. Чанчиковдун көзөмөлү астында Малобайкотов уругуна кирген Харангыр Интигиров жетектеген койбалдардын карамагында болгон. Он түтүндөн турган Харангырдын кароолу Оя дарыясына жакын турган. Жасоол 20 нөөкөр менен чек ара белгилерин жылына бир ирет текшерүүгө алган. ШабинДабага (Сабына) чек ара багытын кайтаруу жасоолдор Кишитимек Тылбечеков жана Аючак Азылбаевдер жетектеген сагай жана белтирлердин көз алдында болгон. Алар Жебаш дарыясынын чатына, Таштып жана Чахан дарыяларына кароолдорду коюшкан.[9] Шабин-Дабага тоосунан Алтай тарапка кеткен жерлер ачык бойдон кала берген. Жунгар хандыгы кулагандан кийин гана, 1761жылы Бийскиден Саяндарга чейин узундугу 298 чакырым келген Кузнецк чек арасы орнотулган эле.[10] Абакандын жогору жагындагы чек аралардагы ачык жерлер Жунгарияга сүрүлгөн кыргыздардын кайтып келүүсү үчүн «дарбаза» катары кызмат кылган. Чек ара кызматын аткарган Хонторайлык жасоолдор жана башлыктар качкындарды өз аймактарына каттап алышкан.

Хакас тарыхый санжыраларынын маалыматтары боюнча белтирлер Орусиянын курамына Моолахтын уулу болгон чайзан Миянгастын тушунда киришкен. Жазма булактардын маалыматтары элдин эсиндеги маалыматтар менен дал келет. 1727-ж. Бурин трактаты боюнча келишим түзүүдө белтирлерди башлык Миягаш Моголаков жетектеп турган. Орусия букаралыгын кабыл алуунун белгиси катары Миянгас узун чачын — «кежегесин» кыркып салган. Ошондуктан Миянгас элден «таз» деген лакап ат алган. Орусиянын курамына каратылгандан соң, жергиликтүү элди массалык түрдө чокундуруу башталган. Эркектердин «кежегелерин» башлыктардын кысымы астында кестирип салышкан. Айрымдары чокундуруудан качып, Саяндардан ары көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Бүгүнкү күнгө чейин тувалар хакастарды «донгур» — кыска чачтуулар деп аташат.

Санжыралык маалыматтарга караганда, орус бийликтери белтир беги Миянгаска бийлик белгилерин: баш ийбегендерди баш ийдирүү үчүн — кылыч, тил албагандарды жазалоо үчүн — камчы, моңгол жана жунгарларга белтирлердин артында Орусия империясы турат дегенди билдирген тууну беришкен.[12] Чек ара кызматын аткарган салык төлөөчү адамдарга туу тапшыруу чындыгында эле 1728-ж. болуп өткөн. Асабаларга күндүн сүрөтү түшүрүлүп, төмөндөгүдөй сөздөр жазылган: «Эч кимге эч нерсе берилбейт».[13] Бийлик атрибуттарынын белгилеринен болгон эски ыкмада жасалган кылыч XIX к. баш чендеринде Наир Тулбечековдун тукумдарында ыйык нерсе катары сакталгандыгы белгилүү.[14]

Көптөгөн жылдарга созулган Хонгорайдын Орусияга бириктирилиши расмий негизде 1727-ж. Бурин трактаты менен толук аяктаган. Ушундан соң, Моңголиянын Хонгорайдын жерине көз артуусу толук токтогон эле. Бирок жунгарлар мурдагы Алтыр улусунан Жунгар хандыгы кулаганга чейин салык жыйнап ала беришкен.

Хонгорай Орусияга бириктирилгенден соң, анын жерлери Кузнецк, Томск, Красноярск уезддеринин ортосунда бөлүнүп алынган болучу. Кыргыз жана кыштымдардын аман калган аз сандуу бөлүктөрү Сибирь администрациясы тарабынан түзүлгөн жерлердин курамдарына киришти.

Краснояр шаарынын аймагындагы (1628-ж. курулган) Качин жери Орусия жеңип ала электе чейин «Кыргыз жери деп эскерилип, Мунгал жерине салык төлөшкөн».[15] 1701-ж. бул жер 110 салык төлөөчүнү бириктирген беш урукту түзгөн: Шалошин, Кубанов, Татаров, Мунгатов жана Тубин.[16] XVIII к. биринчи жарымында курамында кыргыздар менен согушкан татарлар кирген качиндердин негизги бөлүгү Хонгорайдын ээн калган аймактарын өздөштүрө башташкан. 1719-1720-жж. орус документтери «Краснoярдан мурда жана кийин Кочен, Арен жана Ястындык кызмат адамдары жана ясакчы (салык төлөөчү) татарлар үй-бүлөлөрү, мал-мүлктөрү менен мурда кыргыздар жашаган жерлерге көчүп барышты».[17] Качиндердин Хакас-Минусин аймагына көчүүсү жазуу булактары жана элдик санжыранын(фольклор) маалыматтары аркылуу да бекемделет.[18] 1755-ж. качиндер Тунгунов жана Узеков «жолдоштору менен мурда аталган жерлерге келип отурукташышты...»[19]

Качиндердин көпчүлүк бөлүгү Хакасияга көчүп келишкенден соң, Сибирь администрациясы алардын Июс жана Эне-Сайдын сол жээгиндеги жерлерин таанууга мажбур болгон. 1747-ж. 16ноябрда Краснояр воеводасынын кеңсесинин чечими менен «аларга Енисейден жогору, Караул жана Абакан чыңдоолору, Ияс дарыясынын аймагындагы жерлерге жашоого уруксат берилген».[20] Ошентип, мурдагы Исар улусунун ордуна жаңы Качин жери пайда болгон. Качин урууларынын аталыштары жаңы административдик бирдиктерге жайгаштырылып, алардын оболку мазмуну таптакыр өзгөргөн эле. Качиндер (хааш) теги татар эли катары таанылган болучу. 1795-ж. текшерүүлөрдөн соң, качиндердин саны 2590 салык төлөөчү жанга жеткен.[21] 1701-ж. салыштырмалуу качиндердин саны 23,5 эсеге көбөйгөн.

XVIII к. Красноярдан анчалык алыс эмес жайгашкан Качин жери «шаар чети» деп аталган. 1824-ж ал Краснояр шаарына баш ийген управа болуп түзүлүп, ага үч качин (Шалошин, Татаров, Тубин), үч арин (Татышев, Абалтаев, Арино-Ястын) жана бир арин (Тин) уруктары кирген.[22] Калкы орусташып кеткен Качин шаар четиндеги управасы 1885-жылы жоюлган.

Красноярдан түндүккө карай Эне-Сай жана Бузим дарыяларынын ортолугунда Арин (Аара) жери орун алган. 1701-ж. Анын курамына беш урук кирген: Татышев, Абалтаев, Канбирев, Щербаков, Тетюгин жана саны 81 салык төлөөчү кирген эки волость — Весловская жана Ястын кирген.[23] Ариндер кыргыздардын кыштымдары болушкан. Бирок айрым кызмат адамдары башка пикирде болушкан: «Шаардан алыс эмес жердеги татарлар — качиндер жана яриндер, ястиндер Красноярдан алыс эмес жерде көчүп-конуп жүрүшөт, булардын аскер адамдарынан жакшылык күтүүгө болбойт, себеби алар теги жагынан кыргыз жана тубиндерге жакын, кыз алып, кыз беришет, алардын ой-пикирлери бирдей, ошондуктан алардан жакшылык күтүүгө негиз жок»[24]. Болжолу, кыргыз, качин жана ариндердин курамдарында жалпы тектүү уруктар болгон. XVIII к. баш чендеринде ариндердин көпчүлүк бөлүгү Хакасиянын аймактарында көчүп жүрүшчү (Татышев, Абалтаев, Тетюгин, Арино-Весловский жана Арино-Ястин уруктары). Ушундан улам, Арин жери өз алдынчалыгын жоготуп, анын уруктары качиндердин курамына киришкен.

Эне-Сайдын оң жээгиндеги Сыда жана Мана дарыяларынын ортолугунда Ярин(чарын) жери жайгашкан. 1701-ж. анын курамында 66 салык төлөөчү үч урук болгон: Абалаков, Тинский, Бохтинский. 1795-ж. бул жерде 233 эркек катталган.[23] XVIII к. аяк ченинде алар Абалаков уругуна бириктирилип, анда 1795-ж. 105 эркек катталган. Камасин жерине 1701-ж. курамына беш урук кирген саны 46 салык төлөөчү атчан качиндиктер кирип, алар Кургулов, Мунгатков, Яргашин, Мунтуков жана Угумаков деген топтордон турган. Алардын баары Мана дарыясынын бойлорун мекендешчү. XVIII к. аягында атчан качиндер (хааштар) Угумаковдор (айрым учурда Мундуков) тобуна киришкен. 1795-ж. анын курамында 99 эркек болгон.

Ушундай ич ара көчүрүүлөрдүн натыйжасында Исар улусунун мурдагы кыштымдары Качин жериндеги калган кыргыздардын айланасына биригишкен болучу. Кыргыздардын бул жердеги салыштырма саны көп болгондуктан, XVIII к. аягында качиндерди кээ бир учурда «кыргыздар» деп аташканы маалым.

Мурдагы Туба улусунда Койбал жери уюштурулган эле. XVIII к. баш чендеринде алар төмөнкү уруктардан турушкан: Турачаков (Койбал же Мотор), Болынебайкотовский, Малобайкотовский, Кольский, Коякский, Аршупов, Урченов, Сыйский, Яржи, Бугучеев, Ингаров, Корнасский, Шараданов, Аскачи, Алыалахамский, Шипов жана «калганы тубалар жана кыргыздар».[27] 1718-ж. алардын ичинде 292 салык төлөөчү болгон. 1795-ж. карата административдик уруктардын саны алтыга кыскарган: Таражаков, Большебайкотовский, Малобайкотовский, Бугачеев, Аршинский жана Кольский, ал эми калктын саны 528 кишиге чейин көбөйгөн.[28] Алар ар түрдүү 173 урукту түзгөн. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде «койбал» деген ат модар беги Койбалдын ысымынан келип чыккан. Сибирь администрациясы бул энчилүү ысымды Койбалдын уругуна, ал эми 1703-ж. кийин модарлар көпчүлүктү түзгөн Туба улусуна ыйгарган.

Койбал талаасындагы Бугачеев уругунда ордыт (С. Ремезовдуку боюнча «обдуттар») тобу жашаган. Бул топ сүргүндөн калып калган кыргыздардан келип чыгат. XVIII к. койбалдар «качиндер сыяктуу эле калк, алар бири-биринен аталышы боюнча гана айырмаланышат».[29] Алардын ичинен Каратуз жана Амыл дарыяларынын ортолугунда жайгашкан Мотор жери бөлүнүп турган. Бул аталыш болжолу, «таштуу жердеги моторлор» дегенди аныктаган. Туба дарыясынан жогору (Казыр жана Кизир дарыялары) тарабында Кайдын жери жайгашкан. XVII к. кайдындар (хайдыннар) Туба улусунун бир аймагын түзүшкөн. XVIII к. чегинде алар өз алдынчалыгын жоготушуп, Ярин, Качин же Койбал жерлеринин курамына кирип турушканы маалым 1822-ж. кайдындар (15 түрдүү тукум) койбал урууларынын Талаа думасынын курамына киришкен.

Ошентип, мурдагы Исар жана Туба улустарынын ордуна Красноярскиге баш ийген Койбал, Качин, Ярин жана Камасин жерлери түзүлгөн.

Абакан өрөөнүндө, Уйбат жана Аскиз, Ак Июс дарыяларынын жогорку агымы тарапта Сагай жери түзүлгөн. Ал Том-Сагай жана Юс-Сагай деген эки бөлүккө ажыраган. Сагайлар өздөрүн Хонгорайдын түпкү эли катары эсептешип, тегин «кыргыз уруусуна» байланыштырышат.[30] Сагай жери пайда болгондон кийин кошуна жашаган шорлор «сагай» деген ат менен бүткүл Хакасияны жана хакас элин атай башташкан. 1715-ж. Сагай жеринде 39 салык төлөөчү жашаган. Отуз жыл өткөндөн соң, анда жашы жетелектерди эсептебегенде 80 эркек болгон. 1795-ж. анын калкы 678 эркекке жеткен же 12 эсеге көбөйгөн.[31] 1822-ж. Абакан өрөөнүндө курамы ар түрдүү уруктардан турган Талаа думасы негизделген. Сагай

жеринин жашоочулары анын негизин түзүшкөн. Ошондуктан, атоого жеңил болгон Сагай талаа думасы деген аталыш колдонула баштайт.

Абакандын оң жак жээгинде, Арбат жана Табат дарыяларынан Таштып суусунун өрөөндөрүнүн аймагында Белтир жери негизделген. 1715-ж. анда 36 салык төлөөчү болгон. Сексен жыл өткөндөн соң, белтирлердин саны 578 эркекти түзүп, 16 эсеге көбөйгөн.[32] Хакас тарыхый фольклору белтирлерди Алтай тарапка сүрүлгөн хоорайлардын кайтып келгендеринин урпактары катары баяндайт. Бөтөн жерде жүрүшкөн белтирлер моңголдор менен аралашышып, «хара моол пилтірі» — кара моңголдор менен аралашкандар деп аталып калышкан. Убакыттын өтүшү менен «пилтір» — аргын деген түшүнүк этникалык аталыш болуп калды. XVIII к. Белтир жери Тувага кошуна жайгашкандыктан, тузалар хакастарды «белдир» деген ат менен атай башташкан. 1822-ж. белтирлер өз алдынча урук катары Сагай талаа думасынын курамына кириштиг. XIX к. алар сагайлар менен жуурулушуп кетишкен.

Кузнецк Ала-Тоосунун түштүк тарабында, Мрассу дарыясынан жогору, Абакан өрөөнүнөн Матур жана Есь дарыяларына чейинки аймактарда Бирюсин же Мрасс жери түзүлгөн.[33] Анын курамына 4 урук кирген: Каргин, Кивин, Кий, Кызыл. 1745-ж. бирюсиндерде 45 эркек болгон. 1795-ж. карата 1012 эркек болуп, 25 эсеге көбөйүшкөн.[34] Бирюсин этникалык аталышы XVIII к. баш чендеринде пайда болсо керек, анткени, бул мезгилге чейин мындай этноним эч жерден эскерилбейт. «Брус» же «брюс» (пурус) деген энчилүү ысым 1703-ж. эскерилет.[35] Жогоруда аталган аймактарда жашаган бирюсиндер XVII к. мурдагы Алтысар улусунун кыштымдары болушкан. 1722-ж. Д. Мессершмидт аларды «брус-кыштым» же бирюсиндик кыштымдар деп атаган экен. XVIII к. биринчи жарымынын аралыгында бирюсиндер сүргүндөн кайткан кыргыздарды жана Мрассу, Кондомго көчүп келишкен шор уруктарын өз курамына сиңиришкен. 1822-ж. алар Сагай талаа. думасынын курамына кошулушкан. Убакыттын өтүшү менен бирюсиндер өз энчилүү атынан айрылышып, сагай деп атала башташкан.

Томь жана Аскиз дарыяларынын жогорку агымдарында, Кузнецк Ала-Тоосунда Верхотом жери түзүлгөн. Ал айрым мезгилдерде Томь же Казанов волосту деп аталчу. Тарыхый санжыранын маалыматтары боюнча хоорайлардын бир бөлүгү сүргүндөн качышып, Томь дарыясынын жогору жагына көчүп кетишкен. Кийинчерээк алар кайтып келишип, бул уруктун мүчөлөрү «том» деп аталып калышкан. Экинчиден, ушул эле урукту Казанов волостунун жашоочулары «хоралар» деген ат менен аташкан.[36] Этникалык аталыш жогорку томдук урук мүчөлөрүнүн «Хоорай» этносоциалдык бирикмесине таандык экендигин аныктайт.

Июс өрөөнүндө жашаган хакастар шорлорду «тумзух» деп аташчу. «Тумзух» сөзү «том суг» — Томь суусунун тургундары дегенди билдирген. Этнографиялык материалдардын негизинде жогорку томдуктарды шор (Елей жана Етибер уруктары) жана кыргыз элементтерин курамына сиңирген теги аралаш урук катары кароого негиз бар. Дегинкисинде, «том» деген этникалык аталыш XVIII к. кийин пайда болгон десек болот. 1822-ж. жогорку томдуктар Сагай талаа думасынын курамына киришип, өз алдынча Казановдор (30дан ашуун ар түрдүү тукумдар) уругуна негиз салышкан. Казанов уругунун экинчи бир бөлүгү (ар түрдүү 32ден ашуун тукум) Томь дарыясынын өрөөнүндө жашап кала беришкен.

Мурдагы Алтыр улусунун чегинде түзүлгөн Сагай, Белтир, Бирюсин (Мрасс) жана Жогорку Томь жерлери Кузнецк уездинин башкаруусуна киришкен.

Алтысар улусунун аймагы кирген Июс өрөөнүнүн жерлери XVIII к. Томь уездинин 1сурамына кирип калат. Бул аймакта Кызыл жери пайда болот. Административдик башкаруу багытында алар өз алдынча волостторго бөлүнүшкөн: Кызыл, Бусагар, Шуй, Ачин, Камлар, Курчиков (Кий), Игин, Аргун. 1734-ж. буларда 340 салык төлөөчү болгон.[37] 60 жылдан соң бул аймактардын эркек кишилеринин саны 2109 адамды түзүп, 7 эсеге көбөйүшкөн.[38] Булар 200 ар түрдүү тукумдардан турушкан. Бул тукумдарды бириктирүүчү өзөктүн ролун Алтысар улусунун бир аймагы болгон Кызыл уругу аткарган. Енисей губерниясы түзүлгөндөн кийин жогорудагы аталгаң волосттор Кызыл талаа думасына биригишип, Ачин округуна карап калышкан. Кызылдар «качиндер менен теги бир эл» катары эсептелишкен. Фольклордун маалыматтары боюнча алар хоорай элинин урпактары катары баяндалышат. Бүгүнкү күнгө чейин ошол айтылган кызыл жеринин топонимикалык аталыштарында 1703-ж. трагедиялуу окуяларын баяндаган энчилүү аттар сакталып келет. Хызыл хас тоосундагы ашуу «Хоорай кош азии» - Хоорай көчүнүн ашкан ашуусу ж.б. аталыштар кездешет.

Чулум дарыясынын өрөөнүндө, Мелет (Пелет тура) чыңдоосу жайгашкан аймактарда Мелет, төмөнкү агым тарапта Тутал волосту жайгашкан. Акыркы аталыштын келип чыгышы XVII к. биринчи жарымында волостту башкарган бек Туталанын ысымынан келип чыгуусу ыктымал. Туталдарда (тудал) 28 ар түркүн тукумдар болгон. Мелеттер өздөрүн «пелет» деп аташары маалым. 1824-ж. алар Мелет аттуу өз алдынча управаны негиздешкен. Мелеттердин эки уруусуна 70ген ашуун ар түрдүү тукумдар киргендиги маалым. Тутал, мелет жана кызылдардын курамдарында жалпы үй-бүлөлүк аталыштар (фамилиялар) болгон: Айнаков, Байдашев, Барбаков, Сардыгановдор ж.б. Бул мисалдар аталган топтордун этногенетикалык байланыштарын аныктайт.

XVIII к. карата Хонгорайдагы сакталып калган элдин саны кескин түрдө өсөт. 1795-ж. архивдик документтердин маалыматтары боюнча 8,5 миң эркек болгон. Хакасиянын калкы 1703-ж. сүргүнгө чейинки санына XVIII к. аягында гана жеткен окшойт. Минусин татарларынын талаа думаларынын түзүлгөн мезгилине карата (Орусиянын курамына кирген хонгорлорду ушундайча атап калышкан) аял-эркектердин жалпы саны 22 миң адамды түзгөн. Минусин округунун чектеринде алар калктын 50 % түзүшкөн.[40]

1822-ж М.М. Сперанскийдин жүргүзгөн реформалары боюнча Хакасия жаңыдан түзүлгөн Енисей губерниясынын курамына киргизилген. Хакастардын чачылып-майдаланган жерлери жана волосттору 4 талаа думасына бириктирилген: Кызыл, Качин, Койбал, Сагай. Талаа думаларынын чек аралары мурунку кыргыз улустарынын чектери менен жалпысынан дал келет. Хонгорайдын Орусияга бириктирилиши менен Түштүк Сибирдин саясый майданынан кыргыздардын аты, алардын ата журтунун тарыхый энчилүү аты угулбай калат.

Ошентип эне-сайлык кыргыздардын жаркыраган тарыхы ушундайча кайгылуу аяктап, минусин татарларынын тарыхы башталат.

## КОРУТУНДУ

Эне-сайлык кыргыздардын тарыхы жаркыраган жана кайгылуу окуяларга жык толгон. Бул өткөн доордун мезгилинде Борбор Азиянын учу-кыйыры көрүнбөгөн мейкиндиктеринде кыргыздар даңазалуу зор жеңиштерди жаратышты; «Кыргыз улуу мамлекетинин» мезгилинде көчмөн дүйнөнүн

жашоочуларын таңыркаткан кыргыз усталары менен зергерлеринин колунан жаралган курал-жарактардын, зергер буюмдарынын кайталангыс үлгүлөрү пайда болду; ошону менен бирге, бул узак тарыхый доорлордо кыргыздар бир катар жеңилүүгө учурашып, көз каранды эместигин жоготуп койгон учурлар, жогорку деңгээлде өнүккөн маданиятынын айрым үлгүлөрүнөн ажырап калган мезгилдер менен коштолду Бирок, ошол жеңилүүлөргө, тагдырдын оор жазмыштарына кабылып, көз каранды эместигинен айрылып калган учурларда да, кыргыз эли кайра жаралып, Эне-Сай чөлкөмүндө бир жарым миң жыл убакыт бою жашап келди, ошол эле учурда кыргыздардын Евразиянын талаа аймактарындагы күч-кубаттуу жана көп сандуу хуннулар, жужандар, карлуктар, басмыл ж.б. кошуна уруулар, элдер тарыхый аренадан биротоло жок болуп кетишти. 1703-ж. жунгарлар Минусин талааларынын кыргыз калкынын көпчүлүк бөлүгүн зордук менен Жунгарияга көчүрүп кетүүсү менен Эне-Сайдагы көп кылымдык тарыхы бар кыргыз мамлекети өз жашоосун токтоткон эле. Эне-Сай кыргыздарынын байыркы тарыхын изилдеп-үйрөнүү улуттук аң-сезим ойгонуп, улуттук кайра жаралуу процесси жүрүп жаткан мезгилде өтө маанилүү маселе экендиги калетсиз.

Башка элдер сыяктуу эле, Эне-Сайдагы кыргыздардын тарыхын изилдеп-үйрөнүүдө чечилбей келе жаткан, талаш-тартыш маселелер арбын. Акыркы он жылдыкта тарыхый этнонимиканын айланасында курч маселелер пайда болду. 1923-ж. Ортолук Эне-Сайдын ошол кезде жашап жаткан түпкү калкына карата кабыл алынган ойдон чыгарылган «хакас» терминин «кыргыз» этнонимине карама-каршы коюуга аракеттер жасалып келүүдө. Азыркы учурда жалпыбызга маалым болуп калган байыркы жана орто кылымдык жазма булактар, этнографиянын, топонимиканын, тил илиминин маалыматтары Борбор Азияда, Минусин ойдуңунда тарыхка «кыргыз» деген ат менен кирген эң байыркы түрк тилдүү эл жашаганын чагылдырары шексиз. Кыргыздар Эне-Сайда V кылымдан XVIII к. чейин жашашып, башка элдерге өзүнүн чыныгы аты менен белгилүү болушкан. Илимий адабияттарга кирип калган «хягас», «сяцзяс», «хакас» терминдери кытай тилиндеги «кыргыз» этнониминин бузулуп айтылган транскрипциясы болуп саналат. Мындан сырткары, бир нече он жылдардан бери карай Л. Р. Кызласов өтө кежирлик, суу кечпеген көктүк менен «кыргыз» этнониминин этникалык мазмунун жана Эне-Сайдагы кыргыздарга таандык тарыхый окуяларды жана эстеликтерди тарыхта болбогон «байыркы хакастарга» таңуулап келүүдө. Адис-тарыхчылардын, археологдордун, этнографтардын, түркологдордун, кыргыз таануучулардын илимий бирикмелери чыныгы тарыхты бурмалоочуларга катуу сокку берип келишүүдө.

Акыркы он жылдыкта этнограф В. Я. Бутанаевдин иликтөөлөрүнүн натыйжасында Ортолук Эне-Сайдын калкы соңку орто кылымдарда өздөрүн хоорай деп аташып, ошол эле учурда, орус булактарында «кыргыз» деген ат менен белгилүү болушкандыгы далилденип келет. Хакас элинин хоорайлардын (хонгорай) мураскорлору экендигин фактылар бекемдейт. Л. Р. жана И. Л. Кызласовдордун «хоорай» термининин этникалык маанисин тангандары чындыктан таптакыр алыс.

1727-ж. Кяхта тынчтык келишиминин негизинде Минусин ойдуңу Орусияга бириктирилгенден соң, Хонгорай деген ат Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын саясый майданында угулбай калат. Минусин ойдуңунун азыркы калкына ушул мезгилде «тадарлар» деген ат бекип калган. Бул этноним менен орустар көпчүлүк түрк тилдүү элдерди да аташчу. Хоорай (хонгорай) этноними

өткөн тарыхтын мурасы болуп калды. Бул энчилүү ат жаңы калыптанып жаткан этникалык биримдиктин мазмунуна жооп бербей калды. Хакасия Орусиянын курамына киргенден соң, баатырлардын аскердик катмары жоюлуп, кыштымдарды эзүүнүн жарым феодалдык түрү алынып ташталды. Хонгорайдын түпкүлүктүү калкынын баарынын тең укуктары теңелип, салык төлөөчүлөр болуп калышты. Үстөмдүк абалды ээлеген кыргыздардын ордуна белгилүү бир урууга таандык болбогон, мүлктүк жиктелүүнүн натыйжасында пайда болгон, мал-мүлктүү, падыша бийликтерине кызмат кылган адамдардын жаңы элитардык катмары түзүлөт.

Бүгүнкү хакас эли ар түрдүү этникалык топтордон: мурдагы кыштымдар менен катаал заманда саны суюлган кыргыздардан куралып, калыптанды. XIX к. баш чендеринде хакастар төрт талаа думасына кирип, жалпы «тадар» деген этникалык аты, жашоо-турмушу, жалпы тили калыптанган, бирдиктүү маданияты бар бир уңгулуу этносту түзүшкөн. Татар этноними Борбор Азияда түрдүү уруулук бирикмелерди жана мамлекеттик түзүлүштөрдү атоого колдонулган. IX к. кыргыз жазуу эстеликтеринде «татар» эли душман катары баяндалса, миң жыл өткөндөн соң, тетирисинче, Ортолук Эне-Сайдын калкынын энчилүү аты болуп калды. Л. Р. Кызласов баса белгилеп келгендей, орус булактарында бул сөз кордогон маанини аныктаган эмес. 1917-ж. төңкөрүштөн кийин С. Д. Мойногашевдин демилгеси менен Хакас уездинин калкынын энчилүү аты катары сибирдик басма сөз беттеринен жана тарыхый булактардан алынган «хакас» деген жасалма ат сунуш этилген. Ал 1923-ж. ВЦИКтин атайын чечими менен расмий түрдө бекитилген. Арийне, бул жасалма түрдө коюлган «хакас» деген ат жергиликтүү элге сиңе албады, алар, тескерисинче, өздөрүн «тадар» деген ат менен атап кала беришти. Патриоттук маанайдагы интеллигенциянын бир бөлүгү тарыхый «хоорай» деген энчилүү атты калыбына келтирүү жөнүндөгү ойду бөлүшүшөт. Бүгүнкү күндө бул тарыхый адилеттүүлүктү калыбына келтирүү үчүн алгачкы кадамдар жасалууда. Республиканын түзүлгөн күнүнө карата уюштурулган, 1991-ж. 3-июлда Хакас элинин ассоциациясынын чечими менен өткөрүлгөн «Ада-Хоорай» жалпы элдик майрамы ж.б. мисал боло алары шексиз.

Этноним маселеси өзүнүн курч жана талаш-тартыштуу табиятына карабастан, Эне-Сай кыргыздарынын тарыхында анчалык олуттуу маселе эмес. Этномаданийгенездин маселелерин чечүүдөгү эң маанилүү проблема бул орто кылымдардагы эстеликтердин толук изилденбегендиги болуп эсептелет. Орто кылымдардын соңку мезгилдерине таандык кыргыз эстеликтерин терең иликтөө, анын ушул узак аралыктагы эволюциялык өнүгүүсүнүн үлгүлөрүн калыбына келтирүүгө, кыргыздардын Хоорай (Хонгорай) этникалык жалпылыгына кирген, Эне-Сайда жашаган башка этникалык топтор менен өз ара мамилелерин ачып көрсөтөрү ырас. Этноархеологиянын маанилүү маселелеринин бири — Минусин ойдуңунда соңку орто кылымдар мезгилдеринде жашаган этникалык топтордун эстеликтерин тереңирээк изилдеп-үйрөнүү, бул топтордун бир этноско жуурулуу процессин, алардын жалпы маданий салттарынын келип чыгышын аныктоо болуп саналат.

Эне-Сайдагы жашаган байыркы кыргыз этносунун жана анын маданиятынын тарыхы бүгүнкү хакас элинин гана эмес, Саян-Алтайдын башка түрк тилдүү элдеринин тарыхынын бир бөлүгү, Борбор Азиянын көчмөн цивилизациясынын ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Биздин пикирибиз боюнча, Кыргыз каганатынын мезгилинде «ач» же «аз» деген уруу (кытай жылнаамаларында —

ажэ) кыргыздардын элитардуу тобу болгон. Хонгорай этносаясый бирикмесинин мезгилинде аларды байыркы элдин бир бөлүгү, моңгол-жунгар басып алууларында өз атын сактап калган, жашаган жерлери орус документтеринде «Кыргыз жери» деп аталган «кыргыздар» алмаштырышты.

Алгачкы жана өнүккөн орто кылымдар мезгилиндеги кыргыз маданиятынын эволюциясы Борбор Азиянын башка көчмөн маданияттарын изилдеп-үйрөнүүдө үлгү катары кызмат кылат. Өзүнүн географиялык жайгашуусуна карата Эне-Сайдагы кыргыздардын мамлекети көптөгөн кылымдар бою соода-сатык жана маданий байланыштардын кесилишкен тоому: Түндүк Азиянын көчмөн дүйнөсүнө отурукташкан маданий борборлордун жетишкен маданий үлгүлөрүн өткөрүп берип турууучу аймак болуп, «Кыргыз улуу мамлекетинин» мезгилинде Түндүк жана Борбордук Азиянын мал баккан урууларын бир каганатка баш коштуруп, көчмөн цивилизациянын айтылуу борбору болуп калды. Бул улуу доордо кыргыз башкаруучулары согуш майдандарында душмандарды жеңүүнү гана билишпей, өтө чебер дипломатиялык алакаларды да ишке ашырышкан, ошону менен бирге шаар курууга, жер иштетүүнү өнүктүрүүгө, акча жүгүртүүгө, дүйнөлүк таасирлүү диндерге да көңүл бурушкандыгы чындык.

Кыргыз улуу мамлекетинин мезгили — «кыргыз тарыхынын жылдыздуу доору» тарыхый деректердин маалыматтары боюнча, 80 жылга созулган. Азиянын эбегейсиз зор аймактарын ээлеп турган кыргыздар бул аймактардагы көчмөн элдерди толук баш ийдирүүгө, согуштук жана саясый ийгиликтерин бекемдөөгө жетише алышпады. Кыргыз каганаты кулап калды. Кыргыз этносу кара кидандардын (кара кытайлар) басып кирүүсү менен эки бөлүккө ажырап кетти. Кыргыздардын бир бөлүгү Чыгыш Түркстанда калып, бүгүнкү теңир-тоолук кыргыздардын пайдубалына негиз салышты. Кыргыздардын этникалык топтору бөтөн этникалык чөйрөгө, түрк жана моңгол тилдүү уруулардын курамдарына жуурулушту. Ошондуктан, кыргыз маданиятынын үлгүлөрүн бир гана Эне-Сайдан издебей, Борбор Азиянын бардык аймактарынан да издеп таап, изилдөө орчундуу маселе. Кыргыз маданиятынын өнүгүшүнүн ар түрдүү этаптарында таралуу чектерин, айрыкча Борбор Азиядагы кыргыз тарыхынын байыркы мезгилин изилдеп үйрөнүүнүн чоң мааниси бар. Эне-Сайдан Теңир-Тоого, Чыгыш Түркстанга чейинки мейкиндиктердеги кыргыздардын миграциясынын багыттарын тактап, ал аймактардагы маданий эстеликтерин иликтөө, кыргыз этносунун бөлүнүшүн, анын жалпы «энесайлык кыргыз өзгөчөлүгүнөн» алыстай башташын ачып көрсөтүү зарыл. Бул орчундуу маселелерди Борбор Азия өлкөлөрүнүн археологдору, этнографтары, түркологдорунун илимий-изилдөөлөрүн координациялоочу борбор гана ишке ашыра алат. Илим майданына кыргыздардын тарыхый тагдырына кайдыгер карабаган жаш муундарды тартсак, болочок иликтөөлөрдөгү түгөнгүс, татаал, ары кызыктуу маселелер чечиле бермекчи.

# ЭСКЕРТҮҮЛӨР


1. Пропп А. Я. Исторические корни волшебной сказки. — Л., 1986.
2. Жирмунский В. М. Тюркский героический эпос — Л. 1974. — С. 10.
3. Ватин В. А. РЯО Оошо 5иа // Сибирский архив. XII. Минусинск, 1914. - С. 538.
4. Ултургашев С. П. Значение Октябрьской революции в исторических судьбах хакасского народа. // Зап. ХакНИИЯЛИ. Вып.V1. Абакан, 1958. - С. 19.
5. Яхонтов С. Э. Древнейшие упоминания названия «киргиз» // Сов. этнография. - 1970. №2. - С. 116.
6. ЦГАРХ.Ф.Р-16.0п.1 Д.34А.46.
7. Бартольд В. В. Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии. //Сочинения. Т. V. — М., 1968. — С. 41.
8. Советская историческая энциклопедия. — М, 1974. — Т. XV. — С. 490.
9. Козлов В. И. Национальности СССР. Этнодемографический обзор. - М, 1982. - С. 217.
10. Шерстова Л. И. Переходные этносы и формы этнической само- идентификации (Южная Сибирь, начало XX в.). //Американский и сибирский фронтир Американские исследования в Сибири. Вып. 2. — Томск, 1997.-С. 153.
11. Бутанаев В. Я., Худяков Ю. С. История енисейских кыргызов. — Абакан. 2000. - С. 40-48.
12. Бромлей Ю. В. Современные проблемы этнографии (очерки теории и истории). — М., 1981; Мифологический словарь. — М., 1990; Токарев С. А. Религия в истории народов мира. — М., 1986; Алексеев Н. А. Ранние формы религии тюркоязычных народов мира. — Новосибирск, 1980; Алексеев Н. А, Традиционные религиозные верования тюркоязычных народов Сибири. — Новосибирск, 1992; Потапов А И. Алтайский шаманизм. — Л, 1991; Липец Р. С. Образы батыра и его коня в тюрко- монгольском эпосе. — М., 1984 и др.
13. Соколова В. К. Русские исторические предания. — М., 1990. — С. 252.
14. Азбелев С. Н. Отношения предания, легенды и сказки к действительности (с точки зрения разграничения жанров). //Славянский фольклор и историческая действительность. — М., Наука, 1965. — С. 11—12.
15. Словарь иностранных слов. — М., Русский язык, 1986, — С. 317.
16. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. - Абакан, 1999. - С. 30,76.
17. Ошол эле. С. 221.
18. Ошол эле. С. 221.
19. Миллер Г. Ф. История Сибири. Т. I. - М. - А, 1941. - С. 196-1887.
20. Катанов Н. Ф. Наречия урянхайцев (сойотов), абаканских татар и карагасов. //Образцы народной литературы тюркских племен. — СПб Ч.1Х, 1907. - С. 541.
21. Бутанаев В. Я, Бутанаева И. И. Хоорай чоннын тореллерi. — Абакан, 1996. - С. 45-46.
22. Yogann Georg Ymelin / Riese durch Sibirien. — Yottingen. 1751. — С. 171-172.
23. Кастрен М. А. Путешествие Александра Кастрена по Лапландии, Северной России и Сибири (1838-1844), (1845-1849). //Магазин землеведения и путешествий. — М., 1860. Т.6. 4.2. — С. 230.
24. Костров Н. А. Очерки быта минусинских татар. //Труды IV археологического съезда в России, бывшем в Казани с 31 июля по 18 августа 1877. - Казань, 1884. Т.1. - С. 108-148; Костров Н. А. Кизильские татары. // Москвитянин. 1854, Кн.1. №11. Отд. 5. - С. 156.
25. Радлов В. В.. Из Сибири. - М., 1989. - С. 90.
26. Ошол эле. С. 246.
27. Катанов Н. Ф. Предания присаянских племен в прежних делах и людях. - СПб, 1909. - С. 267-268.
28. Катанов Н. Ф. Замечания о богатырских поэмах минусинских тюрков (Енисейская губерния), СПб, 1885. С. 5.
29. Катанов Н. Ф. Наречия урянхайских (сойотов), абаканских татар и карагасов. //Образцы народной литературы тюркских племен. — СПб, Ч. IX, 1907. - С. 469-488.

30. Островских П. Е. Этнографические заметки о тюрках Минусинского края. (Отчет о поездке 1894 г.). //Живая старина. Вып. Ш-1У. - СПб, 1895.-С. 299.
31. Ошол эле. С. 302.
32. Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хоорай чоннын тореллерь - Абакан, 1996. - С. 39-40.
33. Яковлев Е. К. «Бывалыцина» минусинских инородцев. //Живая старина. Вып. 1-4.1902. - С. 3.
34. Ошол эле. С. 3.
35. Мойнагашев С. Д Отчет по поездке к турецким племенам Минусинского и Ачинского уезда Енисейской губернии летом 1914. Известия Русского комитета для изучения Средней и Восточной Азии в историческом, археологическом и этнографическом отношениях. Сер.П. № 3. — Петроград. 1914. - С. 108-115.
36. Аран (Санкт-Петербург) Ф. 142. Оп. 2, д. 53. - С. 1; А. Н. Гладышев- ский. Степан Дмитриевич Мойнагашев. 1886—1920. Очерк о жизни и деятельности. — Абакан, 1999. — С. 59.
37 Козьмин Н. Н. Источники для изучения Минусинского края. // Сибирские записки. №3. - Красноярск, 1917. - С. 92.
38. Дыренкова Н. П. Шорский фольклор. — М. — А., 1940. - С. 5.
39. Алыптыг нымахтар. — Абакан, 1951; Хакас чоннын нымахтары. — Абакан, 1956. Хакс.
40. Алтын Арыг. Абакан, 1958; Айдолай. — Абакан, 1959; Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. Абакан, 1960,
41. Тас чурек (хакасские сказки). — Абакан, 1969. — С. 21—24.
42. Патачаков К. М. Родовой состав и народные предания о происхождении бельтыров. // Зап. ХакНИИЯЛИ. Вып. VII. Абакан, 1959. - С. 127- 134.
43. Хоорай чоннын тореллерi. — С. 73.
44. Боргояков М. И. Этюды по топонимике Хакасии. //Зап. ХакНИИЯЛИ, Вып. XVIII. Абакан, 1973, № 2. - С. 32-42.
45. Боргояков М. И. Вопросы этногенеза хакасов XVII-XVIII вв. и исторические предания. / /Уч.зап. ХакНИИЯЛИ. Вып. XIX. — Абакан, 1974. № 5. - С. 122.
46. Унгвицкая М. А., Мойногашева В. Е. Хакасское народное поэтическое творчество. — Абакан, 1972.
47. Ошол эле. С. 142.
48. Ошол эле. С. 141.
49. Ошол эле. С. 144-145.
50. Тасха Матыр. Историческая легенда. — Абакан, 1962.
51. Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. — Абакан, 1960. — С. 9-41.
52. Унгвицкая М. А., Мойногашева В. Е. Хакасское народное поэтическое творчество. - Абакан, 1972. - С. 146,151.
53. Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. — Абакан, 1960 (см. ссылки № 55—57).
54. Мифы и легенды хакасов. — Абакан, 1995. — С. 4—5; Хакасские народные сказки, предания и легенды. — Новосибирск, 1974. — С. 5.; Трояков П. А. Героический эпос хакасов и проблемы изучения (исследование и приложение). — Абакан, 1991; Он же. К вопросу об этногенезе хакасов по материалам легенд. //Этногенез народов Северной Азии. — Новосибирск, 1989.
55. Трояков П. А. Некоторые вопросы изучения хакасского эпоса. // Вопросы хакасской филологии. — Абакан, 1962. — С. 127.
56. Трояков П. А. Мотив закапывания ханского сына в хакасских сказках. //Уч.зап. ХакНИИЯАИ. Вып. XIV. - Абакан, 1970. - С. 138.
57. Ошол эле. С. 143.
58. Бутанаев В. Я. К исторической этнонимике хакасов (термин «Хоо- рай»), //Историческая этнография. Вып.З. А., 1985. — С. 25—29; Ошол эле. Об этногенетических связях хакасов с енисейскими кыргызами (по материалам хакасского исторического фольклора). //Этногенез и этническая история тюркоязычных народов Сибири и сопредельных территорий. — Омск, 1979. — С. 149—152; Ошол эле. К вопросу о социальной структуре средневекового общества хакасов по данным исторического фольклора. //Из истории Сибири. — Томск, 1976. Вып. 21. — С. 201—207; Ошол эле. Вооружение и военное дело хакасов в позднем средневековье (по

материалам фольклора). //Военное дело древних племен Сибири и Центральной Азии. — Новосибирск, 1981. — С. 188—197; Ошол эле. Хакасские народные названия исторических памятников. //Вопросы древнейшей истории Южной Сибири. — Абакан, 1984. — С. 127—135; Ошол эле. Историческая судьба енисейских кыргызов по данным фольклора народов Южной Сибири. //Вопросы этнической истории киргизского народа. — Фрунзе, 1989. - С. 66-77.
59. Бутанаев В. Я. Сравнительно-исторический подход в изучении взаимосвязей фольклора тюрко-монгольских народов Саяно-Алтая. // Поиск. Научно-образовательный журнал. — Абакан, № 2, 1995. — С. 70.
60. Бутанаева И. И. Чанар-хус; Абахай-Пахта. //Колчан сердечных стрел. Любовная лирика, героические сказания и легенды о любви сибирских тюрков в записях XIX - XX веков. - Красноярск, 1995. - С. 261-291.
61. Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Чирім тамырлары. Абакан, 1982; Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хоорай чоннын тореллерi — Абакан, 1996.
62. Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хакасское сказание о князе Силиг- ооле и его походе на Кузнецкий острог. //Чтения памяти Э.Ф. Чистякова (к 70-летию со дня рождения). 4.1 - Новокузнецк, 2000. - С. 43-46; Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хакасские сказания об ойратских правителях (XVIII в.). //Проблемы истории и культуры кочевых цивилизаций Центральной Азии. Т 1. — Улан-Удэ, 2000. - С. 313-318; Бутанаева И. И. Предания о Ханза-беге. //Этнография народов Сибири и Монголии. — Улан-Батор - Улан-Удэ, 2000. - С. 245-256.
63. Колчан сердечных стрел. Любовная лирика, героические сказания и легенды о любви сибирских тюрков в записях XIX — XX веков. — Красноярск, 1995.
64. Списки сказителей приведены на последних страницах указанных сборников.
65. Радлов В. В. Образцы народной литературы тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Дзунгарской степи. - Ч.И. - СПб.
66. М. Р. Баинованын билдирүүсү, 1940 г. туулган, энеси жагынан Ка- тунчи Кыжинаевдин чөбөрөсу болот.
67. Катанов Н. Ф. Наречия урянхайцев (сойотов), абаканских татар и карагасов. //Образцы народной литературы тюркских племен. - СПб., 1907. Ч. IX.
68. Катанов Н. Ф. Хакасский фольклор. — Абакан, 1963.
69. Яковлев Б. К. Бывальщины минусинских инородцев. //Живая старина В. 1 - 4,1902.
70. Хакасский фольклор. №1. Абакан, 1941; Хакасский фольклор. №2. - Абакан, 1946.
71. Хакасские народные сказки. — Абакан, 1955.
72. Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. — Абакан, 1960.
73. Хакас нымахтары. Абакан, 1964; Атыгча оол. Хакас чоннын нымахтары, кип-чоохтары. — Абакан, 1970; Хакас чоннын кип-чоохтары. — Абакан, 1990.
74. Тасха Матыр. — Абакан, 1962.
75. Коре Сарыг на буланом коне. Хакасские народные сказки, предания и легенды. — Новосибирск, 1974; Мифы и легенды хакасов. — Абакан, 1995; Золотая чаша. Хакасские народные сказки и предания. — Красноярск, 1975.
76. Хакас поэзиязынын антологиясы. Абакан, 1960; Музыкальное творчество хакасов — Абакан, 1955.

### *I Б а п*

1. Чирім тамырлары. — Абакан, 1982. — С. 15—17; Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хоорай чоннын тореллерi — Абакан, 1996. - С. 11-12.
2. Миненко Н. А. Предания о чуди и народная концепция присоединения Сибири (к изучению этнокультурных контактов русских с сибирскими татарами). //Этническая культура Сибири. Проблемы эволюции и контактов. — Новосибирск, 1986. — С. 51—53.
3. Киселев С. В. Древняя история Южной Сибири. — М, 1951. — С. 473.
4. Бутанаев В. Я. Хакасские народные названия исторических памятников. //Вопросы древней истории Южной Сибири. - Абакан, 1984. - С. 129.
5. Хоорай чоннын тореллерi — С. 45—46.

6. Боргояков М. И. Скифо-тюркские (хакасские) этнографические и фольклорные параллели. //Народы Азии и Африки. № 6. — 1975.
7. Хоорай чоннын тореллерi — С. 145.
8. Рашид-ад-дин. Сборник летописей. — М. — А., 1952. Т. I. — С. 121.
9. Хоорай чоннын тореллерi — С. 142—144.
10. Рашид-ад-дин. Указ. соч. — С. 122.
11. Хоорай чоннын тореллерi — С. 30.
12. Девять бубнов шамана. Шорские легенды и предания. — Кемерово, 1989. - С. 64-68.
13. Бартольд В. В. Сочинения. Т. V. М. — С. 44.
14. Рассадин В. И. Тофаларско-русский словарь. — Иркутск, 1995. — С. 9.
15. Миллер Г. Ф. История Сибири. Т.Н. - М. - А., 1941. - С. 534.
16. Гоголев А. И. Якуты (проблема этногенеза и формирования культуры). - Якутск, 1993. - С. 51.
17. Сазанакова Кочита, 1913 жылы туулган, белтир уруусунан, Ар- баты айылы."
18. Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т.1. - М - А, 1950. - С. 354; Кюнер Н. В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. — М., 1961. — С.49.
19. Аешина Т. И., 1913- жылы туулган, качин уруусунан, Тастар айылы.
20. Кюнер Н. В. Указ. соч. - С. 52.
21. Савинов Д Г Основные этапы этнической истории алатов //Историческая этнография. Вып.Ш. — А, 1985. — С. 32.
22. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. - Абакан, 1995. - С. 190-191.
23 Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хоорай чоннын тореллерi; — С. 23. (В дальнейшем Хоорай чоннын тореллерi).
24. Көрсөтүлгөн эмгек. 36-6.
25. Кычанов Е. И. Сведения в «Юань-ши» о переселении киргизов в XIII в. (публикация источников). //Известия АН Кирг. ССР. Сер. общ. наук. Т. V. Вып.1. - Фрунзе, 1963. - С. 59.
26. Радлов В. В. Предисловие. // Манас. Героический эпос киргизского народа. — Фрунзе, 1968. — С. 18.
27. Абдыракунов Т. Ак Мактым. — Фрунзе, 1983.
28. Монгольско-русский словарь. — М., 1957. — С. 515.
29. Бутанаев В. Я. Историческая судьба енисейских кыргызов по данным фольклора народов Южной Сибири //Вопросы этнической истории киргизского народа. — Фрунзе, 1989. — С. 69.
30. Архив Музея антропологии и этнографии им. П. Великого. Ф.11. Оп. 1. Д. 65. С. 65.
31. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. - Абакан, 1995. - С. 192.
32. Чирiм тамырлары. — С. 14—15.
33. Хоорай чоннын тореллерi — С. 12-25.
34. Чирiм тамырлары. С. 62; Ала-Тоо. - Фрунзе, 1987, N° 6. - С. 44.
35. Дыренкова Н. П. Шорский фольклор. — М. — А., 1940. — С. 304; Хоорай чоннын тореллерi — С. 16—22.
36. Хоорай чоннын тореллерi — С. 19—22.
37. Бутанаев В. Я. Хакасские народные названия исторических памятников. //Вопросы древнейшей истории Южной Сибири. — Абакан, 1984.-С. 133.
38. Хоорай чоннын тореллер:. — С. 64-68,153.
39. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. - Абакан, 1999. - С. 6-8.
40. Чирiм тамырлары. - Абакан, 1982. - С. 18-20; Хоорай чоннын тореллерi — Абакан, 1996. — С. 28.
41. Чирiм тамырлары. — С. 60—61.
42. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. - Абакан, 1999. - С. 203.
43. Чирiм тамырлары. — С. 21—24; Хоорай чоннын тореллерi. — С. 28—

33.
44. Хара Паар. Хакас чоннын нымахтары, кип-чоохтары. - Абакан, 1979. — С. 9; Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. — Абакан, 1960. - С. 89.
45. Бутанаев В. Я., Худяков Ю. С. История енисейских кыргызов. — Абакан, 2000. - С. 153.
46. Хоорай чоннын тореллерi — С. 29.
47. Ошол эле. С. 35.
48. Ошол эле. С. 36.
49. Катанов Н. Ф. Наречия урянхайцев (сойотов), абаканских татар и карагасов. //Образцы народной литературы тюркских племен. СПб., 1907. Ч. IX. Указатель к текстам абаканским С. XXXV.
50. Суразаков С. С. Из глубины веков. - Горно-Алтайск, 1982. - С. 8.
51. Бутанаев В. Я, Худяков Ю. С. История енисейских кыргызов. - Абакан, 2000. - С. 42.
52. Шорские героические сказания. Кан Перген. Алтын Сырык. М, - Новосибирск, 1998. - С. 324.
53. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. - Абакан,1995. - С. 148-149.
54. Бутанаев В. Я. Вооружение и военное дело хакасов в позднем средневековье (по материалам фольклора). //Военное дело древних племен Сибири и Центральной Азии. — Новосибирск, 1981. — С. 188—194.
55. Ксенофонтов Г. В. Ураангхай-сахалар. Т.П. — Якутск, 1992. — С. 87.
56. Бутанаев В. Я, Худяков Ю. С. Указ. соч. — С. 42.
57. Ватин В. А. Минусинский край в XVIII веке. Этюд по истории Сибири. — Минусинск, 1913. — С. 183.
58. Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. — Абакан, 1960. — С. 63.
59. Бутанаев В. Я. Происхождение хакасских родов и фамилий. — Абакан, 1994. - С. 30.
60. Хоорай чоннын тореллерi — Абакан, 1986. — С. 38.
61. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. — Абакан, 1995. — С. 211.
62. Щеглов И. В. Хронологический перечень важнейших данных из истории Сибири. 1032—1882 гг. — Сургут, 1993. - С. 56.
63. Хоорай чоннын тореллерi. — С. 38—39.
64. Миллер Г. Ф. История Сибири. Т.1 - М. - А., 1940. - С. 49.
65. Девять бубнов шамана. Шорские легенды и предания. — Кемерово, 1989. - С. 64-68.
66. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. — С. 64.
67. Хоорай чоннын тореллерi — С. 48.
68. Бутанаев В. Я. Почитание тесей у хакасов. //Традиционная культура народов Центральной Азии. — Новосибирск, 1986 — С. 94.
69. Хоорай чоннын тореллерi — С. 39—40.
70. Монгольско-русский словарь. М.,1957. — С. 88.
71. Хоорай чоннын тореллерi — С. 41.
72. Ошол эле. С. 44.
73. Ошол эле. С. 46.
74. Миллер Г. Ф. История Сибири. Т.Н. - М. - Л, 1941. - С. 49.
75. Ошол эле. С. 41.
76. Яковлев Е. К Этнографический обзор долины Южного Енисея. — Минусинск, 1900. - С. 9.
77. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII — XIX вв. - С. 63.
78. Баскаков Н. А. Диалект черных татар (туба-кижи). Тексты и переводы. - М, 1965. - С. 22.
79. Радлов В. В. Образцы народной литературы тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Дзунгарской степи. 4.2. — СПб., 1862. - С. 375.
80. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. — Абакан, 1999.
81. Катанов Н. Ф. Автобиография и библиография. — М. — Абакан, 1997. - С. 8.
82. Хоорай чоннын тореллерi — С. 136—137.
83. Хоорай чоннын тореллерi. — С. 109—110.
84. Ошол эле С. 60-61.

85. Ошол эле. С. 72-92.
86. Бутанаев В. Я. Указ. соч. С. 51.
87. Бутанаев В. Я. Указ. соч. С. 42.
88. История стран Азии и Африки в средние века. — М., 1987. 4.2; Новичихин А. Д Турция. Краткая история. - М., 1965.
89. Хоорай чоннын тореллерi. — С. 111—116.
90. Козин С. А Сокровенное сказание. — М. — А, 1941. — С. 174.
91. Хоорай чоннын тореллерi. - С. 97-100.
92. Бутанаев В. Я. Указ. соч. С. 73.
93. Хоорай чоннын тореллерi — С. 60—67.
94. Бутанаев В. Я. Присоединение «Кыргызской земли» к России и судьба енисейских кыргызов. //Россия и Хакасия: 290 лет совместного развития. — Абакан, 1998. — С. 40.
95. Хоорай чоннын тореллерi. - С. 102-109.
96. Бутанаев В. Я. Происхождение хакасских родов и фамилий. - Абакан, 1994.
97. Катанов Н. Ф. Наречия урянхайцев, абаканских татар и карага- сов. //Образцы народной литературы тюркских племен. Ч.1Х. - СПб., 1907. - С. 604-605.
98. Хоорай чоннын тореллерi;. — С. 127—128.
99. Ошол эле. С 125-127.
100. Ошол эле. С. 66.
101. Ошол эле. С. 52-53.
102. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII - XIX вв. - С. 78.
103. Янгулов Уста Прочтун айтканы, 1890-ж туулган, кызылдардан, Ошколь айылы.
104. Чирiм тамырлары. — С. 4—6.
105. Эсептөөлөр төмөнкү китеп боюнча жүргүзүлдү: Бутанаев В. Я. Происхождение хакасских родов и фамилий. — Абакан, 1994.

### *II Б ап*

1. Гуркин Г. Алтайские сказания о Сартакпае. //Записки ЗСО ИРГО. Т. 38. - Омск, 1916. - С. 147.
2. Потапов Л. П. Мифы алтае-саянских народов как исторический источник. //Вопросы археологии и этнографии Горного Алтая. — Горно- Алтайск, 1983. - С. 108; Потанин Г.Н. Путешествие по Монголии. — М, 1948. - С. 389-390; Аносский сборник. //Записки ЗСОИРГО. Т. 37. - Омск, 1915. - С. 244-245.
3. Будагов А. Сравнительный словарь турецко-татарских наречий со включениями употребительнейших слов арабских и персидских и с переводом на русский язык. — СПб. Т. 1.1869. — С. 612.
4. Чирiм тамырлары. — Абакан, 1982. — С. 3.
5. Ошол эле. С. 8.
6. Хангалов М Н. Сборник сочинений. Т.3. — Улан-Удэ, 1960. — С. 17—
7. Мурад Аджи. Европа, тюрки. Великая Степь. - М, 1998. - С. 15.
8. Чирiм тамырлары. - С. 8—11.
9. Ошол эле. С. 12-14.
10 Древнетюркский словарь. Л, 1969. — С. 598.
11 Хоорай чоннын тореллерi. — С. 41—43.
12. Худяков Ю. С. Кыргызы на просторах Азии. — Бишкек, 1995. — С. 11-29.
13. Чирiм тамырлары. — С. 67—68.
14. Л. М. Сагалаковдун билдирүүсү, 1913-ж. туулган, сарыглар уруу- сунан, Усть-Кандырла айылы.
15. Сазанакова Кочитанын билдирүүсү, 1913-ж. туулган, белтир урууcунан, Арбаты айылы.
16. Хоорай чоннын тореллерi. — С. 12, 56.
17. Древнетюркский словарь. — А, 1969. — С. 84.
18. Хакас чоннын кип-чоохтары. — Абакан, 1990. - С. 153-154.

19. Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1, — М. — Л, 1950. — С. 353.
20. Хоорай чоннын тореллерi — С. 91.
21. Ошол эле. С. 90-91.
22. Чирiм тамырлары. — С.24—27.
23. Хакас чоннын кип-чоохтары. — Абакан, 1990. — С. 170.
24. Чирiм тамырлары. — С. 35—39.
25. Урманчеев Ф. Героический эпос татарского народа. — Казань, 1984.— С. 141 — 142; Мурад Аджи. Полынь Половецкого поля. — М., 1994. - С. 302.
26. Радлов В. В. Образцы народной литературы тюркских племен Южной Сибири и Джунгарской степи. — СПб. Ч. 1. - С. 204—212; - СПб, 1872. 4.4. - С. 45-058,142-152.
27. Гоголев А. И. Якуты (проблемы этногенеза и формирования культуры). - Якутск, 1993. - С. 118.
28. Унгвицкая М. А., Мойногашева В. Е. Хакасское поэтическое творчество. — Абакан, 1972. — С. 168.
29. Потапов Л. П. Этнический состав и происхождение алтайцев. Историко-этнографический очерк. — А., 1969. — С. 23.
30 Хоорай чоннын тореллерi — С. 23-24.
31 Чирiм тамырлары. — С. 6—7.
32. Хакас чоннын кип-чоохтары. — С. 72—73; Чирiм тамырлары. — С. 58-59.
33. Абдыракунов Т. Ак Мактым. - Фрунзе, 1983.
34. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. - Абакан, 1999. - С. 16.
35. Бутанаев В. Я. Этническая культура хакасов. — Абакан, 1998 — С. 179.
36. Радлов В. В. Образцы народной литературы тюркских племен Южной Сибири и Джунгарской степи. — СПб., 1866. Ч. 1. — С. 171.
37. Колчан сердечных стрел. Любовная лирика, героические сказания и легенды о любви сибирских тюрков в записях XIX—XX вв. — Красноярск, 1995. - С. 261-267.
38. Кулагашева Обдонун билдирүүсү, 1895-ж. туулган, качин уруусунан, Окунев айылы.
39. Балганова Прасковья Хогдаевнанын билдирүүсү, 1913-ж. туулган, качин уруусунан, Болганов айылы; Образцы народной литературы тюркских племен. Ч. 9. - СПб, 1907. - С. 434.
40. Готлиб А. И., Бутанаев В. Я. Историческая основа хакасского фольклора о крепостных сооружениях — све. //Памятники кыргызской культуры в Северной и Центральной Азии. — Новосибирск, 1990. — С. 140.
41. Кадышев С. Пнын билдирүүсү, 1890-ж. туулган, кызыл уруусунан, Тарча айылы.
42. Киргизско-русский словарь. - М., 1965. — С. 708; Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. — Абакан, 1999. — С. 53-57.
43. Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. — Абакан, 1960. — С. 53— 57; Тулбар ат. // Хакас чирi.19февр. 1994.
44. Чирiм тамырлары. - С. 69—71.
45. Кыргыз эл жомоктору. - Фрунзе, 1978. - С. 283-285; Казахские сказки. — Алма-Ата, 1962. Т. 2. — С. 269; Башкирские предания и легенды. - Уфа, 1985. - С. 104-105.
46. Хоорай чоннын тореллерi — С. 25—28.
47. Бутанаев В. Я., Абдыкалыков А. Материалы по истории Хакасии XVII—XVIII вв. — Абакан, 1995. Генеалогия кыргызских князей Алтысар- ского улуса.
48. Хакас чоннын кип-чоохтары. — Агбан. 1960. — С. 34—41; Доможа- ков Сыгандын билдирүүсү, 1888-ж. туулган, качин уруусунан, Доможаков айылы.
49. Кычанов Е. И. Кочевые государства от гуннов до маньчжуров. С. 145.
50. Т. И. Кинзенованын билдирүүсү, 1914-ж. туулган, сагайлардан, Усь- Бирь.
51. Казахские народные сказки. — Алма-Ата, 1978. — С. 138.
52. Хоорай чоннын тореллерi — С. 93—97.
53. Хоорай чоннын тореллерi — С. 100, 134—136.

54. Эргис ГУ. Очерки по якутскому фольклору. — М., 1974. — С. 226; Слово об Алтае. История, фольклор, культура. — Горно-Алтайск. 1990. — С. 182—185; Девять бубнов шамана. — Кемерово, 1994. — С. 33.
55. Хоорай чоннын тореллерi — С. 131—133.
56. Ошол эле. С. 131-133.
57. Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Хакасское сказание о князе Силиг- ооле и его походах на Кузнецкий острог. //Чтения памяти Э. Ф. Чиспия- кова. (К 70-летию со дня рождения). 4.1. — Новокузнецк. 2000. — С. 43— 46.
58. Тасха Матыр. - Абакан. 1982. - С. 40-52.
59. М.А.Янгуловдун билдирүүсу, 1911-ж. туулган, ажыг уруусунан, Секта айылы.
60. Чирiм тамырлары. — С. 52.
61. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII—XIX вв. — С. 28.
62. ЦГАРХ. Ф. Р-675. Оп. 1, д. 15, л. 29 об.
63. Бахрушин С. В. Енисейские кыргызы в XVII в. — С. 185.
64. Бутанаев В. Я., Абдыкалыков А. Материалы по истории Хакасии XVII - нач. XVIII вв. - Абакан,. 1995. - С. 14.
65. Материалы русско-монгольских отношений 1636—1654. Т. 2, — М, 1974. - С. 220-222.
66. Бутанаев В. Я., Худяков Ю. С. История енисейских кыргызов. — Абакан, 2000. - С. 154.
67. Козьмин Н. Хакасы. — Иркутск, 1925. - С. 63.
68. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVIII - нач. XIX вв. - М, 1990. - С. 156.
69. Александров В. А. Русское население Сибири XVII — нач. XVIII вв. (Енисейский край). М., 1964. /Труды Института этнографии. Т. 87. — М., 1981. - С. 56.
70. ЦГАРХ Р-675. Оп. 1, Д.13. С. 1.
71. Александров В. А. Указ. соч. — С 52.
72. ЦГАРХ Р-675, оп. 1. Л 12. - С. 173.
73. Бутанаев В. Я., Абдыкалыков А. Указ.соч. — С. 172.
74. ЦГАРХ Р-615. Оп. 1. Д.10. С. 3.
75. ЦГАРХ Р-615. Оп. 1. Д.9. С. 94.
76. ЦГАРХ Р-615. Оп.1. Д.9. С. 82.
77. Устное народное творчество алтайского народа. - Горно-Алтайск, 1962. - С.44; Бедюров Б. Ч. Слово об Алтае. - Горно-Алтайск, 1990. - С. 132-138.
78. Чудояков А И. История изучения жанра «кай». //Советская тюркология. №1. — Баку, 1986. — С. 73.
79. Русские писатели о Хакасии. — Абакан, 1958. — С. 33.
80. Татаринцев Б. И. Тувинское горловое пение. Проблемы происхождения. - Кызыл, 1998. - С. 4, 15.
81. Ямаева Е. Е. Мифы алтайцев. // Фольклорное наследие Горного Алтая. — Горно-Алтайск, 1989. — С. 177.
82. Хоорай чоннын тореллерi — С. 3.
83. Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. - Абакан, 1960. — С. 186—190. Боргояков Хамджынын билдирүүсү, 1890-ж туулган, сагай- лардан, Илиморов айылы.
84. Хакас чоннын кип-чоохтары, нымахтары. - Абакан, 1960. - С. 57- 59; Хоорай чоннын тореллерi — С. 53—58; Хакас чоннын кип-чоохтары. — Агбан, 1990. С. 27-32.
85. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. - Абакан, 1999. - С. 60-61.
86. Бутанаева И. И. Предания о Ханза-беге. //Этнография народов Сибири и Монголии. - Улан-Батор - Улан-Удэ, 2000. - С. 245-254.
87. Кастрен М. А. Путешествие А. Кастрена по Лапландии, Северной России и Сибири в 1838-1849 гг. // Магазин землеведения и путешествий. - М„ 1869. - Т. 6. Ч. 2. - С. 230.
88. Хоорай чоннын тореллерi — С. 88.
89. Павлючик С. К О народных песнях шорцев. // Этнография народов Сибири. - Новосибирск, 1984. - С. 139-140.
90. Караңыз: Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов 17—19 вв. // Материалы к серии «Народы Советского Союза». Вып. 3. Хакасы. — М, 1990. - С. 54.

91. Функ Д. А. Устное творчество, игры и развлечения бачатских те- леутов. //Материалы к серии «Народы и культуры». Вып.15. Телеуты. — М„ 1992. - С. 41-42.
92. ХакНИИЯЛИ. Рук-Ф- № 590. Л. 34.
93. ЦГАРХ. Р-675. Оп. 1., Д15. С. 5-6.
94. Ошол эле. С. I.
95. Ошол эле. С. 2.
96. Ошол эле. С. 5.
97. Ошол эле. С. 3.
98. Ошол эле. С. 19.
99. Вербицкий В. И. Алтайские инородцы — М, 1893. — С. 200-203.
100. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. — Абакан, 1995. — С. 26.
101. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов 17—19 вв. — С. 135.
102. Ошол эле. С. 152.
103. Ошол эле. С. 152.
104. Кычанов Е. И. Кочевые государства от гуннов до маньчжуров. — М., 1997. - С. 31.
105. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов 17—19 вв. — С. 156.
106. Караңыз: Бутанаев В. Я, Бутанаева И. И. Хакасские сказания об ойратских правителях (XVIII в.). //Проблемы истории и культуры кочевых цивилизаций Центральной Азии. — Улан-Удэ, 2000. — С. 313—318.
107. Контайша — титул джунгарского хана.
108. Чирiм тамырлары. — С. 71—76; Хакас чоннын кип-чоохтары. — Агбан, 1990. - С. 179-180.
109. ХакНИИЯЛИ. Рук.ф. № 159.
110. Радлов В. В. Образцы народной литературы тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Дзунгарской степи. — СПб, 1868. Ч. 2. - С. 375-379.
111. Хоорай чоннын тореллерг. С. 23—24.
112. Златкин И. Я. История Джунгарского ханства. 1635—1758. М, 1983. С. 235.'
113. Златкин И. Я. Көрсөтүлгөн эмгек. С. 245—246.
114. Златкин И. Я. Көрсөтүлгөн эмгек. С. 286.
115. Златкин И. Я. Көрсөтүлгөн эмгек. С. 293—301.
116. «Сора» фольклордук чыгармасы 1972-ж. биз тараптан жомокчу Е. Н. Кулагашевадан жазылып алынган, 1895-ж. туулган.
117. Киргизско-русский словарь. — М. 1965. Хакас тилиндеги «сора» кыргыз тилиндеги «чоро» деген сөзгө дал келет. С. 868.
118. Ватин В. А. Минусинский край в XVII веке. Этюд по истории Сибири. — Минусинск. 1913, — С. 65.
119. Чирiм тамырлары. - Абакан. 1982. — С. 91 — 93.
120. Щеглов И. В. Хронологический перечень важнейших данных из истории Сибири. 1032 — 1882. — Сургут, 1993, — С. 172; Карцов В. Г. Хакасия в период разложения феодализма (XVIII — первая половина XIX в.). - Абакан, 1970. - С. 21.
121. Виз тараптан. Котожеков Петрухадан жазылып алынган, 1895-ж туулган, ах хасха уруусунан, Салда айылы.
122. Виз тараптан Кокова Матрустан жазылып алынган, 1895-ж. туулган, качин уруусунан, Тупик станциясы.
123. Хоорай чоннын тореллерi — С. 50 — 51.
124. Чирiм тамырлары, 1982, - С. 93 - 94.
125. Лисовский Н. Сибирский художник Л И. Катанов. — Красноярск, 1974. - С. 100.
126. Е. П. Тыгдымаеванын билдирүүсү, 1930-ж. туулган, сагайлык, У- Чуль айылы.
127. Киргизско-русский словарь. - М., 1968.

## *III Б ап*

## *Саян-Алтайды монголдордун жеңип алуусу.*
## *Кыргыздар Монгол империясынын курамында*

1. Рашид Ад-Дин. Сборник летописей. - М.-Л, 1952. - Т. 1. - Кн. 1.-С. 150.
2. Ошол эле. С. 150.
3. Ошол эле. Сборник летописей. - М. - Л, 1952. - Т. 1. - Кн. 2. - С.151.
4. Ошол эле. Көрсөтүлгөн эмгек. - Т. 1. - Кн. 1. - С. 102.
5. Ошол эле. Көрсөтүлгөн эмгек. - Т. 1. - Кн. 2. - С. 112.
6. Козин С. А. Сокровенное сказание. Монгольская хроника 1240 г. - М. - Л, 1941. - С. 207.
7. Ошол эле. С. 174-175.
8. Рашид Ад-Дин. Көрсөгүлгөн эмгек. - Т. 1. - Кн. 1. - С. 150.
9. Ошол эле. С. 122.
10. Ошол эле. С. 171.
11. Козин С. А. Керсөтүлгөн эмгек - С. 240.
12. Рашид Ад-Дин. Көрсөтүлгөн эмгек. - Т. 1. - Кн. 1. - С. 151.
13. Ошол эле. С. 151.
14. Ошол эле. С. 123.
15. Ошол эле. С. 102.
16. Ошол эле. — Көрсөтүлгөн эмгек. — Т. 2. — С. 201.
17. Ошол эле. С. 161.
18. Кычанов Е. И. Сведения в "Юань-ши" о переселениях киргизов в XIII веке // Известия АН Киргиз ССР, сер. обществ, наук. — Фрунзе, 1963. - Т. V. - Вып. 1. - С. 59.
19. Банзаров Д. Черная вера или шаманство у монголов. — СПб., 1891.-С. 49.
20. Рашид Ад-Дин. Көрсөтулгөн эмгек. — Т. 11. — С. 100.
21. Козин С. А. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 114.
22. Кычанов Е. И. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 64.
23. Ошол эле. С. 61.
24. Ошол эле. С. 62.
25. Рашид Ад-Дин. Көрсөтүлгөн эмгек. — Т. И. — С. 205.

### *"Хонгорай" этносаясый бирикмесинин түзүлүшү*

1. Кляшторный С. Г. О статье И. Л. Кызласова. "О самоназвании хакасов". // Этнографическое обозрение. 1992. — № 2. — С. 60.
2. Русско-китайские отношения в XVIII в. Материалы и документы. Т. 1. - М., 1978. - С. 105,432.
3. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. - Абакан, 1999. - С. 5-7,189.
4. Чирім тамырлары. — Абакан, 1982. — С. 18.
5. Кычанов Е. И. — Сведения в "Юань-ши" о переселениях киргизов в XIII в. // Известия АН Киргиз. ССР. Т.5. Вып.1. - Фрунзе, 1963. - С. 59.
6. ЦГАРХ. Ф.Р-675, оп. 1. Д2. - С. 66.
7. Бутанаев В. Я., Абдыкалыков А. Материалы по истории Хакасии XVII в. - нач.ХУШ в. - Абакан, 1995. - С. 215.
8. Русско-китайские отношения в XVIII в. — С. 106.
9. Бахрушин С. В. — Енисейские киргизы в XVII в. // Научные труды. Т. 113.-М., 1995.-С. 190.
10. Демидова И. Ф., Мясников В. С. Первые русские дипломаты в Китае. - М., 1966. - С. 55.
11. Материалы по истории русско-монгольских отношений. Русско- монгольские отношения 1636—1654 гг. — М., 1974. — С. 384.
12. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. - Абакан, 1995. - С. 189-191.
13. Кычанов Е. И. Указ. соч. — С. 59.
14. Дополнения к актам историческим (ДАИ). Т. 10. — СПб., 1867. — С. 391.
15. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп.1. Д46. Л.24.
16. Ошол эле. Д.5. — С. 6.

17. Скобелев С. Г., Чжан Тайсян, Шомаев А А. Роды Фуюйских кыр- гызов // Россия и Хакасия: 290 лет совместного развития. — Абакан, 1998.-С. 77.
18. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп.1. Д18. - С. 116.

### *Чарбасынын жана маданиятынын өзгөчөлүктөрү*

1. Рубрук В. Путешествие в восточные страны. — М., 1957. — С. 154.
2. ЛЧААН. Ф.21. Оп.4. Д18. Л.243.
3. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп.1. Д19. С. 5.
4. ЦГАРХ. Ф.Р-875. Оп.1. Д19. С. 8.
5. Ошол эле. Д. 17. Л.37.
6. Ошол эле. Д10. — С. 33.
7. РГАДА. Ф.214. СТб.84. Л.298.
8. Материалы по истории русско-монгольских отношений. — М., 1959. - С. 58.
9. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп.1. Д12. - С. 39.
10. Ошол эле.. Д. 16. Л.40.
11. Арзыматов А. Из истории политических отношений енисейских киргизов с Россией в XVII — первой половине XVIII вв. — Фрунзе, 1988. - С. 75.
12. Потапов Л. П. Происхождение и формирование хакасской народности. - Абакан, 1957. - С. 135-186.
13. ЛЧ ААН РФ. Ф.21. Оп.4. Д19. Л.126 об.
14. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп.1. Д46. Л.27; Д45. А74.
15. ЛЧ ААН. Ф.21. Оп.4. Д.19. Л.130.
16. РГАДА- Сиб.прик. СТб. 5 В. Л. 133-134.
17. Абдыкалыков А. Енисейские киргизы в XVII веке. - Фрунзе, 1968. - С. 26.
18. ДАИ. Т.П. - СПб., 1869. - С. 162.
19. ЦГАРХ. Ф.Р-875. Оп.1. Д18. - С. 38.
20. ЦГАРХ. Р-675. Оп.1. Д9. Л.27; Д18. - С. 247.
21. ЦГАРХ. Р-675. Оп.1. Д 14. Л. 5, И; Д36. - С. 4.
22. Клеменц Д А. Вводная статья к описанию "Древностей Минусинского музея". - Томск, 1886. - С. 47.
23. Сунчугашев Я. И. Загадочные статуэтки Будды // Живая старина. - Абакан, 1996. - С. 47.
24. Минусинск музейинин археологу Н. В. Леонтьевге бизге берген маалыматтары учүн ыраазычылык билдиремин.

### *Хонгорайдын коомдук түзүлүшү*

1. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов 18—19 вв. //Материалы к серии "Народы СССР". Вып.З. Хакасы. — М. — С. 21—22.
2. Миллер Г. Ф. Сибирь 18 века в путевых описаниях Г. Ф. Миллера. — Новосибирск, 1996. — С. 58; Козьмин Н. Хакасьи, С. 26.
3. Сибирский архив Т. 12. — Минусинск, 1914. - С. 537.
4. Кызласов Л. Р. О присоединении Хакасии к России. — Абакан- Москва, 1996. - С. 39.
5. Козьмин Н. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 29.
6. Владимирцев Б. Я. Чингис-хан. — Горно-Алтайск, 1992. — С. 70.
7. Бтганаев В. Я., Бутанаева И. И. Хоорай чоннын тореллерi - Абакан, 1996. - С. 33.
8. Русско-китайские отношения в 18 веке Т.1. — М, 1978. — С. 129.
9. ЛЧ ААН. Ф. 21. оп. 1. Д 19. П. 128 об.
10. РГАДА Ф.214. СТб.886. Л. 296.
11. Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. — Абакан, 1999.
12. Бахрушин С. В. Енисейские киргизы в 17 в.... С.187; Бутанаев В. Я. К вопросу о хакасских цифровых знаках // Уч.зап. ХакНИИЯЛИ. — Абакан, 1975. - 4.20 - С. 256-260.
13. Бахрушин С. В. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 195.
14. РГАДА- Ф. 214. СТ6715. Д123.

15. ЦГАРХ. Ф. 8-675. Оп. 1ДД5. - С. 111.
16. ЛЧ ААН. Ф. 21. Оп. 4. Д 17. Л. 241.
17. Ошол эле. Д 18. Л. 273.
18. ЦГАРХ. Ф. 8-6675. Оп. 1. Д 16. Л. 29.
19. ЛЧ ААН. Ф. 21. Оп. 4. Д. 17. Л. 38.
20. Ошол эле. Д 18. Л. 502 об.
21. Спафарий Н. М Сибирь и Китай. — Кишинев, 1960. — С. 70.
22. Абдыкалыков А. Енисейские киргизы в 17 веке. - Фрунзе, 1968. - С. 33.
23. ЦГАРХ. Ф. Р-675. Оп.1Д18. - С. 32.
24. Материалы по истории русско-монгольских отношений. — М, 1959. - С. 59.
25. ЦГАРХ. Ф. Р-675. Оп.1.Д8. Л. 1111114.
26. ЦГАРХ. Ф. Р-675. Оп.1.Д12. С. 72.
27. ЛЧ ААН Г. Ф. 21. Оп. 4. Д. 19. Л. 74; 77.
28. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д 46. Л. 36.
29. ЦГАРХ. Ф.Р-675.0п. 1. Д 2. - С. 86.
30. Ошол эле. Д4. А54.
31. Ошол эле. Д. 15. Л. 28 об.
32. Русско-китайские отношения в 18 веке... — С. 106.
33. Эпиграфика Киргизии. Вып.1. - Фрунзе, 1963. - С. 58-59.
34. Ксенофонтов Г. В. Ураангхай-сахалар. Очерки по древней истории якутов. — Якутск, 1992. — Т.2. — С. 138.
35. РГАДА. Сиб. приказ. СТб № 749. Ч. 1. Л. 110.

### *Хонгорайдын Моңголия жана Жунгария менен өз ара мамилелери*

1. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д. 28. - С. 51.
2. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д I. Л. 55.
3. Ошол эле. Д 18. - С. 64.
4. РГАДА Сиб. приказ, стб. 513. Л. 128-129; ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д 20. Л. 37.
5. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д 21. - С. 36.
6. Ошол эле. Д. 8. Л. 11 об.
7. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов 17—19 вв.... — С. 28.
8. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д 45. Л. 60.
9. Ошол эле. Л. 60.
10. ЛЧ ААН. Ф.21. Оп. 4. Д. 18. Л. 243. И. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д. 18. - С. 2.
12. Русско-китайские отношения в 18 в. — С. 106.
13. Бичурин Н. Я. Историческое обозрение ойратов или калмыков с 15 столетия до настоящего времени. — Элиста, 1991. — С. 41.
14. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д 15. - С. 111.
15. Ошол эле. С. 115.
16. Огородников В. И. Очерк истории Сибири до начала 19 столетия. - Иркутск, 1920. - Ч. 1. - С. 246-247.
17. Александров В. А. Русское население Сибири 17 — нач. 18 в. (Енисейский край). - М., 1964. //Труды института этнографии. Т. 87. - М., 1981. - С. 54.
18. РГАДА- Сиб.приказ. стб. № 814. Л. 170.
19. Ошол эле. Стб. № 623. Ч. 2. Л. 381
20. Ошол эле. Стб № 715. Л. 119.
21. ЛЧ АР АН. Ф.21. Оп. 4. Д. 19. Л 74.
22. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов 17—19 вв. „ — С. 28.
23. Абдыкалыков А. Енисейские киргизы в 17 веке. — С. 104.
24. ЛЧ ААН. Ф.21. Оп. 1. Д18. Л.383 об.
25. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д 32. - С. 41.
26. РГАДА. Ф. 214. Оп. 5. Д 1953. Л.; об.
27. Ошол эле. Ф. 1199. Порт. 516. Д.2. Л. 134 об.

### *Кыргыздардын Жунгарияги айдалып кетиши*


1. Миллер Г. Ф. История Сибири. Т.1. - М.-Л, 1937. - С. 314; Фишер И. Е. Сибирская история, — СПб., 1774. — С. 63; Гагеймейстер. Статистическое обозрение Сибири. Ч. 2. — СПб., 1854. — С. 9.
2. Потапов Л. П. Происхождение и формирование хакасской народности. — Абакан. — 1957.
3. Моисеев В. А. Россия и Джунгарское ханство в 18 веке. (Очерк внешнеполитических отношений). — Барнаул, 1998. — С. 12.
4. Моисеев В. А. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 13.
5. Сибирь 18 века в путевых описаниях Г. Ф. Миллера. История Сибири. Первоисточники. — Новосибирск, 1996. — С. 60.
6. Гагеймейстер. Статистическое обозрение Сибири. — С. 9.
7. РГАДАФ. 214. Оп. 5. Д. 2091. П. 1410.
8. ЦГАРХ. Ф.Р-675. Оп. 1. Д 15. - С. 89.
9. Ошол эле. Л. 14 об.
10. Потанин Г. Н. Материалы для истории Сибири. — М., 1867. — С. 127.
11. ЛЧ АИЭ РАН. Ф. 11. Оп. 1. Д 71. Л. 14; Дыренкова Н. П. Шорский фольклор. - М. - Л, 1940. - С. 302.
12. Абдыкалыков А. Енисейские кыргызы в 17 веке- — С. 84.
13. РГАДА. Ф. 199. Порт 516. Д 2. Л. 22.
14. ЛЧ АРАН. Ф. 21. Оп. 4. Д 19. Л. 213.
15. Потанин Г. Н. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 80,128.
16. Абдыкалыков А. Переселение енисейских кыргызов в начале 18 века и их историческая судьба //Этнические культуры Сибири. Проблемы эволюции и контактов. — Новосибирск, 1986. — С. 93.
17. Копкоев К. Г. Об угоне енисейских кыргызов в Джунгарию в нач. 18 века... - С. 71.
18. Бичурин Н. Я. Историческое обозрение ойратов или калмыков с 15 столетия до настоящего времени. — Элиста, 1991. — С. 71.
19. Кычанов Е. И. Кочевые государства от гуннов до маньчжуров. - М„ 1997. - С. 239.
20. ЛЧ АРАН. Ф. 21. Оп. 4. Д 19. Л. 247.
21. Абдыкалыков А. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 95.
22. Самаев Г. П. Горный Алтай в 17 — середине 19 века. Проблемы политической истории и присоединения к России. — Горно-Алатайск, 1991. - С. 77.
23. Быконя Г. Ф. Заселение русскими Приенисейского края в 8 веке. — Новосибирск, 1981. - С. 48.
24. РГАДА- Сиб.приказ. Ф.214. Оп.5. ед. хр. 763; Д 1513, 768.
25. ЦГАРХ. Ф. 675. Оп. 1. Д 28. л. 16.
26. АВПРМИД РФ. Оп. 113/1. Д. 1. л. 119.
27. Арзыматов А. Передвижение енисейских киргизов в Ипи-Иртыш- ское междуречье в 18 веке // Материалы по истории и экономике Киргизии. — Фрунзе, 1963.
28. Ватин В. А Минусинский край в 18 веке. — Минусинск, 1913. — С 195.
29. ЛЧ АР АН. Ф. 21. Оп. 4. Д 20. Л. 226.
30. РГАДА- Ф16. Оп. 1. ЕХ 619. Ч. 1. Л. 63-70 об
31. Самаев Г. П. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 129; Сердобов НА. История формирования тувинской нации. - Кызыл, 1971. - С. 144.
32. Сономдагва Ц Монгол ул сын засаг, захиргааны зохион байгуулал- тын оорчлолт, шинэчлэлг. (1691-1997). - Улан-батор, 1998.


### *Хонгорайдын Орусияга бириктирилиши жана кыргыз улустарындагы административдик кайра куруулар*


1. РГАДА- Ф-2.14. Оп.5. Д1059. Л.17.
2. Ошол эле. Д 1117. Л. 10.
3. Русско-китайские отношения в 18 веке. Т.1. — М., 1978. — С. 106.

4. Ошол эле. - С. 105.
5. РГАДА- Ф. 248. Оп. ИЗ. Д 1584. Л 1159.
6. АВПР МИД РФ, Оп.62/1. Д11. Л213; РГАДА- Ф-126.1711 год. Д1. Л.1; Ф. 199. Порт. 481. 4.5. Д5. Л 82-84.
7. Быконя Г. Ф. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 55.
8. Историческая записка о китайской границе, составленная советником троицко-савского пограничного правления Сычевским в 1846. — М., 1875. — С. 17, 20; Русско-китайские отношения. 1689—1916. Официальные документы. — М., 1958. — С. 12.
9. Бантыш-Каменский Н. Дипломатическое собрание дел между Российским и Китайским государствами с 1619 по 1792 год. — Казань, 1882.-С. 359.
10. Записки путешествия академика Фалька // Полное собрание ученых путешествий по России, издаваемые Академией Наук. Т.6. — СПб., 1824.-С.437, 530. И. ЦГАРХ. Ф.1. Оп.1. Д.499. Л.197.
12. Чирім тамырлары. — Абакан, 1982. — С. 32.
13. Федоров М. М Правовое положение народов Восточной Сибири. — Якутск, 1978. - С. 38.
14. Костров Н. Заметки о минусинских инородцах и обитаемой ими местности // Енисейские губернские ведомости. — 1859. — № 26. — С. 155.
15. РГАДА. Ф.199. Порт. 516. Д2. Л.42.
16. Долгих Б. О. Родовой и племенной состав народов Сибири в 17 в. — М., 1960. - С. 231.
17. Памятники сибирской истории 18 века Кн. 2. — СПб..
18. Кузьмин А. К. Из подлинных записок А К-на. // Атеней; журнал критики, современной истории и литературы. — М, 1858. 4.2. — С. 260.
19. РГАДА- Ф.281. Оп.1. Д4609. Л.7.
20. Ошол эле. Л.8.
21. ГАКК. Ф.3О3. Оп.1. Д9. А 25-26.
22. ГАКК Ф.296. Оп.1. Д1. Л. 120.
23. Долгих Б. О. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 226.
24. Русско-монгольские отношения: 1626—1654. Сборник документов. - М, 1874. - С. 385.
25. Государственный архив Томской области (ГАТО). Ф. 3. Оп.19. Д131. Л.209.
26. Долгих Б. О. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 238.
27. РГАДА- Ф-214. Оп.5. Д1948. Л. 3-6; Д 1959. Л.17.
28. ГАТО. Ф. 3. Оп. 19. Д 131. Л. 209.
29. РГИА Ф. 1264, Оп.1. Д 265. Л. 190.
30. ЦГАРХ. Ф.И-2. Оп.1. Д 3. Л.36.
31. Долгих Б. О. Көрсөтүлгөн эмгек. — С. 106.
32. Ошол эле. — С. 196.
33. ГАКК. Ф. 805. Оп. 1. Д 85. Л.6.
34. РГАДА- Ф. 248. Оп. ИЗ. Д 1584. Л. 1281.
35. ЦГАРХ. Ф.6445. Оп. 1. Д 15. Л. 15.
36. ГАТО. Ф.234. Оп.1. Д135. А 465.
37. Элерт А. Х., Миллер Г. Ф. О коренном населении Томского уезда // Традиционные верования и быт народов Сибири. — Новосибирск, 1987. — С. 173.
38. ГАТО. Ф.3. Оп.19. Д162. А204, 207.
39. Бутанаев В. Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. — Абакан, 1995.
40. ГАТО. Ф.3. Оп.18. Д131. А201.